ДЖОН БИВЕР

«*USA TODAY*» ВЕРСИЯСЫ БОЮНЧА БЕСТСЕЛЛЕРЛЕРДИН АВТОРУ

# X

## КУДАЙ БЕРГЕН
## ПОТЕНЦИАЛЫҢАРДЫ КӨБӨЙТКҮЛӨ

Кымбаттуу досум,

Биздин ар бирибиз - Ыйса Машайакта жакшы иштер үчүн жаратылган, Анын колунун жаратылышыбыз. Сиз Кудайдын балдары болуу үчүн жогорудан бекер ырайым белегинен төрөлдүңүз жана ошол эле ырайым менен өзгөчө максат үчүн күч алдыңыз. Ичиңизде укмуштуудай мүмкүнчүлүктөр (потенциал) бар экендигин - бул максатты ишке ашыруу үчүн Кудайдан берилген белектер жана жөндөмдөр бар экендигин билесизби?


Силер алган таланттар, жөндөмдүүлүктөр силер үчүн берилген эмес; алар силер аркылуу башкаларга берилиши керек. Силерде Кудай башкаларга бергиси келген нерсе бар. Кудайдын Падышачылыгын жайылтуу үчүн жана башкалардын пайдасы үчүн максаттуу түрдө аларды колдонуп, туура сарпташ үчүн, биздин ар бирибиз өз жөндөмдүүлүктөрүбүз тууралуу билишибиз керек.

Өз жөндөмдүүлүктөрүн билип жана алар аркылуу аракеттене билген адам бактылуу. Башка адамдардын жөндөмдүүлүктөрү аркылуу аракеттенүүгө далалат кылган адам бактысыз жана байкуш. Кудайдын ырайымы менен ишенимдүү кызматташууда жана Анын майлоосунун астында болуу менен биз өз жөндөмдүүлүктөрүбүздү күрөшүү менен эмес, бейпилдик абалында туруу менен көбөйтүшүбүз керек.

Силер Анын ырайымы жана майлоосу менен бекемделгенсиңер. Кудай үчүн улуу иштерди кылуу үчүн, чечкиндүү болгула жана алдыга умтулгула!

Силер менен биргеликте,

Джон



Джон Бивер
JohnBevere@ymail.com

MessengerX.com

MESSENGER
INTERNATIONAL
MessengerInternational.org

X

ДЖОН БИВЕР

«*USA TODAY*» ВЕРСИЯСЫ БОЮНЧА БЕСТСЕЛЛЕРЛЕРДИН АВТОРУ

# X

## КУДАЙ БЕРГЕН ПОТЕНЦИАЛЫҢАРДЫ КӨБӨЙТКҮЛӨ

***X: Multiply Your God-Given Potential*** by John Bevere, Kyrgyz
© 2021 Messenger International
MessengerInternational.org
Originally published in English as X: Multiply Your God-Given Potential
Additional resources in Kyrgyz by John and Lisa Bevere are available for free download and video streaming at: **MessengerX.com** and on the **MessengerX** App.
To contact the author: JohnBevere@ymail.com

This book is a gift from Messenger International and is

NOT FOR SALE

***«X: Кудай берген потенциалыңарды көбөйткүлө»***, Джон Бивер, кыргыз тилинде
Автордук укук © 2021 Messenger International
MessengerInternational.org
Алгач англис тилинде «X: Multiply Your God-Given Potential».
деген аталышта жарыяланган.

Бекер жүктөп алуу жана агым үчүн **MessengerX.com** сайтында жана **MessengerX** колдонмосунда Джон менен Лиза Биверлердин кыргыз тилиндеги кошумча булактары бар

Байланыш үчүн автордун электрондук почтасы: JohnBevere@ymail.com

Бул китеп «Мессенджер Интернэшнл» эл аралык уюмунун белеги жана

САТУУГА БОЛБОЙТ.

Download on the App Store

GET IT ON Google Play

App Store бул АКШда жана башка өлкөлөрдө катталган Apple Inc. компаниясынын соода белгиси.
Google Play жана Google Play логотиби Google LLCтин соода белгилери.

*Уулдарыбыздын сүйкүмдүү аялдарына арналат...*

Лиза экөөбүз силерди чын жүрөктөн сүйөбүз. Силердин ар бириңер төмөндө келтирилген эң сонун сапаттарга жана башка көптөгөн сапаттарга ээсиңер, бирок бул сапаттар жашооңордогу эң бир көрүнүктүүлөрү:

*Джулиана*

2009-жылдын 25-октябрынан бери Эдисондун жубайы.
Сен сулуу жана акылдуусуң.
Сен ар дайым менин биринчи
кызым болуп каласың.

*Джессика*

2018-жылдын 24-сентябрынан бери
Остиндин жубайы.
Сен боорукер жана сүйкүмдүү адамсың.
Сен кайда болбогун, айлана-чөйрөң кубанычка толот.

*Крисчен*

2018-жылдын 18-ноябрынан бери Ардендин жубайы.
Сен ырайымга толуп турасың жана жүрөгүң жумшак.
Сенин биздин уулубузга болгон сүйүүң керемет.

*Келечектеги Миссис Алек Бивер*

Менин жүрөгүм сени менен жолугушууну эңсейт.
Мен азыртан эле сени чын жүрөгүмдөн сүйөм.

Силердин ар бириңер Лиза экөөбүзгө чоң
кубаныч тартуулайсыңар.
Биздин үй-бүлөнү көбөйткөнүңөр үчүн ырахмат.
Силер түбөлүккө биздин кыздарыбыз болуп каласыңар.

# МАЗМУНУ


Бул китеп жөнүндө **IX**

1. Жалпы көрүнүш **1**
2. Берилген жөндөмдөр **19**
3. Өзүңөрдү чынчылдык менен баалагыла **39**
4. Башкаруучулар **53**
5. Ишенимдүү **75**
6. Эмгекти сүйүү жана көбөйтүү **97**
7. Улуу көбөйтүү **117**
8. Стратегиялык идеялар **135**
9. Салым **155**
10. Стимул **177**
11. Менден үлгү алгыла **197**
12. Көбөйтүүгө болгон тоскоолдуктар I **219**
13. Көбөйтүүгө болгон тоскоолдуктар II **235**
14. Жөндөмдөрүңөрдү кеңейтип, өнүктүргүлө **251**
15. Майланган **273**

Колдонмо **285**

Ыраазычылык сөздөрү **288**

# БУЛ КИТЕП ЖӨНҮНДӨ

Бул китептин беттеринде силер библиялык акылмандыкты жана стратегияларды таба аласыңар, бул силердин максатыңар жөнүндө билүүгө, умтулууңарды тутандырууга жана потенциалыңарды ишке ашырууга жардам берет. Ар бир бөлүмдө алган билимиңерди жашооңордо колдонууга жардам бере турган ой жүгүртүү үчүн суроолор камтылган.

Эгер силер көбөйтүүнү кантип алуу керектиги жөнүндө көбүрөөк билгиңер келсе, анда мен ичинде видео сабактар, жетекчиликти коштогон кошумча ресурстарды жана башка онлайн булактарды түздүм, аларды жекече же чакан топто колдонсоңор болот. Бул ресурстарды **MessengerX.com** сайтындагы шакирттердин ресурстук китепканасы менен кошо ала аласыңар. Миллиондогон адамдар биздин ресурстарды буга чейин эле колдонуп келишкен жана биздин максатыбыз - алардын жашаган жерине, тилине жана каржылык абалына карабастан, баарына жеткиликтүү кылып берүү (кененирээк бул китептин өзүндө). Бир аз убакыт бөлүп, биздин веб-сайтка кирип, дүйнөлүк элчилердин коомчулугуна кошулгула.

Эгерде силерде кандайдыр бир суроолор пайда болсо, анда мен жана «Мессенджер Интернэшнл» эл аралык кызматындагы менин командам менен байланышууну унутпагыла.

Мен силерге ийгилик каалайм!

Джон.

*Теңирден коркуу - бул акылмандыктын пайдубалы... Акылмандык сенин күндөрүңдү көбөйтүп, өмүрүңө жылдарды кошот. Эгер акылдуу болсоң, андан өзүң пайда аласың.*

– Накыл сөздөр 9: 10-12.

# 1

# Жалпы көрүнүш

Бул окуя 2012-жылы болгон. Мен Лос-Анджелестеги жыйындардын биринде дем алыш күнүндөгү кызматта насаат айтышым керек болчу. Мен көбүнчө ишемби күнү кечке маал учуп келип, ишемби күнү кечинде жана жекшемби күнү эртең менен кызмат кылып, жекшемби күнү түштөн кийин үйгө кайтам. Бул жолу менин күн тартибимде өзгөрүүлөр болду.

Биздин кызматтын өнөктөштөрүнүн бири, мен аны Стэн деп атайын, Лос-Анжелесте жүргөнүмдү угуп, мага телефон чалып, шаар четиндеги белгилүү «Ривьера» клубунда гольф ойноону каалар-каалабастыгым тууралуу сурады. Мага көпкө ойлонуунун кереги жок болчу, анткени бул клубдун талаасында ойноону көптөн бери кыялданып жүргөм. Мен шыктануу менен жооп бердим:

- Албетте ооба, жан дилим менен!

Чындыгында, 35 жылдан ашуун убакыттан бери саякаттап, Кудайдын Сөзүн насааттап жүргөндө, мен өзүмдүн гольфко болгон сүйүүмдү мезгил-мезгили менен каттарымда эскерип турам. Көп жылдар бою мунун пландаштырылбаган, бирок жагымдуу натыйжасында дүйнөдөгү мыкты гольф клубдарында ойноого бир нече жолу сунуш болду. Бул, албетте, ошого окшош учурлардын бири болгон.

Бул чакыруу өзгөчө болду. «Ривьера» - абройлуу жеке клуб, ага кирүү өтө кыйын. Жыл сайын бул клубда гольф ойноонун чеберлеринин «PGA тур» турнири өткөрүлөт, ал «Дженесис инвитэйшнл»

(өткөнкү убактагы «Лос-Анджелестин Ачык чемпионаты»). Клуб башка да ири турнирлерди, мисалы, АКШдагы бир нече ачык чемпионаттарды, АПИГ турларын, АКШнын ышкыбоздорунун ортосундагы чемпионатты жана башка белгилүү турнирлерди өткөргөн.

Стэн мени ишемби күнү эртең менен кыялдын раундуна алып кетүү үчүн келди. Бул күн мен үчүн өзгөчө жагымдуу болду, анткени менин жакын досторумдун бири Аарон Баддели бир жыл мурун Лос-Анджелестеги ачык чемпионатта жеңип алган эле. Мен бул оюнду чыдамсыздык менен күтүп, анын 2011-жылы ага жеңиш алып келген бир нече мыкты соккуларын ойдогудай жаңыртып жаттым!

Мен үч соккуга артка калып алгачкы төрт тешиктен өттүм (нервдер чыңалып чыкты), бирок алдыдагы эки соккудан озуп чыгып, раундду аяктадым. Стэн экөөбүз сонун убакыт өткөрдүк; бүгүн эртең менен абдан каныккан мезгил болду.

Лос-Анжелестин борборундагы мейманканама кайтып келе жаткан жолдо Стэн чын жүрөктөн суроо берди:

- Джон, мен сага бир топтон бери олуттуу ойлонуп жүргөн суроону берсем болобу?

- Албетте!

Ал өзүнүн суроосун кичипейилдик жана чын жүрөктөн берди:

- Джон, акыркы 20 жыл ичинде мен өз бизнесимди курууга көп убактымды арнап, талыкпай жана тырышчаактык менен иштедим. Азыр менин байлыгым болжол менен 9 миллион долларды түзөт. Менин азыркы кардарларым менен баары ойдогудай жүрүп жатат. Көп жылдык эмгектин натыйжасында аялым жана балдарым материалдык жактан өмүр бою камсыз болушат.

Анын кийинки суроосу мындайча эле:

- Азыр менин жашым 50дөн ашып калды, эмне үчүн ушул темп менен иштешим керек? Эмне үчүн жакынкы 10 жыл ичинде менин ишканаларымдын капиталын 35 миллион долларга жеткирүүгө аракет кылышым керек?

Ыйык Рух мага дароо жооп берүү үчүн акыл берди:

-Мага бир мисал келтирүүгө уруксаат бер, дедим мен. – Мен

сага мындай дегенимди элестетип көрсөң: «Стэн, мен көптөгөн жылдар бою талыкпай эмгектенип, 17 китеп жаздым, алар буга чейин 80ден ашык тилде миллиондогон нуска менен басылып чыкты. Акыркы 25 жылда мен 16 миллион километрден ашуун аралыкты басып өттүм, убакыт-сааттардын дал келишпестигинен азап тарттым, ар кандай маданияттар менен иштештим, таң калыштуу тамактарды жедим жана мейманканаларда кичинекей гана бөлмөлөргө жайгашкан күндөрүм болду, булардын бардыгы дүйнө жүзү боюнча Жакшы Кабарды таратуу үчүн болду. Менин кызматымда бардыгы жакшы жана менин каржылык абалым да туруктуу. Лиза менен балдардын абалы да жакшы. Эмне үчүн мен бирдей темп менен иштей берүүнү уланта беришим керек?

Баары эле мыкты болуп чыкты. Ал бир аз жылмайып туруп, жооп берди:

- Ыйсага жолукканыңда мен сенин ордуңда болгум келбейт, - деди.

Мен дароо минтип айттым:

- Стэн, сен мага өзүңдүн ишканаларыңдагы иш-аракеттериң боюнча так эле ушул нерсени айттың.

Анын жылмаюусу заматта жоголуп кетти. Ал көз карашын таң калган абалда мага бурду. Укканына ишенбей, ал минтип сурады:

- Эмне үчүн ушундай деп ойлойсуң?

- Стен, Кудай ар бир баласына жөндөмдүүлүк берген. Бул белектер Кудайдын Падышачылыгын куруу үчүн бизге берилген. Ошентсе да, биз бул белектерди (жөндөмдүүлүктөрдү) өзүбүз каалагандай сарптайбыз анан ошондуктан, каалаган убакта аларды төмөнкү үч ыкманын бири менен колдонууну чечсек болот:

Бул жөндөмдүүлүктөрдү Падышалыкты куруу үчүн колдонсок болот;
Бул жөндөмдүүлүктөрдү жашообузду куруу үчүн колдонсок болот;
Бул жөндөмдүүлүктөргө жөн эле көңүл бурбай коюшубуз мүмкүн.

Стэн мени кунт коюп угуп, мен сөзүмү уладым:

- Менин көзгө көрүнгөн жөндөмдөрүмдүн арасында - жазуучулук жана насаат айтуу;

Сенин белектериң-жөндөмдөрүң ишкердүүлүккө жана берешендикке байланыштуу. Сен жөн гана менин мисалыма күлүп койдуң! Бирок, сен ошол эле нерсени айттың. Сенин белектериң да падышалыктын курулушу үчүн меникиндей маанилүү. Чындыгында, алар маанилүүрөөк да болушу мүмкүн, бирок жалпы сүрөттү көрө албай жатасың.

Биз ал жөнүндө сүйлөшүүнү уланта бердик. Сүйлөшүүбүздүн жүрүшүндө Стэндин ойлору менен мамилелеринин тез өзгөргөндүгү кубанычтуу болду.

Алты айдан кийин, мен анын абалын билүү үчүн Стенге телефон чалдым. Ортодо дагы бир унутулгус баарлашуу болду.

- Салам, Стэн, кандайсың?

- Чындыкты билгиң келеби? - анын жообу мени таң калтырды.

- Ооба, албетте!

- Алты ай мурун айткан сөзүң, жакшы маанисинен алып караганда мени тынч койбоду.

-Анан эмне кылдың?

Күлүп, анан тез эле минтип айтты:

-Мен Падышалыкты куруу үчүн ишканаларымдын капиталын 35 миллион долларга жеткирүү үчүн күрөшүп жатам.

- Керемет!

Стэн Кудайдын Падышалыгынын алга жылышына байкоочу болбогондугун билди. Ал ушунча кишинин маани бербестигин көрдү. Ал өзүнүн өзгөчө жөндөмдүүлүктөрү убактылуу жашоо үчүн гана эмес, түбөлүктүүлүк үчүн баалуу экендигин түшүнгөн. Эми ал өзүнө жана үй-бүлөсүнө караганда да улуураак максат үчүн шыктуулугун толук түшүнүп турат. Мен анын түз айткан сапатына, чын ыкластуулугуна жана момундугуна абдан ыраазымын. Бул сапаттар ага жашоосун өзгөрткөн чындыкты кабыл алууга мүмкүнчүлүк берди. Анын күбөлөндүрүүсү менен, анын өмүрү гана

эмес, көптөгөн адамдардын жашоосу да өзгөрүлдү.

Өзү үчүн ачылган нерсе аркылуу өз үлгүсү менен бул китептин башкы максаты болуу менен Стэн азыркы учурда көбөйтүүгө умтулат. Тилекке каршы, көптөгөн жылдар бою саякаттап, ишенгендер менен баарлашып жүрүп, көптөгөн адамдар Стен кандай ойлосо, ошондой ойдо болушарын билдим. Чындыгында, менин оюмча, көпчүлүгү ушундай ойдо. Көпчүлүк муну ал сыяктуу чечкиндүүлүк менен моюнга алышпайт, бирок баарлашуу учурунда ушул ой жүгүртүм ачылат.

Эгер силер чакырылганыңардан күмөн санасаңар, анда бул китеп силердин колуңарга түшүп калгандыгына абдан кубанычтамын. Силердин ой жүгүртүүңөр дагы өзгөрөт деп терең ишенем.

Стенге окшоп, өзүңөр менен өзүңөр чынчыл болгула; бул жалпы көрүнүштү көрүүгө жардам берет. Ушул момун абалда силер өзүңөрдүн өзгөчө жөндөмдөрүңөрдү ачып көрө аласыңар жана Падышалыкты куруу үчүн, аларды көбөйтө аласыңар. Силер, силердин кайтаруучуңар Кудай тарабынан мен сыяктуу эле чакырылгансыңар. Силердин чакырылууңар да улуу Билли Грэм же башка белгилүү кызматчылардыкындай эле чындык.

Силердин чакырылууңардын таасирин кеңейтүү үчүн, белектериңерди кантип өркүндөтүү, өнүктүрүү жана эң башкысы көбөйтүү жөнүндө сүйлөшөбүз. Кудай Сөзү жана ушул китептеги окуялар ишенимиңерди бекемдеп, натыйжалуулугуңарды арттырат. Мен муну өзүм аркылуу билем: мен ушул китепти жазып жана оңдоп жатканымда ушундай болгон.

## МАКСАТ ҮЧҮН – ӨЗГӨЧӨ МАКСАТ ҮЧҮН ТӨРӨЛГӨН

Келгиле, Библиянын эң белгилүү үзүндүсүн изилдөөдөн баштайлы:

> «Силер ырайымдын негизинде, ишеним аркылуу куткарылдыңар, бул силерден эмес, бул – Кудайдын белеги. Эч ким мактанбашы үчүн, бул кылган иштерден да эмес» (Эфестиктерге 2:8-9).

Бул эки аятта Кудайдын ырайымы жөнүндө сөз болот. Биз ырайым менен куткарылганыбыз айдан ачык, бул Кудайдан келген белек. 21-кылымдагы жыйын бул чындыкты эң сонун чагылдырган. Биз эч качан мындай тырышчаактык менен иштей албайбыз, ушунчалык таза жашай албайбыз жана Жаратканыбыз - Кудуреттүү Кудай менен түбөлүк өмүр сүрүү татыктуу болуу үчүн ушунчалык көп курмандыкка бара албайбыз. Бул белгилүү библиялык үзүндү маанилүү чындыкты ачып берген негизги аяттардын бири болуп саналат. Анткен менен, биз төмөндө жазылып турганды унутта калтырган жокпуз:

> «Анткени, бизди Ал жараткан, Кудай алдын ала белгилеп койгон жакшы иштерди аткарышыбыз үчүн, биз Машаяк Ыйса аркылуу жаратылганбыз» (Эфестиктерге 2:10).

9-аяттан кийинки биринчи сөз «анткени» экендигин эске алгыла. Бул сөз ушул эки билдирүүнү бириктирип турган биримдик. Башкача айтканда, бул ойдун биринчи бөлүгү өзүнөн өзү толук эмес. «Анткени» деген сөз "анткени-себеби» дегенди билдирет; ушул себептүү»; ошондуктан сегизинчи жана тогузунчу аяттарды келтиргенде, онунчу аятты эске албай коюуга болбойт. Болбосо, биз бул үзүндүнүн маанисин толук түшүнө албай калабыз.

Онунчу аятта биз Анын колунан жаралгандарбыз, жакшы иштерди жасоо үчүн атайын жаратылганбыз деп айтылат. Чындыгында, ушул үч аятта Пабыл төмөнкүлөрдү билдиргиси келген:

> «Биз, ырайым менен, биринчи кезекте, кимдир бирөө болуу үчүн - Кудайдын баласы болуу үчүн куткарылганбыз жана ошол эле ырайым бизге бир нерсе кылууга бирдей күч-кубат берет».

Биз эч качан экинчисине көңүл бурбай коюу менен, бир чындыкка ашыкча басым жасабашыбыз керек. Бирок, мен муну ток этер жеринен баса белгилеп кетүүгө уруксат эткиле - биздин иш-

аракеттерибизге караганда, Машаякка таандык экендигибиз алда канча маанилүүрөөк, анткени биздин бардык иш-аракеттерибиз өзүбүздүн ким экендигибизден келип чыгышы керек.

Иштер жөнүндө чындыктан четтеп кетүү оңой. Бул бизди Падышачылыкты куруу үчүн иштешибиз керек болгон ар кандай кысымдан арылтат. Адамдардын ушундай кылышкандыгы кейиштүү, анткени биздин ишибиз бизге күч берет. Ыйса мындай дейт: «Менин тамагым - Мени жиберген Кудайдын каалоосун аткаруу жана Анын ишин аткаруу» (Жакан 4:34). Ошондой эле Ал: "Атам менижиберген сыяктуу, мен да силерди жиберем» (Жакан 20:21) дейт. Ушул экөөнү бириктирип туруп, биздин азыгыбыз - бизди жиберген Ыйсанын эркин аткаруу экендигин айкын көрөбүз. Азык - бул бизге күч-кубат бере турган нерсе. Эгерде биз тамак жебесек, анда алсырап, аз гана нерсеге эле пайдалуу болуп калабыз.

Ыйса менен 40 жылдан ашуун жүрүп, адамдардын ишенимден четтеп кетишинин эң негизги себептеринин бири - бул "иштин жетишпестиги» экендигин байкадым. Алар жалкоо жана чакырылуусуна шалаакы болуп калышат, кантип ичкиликке жана адеп-ахлаксыздыкка берилип кетишет же аларды дүйнө жашоосуна кайра тарткан нерселер менен алектенип калышат. Алар руханий күчүн жоготуп жатышат. Анын мааниси төмөнкүчө:

*Кылган ишибиз бизге күч берет.*

Ошентип, ушул үч аяттагы чындыкты кайталап өтүүгө уруксаат эткиле. Силер Кудайдын ырайымы менен төрөлүп, Кудайдын баласы болуу үчүн төрөлгөнсүңөр жана силерге иш-аракет кылуу үчүн да ошол эле ырайым берилген. Кудай Сөзүндө Кудай биздин ар бир жакшы ишибизди алдын-ала пландап койгону айтылат. Дөөт минтип жазат:

> «Мен жаңыдан түйүлдүк боло баштаганда эле, Сен мени көргөнсүң. Мен төрөлө электе эле мага белгиленген күндөрдүн бири да боло электе эле Сенин китебиңде баары жазылып коюлган» (Забур 138:16).

Кудай силер төрөлө электе эле силер жасай турган иштерди пландаштырып койгон. Ал тургай, аларды китепке жазып койгон! Бул китептин канчалык зор экендигин элестетүүгө болот, анткени анда биздин жашообуздун ар бир көз ирмемдери жазылган. Ал биз үчүн пландаштырган милдеттер Анын Падышачылыгын куруу менен байланыштуу. Анын эң чоң каалоосу - биз анын Падышачылыгын курушубуз керектиги болуп эсептелет, бирок биз жасайбыз деген кепилдик жок. Эфестиктер 2:10догу "аткаруу» деген сөзгө көңүл бурсаңар. Бул аят биз сөзсүз түрдө бул иштерди жасайбыз дегенди билдирбейт. Так ушул жерде биздин эркин эркибиз иштей баштайт. Ал биздин иштерди алдын-ала даярдап койгон, бирок, ал пландаштыргандай кылаар-кылбасты биз чечебиз.

Ишенгендердин Ыйсанын алдында сотто турганында (ал сотто биздин машайакчылык эмгегибиз үчүн сыйлык алабыз же шалаакылыгыбыз үчүн азап чегебиз) Ал бул китепти ачып жана минтип айтаарына толук көзүм жетет: «Кел, жашоо жолуңду кантип басып өткөнүңдү Атам экөөбүз сага берген баштапкы план менен салыштырып карап көрөлү. «Сот жөнүндө, Ыйык Китептин эки башка аятында «китептер ачылды» деп айтылат (Даниел 7:10 жана Аян 20:12). Кудай бул китептерде биз төрөлгөнгө чейин эле биздин жашообуз жөнүндө жазып койгон деп эсептейм. Жеке чакырыгыбыз жөнүндө айта турган болсок, анда биз эмне кылгандыгыбыз үчүн эмес, эмне кылууга чакырылганыбыз үчүн соттолобуз. Бул сергектендирген ой.

Муну окугандан кийин, бир аз дүрбөлөңгө түшүп калышыңар мүмкүн. Сураныч, андай кылбагыла! Үч маанилүү нерсени эске алышыңар керек. Биринчиден, Кудай силерден өзү чакырган нерсени жасашыңарды силерден да көбүрөөк каалайт; ошондуктан, Ал Өз пландарын силерден жашырбайт. Ал силердин чакырылууңар жөнүндө силер каалагандан алда канча көп билишиңерди каалайт! Экинчиден, силердин чакырылууңардын толуктугуна жетүү процесси жолду басып өтүүгө окшош. Бул бир күндө эле болбойт; ошондуктан, чыдамсыз болууга жол берип койбогула. Үчүнчүдөн, бул китептен Ыйык Жазуу жана силердин

жеке тажрыйбаңар сыяктуу эле, чакырылууңарды өнүктүрүүгө жана ачып табууга жардам берүү үчүн кеңештерди табасыңар.

Мына ушуну түшүндүрүүгө жардам бере турган бир мисал. Элестетип көрсөңөр, мен шаардын борборуна жакын жерде таасирдүү турак жай, көңүл ачуучу жана соода комплексин курууну көздөп жатам. Шаар куруучу катары мен башкы архитектор дагы болуп эсептелем жана квалификациялуу куруучулар жана архитекторлор менен биргеликте башкы планды иштеп чыгам. Мен бул комплексте оюн жана спорт аянтчаларын, аттракциондорду, фонтандарды, эс алуу жайларын жана жөө адам басчу жолдорду курайын деп жатам. Мындан тышкары, биздин комплексти өзгөчө кылууну пландап, көп кабаттуу турак үйлөрдүн биринчи кабаттарына дүкөндөрдү жайгаштырууну, ошондой эле ресторандарды, кинотеатрларды жана башка чыгармачыл элементтерди курууну пландаштырып жатам.

Долбоорлоону бүткөндөн кийин, мен башкы планымдын ар кайсы бөлүктөрүн бүтүрүү үчүн жумушчуларды тандайм. Аларды жумушка жалдап алып, тапшырмаларын аткаруунун акыркы мөөнөттөрүн белгилейм. Менин долбоорум ишке ашууга даяр.

Эгерде бардык подрядчиктер (жумушчулар) менин көрсөтмөлөрүмдү аткарышса, анда бул ири долбоордун курулушу оңой жана жеңил жүрөт. Бирок, кээ бир подрядчиктер үчүн бул долбоор биринчи артыкчылыктагы мааниге ээ болбой калса эмне болот? Эгер алар тапшырманы кабыл алышса, бирок белгиленген убакытта өз жөндөмдүүлүктөрүн башка жумуштарды жасоого колдонушсачы? Балык уулоону, гольф ойноону же спорттук иш-чараларга көп барууну чечишсе, жумуш артта калсачы? Башка подрядчиктер жалкоо болуп, өз иштерине олуттуу мамиле кылбасачы? Эгер мен аларга толугу менен көз каранды болсом, анда бул долбоор эч качан өз убагында бүтпөйт. Чындыгында, алар аны эч качан аягына чыгарышпайт.

Подрядчиктер өз убактысын жана талантын кантип колдонууну өздөрү чечишет. Бирок, шаардын пландоочусу катары, ири кечигүүлөргө же бул долбоор эч качан бүтпөй калат дегенге макул

эмесмин. Анын ордуна мен башка подрядчиктерди жумушту аткарууга чакырышым керек болот.

Натыйжада эмне болот? Биринчи подрядчиктер бул кереметтүү комплекстин курулушуна катышкандыгы үчүн сыйлык алышпайт. Алар шаардын ушул кооз борбордук бөлүгүндө өзүлөрүнүн жасаган иштерин балдарына, неберелерине жана досторуна көрсөтө алышпайт. Алардын балдары ата-энеси бул кооз шаардын кандай бөлүгүн ишке ашыргандыгын башкаларга айта алышпайт. Ошондой эле, алар өз тапшырмасы үчүн төлөө түрүндөгү сыйлыктан да айрылышат.

Бул принципти Ыйык Китептен көрө аласыңар. Кудайда Өзүнүн Падышачылыгын куруу үчүн башкы планы бар. Бирок, тарыхтын жүрүшүндө Кудай Анын каалаганын жасабаган адамдар менен да кездешкен. Ошондуктан, Ал көп учурда Өзүнүн баштапкы планын өзгөртүүгө аргасыз болгон. Мен жөн гана адамдык түшүнүктөрдү колдонуп жатам, анткени Кудай башынан аягына чейин билет - Ал убакыт менен байланышкан эмес. Демек, планды "өзгөртүү" ал үчүн күтүүсүз нерсе эмес. Ал жумушчуларынын эмне кыларын алдын-ала билген жана аларды алмаштырууга даяр болчу.

Бул жерде Ыйык Жазуудагы көптөгөн мисалдардын бир нечеси келтирилген. Муну Ыбрайымдын атасы Терахтын мисалынан көрө аласыңар (менин кенже уулум Арден жакында ушул чындыкты эсиме салды). Кудай Канаанга барууга чакырганга чейин, Ыбрайым Халдейлердин Ур шаарында туулуп-өскөнүн көпчүлүгүбүз билебиз. Анча билинбеген бир факт бар: эгер анын атасы Терах жөнүндө жакшылап окусаңар, анда Кудай аны алгач так ушуну аткарууга чакырган окшойт. Келгиле, бул жөнүндө окуп көрөлү:

> «Канаан жерине баруу үчүн, Терах өз уулу Ыбрамды жана уулу Арундун баласын, өз  небереси Лотту жана өз уулу Ыбрамдын аялы, келини Сараны алып, алар менен Ханаан жерине баруу үчүн, Халдейдеги Ур шаарынан чыкты; бирок, Харанга барып, ошол жерде  туруп калышты. Терах эки жүз бешке чыгып, Харанда көз жумду» (Башталыш 11:31-32).

Биз эки нерсени карашыбыз керек. Биринчиден, эмне үчүн эч кандай себепсиз эле Урду бүт үй-бүлөсү менен таштап, Канаан сыяктуу эч нерсеси жок жерге келүү үчүн, миң чакырымдан ашык жолду басып өтөт? Төө менен жүргөн саякат жай жана татаал болот. Аялдар жана балдар менен, жок эле дегенде, бир нече айга чейин созулган. Террах социалдык тармактарга кирип, сүрөттөрдү карап, жашоо жана иштеш үчүн Канаан кандай сонун жер экендиги жөнүндө макалаларды окубаса керек. Бул тууралуу ал социалдык тармактардагы басылмалардан билген эмес. Бул күтүлбөгөн жана узак жакка көчүүнүн себеби бар болсо керек.

Экинчиден, ал Канаанга бара жаткан болсо, анда эмне үчүн Харранга жайгашып калган? Эмнеге сапарын көздөгөн жерине жеткенде аяктаган жок? Анын сапарын үзгүлтүккө учуратууга азгырыктар болуп калышы мүмкүнбү? Анын тоскоол боло турган каалоолору пайда болуп, кыйынчылыктарга туш болуп, үй-бүлө мүчөлөрүнүн бири бул сапардан тажап, чарчап же башка нерселер көңүлдөрүн алагды кылган жокпу? Балким, ал Харранда көбүрөөк мүмкүнчүлүктөрдү көрүп, Кудайдан бир гана сөз үчүн анын баарын тобокелге салгысы келбеди бекен?

Ушунун баарын эске алып, биз Терахты Кудай «көптөгөн элдердин атасы» кылып тандап алган биринчи адам деп тыянак чыгарсак болобу? Анан бүгүнкү күндө Ыбрайымга таандык болгон "Ишенимдин Атасы" наамын башында ал алышы керек болчу (Римдиктерге 4:16-17ни карагыла)?

Терах бардык жолду басып өтпөөнү чечти; ал Харранда отурукташты. Эгер ал өзүнүн жолунан чыкпаганда, биз бүгүн анын укмуштуу окуяларын жана Кудай менен түзгөн келишимин окуп жаткан болоор элек деп ишенем. Мен Ысрайыл аны өз атасы деп атамак деп эсептейм, ал эми Ыйса «Ыбрайымдын урпагы» эмес, «Терахтын урпагы» деп аталмак (Галатиялыктарга 3:16ны карагыла).

Кудайдын башкы планынын өзгөрүшүнүн дагы бир мисалы - сот жана башкы ыйык кызмат кылуучу - Эйли. Ал жана анын урпактары эл үчүн Кудайдын алдында турган ыйык кызматчылар

болуп дайындалган. Анткен менен, Эйлиге пайгамбар жөнөтүлүп, ал ага минтип айткан:

> «Ошондуктан Ысрайылдын Кудай-Теңири мындай дейт: Мен ошондо: «Сенин үй-бүлөң, атаңдын үй-бүлөсү Менин алдымда түбөлүк кызмат кылышат», – деп айткам. Бирок, Теңир эми мындай дейт: Андай болбойт, анткени Мени даңктагандарды Мен даңктайм, Мени жаманатты кылгандар уятка калышат.
>
> Мына, сенин жана атаңдын булчуңун Мен кесе турган күндөр келе жатат. Ошентип, сенин үйүңдө карыя болбойт (алар мындан ары ыйыктоочу катары Мага кызмат кылышпайт» (1 Шемуел 2:30-31).

Эйлинин тил албастыгы ага дагы, анын урпактарына дагы таасир эткен. Эгер Эйли Кудайдын алдында урмат-сый менен жүрсө, анын үй-бүлөсү ыйыктыгын сактап калган кызматчылар болуп калышмак.

Дагы бир мисал - Дөөттүн уулу Сулаймандан баштап, Ысрайылдын бардык падышалары. «Ошондо Теңир Сулайманга мындай деди: «Ушундай кылганың үчүн, Менин келишимимди, сага буйруган мыйзамдарымды сактабаганың үчүн, сенден падышачылыкты тартып алып, өзүңдүн кулуңа берем» (1 Падышалар 11:11). Эгер Сулайман ишенимдүү бойдон калса, анда анын падышалыгы эч качан анын уулу Рехабамдан алынмак эмес. Падышачылыктын көпчүлүгү Жаробамга берилген, бирок кийинчерээк ал да ишенимсиз болуп чыккан. Кудай ага:

> «...Мен сени жөнөкөй элдин арасынан көтөрүп. Өзүмдүн Ысрайыл элиме жол башчы койгом. Дөөттүн тукумунан падышалыкты тартып алып, сага бердим. Сен болсо Менин осуяттарымды аткарган, Менин алдымда Мага жаккан гана иштерди кылып, Мени чын жүрөгүнөн ээрчиген кулум Дөөттөй болгон жоксуң... Мени четке кагып салдың; Бул үчүн Мен Жаробамдын үйүнө мүшкүл салам ...» (1 Падышалар 14:7-10).

Жаробам кызмат ордун жана жөндөмдүүлүктөрүн жеке кызыкчылыгы үчүн кыянаттык менен пайдаланбастан, Кудайдын Падышачылыгынын жыргалчылыгы үчүн колдонсо, анын династиясы күчтүү болмок. Ушундай эле кабарды Ысрайылдын падышасы Бааша алган (Падышалар 16:1-7ди карагыла), ошондой эле, падышалык ишенип берилген башкалар дагы.

Жыйынтык: Кудайдын чакырыгындагы ишенимсиздигибиз бизге эле эмес, биздин тукумга да таасир этет. Бул Терах менен болгон эмес, бирок, башкалар менен болгон.

Ушундай эле татаал абалды пайгамбарлардын арасынан да көрөбүз. Элиша Илияс пайгамбарга кызмат кылып, анын жашоосундагы эки жолку майлоону алган. Бирок, бир нече жыл өткөндөн кийин, Элишанын кызматчысы, Гейхази, пайгамбардын белегин кабыл алган кийинки адам, маанилүү нерсени байкабай калат жана чакыруусун жоготот. Ал пес оорусу менен ооруп, өзү атайын чакырылган кызмат өтөөнү таштаган (2 Падышалар 5:20-27 караңыз). Анын ордуна Элишанын жардамчысы болуп турган жаңы кызматчы (аты-жөнү такталган жок) отурган.

Жаңы Келишимде, бул Жүйүт Искариот менен кандайча болгонун көрөбүз. Ал өзүнө тапшырылган кесипти жана жөндөмдүүлүктөрдү туура эмес пайдалангандыктан, аны алмаштыруу керек болчу. Петир үстүнкү бөлмөдөгү шакирттерине: «Анткени Забурда: «Анын... кызматын башка бирөө алсын», – деп жазылган Ошентип, эми биз Жүйүттү алмаштыра турган бирөөнү тандашыбыз керек» деген (Элчилер 1:20-21).

Кандай гана кайгылуу, кандай гана кейиштүү! Чакырууларын жана белектерин татыктуу түрдө колдонуудан баш тарткандардын канчасы өкүнөт деген ой бизди тынчсыздандырышы мүмкүн.

Жакшы жагына кайрылсак, сиз, урматтуу окурман, өзгөчө максат үчүн төрөлгөнсүз. Сиздин өмүрүңүз түбөлүктүү нерсени курууда абдан баалуу. Анан бул жөнөкөй адамдардын каалоосу эмес, аны Кудай Өзү аныктайт.

# СИЛЕР ӨЗ НАТЫЙЖАЛУУЛУГУҢАРДЫ АНЫКТАЙСЫҢАР

Бул силерди өтө таң калтырышы мүмкүн, бирок, силердин канчалык натыйжалуу экениңер Кудайдан эмес, силерден көз каранды. Силердин жашооңордогу бардык жетишкендиктер Кудайдын эгемендигинин натыйжасы деп эсептесеңер, анда бул сөз Кудайды сыйлабагандык катары болмок. Бирок, мен бул сөз Кудайды сыйлабагандык эмес жана Анын эгемендигине эч кандай шек келтирбейт деп ишендирем. Бул Кудай бизге ишенип, Анын уулдары менен кыздарына - бизге берген эркин эркти көргөзүшүбүздү каалагандыгын күбөлөндүрөт.

Келгиле, ушул бөлүмдү ачып берген Ыйык Китептин үзүндүсүн дагы бир жолу окуп чыгалы:

> «Акылмандык сенин күндөрүңдү көбөйтөт жана өмүрүңө өмүр кошот. Акылдуу болсоң, андан өзүң пайда аласың» (Накыл сөздөр 9:10-12).

Бул чындык чындыгында шыктандыруучу жана таасирдүү! "Күндөрүңдү көбөйтүп» деген сөз эмнени билдирет? Бул силердин күндөрүңөрдү узартууну билдирбейт; бул буга чейин "өмүрүңө жыл кош" деген билдирүүдө айтылган. Бул сөз айкашынын бирден-бир мааниси - натыйжалуулугуңарды күн сайын көбөйтүү дегендик. Башка сөз менен айтканда, силер Кудайдын акылына ээ эмес адамга караганда, ар бир күндөн көбүрөөк пайда алып жатасыңар дегенди түшүндүрөт.

Силер, албетте, Накыл сөздөрдөн ушул аятты уккансыңар деп ойлойм: «Эгерде балта мокоп калса, анын мизи курчутулбаса, анда күчкө салууга туура келет, бирок акылмандык муну оңдой алат» (Насаатчы 10:10). Анда акылмандык жөнүндө сөз болот. Силер мокоп калган (акылсыз) балта менен чындыгында эффективдүү же жемиштүү боло албайсыңар. Башка жагынан алганда, силер дагы бир топ дарактарды курч балта менен кыйганга мүмкүнчүлүк аласыңар (акылдуулук менен жашоо).

Силер ошол эле күчтү колдонуп, күч-аракетти көбөйтөсүңөр.

Кудайдын акылмандыгы абдан маанилүү. Мен бул китепте кийинчерээк ишенген адам катары ондогон жылдар бою натыйжасыз болуп, акыры өзүнүн летаргиялык абалынан тажаган досумдун окуясын айтып берем. Алгач ал алты ай бою Кудай Сөзүнө сүңгүп кирди. Бул аркылуу ал көбүрөөк натыйжалуулук үчүн акылмандыкка ээ болду. Анын өмүр таржымалы силерди таң калтырат.

Кудайдын Сөзүндө менин досума гана эмес, бардыгыбызга: «Акылмандыкка ээ болуу - бул эң маанилүү нерсе», - деп айтылат (Накыл сөздөр 4:7). Мага ушул сөз жакты. Буга чындап ишенсеңер, убактыңарды жана күчүңөрдү акылмандыкка ээ болууга жумшайсыңар. Бирок, Накыл сөздөр 9:11-12деги эң улуу чындык төмөнкүдө: акылмандыкка ээ болгондон кийин, андан өзүң пайда табасың!

Бул китепте мен көптөгөн жылдар бою изденүүгө, сыйынууга жана угууга сарпталган, оң жана терс тажрыйбалар менен айкалышкан окуяларды камтыган Кудайдын акылмандыгы менен бөлүшөм. Бирок, бул китептен мен гана эмес, мени менен баарлашкан башка адамдар да акылдуулук менен иш алып барышып, укмуштуудай жемиштерге жетишкендиктерин көрөсүңөр. Азыр мен силер менен бөлүшүп жаткан акылмандык аркылуу, мага көп жылдар талап кылынган нерсени алып, кыска гана убакыттын ичинде силер дагы бир топ ийгиликтерге жетесиңер деп үмүттөнөм. Бул биздин Падышалыктын иши. Биз баарыбыз бирбиз, эгерде силер жеңсеңер, мен дагы жеңем. Эгер менден да ашып кетсеңер, анда бул да мага пайдалуу, анткени биз баарыбыз бирбиз. Биз бардыгыбыз бир максат үчүн жана бир Падышанын даңкы үчүн эмгектенеип жатабыз.

## СЫР

Келгиле, кийинки бөлүмгө суроо менен өтөлү. Көпчүлүккө белгисиз болгон, бирок, анын жардамы менен мүмкүнчүлүктөрүңөр кеңейип, мурунку жыйынтыктарыңардын

баарынан ашып түшүүчү сыр жөнүндө билгиңер келеби?

Ооба, деп ойлойм! Анткен себеби, мындай сыр чындыгында эле бар. Анан биз ушул катылган чындыкты ачыкка чыгарганы жатабыз.

## ОЙ ЖҮГҮРТКҮЛӨ

1. Эфестиктерге 2:10го ылайык, Кудай силер төрөлө электе эле, силер жасай турган иштерди пландаштырып койгон. Силер качандыр бир убакта ушул пландар жөнүндө билгиңер келди беле? Аларды табууга силерге эмне тоскоол болду?

2. Силер өзгөчө максат үчүн төрөлгөнсүңөр. Стэндин окуясын эске алганда, силер белектериңерге жана жөндөмүңөргө кандай карайсыңар? Силер аларды Кудайдын Падышалыгын куруу үчүн маанилүү деп эсептейсиңерби? Же силер, Стенге окшоп, жалпы сүрөттөмөнү көрө албай жатасыңарбы?

3. Кудайдын эркин аткаруу бизди бекемдейт. Азыр жасап жаткан ишиңер силерди бекемдейби? Силер азыр жасап жаткан ишиңерди жактырасыңарбы? Эгер андай болбосо, анда эмнеге канааттанууну сезбейсиңер?

*Ошентип, бизге берилген ырайымга жараша ар кандай жөндөмдөр бар, келгиле анда аларды колдонолу.*

– Римдиктер 12:6.

2

# Берилген жөндөмдөр

Менин 18 жылдан бери орто мектептин жогорку класстарына баскетбол боюнча курама команданын машыктыруучусу болуп иштеген Джим деген досум бар. Ушул убакыттын ичинде анын командасы бир да жолу штаттык чемпионатта биринчиликти жеңе алган эмес. Жылдан жылга алар аймактык финалда же, эгер мамлекеттик чемпионатка жетишсе, алдынкы эле баскычтарда жеңилип калып жатышты.

Джим мага минтип айтып берди:

- Мен көңүлүм калып, баарынан баш тартууга даяр болдум, бирок ушул убактарда Кудайдын ырайымынын күчү жөнүндө билдим.

Джим чечкиндүү чечим кабыл алды. Ал мындан ары он сегиз жылдан бери иштеп келгендей, команданы өз күчү менен машыктырууну каалабай калды; ал толугу менен Кудайдын ырайымына таянууну тандады. Ал Кудайдан эмне кылуу керектигин сураганда, Кудай ага мындай деп жооп берди:

> «Машыгууңарды кайрадан уюштургула. Аянтта токсон мүнөттүк машыгуунун ордуна, биринчи 45 мүнөттү кийим чечүүчү бөлмөдө отуруп, Ыйык Китепти окугула, бөлүшкүлө, сыйынгыла, анан андан кийинки 45 мүнөттө аянтта машыккыла.»

Джим минтип айтты:

-Джон, бул тескери натыйжа бергендей сезилди. Биз оюндун

көндүмдөрү жана стратегиялары боюнча иштешибиз керек болчу. Машыгуудагы 90 мүнөттүн ар бир секундасы мага керек болчу. Бирок, мен муну Кудайдан укканымды билчүмүн.

Ал улантты:

- Мен кыздарга ушул жаңы стратегия жөнүндө айтып бердим. Алар муну бир аз динчил нерсе катары эсептешип, аны жөнөкөй гана ишенчээк идея деп ойлошту. Бул жөнүндө биринчи жолу уккан айрымдар, атүгүл көңүлү чөгүп, бирок, мен эмне үчүн мындай чечимге келгеним жөнүндө кененирээк айтып бергенимде, алар макул болушту.

Жүзүндө жылмаюу пайда болуп дагы минтип айтты:

- Ошол жылы баскетбол боюнча биринчи жолу мамлекеттик биринчиликти жеңип алдык. Анан бул жетишсиз болуп калгандай, кийинки жылы дагы жеңишке жетиштик.

Андан кийин ал экинчи мамлекеттик чемпионат жөнүндө сөз баштады:

- Муну элестетүү да мүмкүн эмес эле, анткени акыркы оюнда эки упайлык бир да сокку жасай алган жокпуз. Ушунча жолу кыя кеткенден кийин биз таптакыр жеңишке жетпешибиз керек эле! Бирок, статистикага көз чаптырып, бул оюнда эң көп үч упай топтоо боюнча рекорд койгонубузду көрдүк. Бардык аткарылбай калган эки упайлуу салууларды үч упайлуу салуулар ордун толтуруп, бизге жеңишке жетүү үчүн зарыл болгон эсепти берди.

## КҮЧ

Джим Кудайдын акылмандыгын - элчи Пабыл ачкан жана статистикага ылайык, 21-кылымдагы жыйындардын 90 пайызынан ашыгы маани бербей жаткан акылмандыкты колдонуп көргөн. Ал библиялык ырайым - бул Кудайдын куткаруу белеги гана эмес, ошондой эле биздин жашообуз үчүн Анын күчү экендигин билди. Пабылдын сөздөрүн окуп көргүлө, бирок бул Теңирибиздин оозунан чыккан: «Менин сага болгон ырайымым жетиштүү. Анткени Менин күчүм алсыздыкта

жеткилең болот» (2 Корунттуктарга 12:9) деп так айткандыгын эстен чыгарбагыла.

Бул жерде суроолор же түшүнүксүз нерселер жок. Кудай Өзүнүн ырайымын түздөн-түз Өзүнүн күчү деп атайт. Бул аятта "алсыз" деген сөз жөндөмсүздүктү билдирет. Теңир Пабылга жана бизге: "Менин күчүм (ырайымым) силердин табигый жөндөмдүүлүгүңөрдөн ашып түшкөн түрдө, кырдаалдарда эң жакшы түрдө таасир этет» деп жарыялайт.

Джим 18 жыл бою талыкпай эмгектенип, мектеп окуучуларынан турган командасын мамлекеттик чемпионатка алып келүүгө аракет кылды жана ал аракети эмне берди? Көп жылдык ийгиликсиздиктен башка, эч нерсе жок. Бирок, Джимдин көптөгөн ийгиликсиздиктери жана көңүл калуулары акыр-аягында тапкан даанышмандык менен толтурулду: Кудайдын ырайымы бизге табигый мүмкүнчүлүктөрүбүздөн ашып кетүүгө күч берет.

Дагы бир катында Пабыл: "Мен элчилердин баарынан көп иштедим", - деп тайманбастык менен айткан. Кантип, ал чындыгында эле ушуну жазганбы? Анын ким жөнүндө айтканы жөнүндө ойлонуп көрсөңөр - Петир, Жакып, Жакан, Барнаба, Аполос жана башка көптөгөн улуу кызматчылар. Бул бир аз бой көтөргөндөй сезилет, бирок, ушул сөздөрдү аягына чейин окусаңар, андай эмес экендигин түшүнөсүңөр.

> «Мен элчилердин баарынан көп иштедим, бирок чындыгында бул менин эмгегим эмес, бирок менин ичимде иштеп жаткан Кудайдын ырайымы" (1 Корунттуктар 15:10).

Пабыл өзүнүн жөндөмү менен эмес, Кудайдын күчү менен мактанган; ошондуктан бул жерде өзү менен мактанган эч нерсе жок. Ал өзүнүн Кудайдын миссиясын аткарышы үчүн ырайымга ишенген. Көп жылдар бою көңүлү калып, андан кийин көзү ачылган Джим, машыктыруучу катары, анын жөндөмүнөн ашып түшкөн Кудайдын күчүнө (ырайымына) таянат. Ал бул акылмандыкты жашоосунун бардык тармактарында колдоно баштады; эми анын балтасы курчуду!

Ушуну эске алып, келгиле, биздин жекече чакырылуубузга кайтып келели. Дагы бир жолу, Кудай Сөзүндө: Анткени бизди Ал жараткан, Кудай алдын ала белгилеп койгон жакшы иштерди аткарышыбыз үчүн, биз Машаяк Ыйса аркылуу жаратылганбыз (Эфестиктерге 2:10). Силер төрөлө электе эле Кудай Өзү силердин чакырыкка даярданган. Бул өзгөчө чакыруу силерге чыныгы канааттанууну алып келет, аны силерге эч кандай жумуш же кесип бере албайт. Бул силердин максатыңар жана ал өзүнүн масштабы боюнча укмуштуудай чоң. Чындыгында, силер чакырыгыңар жөнүндө билишиңер керек болгон бир маанилүү чындык бар:

*Кудай силер үчүн даярдап койгон силердин чакырыгыңар силердин табигый жөндөмүңөрдөн жогору турат.*

Бул ойду мүмкүн болушунча ачык айтышыма уруксат этkиле. Биз эч качан өзүбүздүн күчүбүз менен кудайлык чакырыгыбызды аткара албайбыз. Мен бул жөнүндө кайдан билем? Анткени, Кудай Өзүнүн даңкын эч кимге бербей тургандыгын чечкиндүү түрдө жарыялаган (Ышайа 48:11ди карагыла). Эгерде биздин кимдир бирөөбүз өзүбүздүн Кудайдан болгон чакырылуубузду аткара алсак, анда Кудай Өзүнүн даңкын биз менен бөлүшүүгө мажбур болмок жана Ал эч качан андай кылбайт! Кудай атайылап силердин чакырыгыңарды силердин мүмкүнчүлүгүңөрдөн жогору коюп койгон, аны аткаруу үчүн Анын ырайымына көз каранды болууга мажбур болушуңар үчүн ошентти!

## ӨЗГӨЧӨ ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТӨР

Андан кийин, биз мындай суроону беришибиз керек: ырайымдын өзгөчө белектери барбы? Башкача айтканда, ырайым бизге табигый жөндөмдүүлүктөрүбүздөн жогору турууга мүмкүнчүлүк берген сыяктуу эле, Кудайдын биздин өзгөчө миссиябызды аткаруунун шаймандары катары болгон өзгөчө белектери барбы?

Мага бир нече мисалдар менен жооп берүүгө уруксаат этkиле.

Роджер Федерер теннис ракеткасы жана тобу болбосо, эч

качан эң мыкты теннисчилердин бири болмок эмес. Силердин шаардагы эң мыкты жыгач иштетүүчү шаймандары болбосо, эч качан анчалык чебер боло алмак эмес. Эгерде Микеланджелонун кескичи, кыл калеми жана боёгу болбосо, силер эч качан аны билбейт элеңер. Бизге карата Кудайдан келген чакырыкка да ушуну айтууга болот беле?

Бул суроого жооп берүүгө бизге эки кыскача окуя жардам берет. Кызматтагы алгачкы кадам таштап жатканымда, мен даңктоонун жана табынуунун өзгөчө бир жетекчиси менен тааныштым. Ал 1900-жылдардын ортосунда абдан белгилүү Жакшы Кабарчынын кызматындагы даңктоонун жетекчиси болгон. Бул Жакшы Кабарчы 1970-жылдары Теңирибизге кетип, тиги жетекчи өз кызматын баштаган.

Ал 1980-жылдары биздин жыйынга тез-тез конок болуп келген, ал даңктап жатканда мен жөн гана суктануу менен карап, угуп отурчумун - ал абдан таланттуу, өзгөчө болчу! Мен билген бир аз гана музыканттар ага окшоп пианинодо ойноп, ал аткаргандай кыйналбай гана аткарган. Бир нече секунданын ичинде ал үч жарым миң адамдан турган залды бутуна тургуза алган жана алар ырдап-бийлеп башташчу. Ал Кудайды даңктаганда, бардык атмосфера өзгөрчү; ал атмосфера Кудайдын катышуусунан кубат алган.

Акыркы бир нече жолу ал бизге кызмат кылганы келгенде, мен аны коштоп жүрүү артыкчылыгына ээ болдум. Чогуу жүргөндө мен ага суроолорду бердим, анткени анын Кудай берген жөндөмдүүлүктөрү жөнүндө билгим келди. Анын энеси, такыба жана ыймандуу аял болгондугун жана ал күн сайын бир нече саат бою сыйынаарын билдим. Ал минтип айтып берди:

- Джон, мен энемдин курсагында жаткан кезимде, биздин үйгө бир жолу бейтааныш адам (анын энеси периште деп ишенип калган) келиптир. Апам буга чейин көрбөгөн бул киши: «Сенин уулуң көптөрдү Кудай алдында жетелеп, пианинодо кичинесинен чебер ойнойт» дептир.

Анын окуясынын кийинки бөлүгү мени унутулгус кылып таң

калтырды. Бала кезинде, ал бир жолу ата-энесинин пианиносуна отуруп алып, эч кандай сабаксыз же машыгуусуз эле кынтыксыз ойной баштаган. Бул "Ит вальсы» эмес болчу, татаал чыгарма болчу, ооба, фортепианно бөлүмүнүн тажрыйбалуу студенттери гана ойной турган татаал чыгарма болчу. Анан, албетте, ал эч кандай бир нотасыз ойногон.

Ошол күндөн баштап ал эч качан ноталарды колуна албай, чеберчилик менен ойногон; ал бардык күүлөрдү угуу менен ойногон. Ал каалаган ырын бир гана жолу угуп анан бир нече секунданын ичинде кайра ойной алган.

Анын кызматы жаш кезинен башталган; ал өз шаарындагы башкы жыйындардагы кызматтарда ойногон. Акыры жүрүп отуруп анын жөндөмдүүлүгү бул белгилүү евангелисттик кызматка эшик ачты.

Анын жөндөмү - Кудайдан болгон жөндөмдүүлүгү бар экени көрүнүп турду.

Дагы бир белгилүү таланттуу адам, Акиан Крамарик төрт жашында сүрөт тартуу боюнча кандайдыр бир сабактарсыз эле өзгөчө ыкма менен сүрөт тарта баштаган. Алты жашында ал татаал фигураларды жана өзүнүн өзгөчө көрүнүштөрүн тартуу менен алдыга жылган. Сегиз жашында, ал азыркы учурда белгилүү болгон Тынчтык Ханзадасы сүрөтүн тарткан - бул менин иш бөлмөмдө, менин иш столумдун артында илинип турган портрет.

Анын жөндөмү - Кудайдан болгон жөндөмдүүлүгү бар экени көрүнүп турду.

Эмне үчүн айрымдар гана жөндөмдүүлүктөргө ээ болушат? Чын эле ошондойбу?

Дагы бир суроо берсек болот: Кудайдын балдарынын айрымдары, көптөрү же бардыгы эле белек алышабы? Келгиле, бул бөлүмдү ачып бере турган «Жаңы тирүү котормодон» дагы бир ачылыш аятын окуп көрөлү:

> «Кудай Өзүнүн ырайымы менен белгилүү бир нерселерди натыйжалуу жасоо үчүн бизге ар кандай белектерди берди» (Римдиктер 12:6).

Бул аятта эки маанилүү сөздү көрөбүз. Биринчиси, биз буга чейин айткан - «ырайым», грекче “charis” сөзүнөн которулган. Бул аяттын экинчи сөзү - *“белектер”*, ушул сыяктуу эле грек сөзүнөн которулган *«харизма»*. Биз так ушул эки өзгөчө сөздү изилдеп - үйрөнөбүз.

Грек тилинин сөздүктөрүн жана Жаңы Келишимде "харизма" сөзүн колдонуу контекстин изилдеп-үйрөнгөн жылдардын ичинде мен бул сөздүн аныктамасын түзүп чыктым:

Харизма - бул адамга өзгөчө жөндөмдөрдү берген ырайымдын өзгөчө белеги.

Кудай адамга ишенип берген кудайлык жана кадимки табигый мүмкүнчүлүктөн ар дайым жогору турган Кудай берген жөндөмдөр жөнүндө сөз болууда. Айрым жөндөмдүүлүктөр табияттан тыш нерсе экени анык. Башка белектер адамдын табигый мүмкүнчүлүктөрү сыяктуу сезилет, бирок, чындыгында алар укмуштай көрүнүктүү. Кээ бир белектер төрөлгөндө эле берилет, ал эми кээ бирлери өзгөчө убактарда, Теңирден келген Сөз аркылуу берилет.

## ЖАЗУУЧУЛУК ХАРИЗМА

Харизманы изилдөөнү өзүмдүн жашоомдогу мисалдардан баштаганга уруксат этсеңиздер (мен бул окуяларды «Түбөлүктүүлүк менен жетектелгендер» деген китебимде кыскача айта кеткем).

Китеп жазуу - бул менин жашоомдун харизмасынын бири. Эгерде силер биздин кызматка көп жылдар бою көз салбаган болсоңор, анда мен англис тилин, чыгармачыл жазуу жана чет тили сабактарын эң төмөнкү деңгээлде окугандыгымды билбейсиңер. Кээде англис тили мугалимдери мени дагы бир жыл чыдабашы үчүн эле кийинки класска которушуп коюп жүрүштү окшойт деп ойлойм!

Биздин класска бир-эки бет гана жазуу берилгенде, бул тапшырмасын бат эле аткарып коюунун ордуна, ага бир нече сааттарды жумшачумун. Мен бир-эки сүйлөм жазып, анан аны бир нече мүнөт карап чыккандан кийин, анын кандай гана

маанисиз жана чеберчиликсиз болгонун көрүп нааразы болчумун. Акыры, кагазды мыкчып ыргытып салып туруп, баарын кайрадан баштачумун. Мен көп жолу убакыт жана акыл-эс энергиясын сарптап кайра-кайра ушунун үстүндө иштеген кездерим болду. Бир сааттын ичинде эки абзацты да жаза албай калган учурларым эсимде.

Эгерде силер менин алган жеке баамдан күмөн санап жатсаңар, анда Стандартташтырылган Тест Баасын айта кетейин. Белгилүү болгондой, Стандартташтырылган Тест Америка Кошмо Штаттарынын көптөгөн Жогорку окуу жайларына кабыл алуу үчүн милдеттүү сынак болуп саналат. Мен бул тестти тапшырып жаткан ошол мезгилдерде, тесттеги эки негизги сабак математика жана англис тилинде сүйлөшүү болчу. Англис тилиндеги маектешүү негизинен окуу жана жазуу көндүмдөрүн текшерген англис тили сынагы болгон. Эң жогорку баа 800 балл болгон.

Англис тилиндеги баарлашуу сынагынан 370 (ооба, сиз аны туура окудуңуз) упай топтодум. Пайыздык мааниде алганда, бул өтө коркунучтуу 42 пайыз, бул көпчүлүк билимди баалоо тутумдары тарабынан канааттандырарлык эмес деп эсептелет. Акыркы 30дан ашыгыраак жыл аралыгындагы саякаттарымда мен англис тилин сүйлөө боюнча стандартташтырылган баасы менден төмөн болгон бир гана адамды жолуктурдум.

Келгиле, менин 30дан ашыгыраак жылдарыма барып көрөлү. 1991-жылы жай айларынын бир таңында, мен ээн жерде сыйынып отурганда, Кудай мага: «Уулум, Мен сенин китеп жазышыңды каалайм» деди.

Мен ичимден күлүп: «Кудай, Сенин жер үстүндө ушунчалык уул-кыздарың көп болгондуктан, бизди алмаштырып жатсаң керек. Сен менин жазуумду чын эле каалабай каласың; менин мектебимдеги англис тили мугалимдеринен сурап көрсөң» дедим.

Жооп болгон жок. Жымжырттык гана.

Мен анын унчукпай калганын макул болушу деп кабыл алдым. Бул нерседен кутулганыма өзүмдү ишендирдим, анткени Андан эч кандай каршы пикир уккан жокмун. Бирок, жүрөгүмдө бул андай эмес экенин билдим.

Он айдан кийин, аралыктары эки жума болгон убакытта мага эки аял келип, бир эле сөздөрдү айтышты: "Джон Бивер, сен Кудай сага берген нерсени жазбасаң, Ал бул билдирүүлөрдү башка адамга берет. Бирок, бул үчүн Анын сотунун алдында жооп беришиң керек болгон күн келет ".

Качан Техастык экинчи аял келип, мага Флоридадан келген биринчи аял айткандай эле сөздөрдү айтканда, мага Кудайдын ыйык коркуу сезими келип, мен аракеттене баштадым. Бул 1992-жыл болчу; азыркыдай «iPad» жок болчу, болгону кагаз жана калем эле. Бир барагымды алып, үстүнө кара тамгалар менен: "КЕЛИШИМ" деп жазып койдум. Андан ары мен минтип жаздым:

> *«Ата, мен жаза албайм. Ошондуктан, Сага баш ийишим үчүн, мага ырайым керек! Эгерде мен жазсам, анда ар бир сөз Сенин Рухуңдан шыктанып, Өзүңдүн майлооң менен толтурулушун суранам. Мен ал жазгандарым эркектерди, аялдарды, балдарды, жыйындарды, шаарларды жана өлкөлөрдү өзгөртүүсүн суранам. Мен алдын-ала Сага урмат-сый, мактоо, даңк жана ыраазычылык билдирүүгө убада берем. Мен Сен менен болгон бул келишимди (макулдашууну) Ыйсанын кудуретттүү ысымы менен түзүп жатам.*
>
> *Сенин уулуң жана кызматчы, Джон Бивер» .*

Дээрлик 30 жылдан кийин, биздин күндөргө келебиз. Мен буга чейин 20 дан ашуун китеп жазып, алар ондогон миллион нускада басылып чыккан. Алардын көпчүлүгү АКШдагы жана чет өлкөлөрдөгү жалпы жана машайакчылык адабияттардын бестселлер тизмесине кирди. Бул китептер дүйнө жүзү боюнча 100дөн ашык тилге которулган жана айрым өлкөлөрдө светтик жана машайакчылык категорияларындагы эң көп басылып чыккан китептер болуп саналат.

Дээрлик ар бир китепте мен жазылган материалдардын 20-30 пайызын уккан эмесмин, окуган эмесмин же ойлогон эмесмин. Мен ал нерселерди клавиатурада жазып жатканда алдым.

Үйүмдөгү кабинетимде же мейманкананын бөлмөсүндө отуруп, жазгандарымдан кантип шыктануу алган учурларым эсимде. Бир нече жолу, ал тургай, мен отургучтан секирип туруп: «Бул керемет!» деп кыйкырган маалдарым болгон.

Силер: «Бул текебердик го! Кантип ушинтип айтасыз?» деп сурашыңар мүмкүн.

Буга мен төмөнкүчө жооп берем. Бул нерселер кайдан келгенин билем, ал меники эмес. Менин атым ушул китептерде жазылып тургандыгынын себеби, анткени жер жүзүндө мен аларды биринчи болуп окуган адаммын! Мен бул сөздөрдүн Ыйык Рухтан келгенин билем. Элчи Пабыл дагы: "Мен башка элчилерге караганда көбүрөөк иштедим" деп жазганда бир аз бой көтөргөндөй сезилген.

Бул сөздөрдү атаандашчыл, өзүмчүл, ал тургай өзүн абдан сүйгөн мүнөздөгү адам жазган сыяктуу көрүнүшү мүмкүн. Бирок, биз Кудайдын Сөзүнөн Пабыл өзүнүн жөндөмү менен эмес, Кудайдын ырайымы менен сыймыктанганы жөнүндө билебиз.

Жеке өзүм, Кудай ошол жайдын таңында мени менен сүйлөшкөндө менин жашоомо жазуучунун харизмасы кирди деп ишенем. Бирок, мен Кудайга баш ийүүнү чечкенге чейин, ал кыймылга келе алган эмес. Айрымдар бул билдирүү менен талашып-тартышышы мүмкүн, мен башынан эле эскерте кете турган нерсе, бул тема талкуулоо үчүн анчалык деле маанилүү эмес экендигин айта кетейин. Менин бул ынанымымда жаңылышып калышым мүмкүн экендигин түшүнөм; ошондуктан, буга каршы болушу мүмкүн болгон каршы пикирлеримди айтууга уруксат эткиле.

Айрымдар бул белек мага 1979-жылы жогорудан төрөлгөндө эле берилген деп талашуусу мүмкүн. Мен буга өз тажрыйбамдан улам жооп бере албайм, анткени 1979-жылдан 1992-жылга чейин, мен келишимимди жазганда эч нерсе жазууга аракет кылган эмесмин. Бир нерсени так айта алам: мен ушул бөлүмдө мурдараак айтып кеткен пианистке окшоп, ушул белек менен төрөлгөн жокмун. Бирок, анын окуясынан көрүнүп тургандай, айрым белектер адамга бойго бүткөндөн баштап эле берилет.

Мисалы, Чөмүлдүрүүчү Жакан энесинин курсагында жатканда, Кудайдын Рухуна толгонун билебиз (белектерди берген), анткени ал тирүү Машайакты Мариямдын курсагында, ал эми өзү Элизабеттин курсагында жатканда эле тааныган (Лука 1:41 караңыз). Отуз жыл өткөндөн кийин да, Жакандагы ошол эле жөндөм Ыйсаны чөмүлүүгө келгенде эле (башкалардан мурун) тааный алган болушу мүмкүн (Жакан 1:29ду караңыз).

Бирок, кийинчерээк келген белектер да бар. Кийстин уулу Шабыл өмүр бою пайгамбарчылык кылган эмес. Шемуел аны Ысрайылдын биринчи падышасы катары жаш кезинде май менен майлаганга чейин, мындай болгон жок. Шемуел алардын жолугушуусунан кийин Шабул музыкалык аспаптарда ойноп жана пайгамбарчылык кылып жаткан адамдардын тобун көрө тургандыгын айткан.

Мен Шемуелдин бул сөздөрүн мисалга келтирейин: «Ошондо сенин үстүңө Теңирдин Руху түшүп, алар менен кошо пайгамбарчылык кылып, башка адам болуп каласың» (1 Шемуел 10:6).

Бул эки библиялык күбөлөндүрүүдөн биз кээ бир белектер түздөн-түз эненин курсагында жатканда эле, ал эми айрымдары кийинчерээк берилерин көрөбүз.

## НАСААТТЫН ХАРИЗМАСЫ

Менин жашоомдогу дагы бир харизма - эл алдына чыгып сүйлөө. Бул белек жөнүндөгү менин таржымалым сизге биздин теманы жакшыраак түшүнүүгө жардам берет.

Менин аялым Лиза мени кызматты эске салгандай жерде биринчи жолу уккан күн эч качан эсимден кетпейт. Жумшак айтканда, бул чоң ийгиликсиздик болду, мен аша чапкан жокмун. Ал менин сүйлөгөндөрүмдүн алгачкы беш мүнөтүндө катуу уйкуга кетти, андан кийин дагы ойгонуп, дагы калган убакытта уктап кетти. Баары жөн эле коркунучтуу болчу. Анын жанында отурган эң жакын курбусу Эми ушунчалык катуу уктап кеткендиктен, ал кыялдар аралында жүргөндө мен анын кенен ачылган оозунан

шилекейи агып кеткенин да көрдүм. Чынын айтсам, мен аянычтуу оратор элем.

Ошол кезде мен жергиликтүү жыйында пасторумдун жана анын аялынын жардамчысы болуп кызмат кылып жүргөм (биздин жыйын Америка Кошмо Штаттарында абдан таасирдүү болгон, штат 400дөн ашык адамдан турган). Менин жумушум кайтаруучунун үй-бүлөсүнүн муктаждыктарын канааттандыруу жана биздин жыйынга келген бардык кызматчыларды кабыл алуу болчу. Кудайдын Падышачылыгында мага Сөз кызматы эмес, тескерисинче, көшөгө артындагы кызмат ишенип берилгендиги айдан ачык эле (бул тууралуу кийинки бөлүмдө айтам).

Ошентсе да, мен өзүмдүн кызматымды баштадым, анткени Кудай мага Анын Сөзүн жер жүзүндөгү бардык элдерге жарыялай турганымды көрсөттү. Менин катам мында болгон: мен муну өз күчүм менен жасадым. Мен дагы эле бирөөнүн кызматында болуп жана мен «башка адамга ишенимдүү» болушум керек болгон мезгилде болчумун (Лука 16:12ни караңыз). Мен бош убактымды жана күчүмдү билдирүүлөрүмдү даярдоого, таңгактоого жана сатууга жумшадым (кызматымды жакшыраак аткарып, аялыма жакшы күйөө болууга аракет кылсам алда канча жакшы болмок, бирок кээде кетирген каталардан сабак алышыбыз керек).

Бир сөз менен айтканда, мен «Ысмайылдын кызматын» төрөдүм. Мен аны эмне үчүн мындай деп атадым? Менин кылган ишиме Библияда окшоштук бар. Кудай Ыбрамга (Ыбрайымга) 75 жашында уулдуу болосуң деп убада берип, акыр-аягында ушул уулу аркылуу ал көптөгөн элдердин атасы болосуң деген. Бул убададан кийин он жыл өттү, бирок, ал дагы деле балалуу болгон жок, ал 85 жашка келип калган эле. Ошентип, Ыбрайым жана анын аялы Сара экөө берген убадасын аткарууга Кудайга «жардам берүү» планын түзүшкөн. Ошондуктан, мен ушуга окшош башталышты Ысмайылдын кызматы деп атайм.

Буга ишенүү кыйын, бирок, кээ бир адамдар чынында эле менин материалдарыма акча төлөштү. Мен аларды өзүн-өзү жарыялаган «Биверлердин кызматы» үчүн саттым. Биздин ураан:

"Анын кереметтүү жарыгы менен бүт дүйнөгө жетүү" болгон. Ушул саптарды жазып жатып өзүмдүн акылсыздыгыма жана жетиле электигиме күлкүм келет. Төрт аудио тасмадан турган биздин Ысмайылдын, алгачкы насааттарыбыздын арасында аялымды жана анын жакын курбусун уктаткан кабар да камтылган! Ушул сериядагы насааттарды укканда дагы канча адам уктап, ооздорунан шилекейлери агызды экен? Мен азыр бул жөнүндө ойлонгондо калтырап кетем!

Ишенсеңиз да, ишенбесеңиз дагы, кыскасы жаман болуп кетти. Ошол учурда менин каарманым азыркы кезде асманда болгон улуу Жакшы Кабарчы Ти Эл Осборн болгон. Ал жубайы экөө тирүү кезинде 50 миллиондон ашуун адамды куткарууга алып келген кызматты жетектешкен. Мен да ага окшоп насаат айткым келди. Мен анын насааттарын бир нече саат угуп, сүйлөө жана интонация ыкмаларын, окууларын, учкул сөздөрүн, ал тургай, тамашакөйлүгүн үйрөнчүмүн. Эми мен жөн эле тажатма насаатчы эмес, башка бирөөнүн коркунучтуу көчүрмөсү болгонумду түшүнүп турам.

Ти Эл мыкты оратор болгон. Ал биздин жыйында насаат айткан кезде, ар бир адам анын ар бир сөзүн кунт коюп угушкан. Ал бир жолу Африкада өткөргөн улуу евангелисттик кызматтарынын биринде Кудайдын улуу кыймылы жөнүндө айткан. Ал сүйлөп жаткан маалда ушунчалык улуу кереметтер менен ушунчалык шыктанып, дилгирленип: "Ваув!» деп кыйкырып жиберди. Ал анан сүйлөбөй калды, биз баарыбызды күтүп туруп калдык. Ал болсо колу менен жөн гана жаңсап:

- Кызыктуу сөз. Тескерисинен окуп көргөндө деле ушундай эле угулат.

Баары каткырып калышты; бирок ал гана бул сөздү айта алгандай болуп калды.

Акылсыз жана ишенчээк болгондуктан, мен муну өзүмө кабыл алып, дайыма "ваув» деп айта баштадым. Мен аны ошол учурдагы Ти Элге окшоп айтып жүрдүм. Бирок, бул жерде бир эле көйгөй бар болчу - буга эч ким бир да жолу күлгөн жок, бирок, албетте, мен аны түшүнгөн жокмун.

Көптөгөн ийгиликсиз аракеттерден кийин мен акыры, андан баш тарттым. Мен муну кылгандан кийин укмуштуудай өзгөрүү болду. Мен кайрадан өзүм жүргөн кызматты ынтызарлануу менен кыла баштадым. Эми бош убактымды үй-бүлөмө жана досторума бердим. Мен бул күрөштөн баш тарткандан кийин, жашоо кайрадан толук жана мол болуп калды. Чыныгы канааттанууну тапкандан кийин, менин бардык аракеттеримдин текке кеткендигин түшүнүп, "Биверлердин кызматына» оңой эле чекит коюп койдум. Кудай убадасын аткара турган күн келе тургандыгын билчүмүн, бирок ал менин демилгем менен ишке ашмак эмес.

Тынчтыкты жана бейпилдикти тапкандан кийин, эмне болгонун таап көргүлөчү! Кудайдын кыймылдаткыч күчү бир нече айдан кийин келди. Менден Америка Кошмо Штаттарындагы эң тез өсүп келе жаткан жыйындардын биринде жаштардын кайтаруучусу болууну суранышты.

Биринчи жекшембини мен эч качан унутпайм. Биздин жыйындын кайтаруучусу дүйнөгө белгилүү кызматчы болгон. Ошол учурда, ар жекшемби сайын адамдар ар бир кызматта жык толгон залдан жакшы орун табуу үчүн, бир сааттан ашык күндүн ысыгында кезекте турушчу. Биздин кызматтарга ар дайым ар кайсы штаттардан жана өлкөлөрдөн коноктор келип турушар эле.

Кызмат кызуу жүрүп жаткан кез эле. Табынуу сонун болду. Биздин кайтаруучу трибунага чыгып, дээрлик ошол замат жыйынга жаңы жаш пастор жөнүндө - мен жөнүндө билдирди. Андан кийин, ал мени таң калтырып, ордуман туруп, жекшемби күнкү кызматтагы жыйналышка бир нече мүнөттүк кайрылуу жасоомду суранды.

Мен бул жөнүндө билген эмесмин, бирок ошол учурда аялым чоочуп, дүрбөлөңгө түшүп кетти. Ойлонууга убактым болсо, мен да чоочулап калмакмын. Бул ушундай бир башкача болду! Менден 2800 адамга кайрылууну суранышты. Лиза анын кесепеттеринен аябай корккон, анткени мурунку тажрыйбанын негизинде эмне болоорун билген. Алдыдагы келе жаткан жамандыктан сактансак болот? Жыйындагылардын көпчүлүгү мени акыркы жолу угушса

керек, анткени, андан кийин негизги кызматта насаат айтууну менден талап кылбай тургандыктары айкын болгон.

Ушул коркуулардын бардыгы ага мен трибунага чыккага чейин топтолду. Кийинчерээк ал мага Ти Эл Осборнду туураганга аракет кылбасын деп чын жүрөктөн сыйынганын, айрыкча "ваув» деген сөздү тескерисинче окуу жөнүндөгү адаттагы орунсуз тамашамды айтпаса экен деп сыйынганын айтты.

Мен трибунага жетээрим менен, улуу кайтаруучубуз мага микрофонду сунду. 60 секунддан кийин бүт жыйын өз ордуларынан секирип турушту; элдер, менин айтканыма жооп кылып кол чабыша кубанып жатышты. Мен төрт-беш мүнөткө чейин кабар айттым, ал убакыттын ичинде 2800 киши турду. Андан кийин микрофонду пасторго өткөрүп берип, ордума кайттым. Кийинки беш мүнөттө мен адреналинден же Кудайдын катышуусунан же экөөнөн тең титиреп жаттым.

Менин аялым жаңы эле болуп өткөн окуяга ишенбей таң калды.

Кызматтан кийин ал мага:

- Джон, мен: «Менин күйөөмдүн денесине ким кирип алган?» деп ойлондум, - деди.

Менин биринчи кызматка коюлган мезгилимде биз Техаста жашадык, бирок, бул жыйын Флоридада болчу. Көп жылдар бою Лиза бул окуяны сурагандарга: "Флорида чек арасынан өткөндөн кийин эле, Джон башка адам болуп калды" деп айтып жүрдү. Анын жашоосуна Кудайдын жөндөмү киргендеги абалы тууралуу Шабул жөнүндө да ушундай жазылган (1 Шемуел 10:6ны карагыла).

Ошол мезгилден баштап, мен адамдардын алдында насаат айтып, окутуп, сүйлөп келе жатам жана көпчүлүк учурда муну оңой эле жасайм (мен кийинки бөлүмдө насаат айтууга кыйын болгон учурлар жөнүндө сөз кылам). Мен мындан ары бул үчүн күчүмдү жумшабайм. Бул мен «Ысмайылдын кызматында» башымдан өткөн кыйынчылыктарсыз эле өтөт. Ысмайыл менен Ыскактын мезгилдериндеги натыйжалардын айырмасы түн менен күндүзгүдөй чоң.

Келгиле, Флоридадагы ошол биринчи жекшембиден сегиз-он жылдан кийинки мезгилге келели. Бул мезгилге карата «Messenger International» түптөлгөн кызмат болуп калган. Гаражда жазгы тазалоо иштерин жүргүздүк. Кутучаларды карап отуруп, менин насааттарымдын түп нускадагы аудио кассеталарын, анын ичинде Лиза менен анын курбусун уктатып койгон тасмаларды кездештирдик. Эч ойлонбостон туруп эле, аны таштанды челекке ыргытыш үчүн алдым. Бир маалда Ыйык Рухту уктум: «Уулум, ушул түп нуска фонограмманы ыргытып жибербе".

Мен бат эле каршы чыктым: «Эмне үчүн? Ал бир кызыктай; бул билдирүүнү экинчи эч ким укпашы керек. Аны жок кылыш керек."

Мен дагы кайрадан: «Андай кылба» дегенди уктум.

Мен Кудайды укканымды толук билип туруп деле, "Эмнеге?" деп дагы каршы болдум.

«Себеби ал сен үчүн коргоо» деп, Теңир менин жүрөгүмө өтө так-таамай айтты.

«Коргоо?».

Анан күтүлбөгөн жерден эле мага: "Уулум, сен Менсиз кандай гана коркунучтуу оратор экениңди ар дайым эсиңден чыгарбай жүрүшүңдү каалайм» деген акылмандыкка ээ болдум.

Жыл өткөн сайын мен ушул "коргоочу факторду" толук түшүнүп баратам. Акыркы отуз жылдын ичинде бул белек кудуреттүү түрдө иштеп, мол түшүм берди. Мен сансыз учурларда жыйындардагы атмосферанын кескин өзгөрүүлөрүнө, алган аяндарга жооп катары даңктоодогу сыйынуунун жарылууларга, сансыз адамдардын өмүрүн сактап калууга жана көптөгөн кереметтердин чагылышына күбө болдум. Ушундай мол жемиштер менен, буга карата менде да кандайдыр бир байланыштар бар экениндигин ойлоп коюу оңой болмок, бирок мен Апостол Пабыл менен биргеликте: «Ошентсе да, бул мен эмес болчумун, бирок, Өз ырайымы менен мен аркылуу аракеттенген Кудай болчу» деп айта алам ( 1 Корунттуктар 15:10). Ушул жылдар аралыгында мен Кудайдын харизмасысыз насаатты кандай гана коркунучтуу түрдө айтканымды унуткан жокмун.

## СИЛЕР ӨЗГӨЧӨСҮҢӨРБҮ?

Биз Кудай мага башкаларга кызмат кылуу жана башкаларда жакшы нерсени жаратуу үчүн берген эки жөндөмдүүлүктү карап көрдүк. Менин жашоомдогу болгон күрөш менен таанышсыңарбы? Силер жашооңордун харизмасын табуу үчүн мынчалык алыска барбадыңар болуш керек. Же, балким, ушул окуяларды окуп жатып, «менин белегим жок» деп ойлонуп, көңүлүңөрдү чөгөрүп жиберип жаткандырсыңар. Силердин белектериңер бар деп ишендиргим келет жана бул кийинки эки бөлүмдө айкын болот.

Мен: «Жөндөмдүүлүктөрдү Кудайдын балдарынын кээ бирөөлөрү эле алышабы, көптөрү алышабы же баары эле алышабы?» - деген суроого жооп берүүнү убада кылдым эле. Бул жерде бир гана жооп бар - албетте, баардыгы! Жакында мен аны Кудайдын Сөзүнөн алып далилдейм. Биз бул маселени жакшылап карап коюп гана тим болбостон, бул китептин аягына чыгардан мурун, силер өз харизмаңарды кантип таап, өнүктүрүп, колдонуп, ошону менен Кудайдын Падышалыгын курууда эффективдүүлүгүңөрдү көбөйтүү боюнча ачык-айкын маалымат аласыңар.

## ОЙ ЖҮГҮРТКҮЛӨ

1. Библиядагы ырайым - бул Кудайдын куткаруу белеги гана эмес, ошондой эле, биздин жашообуз үчүн Анын күчү. Силер Кудайдын ырайымына кандай карадыңар? Бул бөлүмдү окугандан кийин ырайым жөнүндө түшүнүгүңөр кандайча өзгөрдү?

2. Кудайдын силерге карата болгон чакырыгы табигый мүмкүнчүлүгүңөрдөн жогору турат. Кудай муну эмне үчүн ушундай кылды? Силер ашыгы менен жеткиликтүү болгон Кудайдын бекемдей ала турган ырайымын кантип ала аласыңар?

3. Жөндөмдүүлүктөрдү Кудайдын балдарынын кээ бирөөлөрү эле алышабы, көптөрү алышабы же баары эле алышабы? Силер кандай белектерди же жөндөмдүүлүктөрдү алдыңар? Силердин оюңарча бул белектер башкаларга кандайча пайда алып келет?

*Өзүңүздү кандайча баалаганыңыз*
*жөнүндө чынчыл болуңуз.*

— Римдиктер 12:3.

# 3

# Өзүңөрдү чынчылдык менен баалагыла

Мен силерге жашоомдогу харизманы ачып, аны басып өткөнгө аракет кылганым жөнүндө айтып бердим. Эми мен өзгөчөлөнбөгөн жактарым жөнүндө кыскача айтып бергим келет.

Бул жөндөмдөрдүн толук тизмесин түзүү мүмкүн эмес, анткени алар өтө эле көп. Бул тизмеде биринчи орунда ырдоо жана музыкалык аспаптарда ойноо турат. Ар дайым мен үйдө ырдаган сайын, аялым жана балдарым сылык-сыпаа, бирок олуттуу түрдө менин өзүмчө ырдашымды суранышат.

Орто мектепте, жеңил атлетика сабагында мен кийим чечүүчү жайдын душунда бир жолу гана ырдаганга аракет кылдым. Мен чечкиндүү каршылыкка кабылгам: бир нече жигит чогулуп жаагыңды жап деп кыйкырышты, бир жигит болсо шампундун бөтөлкөсүн мени көздөй ыргытып жиберди.

Ата-энем Биверлердин үй-бүлөсүнүн бардык балдарын фортепиано сабагына жиберишти. Менин мугалимим шаарыбызга абдан белгилүү болгон профессионал пианист болчу. Фортепианодо ойногонду үйрөтүү анын кесиби болгон жана ал бул жаатта ийгиликтүү иштеген. Бирок, төрт жылдык оор окуу-аракеттенүүдөн кийин, ал менин ата-энеме кайрылып, алар мага мындан ары окубай эле коюуга уруксаат берүүлөрүн суранды.

Мына, баары канчалык гана жаман болгон.

Бир аз убакыттан кийин мен кептин баары пианинодо деп ойлоп, бир нече жылдан кийин дагы бир аспапта ойноп көрдүм. Биз классикалык гитараны сатып алып, абдан белгилүү мугалим таптык. Ал чыдамкай болуп, мени менен кылдаттыкта иштеди. Мен бар күчүмдү жумшадым, тырышчаактык менен машыктым, бирок, эч нерсе чыкпады. Мен музыкалык талантым жок экендигин моюнга алганга чейин бир жарым жыл окудум.

Баары кантип бүттү? Ушул жылдар аралыгында эч нерсе деле болгон жок деп айта алам. Бул тармак менин жазуучулук жөндөмүмдөн толугу менен айырмаланып турат. Менин жашоомдо эч качан музыкалык жөндөм байкалган эмес.

## ӨЗҮН ӨЗҮ БААЛОО

Мен өзгөчөлөнбөгөн жөндөмдүүлүктөрүмдү санап айта берсем болот, бирок, менин эмне дегим келип турганын силер баамдап жатасыңар деп түшүнөм. Биз баарыбыз эреже катары биздин колубуздан эч нерсе келбестигин билебиз деп айтсак болот. Биз жөндөмдүүлүгүбүз жок жактарыбызды кандай жеңилдик менен көрсөтүп жаткандай эле, өзүбүздүн жөндөмдүү жактарыбызды да аныктай алганыбызды каалар элем.

Ошентип, келгиле Пабыл окуткан нерсеге өтөлү:

> Мага көрсөтүлгөн ырайымдын негизинде ар бириңерге айтамын (эскертемин): өзүңөр жөнүндө керектүүдөн артык ойлобогула, текерисинче, Кудай ар бириңерге бөлүп берген ишенимиңерге жараша туура ой жүгүрткүлө. Анткени денебиздин мүчөлөрү көп болгону менен, бардык мүчөлөрдүн кызматы бирдей болбогон сыяктуу эле, биз да көп болгонубузга карабастан, Машаяктын ичинде бир денени түзөбүз, ал эми өз-өзүнчө алганда бири-бирибизге мүчөбүз. Кудайдын бизге көрсөткөн ырайымынын негизинде ар кандай рухий жөндөмдүүлүктөргө ээбиз. (Римдиктерге 12:3-6).

Пабыл жазгысы келип жаткан нерсени эскертүү деп атап алып

баштайт. Анын эскертүүсүн бөлүп, баса белгилеп кетүүгө уруксат эткиле. Силер өзүңөрдү кандай бар болсоңор, андан артыкмын деп ойлобогула. Өзүңөрдү баалоодо чынчыл болгула». Бул аят бизге өзүбүзгө карата чынчыл болууну буйруйт. Эмнеге карата? Кудай бизге ушул убакта берген жөндөмдүүлүктөрүнө карата.

Эмне үчүн мен «ушул учурда» деген сөз айкашын колдондум. Мен мурда колдонгон библиялык мисал жөнүндө ойлонуп көрсөңөр. Шабулдун Шемуелге жолукканга чейинки калыс баамы мындай болгон: «Мен пайгамбарчылык кыла албайм». Бул баалоо ошол мезгилде туура жана так болгон. Бирок, ал Шемуелге жолуккандан кийин, анын жашоосунда Кудайдын белеги пайда болгондогу анын чынчыл баасы өзгөрүлүп: «Мен пайгамбарчылык кылам» деген.

Менин кызматымда Ысмайылдын төрөлүшүнө жол бергенге чейин ушул аятты дыкаттык менен окуп чыкканымда кандай гана жакшы болмок! Эгерде мен чынчыл болгонумда, анда менде ошол маалда эл алдында сүйлөгөнгө жөндөмүм болбогондугун, бирок, менде кайтаруучума кызмат кылууга карата жөндөмүм болгондугун түшүнмөкмүн. Анын ордуна мен боло турган нерсени өз алдымча төрөөгө аракет кылдым, ал мага сыйынуу учурунда алдын ала лидерлердин пайгамбарчылыгы аркылуу так айтылган эле. Ал убакыт али келе электиги көрүнүп турду. Эгерде мен ошол жарлыкка баш ийгенимде, өзүмдү чынчылдык менен баалап жана даяр эмес экендигимди түшүнгөнүмдө, көп убакытты, акчаны жана күчтү үнөмдөйт элем. Анан да, мен ошол кезде жөндөмдүү болгон нерсемди да натыйжалуу пайдаланмакмын.

Пабылдын ар кандай белектер жөнүндө айткандары ачык-айкын: «Анткени денебиздин мүчөлөрү көп болгону менен, бардык мүчөлөрдүн кызматы бирдей болбогон сыяктуу эле, биз да көп болгонубузга карабастан, Машаяктын ичинде бир денени түзөбүз» (Римдиктерге 12:4). Бул жөнөкөй эле, бирок, өз денеңерге көз чаптырганда абдан көрүнөө болот. Ойлонуп көрсөңөр болот: мурунубуз жасай албаган нерсени манжаларыбыз жасай алат. Кулагыбыз жасай албаган нерсени мурунубуз жасай алат. Курсак жасай албаган нерсени кулагыбыз жасай алат. Ашказаныбыз

болсо, боордун колунан келбеген нерсени жасай алат ж.б. Бул төмөнкүнү билдирет:

> Өзүнүн белектери жөнүндө билген жана алар аркылуу аракеттенген адам бактылуу жана баталуу.
> Башка адамдын белектери менен иш-аракет кылууга аракет кылган адам бактысыз жана кемсинтилген адам.

Бир күнү эртең менен ойгонсоңор, баш бармагыңар: «Мага жетишет! Ооз, сен көп жылдан бери эле сүйлөп келе жатасың. Бүгүн мен сүйлөйм» десе, кызыктай көрүнбөйт беле? Бул күлкүлүү; баш бармак ооз сыяктуу үндөрдү чыгара албайт. Бирок, баш бармактын ооздо болбогон өзгөчө жөндөмдүүлүктөрү бар. Силердин оозуңар: «Бүгүн мен компьютерде тергим келет!» дегенин элестетсеңер, бул дагы абдан күлкүлүү.

Кийинки дагы бир маанилүү суроо, эмне үчүн биз «кафедрадагы жөндөмдүүлүктөргө» ушунчалык маани беребиз? Эмне үчүн биз насаат айткан жана табынуу кызматынын лидерлерине маанилүүрөөк жөндөмдүүлүктөрдү алып жүрүүчүлөр катары карайбыз? Коринттагы жыйынга жазган катында Пабыл бул жөнүндө: «Дененин эң алсыз жана анча маанилүү эмес көрүнгөн бөлүктөрү чындыгында эң зарыл», - деп айткан (1 Корунттуктарга 12:22).

Мен силерге практикалык мисал келтирейин. Буттарыңарга көңүл бурулганын байкадыңарбы? Элдер «Анын буттары сонун» же «Анын буттары ушунчалык булчуңдуу!» деп айтышат.

Эсимде, бир жолу мен өспүрүм кезимде, өтө консервативдүү, адептүү жана унчукпаган атам анын мүнөзүнө таптакыр туура келбеген башка нерсе жасады. Ал дээрлик эч качан өзүнө көңүл бурууну талап кылган эмес. Бирок, бир күнү ал күтүлбөгөн жерден:

- Уулум, сенин буттарың абдан күчтүү буттар, - деди.

Жооп бербестен, мен жылмайып, эмнени айткысы келди экен деп таң кала карап калдым. Ал сөзүн улантты:

-Эмне үчүн экенин билгиң келеби? Аткени, менин да буттарым аябай күчтүү. Сен бутуңду менден мурастап алдың.

Анын сөздөрүнө күлөөрүмдү же ыраазычылыгымды билдирээримди билбедим, анткени анын адаттан тыш жүрүм-туруму мени күтүлбөгөн жерден каптап калдасткандай болду. Мен жөн гана күлүп, мындай дедим:

- Ырахмат, ата, сен мага күчтүү буттарды бергениң үчүн.

Чындыгында - буттар кишини өзүнө тартат. Бирок, адамдар бутсуз жашай алат деп ойлодуңар беле? Жол кырсыгынан бутун жоготкон, бирок, кадимкидей жашоону уланткан бир адамды билем. Бирок, боор бул башка маселе. Эч ким боорсуз жашай албайт. Бул өтө маанилүү, бутка караганда алда канча маанилүү. Бирок, буга чейин бирөө: «Сизде сонун боор бар. Ал сонун!» деп сурадыбы? Эч качан!

Андыктан, Пабылдын: «Дененин эң алсыз жана анча маанилүү эмес көрүнгөн кээ бир бөлүктөрү чындыгында эң бир зарыл» деген сөздөрүн дагы бир жолу уккула.

Дагы, мен кайрадан сурайын, биз эмне үчүн «кафедрадагы жөндөмдүүлүккө» ушунчалык маани беребиз? Булар «көрүнүктүү» бөлүктөр жана алар зарыл, бирок, Кудайдын Сөзүнө ылайык, алар эң маанилүүсү эмес.

Менин досум Стэнде (1-бөлүмдөн) бизнес чөйрөсүндө адамдарга жетүү, акча табуу жана кайрымдуулук кылуу үчүн жөндөмдүүлүк бар. Биздин жыйындагы маданиятыбызда айтылбаган мамилелерден улам, анын белеги «кафедрадагы жөндөмдүүлүктөрдүн» баарынан аз баалуу сезилет. Жыйын кандай көрүнүштөгү түшүнүккө ээ болгон? «Кафедрада тургандар - тандалган адамдар; аларда чыныгы чакырылуу бар.»

Бул жөнүндө ойлонгула. Эгерде кимдир бирөө: "Анын чакырылуусу бар" десе, анда бардыгы дароо эле бул пасторлук үчүн чакырылган, табынуунун жетекчиси, жаштардын кайтаруучусу, машайакчы жазуучу, миссионер ж.б.у.с. чакырык деп ойлой башташат. Бул сөздөрдү укканда, өтө эле аз адамдар: "Ал медициналык тармакка чакырылган жана ал ракты дарылоонун жаңы жолдорун таап жатат", же "Ал өкмөттө иштеп, Кудайдын Падышачылыгынын өнүгүшүн коргогон мыйзамдарды кабыл

алат" же "Ал билим берүү тармагында иштейт, жана ал балдардын аң-сезимине Кудайдын билимин жана даанышмандыгын себет» же «Ал бизнес чөйрөсүнө ушул чөйрөдөгү адашкан адамдарга жетүү жана Кудайдын Падышачылыгын курууну каржылоо үчүн чакырылган» деп ойлошот.

Бул ой жүгүртүүнүн кесепеттери айдан ачык: Стэн бир топ жылдан бери жыйында жүрөт, бирок, ал мендей эле болуп "чакырылганын" байкабай келет. Анын Кудай берген жөндөмдүүлүктөрү, натыйжалуу болсо дагы, "жыйындагы" жөндөмдүүлүктөр башкаларга караганда маанилүү деп ойлогондуктан улам, анын жөндөмдүүлүктөрү маанилүү болгон жок. Бул ой жүгүртүү өзгөрүшү керек! Биз бардыгыбыз Кудайдын Падышачылыгындагы чакырыгыбызды ишке ашыруу үчүн, зарыл болгон уникалдуу белектерибиз менен иш кылууга чакырылганбыз.

Келгиле, Пабыл Корунттук жыйынга бул жөнүндө жазган үзүндүнү толугу менен окуп көрөлү:

> «Биздин денебиздин көптөгөн бөлүктөрү бар, Кудай ар бир бөлүгүн өзү каалаган жерге жайгаштырган. Дененин бир эле бөлүгү болсо, кандай гана таң калыштуу болмок! Ооба, көптөгөн бөлүктөр бар, бирок, бир гана дене. Көз колго "сенин мага керегиң жок" деп айта албайт. Баш буттарга "силердин мага керегиңер жок" деп айта албайт. Дененин эң алсыз жана анча маанилүү эместей сезилген кээ бир бөлүктөрү чындыгында эң зарыл. Биз анча сыйлуу эмес деп эсептеген бөлүктөрүбүздү биз абдан кам көрүү менен кийиндиребиз.
>
> Көрүнбөшү керек болгон денебиздин бөлүктөрүн кылдаттык менен коргойбуз, абройлуу бөлүктөрү болсо мындай өзгөчө камкордукка муктаж эмес. Демек, Кудай денени анча-мынча татыксыз көрүнгөн бөлүктөрүнө көбүрөөк урмат көрсөтүп, кам көрө тургандай кылып жайгаштырган. Бул бардык бөлүктөр бири-бирине кам көрүшү үчүн, дененин бөлүктөрүнүн ортосундагы гармонияга өбөлгө түзөт» (1 Корунттуктар 12:18-25).

Биз "жыйын белектерин" башкаларга караганда көбүрөөк сыйлай алабыз, анткени Пабылдын сөздөрүн жыйын чөйрөсү менен чектейбиз. Албетте, мындай шартта кабар айтуу жана окутуу жөндөмдөрү көбүрөөк талап кылынат. Бирок, Кудайдын Падышачылыгынын иши бардык жерде болуп жатат жана бул дагы түп-тамырынан бери өзгөрүш керек болгон бир ой жүгүртүү.

«Жыйын» деген сөз грекче «экклесиас», «чакырылган» дегенди билдирет. Грек сөздүгүндөгү аныктама мындай деп кошумчалайт: «адамдар деп аталат же эркин мамлекеттин коомдук иштери үчүн чакырылган же чогулган адамдар; жарчы тарабынан чакырылган эркин жарандардын денеси.»

Биз имаратта жүргөндө гана жыйын болуп эсептелебизби? Биз сыйынуу, табынуу, насаат айтуу же кызмат кылуу үчүн чогулганда гана жыйынбызбы? Ушундай ой жүгүртүүдөн улам, адамдар ушул атмосферада болгондо өзүлөрүн башкача алып жүрүшөт, ал эми жыйында болбогондо башкача. Биз жыйынбыз жана биз каякта болсок дагы, Кудайдын Падышачылыгын куруу үчүн күнү-түнү, жумасына 7 күн, жылына 365 күн жөндөмдүүлүктөр менен жабдылганбыз!

Жакында бир мультимиллиардер менен жолуктум. Ал "Кудайлык тур" деп өзү атаган нерсени жасады. Ал жана анын командасы ар кайсы шаарларга учуп барышып, айрым кызматчылар менен жолугушуу үчүн, жыйындарга жана конференцияларга катышкан. Ал беш жактуу кызматты өркүндөтүп жана анын иши үчүн аны андан да көбүрөөк куралдандырышын каалады. Менин жакын досторумдун бири аны менен жолугушуубузду алдын-ала пландап койгон. Мен Далласта насаат айткан бир конференция учурунда биз жолугуштук. Биздин үч сааттык түшкү тамагыбыз аябай сонун болду, мен бул жолугушуудан ага караганда да көбүрөөк нерсе алып чыккандай сездим.

Алгачкы күндөрү бизнес чөйрөсүндө араң гана жүрө алдым деди, бирок, анын көзү ачылган күн келди. Анын көзүнүн ачылышы өзүнө эмне үчүн Анын Падышалыгы жыйындарда жана конференцияларда гана көрүнүшү керек деген суроодон

башталды. Эмнеге ал бардык жерде көрүнбөйт? Ал ишкерлер чөйрөсүнө чакырылгандыгын билген, бирок, эмне үчүн ал ушул жаатта ишенбегендердей эле иш кылды? Анын бул дүйнөдөн эч айырмасы жок болчу. Ал ишкердик чөйрөсүндө «Кудай менен жүрөм» жана так ушул кафедрада кызмат кылган насаатчыдай болуп, Ыйык Рухтун үнүн угам деген чечим чыгарган. Чындыгында, ал өзүнүн чакырыгы жөнүндө суроого туш болуп жана Кудай аны бардык кайтаруучулар сыяктуу эле чакырган деп чечкен. Андан кийин Кудай берген жөндөмдүүлүктөрүн аныктап, аларды максаттуу пайдаланууну чечти. Ал Кудайдын үнүн Аны менен болгон тынч убакытта жана ишкер жолугушууларда уккан. Албетте, Кудай ага иштеринде билимди жана акылман сөздөрдү берген. Натыйжалары көрүнүп турат; анда мындан ары кыйынчылыктар болбойт! Ал Кудайдан келген өзгөчө сөздөрдү бөлүшкөндө, көпчүлүк учурда маанисиз болуп көрүндү. Бирок, Кудай берген көрсөтмөлөр ишкер чөйрөдө кабыл алынган акылмандыкка каршы болгондо да, аларды аткаруу ыңгайсыз болгон учурда да, тил алчаак болууга чечкиндүү болгон. Ал кардарлардан жана өз командасынын мүчөлөрүнөн келип чыккан күмөн саноолор, таарынычтар, тынчсыздануу жана ал тургай, тирешүү жөнүндө айтып берди. Бирок, анын Кудайдан алган сөздөрүнө болгон бекем ишениминин жемиши - миллиарддаган доллар болгон. Анын мага айткан кереметтерине таң калдым.

## ЭЛДЕРДИ ҮЙРӨТҮҮ

Бүгүнкү жыйындардын белектерге-жөндөмдүүлүктөргө болгон көз карашын өзгөртө алсак эмне болот? Биздин билдирүүлөрүбүздү уккандардын баарына Кудайдын Падышалыгын курууда ар бир адам чакырылаарын, таланттуу жана баалуу экендигин түшүндүрсөк, эмне болот? Жооп жөнөкөй: бардыгы Билли Грэм, Орал Робертс, Тереза эне жана Элчи Пабылдын көңүлүн жана берилгендигин эске алуу менен иштешет. Биздин жолугушуу учурунда мен булмульти миллиардердин максаттуу багытын жана умтулууларын байкадым. Ал өзүнүн

миссиясын жана Кудай берген белектери анын аткарылышы үчүн канчалык маанилүү экендигин билген.

Элдерди окутуу үчүн биздин ой жүгүртүүбүз так ушундай болушу керек. Келгиле, ушул билдирүүгө кененирээк токтололу. Ыйса: "Жыйынга баргандарды окут" деп айткан эмес; Ал бизге «элдерди окутууну» буйруган (Матай 28:19ду карагыла). Грек тилиндеги "элдер" деген сөз *«этнос»* деген сөз, ал "тууганчылык, маданият жана жалпы каада-салттар менен бириккен адамдардын тобу" дегенди билдирет.

Бул аныктама учурдагы улуттарга, урууларга жана аймактык жана этностук топторго тиешелүү. Бирок, ал велосипедчилер, актерлор, дарыгерлер, ишкерлер, учкучтар, юристтер, үй кожойкелери, мамлекеттик кызматкерлер, спортчулар ж.б.у.с. белгилүү бир жамааттар дегенди да билдирет. Эркектерди дагы, аялдарды дагы ушул тармактарда окутушубуз керек.

Бирок, келгиле, бир кадам алдыга кетели. Ыйса: "Элдер арасындагы адамдарды окут", - деп айтпайт; Ал мындай дейт: "Элдерди үйрөт". Бул айырманы түшүнүү маанилүү; биз ар кандай чөйрөлөрдүн Кудайдын Сөзүнө ылайык аракеттенишин өзгөртүүгө тийишпиз. Албетте, биринчи кезекте бул биз ушул аймактардагы адамдарга жеткенде болот. Бирок, биз тереңирээк деңгээлде иш алып барышыбыз керек. Биз адамдардын өзүн гана эмес, алардын иш-аракетин да Атанын, Уулдун жана Ыйык Рухтун жолуна чөмүлдүрүшүбүз (чумкутушубуз) керек. Мисалы, бизнес дүйнөсүндөгү адамдарга ошол миллиардер менен болгондой, алардын ой жүгүртүүсүн өзгөртүүгө жардам берсе болот. Бул айсбергдин чокусу гана.

Закай жөнүндө ойлонгула. Ал салык жыйноочулардын башчысы болгон жана, албетте, бүткүл аймакта өз тармагындагы мыктылардын бири болгон. Чындыгында, ал ошол жердеги мафиянын лидери болгон. Кыязы, элдер аны жек көрүштү, анткени ал көпчүлүк салык жыйноочулардын кылган иштерин жасады - ал кызмат абалын жеке кызыкчылыгы үчүн пайдаланды. Ал жарандарды уурдап, опузалап, алдап, коркутуп-үркүтүү менен

кысымга алгандыр. Ал белгилүү таасирдүү болгон жана анын кол алдындагыларлардын бардыгы аны ээрчишкендир, анын жолу менен жүрүшкөндүр.

Барган айрым өлкөлөрдө мен ушундайларга кезиктим. Өлкө башчысы коррупцияга малынып, чиновниктеринен столдун астында акча берүүсүн талап кылган. Ошол эле көрүнүш эң төмөнкү рангдарга чейин түшүп кетти. Натыйжада, аэропорттогу иммиграция кызматкерине да өлкөдөн чыгып кетүүгө уруксат алуу үчүн пара берүүгө мажбур болгон аргасыздыктар келип чыккан.

Келгиле, Закайга кайтып баралы. Эң кызыгы, Ыйса аны атын атап, ага төмөнкүлөрдү гана айткан: «Закай! Тез түш, анткени бүгүн Мен сенин үйүңдө болушум керек".

Закай Теңирдин алдында туруп, анан мындай деди: "Мен өзүмдүн мүлкүмдүн жарымын кедей-кембагалдарга берем, эгер кимдир бирөөнү таарынткан болсом, төрт эсе кайтарып берем" (Лука 19:5-8).

Ошол аймакта салык чогултуу жаатында эмне болду? Алардын жолбашчысынын иш-аракеттери караңгы, дүнүйөлүк жолдордон Кудайдын Падышачылыгы орноткон тартипке өттү! Эми бул жердеги бизнес жана башкаруу чөйрөсү асман кандай иштээрине жакыныраак жүргүзүлүп калды. Коомдо өзгөрүү болду. Бул өзгөрүү жыйындын кызматы учурунда же Ыйса Закайды Анын жолдоочусу болууга үндөп, кабар айткан учурда болгон жок. Бул шаардын борборунда болуп өттү. Закай Ыйсага жолугуп, анын иш-аракеттери күтүүсүздөн өзгөрдү. Бул биздин элдерибизде бизди жолуктурган сайын болушу керек (биз таасир эте турган болуп чакырылган чөйрөлөрдө), анткени ошол эле Ыйса бизде да жашайт.

Учурда Улуттук футболдук лиганын (NFLдин) мурунку оюнчусуна насаатчылык кылам, анын социалдык тармактарда бодибилдинг боюнча аудиториясы чоң. Ал бул бодибилддерге анын абоненттери буга чейин Ыйсаны Теңир деп кабыл алган-кабыл албаганына карабастан, Асман Падышачылыгынын маданияты ушул элге *(«этноско»)* киргендей кылып көрсөтмөлөрдү берет.

Ал Кудайдын Падышачылыгынын жолдору менены кмаларын көрсөтүп, ушул адамдар менен баарлашат.

Бул мыйзамдуу жана маанилүү экендигине карабастан, биздин жөндөмдүүлүктөрүбүз ыйыктардын имараттагы чогулушуна гана арналган эмес, бирок мен жолугушууларыбыздын маанисин кандайдыр бир деңгээлде түшүргүм келген жерим жок. Менин максатым - Кудайдын белектеринин иштеши жөнүндө түшүнүгүбүздү кеңейтүү. Эгерде бизди көпчүлүгүбүз сыяктуу эле, жыйындан тышкары жакка чакырылган болсок, анда биз кереметтүү түрдө таасир этүү чөйрөсүндөгү жөндөмдүүлүктөрүбүз аркылуу - *«этносубуздун»* арасында адаттан тыш иш-аракеттерди кылууга чакырылганбыз.

Эгерде силер дүйнөнү ыйык нерседен бөлүп алганга көнүп калсаңар, анда бул ой жүгүртүү өзгөрүшү керек. Кайсы бир жерге кирген маалыңарда, кайда болбосун - силер хирург же медайым болуп иштеген оорукананын бөлмөсүбү, силер мугалим болуп иштеген классыңардабы, заводдо машинист болуп иштесеңер жана башка ушул сыяктуу жерлерде силер ыйык атмосфераны жаратышыңар керек жана ал жактагы адамдарды Атанын, Уулдун жана Ыйык Рухтун атынан багытташыңар керек. Башкача айтканда, силер Ыйса Машаяк Закай жана башкалар менен кылган сыяктуу эле, асманды жерге алып келүү үчүн, Кудай тарабынан колдоого жана бийликке ээсиңер. Силер Кудайдын Падышалыгынын таасир этүү образын көбөйтүүгө, аны өз чөйрөңөрдө жайылтууга таасир этүүгө чакырылгансыңар.

Бул силердин жумушуңарды же окууңарды укмуштуу окуяга *(приключениеге)* окшоштурбайбы?

## ОЙ ЖҮГҮРТКҮЛӨ

1. Кудайдын Сөзү биздин өзүбүздүн өзүбүзгө карата чынчыл болушубузду эскертет. Бул баа азыркы учурда жасалышы керек. Кызматты мөөнөтүнөн мурда баштоого аракет кылганым жөнүндө бир окуяны айтып бердим. Ушундай эле жаңылыштыктан кантип сактануу керек? Ушул учурда, азыр силерде кандай жөндөмдүүлүктөр бар?

2. Өзүнүн жөндөмдүүлүктөрүн билген жана алардын жардамы менен иш кылган адам бактылуу жана баталуу. Башка бирөөнүн жөндөмдүүлүктөрү менен иш-аракет кылууга аракет кылган адам бактысыз жана чөккөн адам. Силердин чакырылууңарга туура келбеген жөндөм тандоо азгырыгын сездиңер беле? Эгер ошондой болсо, анда эмне үчүн андай болду эле?

3. Биздин белектерибиз (жөндөмдүүлүктөрүбүз) имараттагы ыйыктардын чогулушуна гана эмес, биздин өзгөчө таасир этүүчү чөйрөлөрүбүзгө арналган. Өзүңөрдүн күнүмдүк жашооңорду Кудайдын Падышалыгын куруу үчүн маанилүү деп эсептейсиңерби? Кудайдын Падышалыгын алдыга жылдыруу үчүн өзүңөрдүн кесиптик белектериңерди кантип колдонсоңор болот?

*Ылайым, ар бир адам бизди Машаяктын кулдары жана Кудайдын сырларын башкаруучулар деп эсептешсин.*

— 1 Корунттуктар 4:1.

4

# Башкаруучулар

Биз *«ырайым»* жана *«белек»* деген сөздөрдү изилдеп чыктык; эми *«башкаруу»* жөнүндө сүйлөшөбүз. Бул сөз жөнүндө түшүнүк алгандан кийин, Ыйык Китептеги ушул үч сөздү бириктирип, жашообуздун чакырыгын ачып берсек болот.

Merriam-Webster Сөздүгүндө «башкаруу» «бирөөнүн камкордугуна тапшырылган бир нерсени кылдаттык менен жана жоопкерчиликтүүлүк менен башкаруу» деп аныкталат. Ыйык Китептеги негизги сөздөрдүн грекче аныктамаларын изилдөөгө биз кыраакылык-акылмандуулук менен мамиле кылабыз, анткени көбүнчө которулган сөздөр алардын так маанисин билдирбейт. Бирок, "башкаруу" деген сөз болсо, андай эмес; грек тилиндеги жана котормодогу аныктамалар абдан окшош. *«Башкаруучу»* деген сөз грекче *«oikonomos»* сөзүнөн которулган, бул "бир нерсе үчүн абройу жана жоопкерчилиги бар адам" дегенди билдирет; жетектеген; жооптуу адам; жетекчи, башчы".

Ушул эки аныктаманын негизинде башкаруунун үч башка жагы бар.

Башкаруучу - менеджер:

- Башкага таандык нерсени көзөмөлдөйт.
- Ага ишенип берилген нерсени тескөөгө күчү жетет.
- Жоопкерчиликтүү: ал ошол нерсенин ээсине отчет берет.

Кудай бардыгын жараткан жана бардыгы Ага таандык! Забур

23:1де "Жер жана анда болгон бардык нерселер, аалам жана анда жашагандардын бардыгы Теңирдики" деп айтылат. Бул демек, биз бул жер шарындагы баардык нерсенин башкаруучусубуз. Биз бүткүл жер жүзүн - жерди, сууну, абаны, байлыктарды, жаныбарларды, балыктарды жана канаттууларды башкарышыбыз керек. Биз адамдардын жыргалчылыгы үчүн кам көрүүгө руханий, эмоционалдык, интеллектуалдык жана физикалык жактан жооптуубуз. Мен уланта алмакмын, бирок, чындыгында, биз жер жүзүндөгү бардык нерселер үчүн жооптуубуз - көзгө көрүнгөн дагы, көрүнбөгөн дагы нерселер үчүн.

Бирок, Пабылдын билдирүүсүндө «башкаруу» деген сөз кандайча колдонулганын карап көрөлү. Ал *«Кудайдын сырларын башкаруучулар»* жөнүндө жазат. Библиянын Жаңы жандуу котормосунда бизге "Кудайдын сырларын түшүндүрүп берүү милдети тапшырылган» деп айтылат. Пабылдын жашоосундагы белектердин *(харизма)* бири аян болгон; ал сырларды - али ачыла элек жашыруун чындыктарды тактады. Ошондуктан, ал бул жерде айтып жаткан башкаруу – бул акчаны, убакытты жана ресурстарды башкаруу эмес (мунун бардыгы маанилүү болсо дагы), анын белегин *(харизмасын)* башкаруу. Бул бизге дагы тиешелүүбү?

Петир мындай деп жазган: «Ар бириңер Кудайдан алган жөндөмдүүлүгүңөр менен бири-бириңерге кызмат кылгыла. Кудайдын ырайымы менен берилген көп түрдүү жөндөмдүүлүктөрдү жакшы үй башкаруучулар катары колдонгула (1 Петир 4:10).

Бул аятта биз бөлүп караган үч сөз тең камтылган (белек - *«харизма»,* башкаруучулар - *«ойкономос»* жана ырайым - *«хариз»).* Петир, Пабылга окшоп, бизге тапшырылган харизманы башкаруубуз керектигин айтат. Бул аятта көп нерсе ачылып берилген; ошондуктан биз аны кылдаттык менен изилдешибиз керек.

Белгилей кетчү нерсе, Петир «ар бир адам» белек алды деп жазган. Башында эле анын: "ар бир кызматчы", "ар бир кайтаруучу" же "ар бир табынуу кызматынын лидери" деп жазбагандыгын белгилеп кетүү маанилүү. Эгерде силер жогорудан төрөлгөн болсоңор, силерде берилген же ишенип берилген

белегиңер же белектериңер бар. Бул биз эки бөлүм мурун берген суроого берилген библиялык жооп. Силерде белек же белектер бар жана кайталоо сыяктуу эле, харизма - бул силерге өзгөчө жөндөмдөрдү берген ырайымдын өзгөчө белеги.

Силердин белектериңердин маанилүүлүгүн көрсөтүү үчүн, келгиле Пабылдын мамилесин мисал катары карап көрөлү. Ал өзүнүн башкаруусуна олуттуу мамиле жасаган; өтө олуттуу деп айтууга да болот. Андан ары Корунттуктарга жазган катында ал минтип жазат:

> «Жакшы Кабар таратып жаткандыгым менен мактана албайм, анткени бул менин милдетим. Эгерде Жакшы Кабар таратпасам, мага кайгы!
>
> Эгерде мен муну өз ыктыярым менен кылып жатсам, сыйлыгымды алам. Өзүмө тиешелүү милдет катары кылып жаткан болсом, анда мен өзүмө тапшырылган ишти гана аткарып жатам» (1 Корунттуктар 9:16-17).

Менин көңүлүм дароо эле "мага кайгы" деген сөзгө бурулат. Бул катуу сөз, биздин көпчүлүгүбүз ойлогондон да катуураак. *“Кайгы”* гректин “oway” деген сөзүнөн которулган жана "кырсык, үрөй учуруу" дегенди билдирет. Дагы бир сөздүктө бул сөз "кайгы же таарынычтын чакырыгы" деп сүрөттөлөт. Жаңы Келишимдеги бул сөздүн ар бир эскерилиши, ага таандык болгон адамдарды күтүп турган өтө оор жана коркунучтуу сотту билдирет. Пабылдын «мага кайгы» деген сөздү колдонушу өзүнө каргыш айткандай эле. Бул сөздөр биздин көңүлүбүздү дароо бурушу керек. Кудай берген белектерди четке кагуу - олуттуу маселе.

Пабыл Кудай ага эң баалуу нерсени тапшырганын билген. Эгерде ал аны туура колдонбосо, анда Кудай аларга бергиси келген нерседен башкалар пайда алмак эмес, атүгүл жоготууларга учурашы мүмкүн экени жөнүндө терең чындык бар. Пабыл бул белек өзү үчүн эмес, ал аркылуу башкалар үчүн берилгенин билген. Башкача айтканда, Кудай башкаларга бергиси келген нерсени ал өзү менен кошо алып жүргөн жана ошондуктан, эгер ал

өз башкаруусуна олуттуу мамиле кылбай турган болсо, анда өзүнө ушунчалык катаалдык менен "кайгы" жарыялаган.

Келгиле, муну өзүбүздүн эсепке салалы. Биз эки кызыктуу фактыны баса белгилеп кетишибиз керек. Биринчиден, Пабылдын белеги "көрүнүп турду". Ачык-айкын көрүнүп тургандарга караганда, көрүнбөгөн белектерди Кудай кымбат баалуу сый-урматка ээ болууга аныктап койгондугун унутпагыла. Эгер Пабыл көзгө көрүнгөн белегине ушунчалык олуттуу мамиле кылган болсо, анда биз Кудай бизге берген белекти, айрыкча, көзгө көрүнбөгөн нерсени баалабай койбошубуз керек.

Экинчи жыйынтык дагы да маанилүүрөөк. Кудай силердин жашооңордогу белектерди өзүңөр үчүн эмес, силер аркылуу башка адамдар андан пайда алышы үчүн берет. Жазуучулук белеги мага өзүм үчүн эмес, силер үчүн берилген. Насаат айтуу белеги мага өзүм үчүн эмес, мен насаат айткан адамдар үчүн берилген. Лидерлик белек мага өзүм үчүн эмес, мен жетектеген адамдар үчүн ж.б.у.с.

## БЕЛЕГИБИЗДИ КАНТИП КОЛДОНУШ КЕРЕКТИГИН БИЗ ЧЕЧЕБИЗ

Биз белегибизди – жөндөмүбүздү натыйжалуу колдоно алабызбы же андан кыянаттык менен пайдаланабызбы - тандоо өзүбүздөн. Падышачылыкты куруу ал тургай, Кудайдын алгачкы ниетине ылайык колдонулбаса дагы, белек иштейт. Адольф Гитлер таланттуу лидер болгон жана өз өлкөсүн миллиондогон немистердин, жүйүттөрдүн, орустардын, француздардын, англиялыктардын ж. б. жыргалчылыктары үчүн иштей турган жолго карай жетектесе да болмок. Ал өз белегин Кудайды даңкташ үчүн же өзү жана ага жаккан адамдар үчүн колдондубу? Же болбосо, ал өзүнүн жөндөмдүүлүгүн кыйратуу үчүн колдонгонбу, натыйжада көптөгөн жүйүттөр жана башка элдер тонолуп, кыйналып, себепсиз өлүм жазасына тартылганбы? Бул суроолорго жоопторду талкуулоонун кажети жок - алар ансыз деле абдан ачык-так көрүнүп турат.

Адольф Гитлердин башкаруусунун кесепеттери айдан ачык, бирок,

башкаруусу анчалык деле байкалбаган эки белгилүү адамды дагы айта кетейин. Биринчи адам - Уитни Хьюстон, ал менин өмүрүмдө уккан мыкты үндөрдүн биринин ээси болгон ырчы. Анын жашоосуна Теңирдин колунун тийиши айкын болгон. Уитни ырдаганда, аны уккандардын бардыгы анын үнүнө терең таасирленишти. Анын үнү жердегидей үн эмес, периштелердикиндей жана адамды өзүнө тартып ала тургандай үн.

Экинчи мисал, «Куин» рок тобунун башкы солисти Фредди Меркьюри. Ал өзүнүн ыр жазуу жана ырдоо жөндөмдүүлүктөрү менен бүтүндөй стадионго таасир эте алат. Анын жөндөмдүүлүктөрү жөнөкөй эмес, кээ бирлердин оюу боюнча, табияттан тышкары болчу. Ал дээрлик кандай гана кырдаал болбосун, көпчүлүк көрүүчүлөрдү башкара алган. Анын көзү өткөндөн кийин дагы көптөгөн адамдар анын ырларын ырдап келишет.

Уитни менен Фредди өз белектерин ийгиликтүү колдонду деп айта алабызбы? Көпчүлүгү, ооба деп айта алышат. Бирок, келгиле, буга Ыйсанын сөзүнүн айдыңында карап көрөлү:

> «Акылмандуулук өз *иштеринин жыйынтыгы* менен акталды» (Матай 11:19).

жана кайрадан,

> «Акылмандуулуктун тууралыгы *аны ээрчигендердин жашоосу менен тастыкталат»* (Лука 7:35).

Келгиле, ушул эки укмуш артисттин жемишин - алардын башкаруусунун кыска жана узак мөөнөттүү натыйжаларын изилдеп көрөлү. Уитни өзүнүн жөндөмдүүлүгүн адамдарды Кудайдын алдына алып барыш үчүн пайдаланганбы? Анын ырдаганын угуп, угармандары изгиликке умтулушканбы? Анын ырлары нике түйүнүн бекемдедиби же чындыгында болбогон романтикалык күтүүлөрдү жаратып наараазычылыктарды туудурду беле? Фредди өзүнүн жөндөмдүүлүгүн угуучуларын адилдикке жетелөө үчүн колдонгонбу? Ал адамдарды өзүлөрүнүн Жаратканын урматтоого

үндөдү беле? Уитни менен Фредди бул жерди кантип таштап кетишкен? Алардын мурасы түбөлүктүүбү же убактылуу элеби? Ал түбөлүккө калабы же бул дүйнө менен кошо жок болобу?

Ыйса бизди адамдын өмүрүнүн жыйынтыгына көз чаптырууга үндөйт. Уитни менен Фреддинин башкаруусунун натыйжаларын силер өзүңөр аныктап көрсөңөр. Бирок, акыркы жолку карап чыгуу Жаратканыбыздын катышуусу менен болот. Сот отурумунда бардыгы отчет беришет.

Менин оюмча, эгер силер Уитни же Фреддинин күйөрманы болсоңор, анда бул талкуу силерге жакпашы мүмкүн. Бирок, келгиле, алардын башкаруусуна сотто кандай баа берилерин дагы даана көрсөтө турган суроону берип көрөлү. Келгиле, алардын мурастарынын таасирин он миллион жылдык көз караш менен карайлы. Уитни менен Фредди Кудай берген белектерин (жөндөмдүүлүктөрүн) башкарууну кантип баалашат? Түбөлүктүүлүккө көз чаптыруу, баштапкы көз карашыңарды өзгөртүп коюшу мүмкүн.

Жашоодо көп нерсе келечектен көз каранды. Эгерде 80 жылдык призмадан карасак, анда биз баарын бир жагынан гана көрөбүз. Эгерде аны түбөлүктүүлүктүн призмасы менен карасаңар, бардыгы тап-такыр башкача болуп көрүнөт.

Элестетип көрсөңөр, силерди кафеге тамактанууга чакырышты. Белгилүү бир сумманы төлөйсүңөр да, анан каалаганыңарды жесеңер болот. Столдун биринде даамдуу десерттер гана бар. Эгерде силер бул столду бир күндүк гана көз караш менен карасаңар, анда эмне кыласыңар? Сыягы, ушул таттуулардын бардыгын жеп койсоңор керек. Бирок, бул столду бир жылдык көз караш менен карасаңарчы, андай кандай болот? Албетте, силер анда бир эле таттууну жейсиңер, же бирөөсүн да жебейсиңер. Эмнеге? Эртеси эртең менен ашказаныңардын ооруганы менен ойгонгуңар келбейт да, кийинки жуманын аягында төрт килограмм салмак кошуп, ден-соолугуңарга узак мөөнөттүү коркунуч келтиргенди каалабайсыңар да!

Уитни менен Фреддинин жемиштерине түбөлүктүүлүктүн көз

карашы менен карасак, алардын башкаруусу акылдуулук болгон бекен же кандай экендиги айкын болот.

Адольф Гитлер, ал тургай Фредди Меркури жана Уитни Хьюстон жөнүндө сүйлөшүү биз үчүн толук коопсуз. Бирок, бизди аябагандай сергилентчү чындык мына мында: силер жана мен дагы Соттун алдына барышыбыз керек болот. Биздин белектер 70-80 жыл эмес, түбөлүк көз караш менен бааланат. Биздин иш-аракеттерибиз Кудайдын Падышачылыгын курууну осуяттаган Кудайдын түбөлүктүү Сөзүнүн айдыңында соттолот. Биздин мурасыбыз калабы, же ушул дүйнө менен кошо кетеби?

## МОТИВДЕРГЕ ЖАКЫН КАРОО

Биринчи бөлүмдө сүйлөшкөнүбүздү дагы бир жолу кайталайлы. Төмөнкү үч жолдун бири менен силер каалаган убакта белектериңерди башкара аласыңар:

- Падышалыкты куруу үчүн, ушул белектерди колдонсоңор болот;
- Силер ушул белектерди жашооңорду куруу үчүн колдонсоңор болот;
- Силер бул белектерди жөн гана көз жаздымда калтырсаңар болот.

Экинчи пункт жөнүндө көбүрөөк сүйлөшүү керек, анткени, ал алдап кетиши мүмкүн. Көптөрү башка нерселерди куруп, аны Кудайдын Падышачылыгы үчүн жасап жатабыз деп ойлошот, бирок, жеке кызыкчылыктары үчүн гана иш кылышат.

Мен билбей туруп ушул абалда калдым. Бир нече жыл мурун, мен кызмат кыла баштаганда, мен баарына жылуу жана жагымдуу сөздөрдү айтып турдум. Чын болбосо дагы, кубанычтуу, жагымдуу сөздөрдү сүйлөдүм. Мага элдер мени боорукер жана мээримдүү деп эсептешет деген сөздөр жетти. Бул комплименттер албетте, менин жүрүм-турумума дем берди.

Бир жолу Кудай мага сыйынуу учурунда мындай деди: "Адамдар сени мээримдүү, камкор жана боорукер адам деп айтышат эмеспи?"

Адатта, мен Анын сөздөрүн ырастоо үчүн кабыл алмакмын, бирок, Ыйык Рух Анын айткандары башка нерсени билдирерин көрсөттү. Ошентип, мен кылдаттык менен: "Ооба, ошондой" деп жооп бердим.

Ал дароо жооп берди: "Билесиңби, эмне үчүн сен адамдарга жакшы сөздөрдү гана айтасың?"

Мен ого бетер этияттык менен жооп бердим: "Эмне үчүн?"

«Анткени, сен алардын четке кагышынан коркосуң» деди Ал. «Анда, сенин сүйүүң кимге багытталган, сагабы же аларгабы?»

Менин ниетим толугу менен ашкереленгенин түшүнүп, мен Анын айткандарына макул болдум.

Андан кийин, Ал: "Эгер сен чындап эле адамдарды сүйсөң, анда четке кагылып калуу коркунучу болсо да, аларга чындыкты айтмаксың" деди.

Бул оңдоо менин адамдарга болгон мамилеме багытталган эле. Бирок, биздин темага кайрылып, мен мындай суроо беришим керек: биз Кудайдан алган белегибизди ошондой эле кыянаттык менен колдонсок болобу? Башкача айтканда, качан биз белектерибизди өз кызыкчылыгыбыз үчүн колдонуп жатканда, адамдарга биз белектерибизди Падышалыкты куруу үчүн колдонуп жатканыбыздай сезилиши мүмкүнбү? Жооп албетте, «ооба» деген болот. Мен дагы бир жолу өзүмдүн жашоомдон мисал келтирсем, андан кийин аны Кудайдын Сөзүндөгү мисалдар менен бекемдейм.

Адатта, мен Теңирибизден конференцияларда же жыйын кызматтарында эмнени насаатташым керектиги жөнүндө белгилүү бир сөздү укпайм, бирок, Рухтан жетекчилик алуу үчүн ар дайым жүрөгүмдү угам. Бирок, мен насаат айтаардан мурун, Теңирибизден сөз алган бир учур болгон.

Мен АКШнын Ортоңку Батышындагы бир конференцияда насаат айтышым керек болчу. Мен кызмат кылышым керек болгон күнү мейманканамдагы бөлмөмдө ойгонгондо, Ыйык Рухтан

муну ачык уктум: «Бүгүн кечинде конференцияда «Шайтандын азгырыгы» деген темада насаат айтууңду каалайм» (бул 1994-жылы жазган китебим, таарынычты кантип жеңүү керек жана бизге зыян келтиргендерди чын жүрөктөн кечирүү жөнүндөгү).

Мен күнү бою Анын көрсөтмөсү менен күрөштүм. «Шайтандын тузагы» бир нече жылдардан бери сатылып, бестселлерге айланган. Мен бул китептин кабарын бүтүндөй өлкө боюнча насааттап келе жатам, аны көптөгөн адамдар угушкан. Андан тышкары, Рухтун бул көрсөтмөсүнө баш ийүү мен үчүн бир топ кыйын болду, анткени, мен ошол учурда жаңы кол жазманын үстүндө иштеп жаткам. Бир нече ай бою бир нерсе жөнүндө жазганда, бул чындыктар жүрөгүңөргө жаркынырак жана жаңыдай сезилет. Чындыгында, мен эски кабарды насааттагым келген жок. Бирок, мен Ыйык Рухтан түз көрсөтмө алдым.

Мен келгенде, конференциянын координаторлору адамдар мени угуу үчүн узак жолду басып өтүшкөндүгүн билдиришти. Кайра-кайра айтылган насаатты алар угушар бекен деп ойлоп калтырап турдум, анан да алар «Шайтандын тузагын» окуп чыгышкандыгы толук ыктымал болчу.

Залга киргенде атмосфера заряддуу экенин байкадым. Элдин күткөнү байкалып турду. Бүгүн эртең менен берген көрсөтмөгө баш ийүү мен үчүн дагы да кыйын болуп калды. Бир жагынан элдердин көңүлүн калтыргым келген жок. Мен кысымга алдырып, "жаңы" насаатымды айтуу чечимин кабыл алдым жана анын кандайча болуп кеткенине таң калдым. Насаат кубаттуу болуп, эл ага шыктануу менен жооп берди.

Айрымдар менин негизги көз караштарыма макул болуп, ал тургай орундарынан турушту. Мен "жазасыз калдым" өңдөнөт же эртең менен айтылган Кудайдан болгон сөз эмес окшойт. Кандай болсо дагы, мен бактылуу болдум. Насааттан кийин кызматчылардын бөлмөсүндө отургандардын бардыгы толкунданып, сонун насаат үчүн мага ыраазычылыгын билдиришти.

Мен көбүнчө өзүм насаат айткан шаардан канааттануу жана

кубаныч сезими менен кетем; мен Кудай менин жүрөгүмдө жылмайып тургандай сезет окшойм. Бирок, эртеси эртең менен таптакыр башкача болду. Жүрөгүм ооруп, алсырап, депрессия менен күрөшүп ойгонуп кеттим. Мен мунун себебин дароо түшүндүм - мен Кудайды укпай койдум. Ошол күнү эртең менен биринчи кезекте тизелеп, өкүнүп, тобо кылып, кечирим сурадым. Мени Ыйсанын каны тазалашын сурадым.

Бирок, эч кандай жеңилдик болгон жок. Мен бул оорчулукту жана капачылыкты эртеден кечке ичимде көтөрүп жүрдүм - мейманканада калган убакытта, аэропортко чейинки жолдо, аэропортто кечиккен рейсти күтүп жатып жана АКШнын Батыш жээгине учуп бараткан бардык убакта. Кайгы-капа, оорчулук жана депрессия киши чыдагыс эле. Акыры, Сан-Диего шаарын айланып өтүп жатканда мунун бардыгы мени таштап кетти.

Мен: «Ата, мен бүгүн эрте менен тобо кылып, кечирим сурадым. Эмне үчүн Сен эми менде кубанычты, тынчтыкты жана канааттанууну калыбына келтирдиң?" деп сурадым.

Мен Теңирдин мындай дегенин уктум: «Сенин баш ийбөөчүлүк түйшүгүңдү көтөрүп жүрүшүңө жол бердим, анткени анын канчалык олуттуу экендигин түшүнүшүң үчүн ошенттим.» Бул кызматта бир пастор бар болчу, ал Мен сага ишенип берген *«Шайтандын азгырыгы»* деген темада насаат угушу керек эле. Анын жашоосу жана кызматы азыр бурулуш мезгилде. Сен Менин тилимди алган жоксуң жана тил албастык кесепеттерге алып келет. Сен буга кайрадан жол берип койбошуң үчүн, ал оордук сага эскертүү болуп эсептелет. Эми сен жаңы шаардасың: Мага тил алчаак бол"деди.

Мен мурунку кеч жөнүндө ойлонуп жаттым. Жолугушууга катышкан адамдардын командасы: кызматчылардын тобу жана конференциянын уюштуруучусу, бүт баары кубанычта болушкан эле. Мени дагы бир жолу чакырышты, кийинчерээк ал тургай ошол кызматтын күбөлүктөрүн уктум. Ал тургай, ошол кезде Кудайдын белеги Кудайдын ниетине ылайык колдонулбаса дагы, ошол күнү кечинде мен аркылуу таасир эткен экен.

Силер: «Ушундай болушу мүмкүн экенине ишенесиңерби?» деп сурап көрсөңөр. Кудайдын белегин кыянаттык менен пайдалануу жөнүндөгү Ыйык Китептеги бир нече окуяны карап көрөлү. Муса жөнүндө ойлонуп көрсөңөр. Ал Ысрайылды убадаланган Жерге алып барууга чакырылган жана өз миссиясын аткаруу үчүн улуу кереметтерди жасай турган жөндөмдүүлүгүн алган.

Бир жолу Кудай Мусага суу чыгып, адамдардын суусунун кандырыш үчүн, аска менен сүйлөшүүнү буйруган. Бирок, Муса Кудайдын буйругуна баш ийбей, ачууланып асканы урду. Канткен менен, суу көп эле чыгып жатты - чөлдүн ортосунда миллиондогон адамдарды сугарууга жетиштүү өлчөмдө. Бул Мусанын тизмесиндеги дагы бир улуу керемет болгон. Эл кайрадан өз лидеринин жөндөмдүүлүгүнөн коркуп кетти. Ошентсе да, «конференция» аяктаганда, Муса берилген белекти Кудайдын буйругу боюнча колдонбогону үчүн жоопко тартылган. Ушул кыянатчылыктын айынан ага убадаланган Жерге кирүүгө тыюу салынган. Бул окуя жөнүндө ойлонуп көрө турган болсоңор, анда силерди эсиңерге келтирет.

Кийинки мисал - Билам. Ал Ысрайыл жөнүндө пайгамбарчылык кылган жана анын сөздөрү ушул күнгө чейин Библияда жазылган. Кандай гана сонун күбөлүк – силердин пайгамбарчылыгыңар түбөлүктүү Кудайдын Сөзүндө! Бирок, белектин Кудайдын алгачкы ниетинен тышкары болгон иш-аракетин көрөбүз.

Мен муну түшүндүргүм келет: Кудай бизге ишенип тапшырган белектердин үстүнөн бир аз башкарууну ишке ашырбайт. Эгерде Ал ушундай кыла турган болсо, анда бизди башкаруучу деп аташмак эмес. Башкаруучу өзүнө жүктөлгөн нерсени түздөн-түз, көзөмөлсүз эле башкара алат. Буга Ыйык Китептен мисал катары Ыйсанын адилетсиз башкаруучу жөнүндөгү мисалы келтирилген:

> «Бир бай адамдын чарба иштерин башкаруучусу бар экен. Ага: «Сенин чарба иштериңди башкаруучу мал-мүлкүңдү ыксыз ысырап кылып жатат», – деп айтып келишет. Ошондо бай аны чакырып алып: «Сен жөнүндө ар кандай сөз угуп

жатам. Өзүңдүн башкаруу ишиң боюнча эсеп бер, анткени сен мындан ары чарба иштерин башкара албайсың!» – дейт. (Лука 16:1-2).

Библиялык заманда башкаруу азыркыга караганда көбүрөөк адаттагы нерсе болгондуктан, биз бул окуядагы маанилүү нерсени оңой эле байкабай коюшубуз ыктымал. Белгилей кетчү нерсе, бул бай адам белгилүү бир убакытка чейин эмне болуп жаткандыгын билбей жүргөн. Ал күн сайын башкаруучусунун иштерин көзөмөлдөгөн эмес.

Көптөн бери келе жаткан туура эмес башкарууга көңүлүн буруу үчүн, башка бирөөнүн кийлигишүүсү талап кылынган.

## КӨЗГӨ КӨРҮНБӨГӨН ТҮБӨЛҮК БЕЛЕКТЕР

Келгиле, биздин окууну уланта берели. Алгач, Петирдин: «Ар бир белекти алган сайын, Кудайдын ар тараптуу ырайымынын жакшы башкаруучулары катары бири-бириңерге кызмат кылгыла», - деген сөздөрү менен эс-акылыбызды сергитип алалы. Башкаруучулар катары биз белектерибизди кызмат кылышыбыз же колдонушубуз керек. Дагы эле, алар өзүбүз үчүн эмес, башкалар үчүн берилет.

«Кызмат кылуу» сөзү грекче *«deaconeo»* сөзүнөн которулуп, "ишти аягына чейин жеткирүүгө басым жасап, кызмат кылуу" дегенди билдирет. Бизде белектерибиз менен кызмат кылууга даяр адамдын жүрөгү болуш керек. Биздин белектер - бул биз бекер алган нерсе, ошондуктан, аларды эми биз башкаларды бекемдөө үчүн даярдуулук менен колдонушубуз керек.

Биз "бири-бирибизге ишенип берилген белектер менен, Кудайдын ар тараптуу ырайымындагы жакшы башкаруучулары катары» кызмат кылышыбыз керек. Бул аяттагы «көп кырдуу» деген сөз «ар кандай түрлөрдү» билдирет. Кудай өз элине берген ар кандай белектерди тизмеге келтирүү үчүн өтө көп баракчалар талап кылынат. Мындай тизмени жасоо мүмкүн эмес болсо керек. Кээ бир белектер Кудайдын Падышачылыгын куруу менен ачыктан-ачык байланышта. Бирок, көпчүлүк белектердин

Кудайдын Падышачылыгын куруу менен байланышканын байкоо кыйынга турат. Мен силерге бир мисал келтирейин.

Жакында эле белгилүү пастор жылдык конференциясынын алдында болуп өткөн кызыктуу маек менен бөлүштү. Бул иш-чара абдан популярдуу жана көптөгөн адамдар ага катышышат. Анын командасы залды даярдап жатканда, пастор жыйындын катышуучулары үчүн отургучтарга баракчаларды коюп жаткан өзүнүн жыйынынын мүчөсү болгон бир доктурду байкап калды.

Пастор бул дарыгерге кайрылып, кечирим сурады:

- Доктор, сен мындай кылбашың керек болчу. Бизде бул ишти аткарууга практиканттар жана ыктыярчылар бар да.

Ал дарыгер аны катуу, бирок сылык-сыпаа оңдоп койду:

- Мен атайын ушул конференция үчүн жыл сайын жумуштан бошоп келем. Бул мен үчүн жылдын эң кымбат жумасы, анткени, мен Кудайдын Падышалыгын куруу үчүн бир нерсе жасап жатам.

Менин досум болгон ушул пастордун окуясын угуп, мен бул дарыгерге аябай кайгырдым. Мен анын Кудайдын Падышачылыгын курууда өзүнө берилген белегинин баалуулугун көрө албастыгын түшүндүм. Дагы бир нерсе, айрым белектер Падышалыкка түздөн-түз байланыштуу, ал эми көпчүлүк белектер андай эмес, бирок, алардын эч бири маанисиз эмес.

Бул дарыгер да биринчи бөлүмдөгү Стэн сыяктуу ойдо болгон. Эгерде дарыгерлер жок болсочу? Башка чөйрөлөрдө Кудайдын Падышалыгын курууга чакырылган адамдар капыстан ооруп калышсачы? Эгерде медициналык жардам болбосо, көпчүлүк бул жашоону мөөнөтүнөн мурда таштап кетишмек.

Бул байланышты көрсөтүү үчүн, келгиле, ойлоп чыгарылган мисалды келтирели. Бир дарыгер өзүнүн белегин бир үй кожойкесинин ден-соолугун калыбына келтирүүгө колдонот. Бул аял эми мезгилсиз өлүмгө дуушар болушу керек болгон, чарасыз абалда жаткан төшөктөгү бейтап эмес. Эми ал өзүнүн белеги менен - балдарына Кудай каалагандай таалим-тарбия берип, ийгиликке жете алат. Анын кызы жаңычылдыкка шыктуу жана апасы аны

дайыма буга шыктандырып турат. Компьютердик программалык камсыздоо адистигин алгандан кийин, ал программалык камсыздоо компаниясында иштей баштайт.

Өзүнүн белеги менен толук кандуу иштей баштаган бул аялдын жетилген курактагы кызы рыноктогу баардык нерселерден алда канча натыйжалуу болгон баарлашуунун жаңы ыкмасын жаратат. Бирок, анын жаңычылдыгы жөнүндө жарнама бөлүмүндөгү кесиптешинен башка эч ким билбейт. Ал өзүнүн белегин диллерлерге жана керектөөчүлөргө ушул жаңы программанын мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымдоо үчүн колдонот.

Диллердин бири, таланттуу ишкер айымга таандык компания, бул продукцияны сата баштайт. Анын дүкөндөр тармагында сатуу боюнча өзүнчө тобу бар, анан ошол команданын мүчөлөрүнүн бири өзүнүн белегин программаны дүйнө жүзүндөгү элдерди окутууга арналган бир кызматка сатуу үчүн колдонот.

Бул кызматта бул программанын потенциалын көрүп, аны сатып алууну сунуш кылган, таланттуу «Иновациялык технологиянын» өзгөчө адиси бар. Ал бул программаны алардын иштеп жаткан кызматына киргизет.

Ушул программа аркылуу бул кызмат дүйнө жүзү боюнча пасторлорго жана лидерлерге натыйжалуу таасир эте алат. Натыйжада, куткарылган адамдардын саны бир нече эсе көбөйүп, адамдар ушул байланыш каражаты аркылуу шакиртчиликти кабыл алышат.

Сот мезгилинде Ыйса ушул энени жана үй кожойкесин айыктырган бул дарыгерге, ал жеткен ар кайсы элдерден куткарылып келген көптөгөн адамдарды көрсөтөт. Эмне болорун дээрлик элестетип көрсөк болот. Бул дарыгер: «Жок, мен жасай алган жокмун. Мен эч качан бул элдерге барган эмесмин"деп айтат.

Анан ошондо Ыйса ага өзүнүн белегине ишенимдүү болгондуктан, көптөгөн куткарылууга жана бүткүл дүйнө жүзү боюнча ишенгендердин бекемделишине алып келген чынжырлуу (цепная) – үзүлбөгөн реакция болгондугун көрсөтөт. Кыязы, Ыйса бул доктурга мындай деп айтса керек: «Сен өзүңдүн дарыгерлик тажрыйбаңды адамдар үчүн эмес, Теңир үчүн даяр болуу

менен жасадың жана сенин жемишиң айдан ачык. Сенин тил алчаактыгың аркылуу көптөр Падышалыктын таасирин баштан өткөрүштү. Жакшы, боорукер жана ишенимдүү кызматчы!"

Силер: "Бул идеяны библиялык жактан колдоо барбы?" деп сурасаңар болот. Төмөнкүлөрдү окугула:

> «Эмне жасасаңар да, бардыгын чын жүрөктөн, адамдар үчүн эмес, Теңир үчүн жасагыла. Анткени сыйлыкка Теңирден мурас аларыңарды билесиңер, силер Теңир Машайакка кызмат кылып жатасыңар» (Колосалыктар 3:23-24).

Бул бир гана мисал. Мындай байланыштар же чынжырлуу реакциялар үчүн сансыз мүмкүнчүлүктөр бар.

Келгиле, пастор досумдун окуясына кайтып келели. Ал дарыгер жылына бир эле жума канааттанууну сезүүдөн чарчасачы? (Албетте, анын наразычылыгы анын белегинин маанилүүлүгүн түшүнбөгөндүктөн келип чыгууда.) Балким, ал жылына 52 жума бою өзүндө канааттанууну сезиш үчүн медициналык кесибин таштап кетиши мүмкүн. Ал өзүнүн жыйынында шакиртчилик сабактарын окутуучу жана түзүүчү болуп жумуш тапты дейли. Сот отурумунда эмне болот? Ага ишенилип тапшырган белегин таштап кеткенин эске алганда, ага чоң сыйлык берилеби?

Тилекке каршы, мен жыйындардан тышкары жерлерде өз белектеринин гүлдөп-өсүшүн түшүнбөгөндүктөн, көптөгөн эркектер да, аялдар да толук убакыттагы кызматта калуу үчүн күрөшүп жүргөндөрүн көп көрдүм.

Кудайдын Падышачылыгындагы кызматтык белектерди байкоо үчүн билим, руханий сезимталдык жана жетилгендик талап кылынат.

Чындыгында, саламаттыкты сактоо, билим берүү, башкаруу, спорт, бизнес дүйнөсү, искусство, медиа, үй жана башка тармактардагы белегиңердин Падышалыктын курулушу менен байланышы бар. Башкы Архитектор Өзү баарын ушинтип жайгаштырган.

Ыйсанын алдында, сот тактысынын алдында турмайынча, тил

алчаактыгыбыз менен ийгилигибиздин ортосундагы байланышты көрө албай калышыбыз толук мүмкүн. Пабыл жазгандай:

> «Ошол сыяктуу эле жакшы иштер да ачык көрүнүп турат, ачык көрүнбөсө да, жашыруун бойдон калбайт» (1 Тиметей 5:25).

Демек, силердин белегиңер ачык-айкын көрүнүп турабы же жокпу, силерге минтип осуятталган:

> «Кудай кимге эмнени белгилесе жана кимди кандай абалында чакырып алса, ошол боюнча жашасын...» (1 Корунттуктар 7:17).

## МОТИВДЕР ӨТӨ МААНИЛҮҮ

Келгиле, биздин башкаруубуз үчүн Пабылдын үлгү катары айткан сөздөрүнө кайтып келели:

> «Эгерде мен муну өз ыктыярым менен кылып жатсам, сыйлыгымды алам. Өзүмө тиешелүү милдет катары кылып жаткан болсом, анда мен өзүмө тапшырылган ишти гана аткарып жатам (1 Корунттуктар 9:17).

Кийинки баса белгилей кетүүчү нерсе, биздин сыйлык биздин ыктыярдуу ишибизге, же көбүнчө биздин мамилебизге түздөн-түз байланыштуу. Жөнөкөй сөз менен айтканда, биздин мамилебиз өзүбүздөн баш тарткан абалда болсо, анда биз сыйлык алабыз; эгерде ал өзүмчүл болсо, биз сыйлык албайбыз.

Өзүнөн баш тарткан жана өзүмчүл мотивдер ушунчалык көп көрүнүштөргө ээ болушу мүмкүн, ошондуктан аларды санап чыгуу мүмкүн эмес. Келгиле, бир нече гана салыштырууларды келтирели. Жан аябастык (өзүнөн баш тарткандык) минтип ойлойт: *«Мага берилген жөндөмдүүлүктөр менен башкаларга кызмат кылуу кандай сыймык!»* Өзүмчүлдүк болсо минтип ойлойт: *«Мен өз жөндөмүмдүн аркасында эмнеге ээ болом?»* Негизинен,

биринчи мотив муну айтып турат: *«Сиз үчүн эмне кылсам болот?»* Экинчиси болсо: *«Мен мындан эмне алам?»*

Жан аябастык: *«Мен анын ордуна эмне алгандыгыма карабай, колумдан келгендин баарын жасайм»* деп чечет, ал эми, өзүмчүлдүк болсо: *«Мен андан көп нерсе албай турган болсом, анда мен эмнеге кылдааттык менен иштешим керек?»* деп нараазы болот.

Жан аябастык: *«Мен алдыга умтулушум керек; жардамга муктаж адамдар ушунчалык көп»,* ал эми, өзүмчүлдүк болсо: *«мен ийгиликке жетиштим; эми мен тынчтансам болот»*дейт.

Пабыл мамиленин же мотивдин маанилүүлүгү жөнүндө мындай деп жазган: «Ылайым ар бирибизди Машаяктын кызматчылары жана башкаруучулары катары эсептешсин» анан дароо андан кийин мындай дейт:

> «Мен жөнүндө силер кандай ойдосуңар, башкалар кандай ойдо, мен үчүн бул маанилүү эмес. Өзүм да өзүмө баа бербейм. Абийирим таза, бирок муну менен актанбайм, анткени мага Кудай Өзү Сот. Ошондуктан Теңир келгенче, алдын ала эч соттобогула. Теңир келгенде, караңгыга жашырылганды жарыкка чыгарат, жүрөктөгү ниеттерди ачыкка чыгарат. Ошондо Кудай ар бир адамга ишине жараша мактоо айтат» (1 Корунттуктар 4:3-5).

Пабыл досторунун, сынчылардын же өзүн-өзү жарыялаган бийликтин өкүмүнө, ал тургай, өзүнүн көз карашына да маани берген эмес. Бул баа берүүлөр биздин бардыгыбыздын Кудайдын сотунун алдында турушубузга салыштырмалуу маанисиз. Биздин башкаруубузду Ыйсанын кантип баалаары маанилүү.

Албетте, тил алчаактык менен жасаган ишибиз сот мезгилинде абдан маанилүү болот. Ыйса ачык эле минтип жарыялап жатат: «Мына, Мен жакында келем. Ар бир адамга иштерине жараша бере турган сыйлыгымды ала келем» (Аян 22:12). Сот жараяны "тигил же бул" принциби боюнча эмес, "тигил дагы, бул дагы" принциби менен өтөт, - сот биздин ниетибизди дагы, ишибизди дагы карайт.

Айрымдар Пабыл Кудайдын ырайымдуу куткарылуусун кабыл албай койгон ишенбегендердин күнөөлөрү үчүн отчет бере турган "Ак тактыдагы улуу сотту" айтып жатат деп ойлошу мүмкүн. Бул, албетте, андай эмес, анткени Ак Тактынын алдындагы Улуу Сотто Пабыл бул жерде белгилегендей, эч ким Кудайдан «мактоону» албайт.

Бул үзүндүнүн контекстине көз салуу маанилүү. Пабыл башкаруу жөнүндө айтып жатат. Демек, ал эмнени айткысы келгендиги талашсыз. Белектерибизди колдонууда биздин "эң бир күңүрт сырларыбыз" жана "жашыруун ниетибиз" сотто ачыкка чыгат. Бул чындыгында эле менин көңүлүмдү бурат!

Мен мурунку эмне жөнүндө насааттташым керек болгондо Теңирге тил албагандагы таржымалымды колдонуп, муну аягына чейин ачык-айкын түшүндүрүп беришиме уруксат эткиле. Бул кызматка катышкан адамдар бүгүнкү күнгө чейин менин "жаңы" насаатымды айтканымда, Кудайга баш ийгем деп ишенишет. Бирок, андай эмес. Сотто алар менин тил албастыгымды билиши абдан эле мүмкүн, анткени, Ыйса мындай дейт:

> «Ачылбай кала турган жашыруун нерсе болбойт, билинбей кала турган сыр болбойт. Ошондуктан караңгыда [биздин жашыруун сырларыбыз жана мотивдерибиз] айтканыңар жарыкта угулат. Үйдүн ичинде кулакка шыбырап айтканыңар үйдүн төбөсүндө жарыяланат» (Лука 12:2-3, түшүндүрмөлөрдү төрт бурчтуу кашаага мен кошком).

Сот отурумунда мени ошол пастордон жана ошол күнү кечинде *«Шайтандын тузагы»* жөнүндө кабарды албаган адамдардан кечирим суроого чакырылышым толук мүмкүн.

## ЭМНЕ КҮТҮЛҮҮДӨ?

Биз башкаруу жөнүндө туура түшүнүү канчалык маанилүү экендигин ачык айттык. Мына азыр биз бере турган эң маанилүү суроо: "Бизден эмне күтүлүүдө?" Башкача айтканда, Ыйса бизге

тапшырылган белектерге кандай мамиле кылгандыгыбызды баалоодо кандай натыйжаларды көрөт? Бул жөнүндө билсек болобу? Албетте, ооба, анткени Ыйса: «Мен айткан сөздөр аны акыркы күнү соттойт» деп айткан (Жакан 12:48).

Бул китептин максаты болгон кызыктуу жана шыктандыруучу изилдөөнү кийинки бөлүмдөн баштайбыз.

## ОЙ ЖҮГҮРТКҮЛӨ

1. Бул бөлүмдү окуй электе, өзүңөрдү башкаруучу катары көрдүңөр беле? Эмне үчүн «ооба», эмне үчүн «жок»?

2. Силерге берилген белектер өзүңөр үчүн эмес; алар силер аркылуу башкаларга берилиши керек. Башкача айтканда, Кудайдын башкаларга бергиси келген нерсени өзүңөрдө алып жүрөсүңөр. Анда белектериңерди ишенимдүү башкаруу эмне үчүн маанилүү? Башкаруу ишине көңүл бурбай койсоңор, эмне коркунучка дуушар болот?

3. Каалаган убакта, силер белектериңерди төмөнкү үч жолдун бири менен башкара аласыңар. Падышалыкты куруу үчүн ушул белектерди колдонсоңор болот. Бул белектерди жашооңорду калыптандыруу үчүн колдонсоңор болот. Же болбосо, силер бул белектерди көңүл сыртында калтырсаңар болот. Белектериңерди кандайча колдоносуңар? Кудай силерге берген белектериңерди башкарууда эмнени өзгөртүү керек?

*Ар бир адам бизди Машаяктын кызматчылары жана Кудайдын сырларын башкаруучулар деп эсептесин. Башкаруучулардын баарынан ишенимдүү болуу талап кылынат.*

– 1 Корунттуктар 4:1-2.

5

# Ишенимдүү

Элчи Пабыл өзүн жана Аполосту Ыйса Машайактын кызматчылары жана аларга тапшырылган Кудайдын белектерин башкаруучулар деп атаган. Мурунку бөлүмдөн биз бул сүрөттөө ушул эки улуу ыйыктарга же жыйын жетекчилерине гана эмес, ар бир ишенген адамга тиешелүү экендигин билдик. Силер жана мен дагы, Ыйса Машайактын кызматчыларыбыз жана биринчи кезекте, бизге тапшырылган белектердин жакшы башкаруучусу болуу менен, бул ролду аткарабыз.

Келгиле, башкаруучудан талап кылынган нерсеге көңүл буралы. Бул аятты ачкан бир гана сапат - ишенимдүүлүк. Улантуудан мурун, бул жерде эки, үч же андан көп сапаттар көрсөтүлбөгөндүгү жөнүндө ой жүгүртүп көрөлү. Пабыл бул жерде башкаруучулардан кубанычтын нурун чачуу, күчтүү болуу, Ыйык Китепти жакшы билүү, боорукердик көрсөтүү же Кудайга жаккан мүнөз талап кылынат деп айтса болмок. Албетте, мен ушул бардыгынын маанилүүлүгүн жокко чыгарбайм. Ошентсе да, мен бул жерде бир гана сапат көрсөтүлгөнүн жана ал милдеттүү экендигин белгилей кетем. Демек, биз жакшы башкаруучу болгубуз келсе жана бир күнү Теңирибизден «жакшы!» дегенди уккубуз келсе, анда ушул касиетти изилдөө абдан маанилүү.

## ИШЕНИМДҮҮЛҮКТҮН АНЫКТАМАСЫ

Кызматчылар менин аудиториямдын көпчүлүгүн түзгөндүгүнө карабастан, менде кызматчылардын тобу менен гана эмес, бирок, корпоротивдердин топтору, өкмөттүк, ишкердик, билим берүүчүлүк жана спорт жаатындагы топтор, дээрлик бүткүл дүйнө боюнча лидерлердин командасы менен сүйлөшүү артыкчылыгы бар болгон.

Ушул командалардын мүчөлөрүнөн мен бир нече жолу *«ишенимдүүлүк»* деген сөздүн бир сөздөн турган аныктамасын сурадым. Лидер катары, алар, адатта, даярдуулук менен жооп беришчү. Дээрлик ар дайым ушул сыяктуу жоопторду уккандан кийин, алардын эң популярдууларынын тизмесин түзүүнү чечтим:

- Туруктуу
- Ырааттуу
- Ишенимдүү
- Берилген
- Адилеттүү
- Арналган
- Чынчыл
- Чечкиндүү
- Тил алчаак

Башка аныктамалар да болгон, бирок бул сөздөр башкаларга караганда көбүрөөк угулган. Андан да маанилүүсү, бул жооптордун бардыгы сөздүктүн аныктамаларына жана *«ишенимдүү»* деген сөздүн синонимдерине туура келет.

Бирок, бул сөздүн бир эң маанилүү аныктамасы бар, мен аны бир дагы жолугушууда уккан эмесмин – бул «көбөйтүү» деген сөз.

Силер дароо эле: «Көбөйтүү? Бул ишенимдүүлүктүн аныктамасы эмес!» деп ойлошуңар мүмкүн. Балким, силер менин англис тил мугалимдерим сыяктуу эле менин тилди билүүмө шектенип жаткандырсыңар. Бирок, ушул бөлүмдүн аягында

силер берилгендиктин ушул аныктамасына макул болуп гана тим болбостон, аны эң маанилүүлөрүнүн бири деп табасыңар деп ишендирем.

## ТАЛАНТТАР ЖӨНҮНДӨ НАКЫЛ СӨЗ

Көбөйтүү идеясын элестетүү үчүн, келгиле, Ыйсанын таланттар жөнүндөгү үлгү насаат аңгемесин изилдеп көрөлү. Сураныч, буга чейин көп жолу окусаңар да, аны дагы бир жолу жакшылап окуп чыккыла.

> «Асман Падышачылыгын бул нерсеге салыштырса болот: бир адам бөтөн жерге кетип жатып, кулдарын чакырып, аларга акча-каражатын тапшырат» (Матай 25:14).

Биринчиден, бул окуя үлгүлүү аңгеме, ал сөзмө-сөз эмес, каймана мааниде экендигин билдирет. Ошондуктан, биз аны библиялык билимдин же Кудайдын Сөзүнүн айдыңында чечмелешибиз керек. Узак сапарга чыккан адам Ыйсаны билдирет. Анын кызматчылары же башкаруучулары бизди билдирет.

Экинчиден, жолдун узак экендигине көңүл бургула, бул эки факт менен далилденет. Биринчиден, Ыйса бизге эмне үчүн курман болгон нерсени - Кудайдын Падышалыгын - куруу тапшырмасын бергенден бери дээрлик эки миң жыл өттү. Анын кайтып келе электиги айдан ачык, бирок, бүгүнкү күнгө чейин, тарыхый жактан да бир топ убакыт өттү.

Үчүнчүдөн, бул мисал чоң башкаруу кичинекей көзөмөлдөөлөргө баш ийбестигин дагы бир жолу көрсөттү. Мисалдагы сапарга чыккан адам, кызматчыларынын иштерин текшерүү үчүн ай сайын кайтып келбейт. Бул мисалга ылайык, ал кайтып келгенге чейин алардын ишин текшербейт.

Келгиле, уланта берели:

> «Ар бирөөнүн алына жараша: бирине беш, бирине эки, бирине бир талант берип, жолго чыгат» (Матай 25:15).

Бул окуяда аларга акча ишенип берилген. Ыйык Китептин көптөгөн котормолорунда «талант» сөзү колдонулат, бул грек тилиндеги *«талантон»* сөзүнүн эң туура котормосу. Талант бул салмактын ченеми жана негизинен алтын менен күмүш үчүн колдонулат. Бир талант болжол менен 34 килограммга барабар. Көпчүлүк эксперттердин айтымында, бир күмүш таланттын баасы болжол менен 18,000 Америка доллары турат (башка баалоолор айырмаланып турат, бирок анчалык деле көп айырмаланбайт). Анткен менен, Жаңы Келишим талантты ири суммадагы акча катары чагылдырат деген жерде бардык адистердин көз караштары дал келет. Отуз төрт килограмм күмүш майда-барат нерсе эмес!

Менин азыркы түшүнүгүмдө, ушул мисалды талкуулоодо анын так суммасы маанилүү деп ишенбейм. Бирок, бир талант чоң жоопкерчиликти билдирген деп ишенимдүү түрдө айта алабыз.

Мен бул жерде Ыйсанын акча жөнүндө айтканына ишенбейм, бирок, негизинен ал акчага тиешелүү болушу ыктымал. Ыйса үлгү насаат аңгемелерде өз оюн билдирүү максатында символдорду сейрек колдонот. Анын буудайы Кудайга ишенген адамдарды билдирет, чөптөр - жаман адамдар, уруктар - сөздөр, тикенектер - бул жашоонун түйшүктөрү, түшүм - бул дүйнөнүн акыры, орокчулар - периштелер ж. б. Жаңы Келишимдин толук долбоорунун негизинен алып караганда, бул таланттар дээрлик харизманын же бизге ишенип берилген белектердин символу болуп саналат.

Бул окуядагы дагы бир маанилүү жагдай, кызматчылардын бирдей өлчөмдө акча алышпагандыгы. Бул тууралуу кененирээк кийинчерээк сүйлөшөбүз, бирок ошондуктан да, мен буга чейин бир нече жолу бизге ишенип берилген нерсени белек деп атаган элем. Кээ бирлеринде бир, экинчисинде эки, кээ бирлеринде андан көп белек-жөндөм бар.

Ар кандай суммалар жөндөмдөрүбүздүн таасирлүүлүгүнүн ар кандай деңгээлин түшүндүрүшү мүмкүн. Ачыгын айтсак: жөндөмдөрү башкалардыкына караганда таасирдүүрөөк болгон адамдар бар. Көпчүлүктө ырдоо белеги бар жана алар уккан адамдарга ыры менен дем-күч берет. Бирок, бардык эле ырчыларда

Селин Дион менен Андреа Бочеллинин таланты жок. Андыктан мен, ар бир талант белгилүү бир белекти же ошол жөндөмдүн деңгээлин билдирет деп эсептейм. Келгиле, уланта берели:

> «Беш талант алганы дароо барып, акчаны айландырып, беш талант пайда табат. Эки талант алганы да эки талант пайда табат. Бир талант алганы болсо барат да, кожоюнунун акчасын жерге көөмп коёт» (Матай 25:16-18).

Бул окуяны биздин кызматчыларга ысымдарды ойлоп табуу менен жекелештиргениме уруксат берсеңер. Биринчи кызматчыны Элисон, экинчисин Боб, үчүнчүсүн Ларри дейли. Элисон бештен баштап, ага берилгенин көбөйтүп, жыйынтыгында онду алган. Боб экөөнү көбөйтүп, жыйынтыгында төртөөнү алды. Бирок, Ларри ага ишенип берилген белекти көбөйткөн жок; ал жөн гана сактаган. Келгиле, анын көрүнүшүнө көз чаптыралы:

Элисон: 5 х 2 = 10

Боб: 2 х 2 = 4

Ларри: 1 = 1

Мындан ары мен кызматчыларды биз койгон ысымдар менен атайм.

## СОТ

Дагы бир жолу, Ыйсанын ушул мисалда «узун» деген сөзгө басым жасаганын баса белгилөө керек. Окуя узак жолдун сүрөттөлүшү менен башталып, дагы бир жолу мындай деди: «Арадан көп убакыт өткөндөн кийин, кожоюн келип, анын акчасын алар кантип колдонгондуктары тууралуу кулдардан эсеп-кысап талап кылат» (Матфея 25:19). Кожоюн ар бир башкаруучудан талап кылган отчет ар бирибиздин алдыбызда турган соттун символу, анда бизге берилген белектерди кандайча пайдалангандыгыбыз каралат. Адегенде Элисондун соту жөнүндө окуйбуз:

> «Беш мүшөк күмүш ишенип берилген Элисон дагы бешөөнү көтөрүп келип: «Таксыр, сиз мага беш кап күмүш салып бердиңиз, мен дагы бешөөнү таптым» деди.

Кожоюнунун өкүмүн уксаңар:

> «Кожоюн аны мактай баштады: «Жакшы, менин боорукер жана ишенимдүү кулум. Сен бул кичинекей сумманы башкарууга ишенимдүү болгонсуң; ошондуктан азыр мен сага дагы көп милдеттерди жүктөйм. Келгиле, аны чогуу майрамдайлы!» – дейт (Матай 25:20-21).

Бул жерде биз унутпашыбыз керек болгон өтө маанилүү бир чындык бар. Кожоюн: *«Сен ишенимдүү элең»* деди. Силер кожоюндун жообун каалаганыңардай кылып бере аласыңар, бирок, анын башка чечмелениши жок: Ыйса ишенимдүүлүктү көбөйтүүгө түздөн-түз байланыштырат. Кожоюндун сөздөрүн кылдаттык менен окуп чыккыла; алар Элисон жасаган башка нерсе жөнүндө сүйлөшүшпөйт. Ал анын туруктуу, ишенимдүү, берилген, арналган, чынчыл болгонун айткан эмес жана ишенимдүүлүктү бир сөз менен билдирген башка бир сөздү колдонгон жок. Мени туура эмес түшүнүп албагыла - ушул сонун сапаттардын бардыгы ишенимдүүлүктү сүрөттөйт, бирок, алар бул жерде айтылбайт. Ал ишенимдүүлүктү көбөйтүү менен түздөн-түз байланыштырат!

Боб ушул эле нерсени укту. Анын соту жөнүндө кунт коюп окугула:

> «Эки мүшөк күмүш алган Боб алдыга чыгып: «Кожоюн, сен мага эки кап күмүш салып бердиң эле, мен дагы экөөсүн таптым» деди.

Кожоюнунун тааныш болуп калган өкүмүн уккула:

> «Кожоюн: «Ооба, менин боорукер жана ишенимдүү кызматчым. Сен бул кичинекей сумманы башкарууда ишенимдүү болдуң; ошондуктан азыр мен сага дагы көп милдеттерди жүктөйм. Келгиле, муну чогуу майрамдайлы! (Матай 25:22-23).

Ыйса дагы бир жолу ишенимдүүлүктү көбөйтүүгө байланыштырат. Башка эч нерсе айтылган жок - эч кандай иш-аракет, изгилик жана натыйжалар жок! Ыйса кожоюндун басымынын басаңдашын каалабайт. Бир гана тыянак чыгарууга болот: бул кызматчы өзүнө жүктөлгөн нерсени көбөйттү жана бул ачык-айкын берилгендик менен теңелди.

Ошондой эле, Бобдун мактоосу Элисондун сөзмө-сөз айткандарына дал келет. Бул сот күнүндө биздин көбөйтүүбүздүн «баасы» биздин эмгегибизге негизделээрин көрсөтүп турат. Ыйса белектерибиздин таасир эткен деңгээлине карабастан, бизден бирдей ыраазы болот. Бир гана нерсе маанилүү болот - биз жөндөмдүүлүктөрүбүздү көбөйттүк беле?

Мисалы, өзүнүн эффективдүүлүгүн көбөйткөн үй кожойкеси жана апасы, ишкердүүлүгүн көбөйткөн жана Кудайдын Падышачылыгында бергенин алган ишкердей эле мактоого татыйт.

Эми Ларринин соту жөнүндө окуп көрөлү:

> «Андан кийин Ларри бир мүшөк күмүш менен келип: «Мырза, мен сенин катаал адам экениңди билчүмүн; сен сеппеген жерден эгин оросуң, сен өстүрбөгөн жерден түшүм аласың. Акчаңды жоготуп алам деп коркуп, жерге көмүп салдым. Мына, мен сенин акчаңды кайтарып берем» (Матай 25:24-25).

Ларринин өкүмүнө өтүүдөн мурун, бир нече маанилүү фактыларга токтололу. Биринчиден, Ларри көбөйтпөй, ага тапшырылган нерсени гана сактап калган. Анын талантын эмнеге көбөйтпөгөнүн байкаңыз. Ал кожоюнунун мүнөзүн билген эмес, ошондуктан аны катаал деп эсептеген. Дүйнөнүн ар кайсы бурчтарындагы жана бардык катмарлардагы ишенимдүү адамдарга кызмат кылып келе жаткан жылдар аралыгында, мен жемиштүү болууга тоскоолдук кылган негизги нерселердин бири - Кудайдын мүнөзүн билбөө экендигин байкадым (бул жөнүндө кийинки бөлүмдө кеңири айтып берем).

Кудайды туура эмес кабыл алуу (түшүнүү) бизге ишенилип

берилгенди көбөйтүүгө жөндөмсүз кылган нерсени – коркунучту туудурат. Ларри корккон! Коркуу, тартынуу же коркутуу сезимдеринен улам, Кудайдын чыныгы белектери жашообузда иштебей калат. Бул фактынын маанилүүлүгүн баса белгилөөгө болбойт. Мен муну өз көзүм менен көргөм, анткени мен өзүм ушундан көп жылдардан бери азап чегип келгем (бул тууралуу кийинки бөлүмдө дагы кененирээк сөз кылам).

Келгиле, Ларринин өкүмүн карап көрөлү:

> «Бирок кожоюн: «Ыймансыз жана жалкоо кызматчы!» деп жооп берди» (Матай 25:26).

Кандай гана катуу жооп! Улантуудан мурун келгиле, токтолуп туруп, ушул сөздөрдү изилдеп көрөлү. Үчөө тең - Элисон менен Боб гана эмес, Ларри дагы - кызматчылар экендигин унутпагыла; алар чоочун адамдар эмес. Анан так ошолордун кожоюну алардын ишине баа берет. Ларри «Макул, менин жакшы жана ишенимдүү кызматчым» деген сөздү калган экөө сыяктуу уккан жок. Мунун ордуна ал: «Жаман жана жалкоо кызматчы!» дегенди укту. Бул сөздөр көңүлдү бурары анык. Ыйса куткарылуу жөнүндө эмес, биздин белектерибизди кандайча колдонгонубуз жөнүндөгү соттун чечими жөнүндө сөз кылат. Ошондо биз ишибиз үчүн сыйлык алабыз же жоготууга учурайбыз.

Келгиле, кожоюндун эки сөзүн кунт коюп изилдеп чыгалы. Эмесе, оңоюнан баштайлы. «Жалкоо» сөзү грекче «okneros» сөзүнөн которулуп, «создуктуруу, жай, кеч, аракетсиз, жалкоо» дегенди билдирет. Дагы бир сөздүк бул сөздү «мүмкүн, дымактын жоктугунан улам чечкинсиздикке тиешелүү же арзырлык иш жасоодон качуу» деп аныктайт.

Грек тилинин адиси, менин досум Рик Реннер «окнерóс» сөзү жөнүндө мындай дейт: «Бул сөз эптеп-септеген, сезимсиз, жигерсиз, кош көңүл, көңүлү суз, жашоого жылуу мамиле кылган адамды билдирет». Ушул үч булактын негизинде биз грек сөзүнүн аныктамасын алабыз, ал биздин кабылдоону кеңейтет жана аны

жакшыраак түшүнүүгө жардам берет.

Эгерде силер корксоңор, анда олку-солку болуп, жасай турган нерседен же жасала турган нерселерден тартынып, баш тартасыңар. Эгер силер жигерсиз болсоңор, анда кылына турган ишти аягына чейин чыгара албайсыңар. Эгерде силер кайдыгер болсоңор, анда бир нерсе жасоону баштоо жөнүндө ойлонуп да койбойсуңар. Бул грек сөзү үч маанини тең камтыйт, бирок кызматчы: «Мен коркуп кеттим», - деп мойнуна алды. Анын жашоосунда жалкоолуктун башка жактары дагы пайда болушу мүмкүн, бирок, ал үчүн чечкиндүү фактор коркуудан улам тартынуу болгон.

Кандайдыр бир нерсени жасоого болгон каалооңорду сезип, аны башыңардан чыгара албай, айрыкча, сыйынуу учурунда, бирок, ишке ашпай калуудан коркуп, көпкө чейин чечкиндүү боло албай жаттыңар беле? Ошондон кийин силер муну башка бирөөнүн жасаганын көрүп: «Бул менин идеям болчу; мен аны жасашым керек болчу» деп ойлоп калган учуруңар болду беле? Ыйса ушул кызматчы жөнүндө айтып жатканда ушуну айткысы келген.

Ал бир-эки жолу гана эмес, башкаруу кызматында турганда ар дайым арсар болуп турду. Буга бир нече жолу жол берилет, анткени биз бул нерседен адатта өсүп чыгып кетебиз. Бирок, биз тартынуу менен көпкө чейин эле жүрө бере турган болсок, бул адат болуп калышы мүмкүн, ошонун айынан биз ар кандай нерсени жасоодон оолактап жана биздин башкаруу жемишсиз болуп калат.

Качан Теңир менден китеп жазууну биринчи жолу өтүнгөндө, мен 10 ай арсар болгом. Мен жазгандан коркчумун. Мен мектепте дайыма ийгиликсиздикти башыман кечирчүмүн. Университетте окуган бир курсташым менин жазуу иштеримди элдин көзүнчө ачык эле сындаган! Бизде тапшырма бар болчу, анын бир бөлүгү бири-биринин жазган чыгармаларын окуу болчу. Талкуу учурунда менин курсташым профессорго менин ишимдин жакпагандыгын билдирди. Мен курсташынан сын алган жалгыз гана студент болчумун.

Менин жазуудан коркуумдун бекем негизи болгон. Стандартташтырылган жана Америкалык тесттерден упайларым аябай начар болду, көптөгөн мугалимдердин терс пикирлери, төмөн баалар жана сындаган курсташтарым; менин башыман өткөн нерселер мен тарапта болгон эмес. Мунун бардыгы менин күмөн санагандыгымды гана тастыктап турду. Анын үстүнө, китепти жазуу үчүн көп убакыт талап кылынган, убакыт болсо абдан маанилүү болгон. Бул мени биздин жаш кызматыбызды өнүктүрүүдөгү жумшап жаткан аркетимден алаксытмак. Анын көрсөтмөсүнө баш ийиш үчүн, ушул олуттуу коркуу сезимдеримди жана кооптонуумду четке жылдырып турушум керек болчу.

Эгерде мен тил алуунун ордуна, көпкө чейин олку-солку болуп туруп алсам эмне болот эле? Натыйжа так эле мен жогоруда эскерип кеткен эки аял аркылуу Кудай сүрөттөгөндөй болот эле. Ал бул талантты башка бирөөгө, менин чакырыгымды кабыл алып, аны аткара турган дагы бир «Элисонго» берет. Анда мен бүгүн кайда болмок элем? Кантип эле мен соттун алдында жалкоо деп аталып калмакмын?

Менин чакырыгым китеп жазуу аркылуу ишке ашышы керек экендигин моюнга алган жокмун. Эгер мен отузга толо электе эле мага: «Джон, Кудай сени дүйнө жүзүндөгү элдерге сенин китептериң аркылуу жиберет», - десеңер, мен: «Акылың ордундабы?! Мен ал тургай, үч барактан турган жазуу ишин да жаза албайм» деп силерди эшиктен ары чыгарып коймокмун. Бирок, бүгүнкү күндө менин китептерим АКШда жана дүйнө жүзүндө бестселлер болуп саналат; алар 100дөн ашык тилге которулуп, ондогон миллион нускада басылып чыккан. Эгер мен баш ийбей койсом, эмне болмок? Коркуу сезими мени кармап калышына жол берип койсом эмне болмок эле? Кандай гана мүмкүнчүлүктү колдон чыгарып жибермек экендигимди ойлоп, титиреп кетем.

Эми кожоюн үчүнчү кызматчыга айткан бир кыйла татаал сөзгө токтололу. *«Ыймансыз»* деген сөз бир аз катуу угулушу мүмкүн, бирок Ыйса эч качан сөздөрдү шашылыш түрдө колдонбойт.

Ал грекче «понерос» деген сөздөн которулган, бул: «олуттуу кемчилиги бар, натыйжада пайдасыз болуп калууну» билдирет.

Ларри өзүнүн жөндөмдүүлүгү менен эмне кылгандыгын эске алганда, бул аныктама ылайыктуу. Бул Пабылдын Кудайдан алган белегине ишенимсиз болуп калса, «мага кайгы!» деген тыянагы менен бирдей мааниге ээ болуп калат. Ларринин кожоюнунун мүнөзүнө байланыштуу туура эмес түшүнүгү, анын чочулоосун күчөткөн олуттуу кемчилиги болгон. Ал өзүнө ишенип берилген жөндөмдүүлүктү колдонууда пайдасыз болгон. Бул бекемделген сөздөр бир аз катуу, бирок, эгерде өзүнүн жөндөмдүүлүгүнө кош көңүл кылгандык тууралуу Пабылдын сөзүн Ларринин жүрүм-туруму менен салыштырганда, алар бири-бирине дал келип жатат.

Бул биздин куткарылуубузга тиешелүү эмес, бизге ишенип берилген жөндөмдөргө кандай мамиле кылгандыгыбызга байланыштуу экендигин ачык көргөзүп берүүгө уруксат этлиле. Кудай ага мындайча карайт:

> Жөндөмдүүлүктөрүн көбөйтүп жаткан адамдар боорукер жана ишенимдүү болушат. Жөн гана жөндөмдөрүн сактап койгон адамдардын олуттуу кемчиликтери бар, алар пайдасыз жана жалкоо болуп эсептелишет.

Биздин ишенимдүүлүк жөнүндөгү түшүнүгүбүз толук эмес болушу мүмкүнбү? Кийинки мисал жөнүндө ойлонуп көрсөңөр: бир ишкер адам экономикасы күчтүү жана өсүп жаткан аймакта жашайт. Анын бизнеси - атасынан калган кичинекей дүкөнү – киреше алып келет, бирок өспөйт. Ал дүкөнүнүн жаңы филиалдарын шаардын башка аймактарында ачуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон, бирок ишкердик жөндөмдүүлүгүнө карабастан, «ыңгайлуу жашоого» ыраазы болгон.

Келгиле, ушул мисалды биздин үлгү насаат аңгемебиздин айдыңында карап көрөлү. Ларринин өкүмүн эске алып, келгиле, эки маанилүү суроону берели. Кудайдын Падышачылыгын куруу үчүн, жаңы дүкөндөрдү ачуу жана башка базарларга чыгуу үчүн,

бул дүкөндүн ээси өзүнүн жөндөмдүүлүгүн колдонушу керек эмеспи? Анын «эч кандай тобокелчилик кылбоого» каалоосу ишенимсиз кызматчынын «сактап калуу» стратегиясы менен бирдей болуп жаткан жокпу?

Биз ишенимдүүлүктү баалоо үчүн, Ыйса колдонгон критерийлерди колдонуп жатабызбы? Бул ишкер бай жашоого ээ болгону менен, белектерин көбөйтүп жатабы, же жөн эле сактап жүрөбү деген суроо негизги суроо эмеспи? Келгиле, баалообузда чынчыл болобуз. Натыйжалуулукту эске албастан, ишенимдүүлүктүн негизинде гана берилгендикти өлчөйбүзбү? Кеңейтүүнү эсептебегенде, тең салмактуулуктун негизиндеби? Көбөйтүүнү эске албаганда, туруктуулуктун негизиндеби? Кантип эле, биз ишенимдүү болуу дегендин толук маанисин – биз алган жөндөмдүүлүктөрдү көбөйтүү дегенди өткөрүп жибердик?

Кудайдын эркектерди жана аялдарды бул жерге жайгаштырганда адамзатка берген биринчи осуяты: «Укумдап, тукумдагыла...» (Башталыш 1:28). Албетте, Ал биздин балалуу болуп, жер бетинде жашашыбыз керектигин айткан. Ошондой эле, Анын осуяты бир топ деңгээлде төмөнкүнү билдирет: *«Кудайга кайрылып, Ал кам көр деп бизге тапшырган нерсенин бардыгын Кудайга көбөйтүп кайрып беришибиз керек.»* Биз көбөйтүү аркылуу «көбөйүшүбүз» керек. Таланттар жөнүндөгү мисалда Ыйса Башталыш китебиндеги ушул биринчи осуятты бизге берилген белектерге түздөн-түз колдонот.

## СИЛЕРДИН ЖӨНДӨМДҮҮЛҮГҮҢӨР МЕНЕН ЭМЕС!

Силер түшүнбөй жатасыңарбы? Балким, бирок силерге Кудайдын ырайымы гана керек экендигин унутпагыла. Силерден мунун бардыгын өз күчүңөр менен эмес, Кудай берген харис жана харизма менен жасагыла деп суранып жатат. Мен бул билдирүүнү силердин көңүлүңөрдү чөгөрүү үчүн эмес, Кудай берген мүмкүнчүлүктөр жөнүндө кабар берүү жана Кудайдын ырайымына жана белектериңерге болгон ишенимиңерди арттыруу максатында жаздым. Менин силер көтөрө албаган оор жүктү силерге жүктөйүн

деген ниетим жок. Пабыл Кудайга үч жолу кайрылып, анын жүгүн жеңилдетүүнү жалынып суранган, бирок Кудай ага кандай жооп бергенин карап көргүлө:

> «Бирок Ал мага мындай деди: «Менин сага болгон ырайымым жетиштүү. Анткени Менин күчүм алсыздыкта жеткилең болот». Ошондуктан Машайактын күчү менден орун алат деп, өзүмдүн алсыздыгым менен артыгыраак мактанам. Ошондуктан Машайак үчүн алсыз болгонума, кордук көргөнүмө, муктаж болгонума, куугунтукталганыма жана кысымчылыкты башымдан өткөргөнүмө ыраазымын. Анткени мен алсыз болгондо күчтүүмүн» (2 Корунттуктарга 12:9-10).

Грек тилиндеги «алсыздык» деген сөздүн аныктамаларынын бири «чектөө» деген сөз. Мезгил-мезгили менен өзүбүздү көңүл чөгүңкү абалда сезген жалгыз силер жана мен гана эмес. Биздин баардыгыбыздын чектелүүлөрүбүз бар, атүгүл элчи Пабылда да алар болгон. Ушул аяттын түздөн-түз контекстинде ал ар бир шаарда болгон каршылык, каршы чыгуу жана ал тургай, физикалык куугунтуктар жөнүндө жазат (11-бөлүмдү караңыз), бирок бул чындык биздин милдетибиз аткарылбагандай сезилген мезгилдеги кездешкен чектелүүлөргө жана мүмкүн эмес болгон жагдайларга да байланыштуу болушу мүмкүн. Бул, албетте, оңой болбосо дагы, бул бизди көбүрөөк чечкиндүүлүккө ээ болууга жана Анын күчүнө көбүрөөк таянууга мажбур кылышы керек. Акыл-эсиңерде кыйкырып жаткан чектөөлөргө кулак салбай, Кудайдын убадаларын жарыялагыла. Балким, биз Анын чындыктарын эсибизге салуунун ордуна, өз ойлорубузду өтө эле көп уккандырбыз!

Пабыл Кудайдан үч жолу кийлигишүүсүн суранган жана ар бир жолу Кудай ага каристи (жөндөмдү) эскертип турган. Пабыл үчүнчү жолу гана өзүнүн жашоосундагы чектелүү мүмкүнчүлүктөрү анын Кудайдын ырайымына жана жөндөмдүүлүктөрүнө көбүрөөк ишенүүгө түрткү бериши керек экендигин түшүнгөн. Ошол себептен да ал: «Кудай, муну ал!» - деп айтууну токтотуп, «Менин

алсыздыгым мага жагымдуу» деп айта баштады. Ал чынында эле «жагымдуу» деген сөздү колдонгонбу? Ооба! Эгерде ишене турган болсо, ал өзү канчалык алсыз болгон сайын, Кудайдын күчү анын жашоосунда ошончолук көп көрүнөөрүн түшүнгөн!

Биздин көбөйтүшүбүзгө керек болгон ырайым ишеним менен гана кабыл алынат деген бир маанилүү чындык бар! Пабыл мындай деп жазган: «Ыйсага ишенүү аркылуу бизге бул ырайымга жол ачылды...» (Римдиктерге 5: 2). Муну төмөндөгүдөй элестетип көрсөңөр болот: ишеним - бул көбөйтүү үчүн биздин жүрөгүбүзгө зарыл болгон ырайымды жеткире турган канал-өткөргүч. Бул кабарды укканда, биздин ишенимибиз (канал-өткөргүч) тарыбастан, тескерисинче, кеңейиши керек. Бирок, бул сиздин тандооңуз. Жазылып турат:

> «...Ишеним менен кабыл алышпагандыктан, аларга өздөрү уккан сөз пайда алып келген жок. Ал эми биз, ишенгендер, бейпил жайга киребиз...» (Эврейлерге 4:2-3).

Бул чындыктарды силер үчүн пайдасыз катары кылып кабыл албагыла. Анын ордуна, аларды ишеним менен өзүңөргө сиңиргиле. Ушул эле Кудайдын Сөзү ысрайылдыктар үчүн эки башка натыйжа берген. Бул Мусага, Жашыяга жана Калепке пайдалуу болгон; аны туура маанайда көрүү менен алар бекемделишкен. Бирок, ошол эле сөз калган ысрайылдыктарга пайдасыз болуп калган, анткени, алар аны терс маанайда көрүшкөн. Ишеним менен ишенбестиктин айырмасы мына ушунда.

Табигый мүмкүнчүлүгүңөрдөн бир топ ашып кетишиңер үчүн, Кудай силерди бекемдегенине ишенгиле. Күч алышынар үчүн, Ал силерге Өзүнүн ырайымынан башка жол берген эмес. Анын ырайымына таянуу менен, силер чыныгы тынчтыкка киресиңер - мындан ары өз күчүңөргө таянбайсыңар жана пайда алып келүү үчүн күрөшүүнү токтотосуңар. Бул ошондойбу бул тынчтыкпы? Бул силердин миссияңарды аткаруу үчүн, Кудайдын жөндөмдүүлүктөрү менен болгон кызматташтыгыңар. Качан силер тынчтыкка киргениңерде, Кудай силерди көбөйүүгө карай жетелейт!

Дөөттүн «Кудайдын жүрөгүнө жаккан адам» деп аталып калышынын бир себеби ушул болгон. Ал өзүнүн эмес, Кудайдын күчүнө көз каранды болгон. Ал «...Теңир – менин өмүрүмдүн тиреги...» (Забур 26:1) деп көп жолу кайталаган. Анын бардык жетишкендиктеринде бир жалпы нерсе болгон: Ал Кудайдын андагы жана ал аркылуу көрүнүп жаткан жөндөмдүүлүктөрүнөн көз каранды болгон. Ошондуктан да, Пабыл коркуу жана тартынчаактык менен күрөшүп жаткан рухий уулу Тиметейге мындай деп жазган: «Уулум, Машайак Ыйсадагы ырайым аркылуу күч алгын» (2 Тиметейге 2:1).

Ошондуктан, Ыйсанын таланттар жөнүндөгү каймана аңгемесин изилдөөдөн мурда, китептин экинчи жана үчүнчү бөлүмдөрүн харис жана харизма түшүнүктөрүн бекемдөөгө арнадым. Болбосо, биз өзүбүздүн башкаруубузду өз күчүбүз менен ишке ашырышыбыз керек деген ой, бизди көңүл чөгүүгө киргизип салмак.

Силердин чакырууңар табигый мүмкүнчүлүгүңөрдөн да жогору экендигин унутпашыңарды суранам. Балким, ошондуктан мындай деп жазылгандыр:

> «Кудай тарабынан чакырылып алынган бир туугандар, өзүңөрдүн ким экениңерди карап көргүлөчү: бир азыңар эле акылдуусуңар, бир азыңар эле күчтүүсүңөр, бир азыңар эле тектүү жерден чыккансыңар. Акылдууларды уятка калтырыш үчүн, Кудай бул дүйнөнүн акылсыздарын тандап алды. Күчтүүлөрдү уятка калтырыш үчүн, Кудай бул дүйнөнүн алсыздарын тандап алды. Бул дүйнөнүн барктууларынын баркын түшүрүү үчүн, Кудай бул дүйнөнүн тексиздерин, басынтылгандарын жана барксыздарын тандап алды. Кудай алдында эч бир адам мактанбашы үчүн ушундай кылды» (1 Коринттиктерге 1:26-29).

Эмнеге андай? Эмне үчүн чакырылгандардын арасында бир нече гана акылдуу, күчтүү жана тектүү жерден чыккан адамдар бар? Себеби табигый жөндөмдүү адамдарга өз күчү менен «ийгиликке жетүү» жеңилирээк болушу керектигиндеби? Чындыгында, бул адамдар акылсыз, анткени алар өздөрүн Жараткандан алган чакырыктарынын алдында көрүүнүн ордуна,

өздөрүн башка адамдарга салыштырып, жеңүүчү деп эсептешет.

Пабыл андай болгон эмес. Куткарылганына чейин ал өзүнүн замандаштарына салыштырмалуу акылдуу жана тектүү адам болгондугуна карабастан, Машайактын күчүн алуу үчүн, ал ушул табигый жөндөмдөрдүн бардыгын «таштанды» деп эсептеген учур келди. Мындай кылгандар аз болгон. Ал муну жасагандардын бири болгон, анткени ал көпчүлүк адамдардан акылдуу болсо дагы, Кудайдын акылмандыгына салыштырмалуу акылсыз экендигин түшүнгөн (Филипиликтерге 3:4-11 карагыла).

## СОЦИАЛИСТТИКПИ ЖЕ КАПИТАЛИСТТИКПИ?

Келгиле, Ыйсанын үлгү насаат аңгемесин изилдөөнү уланталы. Чындыгында, бул каймана аңгеменин уландысы мындан да кызыктуураак жана таң калыштуураак экендигин байкайсыңар.

> «Мунун колунан талантты алгыла да, он таланты бар кулга бергиле» (Матай 25:28).

Бир аз күтө турсаңар! Бул жерде кандай деп жазылган? Ал Ларриден бир мүшөк күмүштү (талантты) алып, аны Элисонго берүүнү буйруйт. Келгиле, бул нерсенин кандай көрүнөөрүнө көз чаптыралы:

Элисон: 5 x 2 = 10 + 1 (Ларриден) = 11

Ларри: 1 - 1 (Элисонго берилген) = 0

Элисондо 11 мүшөк күмүш болду, ал эми Ларриде бирөө да жок!

Бир күнү эртең менен сыйынып жатканымда, мен өз жүрөгүмдө уккан нерселеримден тунарып кеттим. Мен силерге бул жөнүндө айтып берейин. Көп убакыттан бери таланттар жөнүндөгү аңгеме боюнча ойлоно элек болчумун. Ошол күнү эртең менен Теңирдин Рухунун мага: «Уулум, Мен Өз оюмда социалисттикке караганда көбүрөөк капиталисттикмин» деп айтканын уктум.

Эмне?! Анын сөздөрүн укканда таң калдым, бирок Кудай биз

билбеген нерселерди көрсөтүп жаткандыгын билиш үчүн, мен Аны менен жетишерлик эле узак убакыт жүрдүм. Көбүнчө алар диний же кадимки ой жүгүртүүгө карама-каршы келет, кээде мaанисиздей сезилет! Бул жолу мен Анын сөздөрүн укканда, мен үчүн маанисиз болуп сезилди. Мен акылмандыкты сурадым, анткени, ким-ким бирок, Өз иш-аракеттеринде Кудай көбүрөөк социалисттик деп ойлогом.

Ошол күнү эртең менен мага Ал ошол мисалды айтып, эгерде Анын ой жүгүртүүсү социалисттик болсо, анда бул мисал башкача аяктамак экендигин көрсөттү. Ал үчөөнүн тең бирдей көлөмдө талант алаарынан башталмак.

Элисон: 3

Боб: 3

Ларри: 3

Элисон менен Боб ишенимдүү болушат (көбөйтүшөт), Ларри болсо эч нерсеге жарабаган, жалкоо болуп, өзүнө ишенимдүү бойдон калат. Натыйжалар мындай болмок:

Элисон: 3 x 2 = 6; Боб: 3 x 2 = 6; Ларри: 3 = 3.

Болжолдуу түрдө социалисттик Кудай мындай кылмак:

Элисон: 6 - 1 = 5

Боб: 6 - 1 = 5

Ларри: 3 + 1 (Элисондон)
+ 1 (Бобдон) = 5

Акыры, ар бир адамда беш талант болмок! Бирок, ал ишке ашкан эмес. Кудай Ларриден бир мүшөк күмүштү алып, ону барга берди. Эмнеге? Ыйса мындай дейт:

> «Анткени кимде бар болсо (аны көбөйтсө), ага дагы берилет жана аныкы мол болот. Ал эми кимде жок болсо (сактап койсо), андан колунда болгон нерсеси да тартылып алынат» (Матай 25:29).

Мен Кудай капиталист деп айткандан алысмын. Эч кандай андай эмес! Айтайын дегеним, бул учурда социализмге караганда, капитализм Анын ой жүгүртүүсүнө жана жолдоруна дал келет. Америкада жана башка жерлерде 21-кылымдагы жаштарды социалдык жактан ой жүгүртүүгө үйрөтүп жатышат. Социализм Кудайга жаккан жана пайдалуу деп эсептелбейт; чындыгында, ал Кудайдын акылмандыгына түздөн-түз каршы. Бул жалкоолукту сыйлап, эмгекти, ийгиликти жана молчулукту жазалоону каалаган, жалпы жыргалчылыкка жамынган антихристтин рухтарынын бири.

Кудайдын жолу – дагы да көбөйгөндөргө сыйлык берүү жана Ал алардын молчулугуна каршы эмес. Ыйса: «Аларда молчулук болот», - дейт. Эгерде биз Анын Падышачылыгын курууга жана башка адамдар үчүн өзүбүздүн молчулугубузду колдонууга аракет кылсак, анда Кудай бизде көп нерсенин-молчулуктун болушун каалайт.

Балким, силер бул сөздөрдү буга чейин уккандырсыңар: «Кудай молчулукка каршы эмес; Ал молчулук бизди бийлеп алышына каршы.» Бул сөз чын. Жүрөгү Кудайдын ой-ниети деп күйгөн адамдар байлык топтогондон ырахат алышпайт. Алардын канааттануусу Кудай менен жүрүүдөн жана Анын Падышачылыгын куруу үчүн берген мол нерсени колдонуудан келип чыгат. Алар үчүн молчулук - бул болгону башкаларды жаратуунун куралы гана. Албетте, эгерде биз акылдуу болсок, анда аспаптарыбызга ашык болбойбуз.

Биз бир маанилүү чындыкты баса белгилешибиз керек: биз жакырларга – иштегенге мүмкүнчүлүгү болбогон, алгачкы жардамдарга муктаж болгон адамдар үчүн кам көрүшүбүз керек. Пабыл мындай деп жазган: «Бири-бириңердин кыйынчылыгыңарды көтөргүлө, ошентип, Машайактын мыйзамын аткарасыңар. Анткени, эгерде кимдир бирөө чынында эч ким эмес болуп туруп, өзүн жогору бааласа, ал өзүн өзү алдайт» (Галатиялыктарга 6:2-3).

Алгачкы жыйындын башчылары жолугушканда, алар ар кандай тапшырмаларды алышкандыгын, атүгүл анчалык маанилүү эмес

нерселер боюнча кээ бир пикир келишпестиктердин болгондугун түшүнүшкөн. Бирок, алар кедей-кембагалдарга жардам берүү алардын милдети экендигине сөзсүз макул болушчу. Пабыл мындай деп жазган:

«Бирок алар бизден жакырларды эстен чыгарбообузду өтүнүштү, мен бул ишти бүт күчүм менен аткарууга аракеттендим» (Галатиялыктар 2:10).

Бирок, адам муктаж адамбы же жөн эле жалкоо адамбы аныктоо керек. Жалкоолорго жана кедейлерге бирдей берүү - бул социалисттик жактан мамиле кылууга барабар. Эгер жалкоо адамдарга берсек, алардын бизге болгон көз карандылыгын күчөтүп гана коёбуз. Биздин максатыбыз - адамдар да ар дайым гүлдөп, Кудайдын Падышалыгын курушу үчүн, аларды Кудай берген белектерине карай багыттоо.

## ПРАКТИКАЛЫК КОЛДОНУУ

Кандай болгон күндө дагы, бизге жөндөмдүүлүктөрдү ишенип беришкен жана бизден аларды көбөйтүү үчүн колдонушубуз күтүлөт. Эгерде силер Кудайды сүйсөңөр, анда белектериңерди Анын даңкы үчүн колдонууну чын жүрөктөн каалайсыңар. Менин негизги ниетим - силердин ички каалооңорду жана потенциалыңарды ойготуу. Силер атайын бир максат үчүн жаратылгансыңар. Силерде биздин Падышабыздын даңкы үчүн берилген нерсени көбөйтүү мүмкүнчүлүгү бар. Бул бөлүмдөн алынган эң маанилүү нерсе.

Ошентип, биз таланттар жөнүндөгү мисал эмнени билдирерин түшүнүп, эми практикалык суроолорго өтүүгө даярбыз. Муну кантип колдонсок болот? Бул принциптер күнүмдүк жашоодо кандайча иштейт?

Биз бул тууралуу кийинки бөлүмдө сөз баштайбыз.

## ОЙ ЖҮГҮРТКҮЛӨ

1. Башкаруучуну так аныктаган бир сапат бар - бул берилгендик. Силер берилгендикке кандай карадыңар? Бул бөлүмдү окугандан кийин силердин көз карашыңар кандай өзгөрдү?

2. Көбөйтүүгө өз күчү менен жетишүүгө болбойт. Бул Кудайдын ырайымы менен кызматташуунун натыйжасы. Белектериңерди өз күчүңөр менен көбөйтүүгө аракет кылып жатасыңарбы? Белектериңерди күрөшпөй туруп, тынч абалда эле кантип көбөйтсө болот?

3. Кудай молчулукка каршы эмес; Ал бизге молчулуктун ээ болуп алышына каршы. Силердин оюңарча, белектериңерди көбөйтүү Кудайга эмне үчүн маанилүү? Силердин белектериңерди көбөйтүүңөр кантип Кудайга дагы да көбүрөөк даңкты алып келип, анан башкаларга да көбүрөөк таасир эте алат?

*Ага берилген аз гана нерсени ишенимдүү жана чынчылдык менен башкарат, кызматтан көтөрүлөт жана ага көбүрөөк милдеттенмелер жүктөлөт.*

– Лука 16:10.

# 6

# Эмгекти сүйүү жана көбөйтүү

Ыйсанын айтымында, эгер биз чынчыл жашасак, туруктуу, ишенимдүү, берилген, тырышчаак болсок жана азыркы башкарып жаткандарыбызды көбөйтө турган болсок, анда бизге көбүрөөк милдеттер жүктөлөт. Жөнөкөй сөз менен айтканда, качан биз чынчылдык менен көбөйткөнүбүздө*, Кудай бизге көбүрөөк жоопкерчилик берет.* Ал бизди алдыга жылдырат. Бул Анын Падышачылыгынын мыйзамдарынын бири.

Өзүңөрдү текшергиле. Силердин ой жүгүртүүңөр көбөйтүүгө багытталганбы? Же силердин ой жүгүртүүңөр сактап коюуга көбүрөөк көңүл бурабы? Силер ийгиликтин белгилүү бир деңгээлине жеткенде, силердин оюңарча көпчүлүктөн жогору, ата-энеңерден жогору деңгээлге же тынч жашоо үчүн жетиштүү деп эсептеген деңгээлге жеткенде токтоп калдыңарбы?

Өзүңөрдү чынчылдык менен баалагыла. Эгерде силер көбөйтүүгө эмес, сактап калууга көбүрөөк камданып алган болсоңор, анда силер үчүн жакшы жаңылык бар: силер али дагы деле ушул жер жүзүндө жашайсыңар жана өзгөрүүгө, көбөйтүүгө жана натыйжада көбүрөөк жоопкерчиликти алууга убактыңар бар.

## ЭКИ БАШКА ЖЫЙЫНТЫК

Бала кезимде дагы ушул эки карама-каршы ой жүгүртүүнү - сактап калууну жана көбөйтүүнү таануу мага оңой эле болчу, анткени менин эки чоң атам аларды менин көз алдымда ар бири өз жашоосу менен көрсөтүшкөн. Алардын бири 65 жашында пенсияга чыгып, үйдө отуруучу болуп калды. Жыл сайын ал бизге эки жумага келип турчу, мен анын күндөн-күнгө эч нерсе кылбаганын көрдүм. Ал биздин арткы короодогу чоң эмендин түбүндө түтүгүн түтөтүп отурчу. Биз ага барганда дагы, дээрлик ошондой эле көрүнүш болчу. Тилекке каршы, кийинки жаштарында ал жашоого эмес, бар болуп жүргөнүнө эле ыраазы болуп жүргөндөй көрүнчү.

Экинчи чоң атам 62 жашында пенсияга чыгып, экинчи жашоосу деп атоого боло турган жашоосун улантып баштады. 60 жаштар курагында ал «Ратджерс» университетине тапшырып, айыл чарба тармагында билим алган. Кийинки жыйырма жыл ичинде ал эки китеп жазып, чоң бак отургузуп өстүрдү, мал бакты, карыларга ыңгайлуу турак жайларды куруу үчүн Флорида жээгиндеги кондоминиумдарды курууга жардам берди, ошондой эле көптөгөн бизнес жана коомдук долбоорлордо активдүү болду. Ал ар дайым буга муктаж болгондорго жардам көрсөтүп келген.

Анын бизге келгени же биздин ага барганыбыз, бул көптөн күткөн жакшы окуя болчу. Ал балык уулоону, сейил бактардагы аттракциондордун күндөрүн жана Нью-Йорк шаарына саякаттарды пландаштырган. Ал биз менен оюн ойноп, бизди өзү менен чогуу коңшуларга алып барып, жергиликтүү дүкөнчүлөргө жардам берип, ар күнү кечинде бизге даамдуу тамактарды даярдап берген. Башка чоң атам болсо, ашканада да жардам берчү эмес.

Менин чоң аталарымдын бири 75 жашында, экинчиси 91 жашында каза болгон. Алардын кайсынысы узак жашады деп болжолдоп таба аласызбы? Ооба, жашоону алдын ала көрө билгени, көбөйткөнү көбүрөөк өмүр сүрдү. Кызыгы, ал 89 жашында гана куткарылды. Бирок, ага чейин эле, ал Кудайдын принциптери боюнча - Кудайдын Падышачылыгынын мыйзамдары боюнча жашап, мол бата алган.

Чоң атамды Ыйсага алып келүү артыкчылыгына ээ болгонго чейин, мен ишенимим үчүн ал тараптан көп куугунтукка кабылгам! Биз чогуу болгон сайын ал менин ишенимимди шылдыңдачу. Ага Жакшы Кабарды айтууга көп аракет кылгандан кийин, ал акыры: «Мен Ыйсаны менин Теңирим катары кабыл алгым келет», - деп айтканда, мен таң калганымды араң кармагам. Бул күн улуу күн болчу!

Анын ишенимге келгенинен бир ай өткөндөн кийин, мен ага дагы бир жолу бардым. Ошол учурда ал биздин үйдөн бир гана саат алыста жашачу. Ал жаңы эле Дейтона Бичтеги үйүнөн Ормонд Бич карылар борборуна көчүп кетти. Бул сапар учурунда ал:

- Джон, сен менин дайындалышым жөнүндө билгиң келеби? Бул жер жүзүндө мен эмне кылышым керек? - Жаңы гана куткарылган, ушундай курактагы адамдын ушундай ойдо болгонуна таң калдым. Бирок, бул жөнүндө сүйлөшүүнүн ордуна, мен жөн гана жооп бердим:

- Ооба, чоң ата, сизге кандай тапшырма берилди?

Ал жылмаюу менен мындай деди:

- Ыйык Рух мага ушул адамдардын баарына Ыйса Машаяк жөнүндө айтып берүү үчүн келгенимди айтты.

Бул борбордо бир нече жүздөгөн карылар болгон.

Эки жылдан кийин, апам жана анын бир тууганы жалгыз уулуна жакыныраак болуш үчүн, аны Оклахомага көчүрүп келишти. Ал жерде бир жума гана болгондон кийин, ал түнү бою уктабай, жаңы гана өзүн кароого дайындалган медайымга өмүр баянын айтып берди. Эртең менен, таңга маал, ал ага:

- Үйгө кете турган убак келди. Менин уулума айтып койчу, ал мен үчүн кече уюштурсун.

Ушул сөздөрдөн кийин ал денесин таштап, асмандагы үй-бүлөсүнө кошулду.

Апам Флоридадан Оклахомага көчүп барганда, алар аны ашыкча түйшүккө салып коюшкан деп капаланып, тынчсызданып жатты. Ал ушинтип айтканда, мен андай эместигине бат эле ишендирдим:

-Апа, чоң атам 89 жашында мага бир нерсе айткан. Кудай ага

Ормонд Бичте Анын тапшырмасын аткаруу үчүн, жерде дагы эки жыл жашашы керектигин көрсөттү. Бул анын Оклахомадагы биринчи жумасы болгон; ал өзүнүн тапшырмасын аткарды.

Бул сөздөр апамды сооротуп да, таң калтырып да койду.

Менин чоң атам куткарылбаган адам болгонуна карабастан, Кудайдын эмгектенүү жана ишенимдүүлүк принциптери анын жашоосунан көрүнүп турган. Эки чоң атамдын ар кандай жолдорун көрүп, мен ишенгенге чейин эле, акыркы демине чейин көбөйтүп, жашоосу бир максатты көздөгөн чоң атамдан үлгү алам деп чечкем.

Бирок, чынчыл болууга уруксат эткиле. Көп жолу башка жолду - жеңил жашоону тандоого азгырылдым. «сактоо» жашоо образына берилип кетпеш үчүн, ойлоруңарды атайылап багыттооңор керек, анткени муну жасоо бир топ жеңилирээк.

Көбөйтүү жалкоолук, чечкинсиздик, шалаакылык жана кайдыгерлик менен көрүнбөйт. Элчи Пабыл бизге: «Эч качан жалкоо болбогула, тескерисинче, талыкпай эмгектенгиле жана Теңирибизге дилгирлик менен кызмат кылгыла», - деп айткан (Римдиктерге 12:11).

Биринчиден, бул сунуш эмес, буйрук экенин түшүнгүлө. Анын сөзүнө карагыла: «талыкпай эмгектен». Бул көбөйтүү үчүн силер көрсөтө турган биринчи сапаттардын бири. Силер бир гана талыкпай эмгектенбестен, өз ишиңерге дилгирленүү менен мамиле кылууңар керек. Жаңылбагыла - ишеним, көз караш жана туруктуулук көбөйтүүнүн эң негизги үч фактору. Бирок, силер жумушка жеңди түрө киришпесеңер, бул нерселер пайдасыз!

Лиза экөөбүз ишенип калган күнүбүздөн бери дээрлик талыкпастан көп иштедик. Бул биздин ички дүйнөбүзгө таандык жана Кудай аны ар бир ишенген адамга берген. Биздин ынтызарлыгыбыз тышкы жагдайлардын шартына көз каранды болбостон, эки нерседен келип чыккан терең каалоо – бул биздин Ыйсага болгон чексиз сүйүүбүз жана Анын элине болгон чексиз сүйүүбүздөн көз каранды болду. Бул каалоо сезимдерге эмес, жүрөгүбүздүн чечкиндүү чечимине негизделет жана Анын Падышачылыгын курууга болгон жалындуу каалообузду күчөтөт.

Бул абдан маанилүү, анткени бизде ар дайым эмоционалдык толкундануу болбойт. Чынында, биз таптакыр эч нерсе сезбеген мезгилдер келиши да мүмкүн.

Грек тилиндеги *«дилгирленүү»* деген бир уңгулуу сөздүн бири - энтеос, бул «ичинде Кудай бар» дегенди билдирген сөз. Биздин талыкпаган эмгегибиз эмоциялардан же тышкы жагдайлардан эмес, биздин ичибиздеги Анын бар болуусунан чыгышы керек.

## БАШКА БИРӨӨГӨ ТИЕШЕЛҮҮ НЕРСЕНИ КӨБӨЙТҮҮ

Биз үйлөнгөндөн кийин, Лиза экөөбүздүн биринчи барган жыйыныбыз Техас штатындагы Далластагы жыйын эле. Ал бир нече жүз кишиден турган, биздин өлкөдөгү эң белгилүү жыйындардын бири болгон. Ыктыярчылар катары биз керектүү нерселердин бардыгын жасаганга дайым даяр болчубуз. Мен тартип кызматкери болдум, түрмө кызматында ыктыярдуу иштедим, тергөө изоляторлорунда кызмат өтөдүм, карылар үйүнө бардым, конференцияларда жардам бердим, жыйын кызматкерлери үчүн майда-чүйдө тапшырмаларды аткардым, атүгүл кайтаруучумдун балдарына теннис сабактарын бердим. Мен бир дагы кызмат кылуу мүмкүнчүлүгүнө «жок» деп эч качан айткан жокмун жана мунун бардыгын «Рокуэлл интернешнлде» инженер болуп жумасына 40 саат иштеп жүрүп жасадым.

Натыйжада, менин кызмат кылгым келип жаткандыгын көргөндө, улуу пастордун аялы (ал жыйындын аткаруучу директору болгон) менден жыйындын кызматкери катары штатта толук кандуу кошулгум келе турганымды сурады. Менин маегим учурунда ал:

- Джон, биз сени жумушка жалдап ала албайбыз деп ойлойм,- деди.

- Албетте, ошенте аласыңар,- деп жооп бердим мен.

Алар кандай айлык сунуштаса да, мага баары бир болду. Кандай гана кызмат акы болбосун, кандай гана кызмат болбосун кабыл алынууга даяр элем. Маектешүүдөн кийин ал мага аткаруучу топтун жардамчысы кызматын сунуш кылды. Лиза

экөөбүзгө бул үчүн катуу сыйынуунун кажети жок болчу, анткени бул Кудайдын эрки экенин билгенбиз. Мен бул сунушту жылына 18000 доллар маяна менен кабыл алдым. Биздин кирешебиз бир кыйла төмөндөдү, бирок биз үчүн бул алдыга жылуу болду. Лиза экөөбүз ушул жаңы эмгек акы менен табияттан тышкаркы камсыздоого ишенишибиз керектигин билдик, бирок, бул бизди тынчсыздандырган жок. Биз жашообуздун чакырыгы деп эсептеген нерсеге тартылдык.

Биздин милдетибиз биздин пасторго, анын үй-бүлөсүнө жана конокторуна жардам берүү болчу. Мен үч негизги мотив менен иштедим. Биринчиден, аларга Машаякка кызмат кылгандай болуп кызмат кылуу. Экинчиден, алардын муктаждыктарын алдын-ала болжоп, ар дайым алдыга карап, алар суранардан мурун эле аны канааттандыруу. Акыркысы, качан менден бир нерсе жасоону суранышканда, эч качан: «Бул мүмкүн эмес» деп айтпоо. Мен ар дайым тапшырмаларды сыйынуу, чыгармачылык жана эмгек менен аткаруунун жолдорун таптым. Эгерде бир нерсени жасоого мүмкүн эмес болуп калса (бул өтө сейрек кездешчү), мен ар дайым эң жакшы альтернативдик чечимди сунуш кылчумун. Көбүнчө менин тапшырмамды аткаруу үчүн, ал сунуш башында сунушталгандан да ылайыктуу болчу.

Ушул кызматта иштеген мезгилде Лиза экөөбүздүн балдарыбыз жок болчу. Жумалык кызматыбыз алты күнгө созулуп, адатта 50-70 саатка чейин жетип турду. Экөөбүз тең пасторлорубузду ар кандай кысымдардан арылтуу маанилүү деп эсептедик. Алардын көңүлүнүн баары биздин жыйынды жетектөөгө бурулушун кааладык.

Биздин ниеттерибизди көрсөтүү үчүн көптөгөн окуяларды айтып бере алмакмын, бирок бирөөсүн гана айтып берем. Менин кайтаруучумда мурдагы кезде дүйнөгө белгилүү евангелисттин кызматтык командасында болгон кызматчылардын бири конок болгон. Менин пасторум ушул маркум кызматчы жөнүндө көбүрөөк билгиси келип, алар кечке чейин сүйлөшүштү. Түнкү саат 01:00дө менин телефонум шыңгырады. Байланышта менин

пасторум болчу жана ал менден үйүнө келип (биздин батирден 25 мүнөт алыстыкта) коногун мейманканага алып кетүүнү суранды.

- Мына, мен бара жатам,- дедим токтолбостон.

Мен анын үйүнө келип, алар коштошконго чейин күтүп, конокту кайра мейманканага жеткирдим. Мен түнкү саат 02:00дөн кийин бир топтон кийин гана уктадым.

Менин пасторум эртеси кечинде биздин жыйында насаат айтууга тийиш болгон дагы бир конокту аэропорттон алып келишим керектигин билген эмес. Ал конок түнү менен Гавайиден учуп келип, таңкы саат 5:40та бизге учуп келген. Аны аэропорттон тосуп алуу үчүн таңкы саат 4:30да ойгонушум керек эле. Ошол түнү мен үч саатка жетпеген убакыт уктаганымды пасторума бир жолу да айткан эмесмин. Мен кайтаруучумдун жана анын аялынын бардык муктаждыктарын канааттандырууга чечкиндүүлүккө толуп тургам жана өзүмө кызмат артыкчылык экенин ар дайым эстетип жүрчүм.

Төрт жыл пасторумдун жана анын аялынын жардамчысы болуп иштегенден кийин, бир күнү, алар менен жалгыз калганымда, мен минтип айттым:

- Менин ордумду ээлей турган адам менден эки эсе жакшы иштешин Кудайдан тилейм.

Мен туура жол менен кетүүнү кааладым жана кызмат ордум мындан да натыйжалуу болушун кааладым.

- Бул мүмкүн эмес,- деп жооп беришти алар.- Сен чоң жумуш жасадың.

Алардын ырастоосу мага дем берди. Менин бардык кыйынчылыктарым оңой сезилген, бирок, алдыга умтулгум келди. Акыр-аягында менин ордума эки адамды дайындашты. Менин пасторум бизди Флорида штатындагы бир белгилүү жыйынга, мен 2-бөлүмдө айткан жаштардын пастору кызматына батасын берип жиберди.

Флорида штатында ушул кызматты аркалаганда, биз жаштарга жана өспүрүмдөргө жетпей жатканыбызга капа болдум. Бул

1980-жылдардын аягы, биздин бирден-бир визуалдык каражатыбыз телекөрсөтүү болчу. Компьютерлер, планшеттер жана смартфондор болгон эмес. Агымдык кабарлоо (потоковое вещание) ойлоп табыла элек эле. Жөнөкөй сөз менен айтканда, күнүмдүк телекөрсөтүү аркылуу кабарлоо адамдарга жетүүнүн эң жакшы ыкмасы болгон.

Сурап-билүүдөн кийин, мен Флорида шаарынын борборундагы эң күчтүү телеканалдардын биринде ишемби күнү кечинде, кечки саат 22:00 до эфирдик убакыт бош болгонун билдим. Мен ушул 30 мүнөттүк убакыт кесиндисинин баасын кызыгып сурадым. Баасы абдан жогору болчу.

Мен улук пасторубуздан жаштарга Жакшы Кабар таратуу программабыз үчүн ушул эфирдик убакытты сатып алуубуз мүмкүнбү деп сурадым.

- Джон, бул биздин бюджеттен сырткары, - деп жооп берди ал.

Мен андан минтип сурадым:

- Биздин кызматтагы жаштарга программабыздын акысын төлөө үчүн, ай сайын кайрымдуулук кылып турушуна уруксат бересизби?

- Албетте, алардын мүмкүнчүлүгү болсо, - деп жооп берди ал.

Ал жаштардын колунан бул нерсе келерине ишенди деп ойлой албайм.

Жаштардын кызматында мен жоголгондорго кантип жетүү керектиги жөнүндө көз карашым менен бөлүштүм. Ошол күндөрү көптөгөн жаштар жана өспүрүмдөр ишемби күнү кечке телевизор көрүшчү. Бул программада биз алгач Кудайдын Сөзүн насааттап, андан кийин көрүүчүлөрдү жыйынга жана жаштар кызматына чакырмакпыз. Мен биздин жаштар кызматынын мүчөлөрүнө ушул аян үчүн чөнтөк акчаларынан, окуудан чыккандан кийинки жасаган жумуштарынан же ушул үчүн туруктуу эмес жумушка орношуп, тапкан акча каражаттары аркылуу жардам берүүнү сунуш кылдым. Каржылык милдеттенмелерди эсептеп бүткөндөн кийин, менин жардамчым экөөбүз таң калдык – биз бул телепрограмманы төлөп бере алат элек!

Менин улук пасторум андан бетер таң калды. Ал «Оттуу жаштар» деп атаган бул программаны баштоого уруксат берди. Бюджетти ай сайын жаап жаттык жана бир дагы жыйынга барбаган көптөгөн жаштардын жана өспүрүмдөрдүн биздин жаштар кызматына катышып, Ыйсага келе башташы шыктандырды. 20 жылдан ашуун убакыттан кийин адамдар мага кайрылышып, 1980-жылдардын аягында Оттуу Жаштарды көрүп, алардын жашоосуна кандай таасир эткенин айтышты.

Мен жаштардын пастору кызматынан кеткенден кийин, биз жаштар кызматын үч топко бөлдүк. Биз жалгыз баштаган кызмат менен эми үч лидер иштеп жатышты. Кудайдын ырайымы, тил алчаактык жана жигердүү эмгек кайрадан көбөйүүгө алып келди.

Ыйса мындай дейт:

> «Эгерде силерге башкалардыкын ишенип тапшырууга болбосо, анда өзүңөрдүкүн ким берет?» (Лука 16:12).

Келгиле, анын сөздөрүн таланттар жөнүндөгү мисалга ылайык келтирип көрөлү:

> «Эгерде силер башка бирөөнүкүн көбөйтпөсөңөр, силерге көбөйтүү үчүн өзүңөрдүкүн ким берет?»

Мына так ушул улуу пастор Лиза экөөбүз «Мессенджер интернэшнл» эл аралык кызматын башташыбыз керек экенибизди бизге жарыялаган. Бул тууралуу биринчи болуп биз эмес, ал айткан. Жаштардын пасторунун кызматын кабыл алып жатып мен: «Пастор, мен Ыйса кайтып келгенге чейин, же Кудай экөөбүзгө тең - сизге да, мага да, дагы алдыга жылышыбыз керектигин көрсөткөнчө ушул жерде болом» дегем. Эгер Кудай ага биздин кызматтагы кийинки кадамыбызды сыйынуу учурунда көрсөтпөгөн болсо, анда мен бул жыйындан эч жакка кете албайт элем. Кудай ушул кызматты биринчи жолу ага көрсөткөнү да так ошондуктан деп ушул күнгө чейин ишенем.

## «МЕССЕНДЖЕР ИНТЕРНЕШНЛ» ДИН ЖАРАЛЫШЫ

Флоридадагы жыйындан чыккандан көп өтпөй, биз Түштүк Каролина штатындагы Колумбияда кызмат өткөрдүк. Таң эрте болчу, мен алыскы жерде өзүнчө сыйынуу үчүн жер таптым. Сыйынуу учурунда Кудай мага мындай деди: «Уулум, сен акыркы жети жыл ичинде башка адамдардын кызматтарында сепкен ишенимдүүлүк үрөндөрүңөн мол түшүм аласың. Ал токтоосуз башталат жана бүт өмүрүңдө уланат.»

Бүгүн, артка кылчайып карасам, ушул түшүмгө аябай таң калам.

«Мессенджер Интернэшнл» кызматын баштоо үчүн биздин жыйын бизди жибергенден кийин, көбөйтүүнүн негизги ачкычы кайрадан талыкпаган эмгек болду. Лиза экөөбүз көптөгөн кечтерди аудиокассеталарды көчүрүү, этикеткаларды жасоо жана насааттардын топтомун түзүү сыяктуу тапшырмаларды аткаруу менен өткөрдүк. Биздин маалымат бюллетендерин этикеткалоо жана таңгактоо же башка нерселерге жардам берүү үчүн, бизге дайыма досторубуз келип турушкан. Лиза экөөбүз каттарды басып чыгарып, чектерди кызматтын банктык эсебине которуп, каржылык эсеп-кысап иштерин жүргүзүп, бардык керектүү документтерди толтурганбыз. Компьютерге жазып алып, почта менен иштешип, биздин ишибизге керектүү материалдарды өзүбүз сатып алганбыз, бул биздин милдеттерибиздин кичинекей гана бир бөлүгү эле. Биз жумушка эртең мененки сыйынуудан кийин киришип, көбүнчө кечки саат 9га чейин же кечке түнгө чейин иштечү элек.

Биз муну кубаныч менен жасачук жана аны артыкчылык деп эсептедик. Биздин мотивация жүрөктөн чыккан жана ал сансыз кургакчыл мезгилдер менен көңүл калууларды баштан кечирген. Көңүл чөгүүгө алдырбоого биздин күчүбүз жетти деп эсептейм, анткени ар күн сайын эртең менен биз сыйынуу менен убакыт өткөрчүбүз.

Биз Батыш жээктеги негизги магистраль болгон «I-95» жолунда «Хонда Сивик», автоунаабыз менен ылдый жана өйдө жүрүп, арткы орундукта эки уулубуз унаадагы отургучтарга отургузулуп, 80ден 100гө

чейин адамы бар чакан жыйындарда насаат айтчу элек. Биринчи кызматыбызды биз акыркы сапарга узатуучу жайда (похоронное бюро) чогулган жыйында өткөрдүк. Укмуш башталыш болду!

Кассеталарыбызды сатып, андан түшкөн каражатты кызматты өркүндөтүүгө жумшачубуз. Бул каражаттардан айлык албайбыз деп макулдаштык, анткени «Мессенджер» кызматын өркүндөтүү жана көбөйтүү маанилүү эле. Жеке өзүбүзгө керектүү каражаттар акыркы күнү пайда болгон учурлар да болгон. Бизде «аудио ресурстарды саткандан» эсебибизде акча бар болчу, бирок аны колдонбоону чечтик.

Ушундай бир жарым жыл күч үрөп эмгектенгенден кийин Кудайдан мен жазышым керектиги жөнүндө сөз айтылды. Мен күндүн көпчүлүк бөлүгүндө жазып, ошол эле учурда көптөгөн ар кандай милдеттенмелерди аткарууга жетишпей калам деп аябай тынчсыздандым. Бул опурталдуу чечим сыяктуу сезилген, бирок биз аны кабыл алдык жана биринчи китепти жазууга бир топ убакыт талап кылынды. Бирок, мен алдын ала айта албаган бир нерсе болду: мени китепти жазуудан алаксыткан, экинчи орунду ээлеген жумушка жардам берүү үчүн, бир нече жаштар бизге өз ыктыяры менен жардамга келишти. Алар биз Далластагы пасторлорубуз үчүн кызмат кылганга окшош ролду өзүлөрүнө алышты. Алар биздин муктаждыгыбызды көрүп, жардам сурап кайрылбасак дагы, жардамга келишти.

Бир жыл бою талыкпастан, кээде үмүтсүз эмгектей болуп сезилген «Чөлдөгү Жеңиш» деген китептин кол жазмасын жазып бүттүм. Мен маанилүү бир принципти билдим: биз жашообуздагы ырайымда (жөндөмдүүлүктөрдө) өсүшүбүз керек. Башында көпчүлүгүбүздүн эле «фантастикалык» жыйынтыктарыбыз жок. Петир мындай деп жазган: «Биздин Теңирибиз жана Куткаруучубуз Ыйса Машаякта... ырайымда өскүлө...» (2 Петир 3:18). Менин жазуу жөндөмүм азыр биринчи китебимди жазганга караганда кыйла өнүккөн.

Лиза экөөбүз бул кол жазманы абдан белгилүү редакторго тапшырдык. Менин аябай таң калганым, ал аны катуу сынга алды,

анткени Машаяктын денесине мындай кабарды жеткире алуу үчүн мен жаш жана тажрыйбасыз экендигимди айтты.

Ушул четке кагуу соккусунан кийин Лиза экөөбүз дароо башка редакторду издей баштадык. Башкасын таптык, ал кол жазманы толугу менен бурмалап салды. Аны кайра алганда Лиза экөөбүздүн башыбыз маң болуп калды. Ал менин үнүмдү жана бул билдирүүнүн күчүн жоготту. Эң жаманы, бул кол жазманын мааниси жоктой сезилди! Кыскасы, аны жөн эле бузуп койду. Бул дагы бир сокку болду - биз эмне кылышыбыз керек эле? Анткени, бир жылдан ашык убакыт өтпөдүбү.

Биз багынган жокпуз. Дагы бир редактор таптык, ал оңдолгон вариантын окуп чыккандан кийин, кол жазманын түп нускасы бузулган деп макул болду.

-Джон, Лиза,- деди ал, - бузулган кол жазманы оңдоо туура эмес. Ошол редакторго төлөгөн акчаңарды унутуп, кайра башынан баштагыла.

Ал Лизага кол жазманын түп нускасын оңдоп, андан кийин ага жөнөтүүнү сунуш кылды.

Биз анын кеңешин уктук, Лиза кол жазманын түп нускасын кайра карап чыгууга көп саат сарптады. Андан кийин жаңы редактор Лиза тарабынан редакцияланган китепти алып, өз ишин баштаган. Ал мыкты иш жасады, бизде акыры колубузда даяр кол жазма бардай сезилди.

Мен аны эки белгилүү басмаканага көргөздүм. Алардын бири бизге жооп берген жок, бирок экинчиси жазган. Алар менин китебим өтө эле «үгүттөөчү» деп айтышты жана мен белгилүү кызматчы болбогондуктан, алар аны чыгарууну каалашпады. Мен аны анча белгилүү эмес басмаканаларга көрсөтүүгө аракет кылдым, бирок алардын бири дагы кызыкдар болгон жок.

Биздин канчалык көңүлүбүз калганын элестете аласыңарбы? Дагы бир жыл өтүп, биз туюкка кептелгендей болдук. Менин аргам кетип калды, бирок багынгым келген жок.

Ошол мезгилдерде өзүн-өзү жарыялоо дээрлик угулбаган

нерсе болчу. Бир дагы ийгиликтүү жазуучу муну менен алектенчү эмес, бирок менин досторумдун бири мага аракет кылып көр деп кеңеш берди. Макет жана жасалгалоо чыгымдарын эсептебей туруп, бир нече миң китеп басып чыгаруу үчүн 12000 доллар талап кылынарын билдик, буга чейин болсо эки редакторго акча төлөп бергенбиз.

Бул биз үчүн өтө чоң сумма болчу. «Messenger International»дын 1990-жылдагы бардык кирешеси 40,000 долларды түзгөн. Биздин кызматтын үчүнчү жылы башталып, бирок, кирешебиз биринчи жылдан ашкан жок. Экинчи жылдын акырында биз бир нече жүз долларга гана турган биринчи компьютерибизди сатып алганда. кандай бактылуу болгонум эсимде. Ошондуктан, 12,000$ суммасы мүмкүн эместей сезилди! Бул акчаны алуу үчүн бизге бир керемет керек болчу.

Ачык абадагы спорт оюндары боюнча китептерин чыгарган чакан басмакананын макет дизайнери болуп иштеген бир аялды жолуктурдук. Ал менин китеп жазуу жөнүндө сүйлөшүп жатканымды угуп, Лизага кайрылып, биздин китептин макетин жана дизайнын акысыз жасоону сунуш кылды. Бул кызматтар үчүн бир нече миң доллар төлөгөнгө аргасыз болбойбуз деп аябай кубандык.

Керек болгон акчанын калган бөлүгүн Кудай керемет жолу менен берди жана биз «Чөлдөгү Жеңиштин» 5000 нускасын басып чыгардык (ал «Кудай, сен кайдасың?!» деп өзгөртүлгөн). Биздин алгачкы шыктануубуз көпкө созулган жок; бизде жайылтуу каналдары жок экендигин түшүндүк. Жайылтуучулар жана китеп дүкөндөрү биз жөнүндө эч нерсе билишкен эмес, ошол кезде бул компаниялар белгилүү басмаканалардан гана сатып алышкан. Өз алдынча чыккан китептер эч кимди кызыктырган эмес.

Биздин үстөлгө аудио кассеталардагы бир катар насааттар менен бирге китепти да кошуп коюп, кызмат кылган жерибиздин баарында саттык. Мен чөл жөнүндө кабар айтып жүргөндө, биз алып келген китептерибиздин бардыгын сатчубуз. Элдерге бул кабар жакчу, бирок китептин жайылышы ошону менен эле чектелип калчу.

Кудай сыйынуу учурунда мени менен сүйлөшүп, экинчи китепти жазуу жөнүндө айтты, кийинки тогуз айдын ичинде мен «Чөлдү жаңырткан үн» деген китебимди жаздым. Басмакана кызматкерлери дагы деле болсо кызыкдар болгон жок, биз аны 1993-жылы кайрадан өз алдыбызча басып чыгардык. Эми биздин столдо бир дагы китеп дүкөнүндө сатылбаган эки китеп жаткан эле.

## МҮМКҮНЧҮЛҮК

Бир жылдан кийин досторумдун бири мага чалып, мени түшкү тамакка чакырды.

- Мен сени досум менен тааныштыргым келет,- деди ал.

Мен макул болдум. Эки жыл мурун мени четке каккан басмакананын жаңы жетекчиси анын досу экенин билдим. Түштөнүү жакшы өтүп, ал Лиза экөөбүздүн кызматыбызга кызыга баштады.

- Силер учурда кайсы кабарды айтып жатасыңар? – деп сурады ал.

Мен жүрөгүмдө эң көп күйүп-жанып турган тема менен бөлүшө баштадым. Бул кабар таарынычты жеңүү жана бизге зыян келтиргендерди кечирүү канчалык маанилүү экендигин билдирген кабар болчу. Ал суроолорду берүүнү уланта берди, мен бул билдирүү жөнүндө көбүрөөк айтып бердим. 15 мүнөттөн кийин ал:

-Джон, билесиңби, биз муну жарыялай албайбыз, анткени жылына 22-24 гана китеп чыгарабыз, алар - белгилүү авторлор жана кызматчылар жазган китептер, - деди.

Мен ага таң калып карап:

-Мен сизге өзүмдүн кабарымды сатууга аракет кылып жаткан жокмун; сиз өзүңүз жыйындарда эмне жөнүндө насаат айтып жатканымды сурадыңыз.

Ал түшүнүп, күлүп ийди:

- Ооба, туура, уланта бериңиз,- деди.

Мен бөлүшүүнү уланта бердим. 15 мүнөттөн кийин ал менин сөзүмдү бөлүп:

- Мага жакынкы үч айдын ичинде ушул билдирүүнүн кол жазмасын жөнөтө аласызбы? – деп сурады.

Мен таң калып жооп бердим:

- Мени чыгара албайсыз го деп ойлогом.

- Мен оюмду өзгөрттүм,- деди ал. - Бул билдирүү таратылышы керек.

Бул басмакана 1994-жылдын июнь айында «Шайтандын тузагы» китебин жарыкка чыгарды. Мен аябай толкундандым! Кудай мен өзүм ача албаган эшикти ачты. Бул китеп дароо популярдуулукка жетип, жакшы сатыла тургандыгына ишенчүмүн; бирок, алгачкы жети айда андай болгон жок. Айдан айга мен басмаканадан көңүлдү чөгөргөн жаңылыктарды алып жаттым. Мен бул билдирүү көпчүлүк үчүн - дүйнө элдери үчүн арналган деп жүрөгүмдө ишендим. Мен бул үмүттү калтыруудан баш тартып жаттым, бирок, бардыгы дагы бир кыйналган көңүл калууну көрсөтүп турду.

Бир нече айдан кийин мага ушул басмакананын маркетинг тобунун мүчөсү чалды жана минтип айтты:

- Джон, бир эл аралык түз эфирдеги ток-шоу сизди 1995-жылдын 16-январында өзүнүн программасына чакырмакчы. Алар сага жыйырма мүнөт убакыт беришет, бирок баарынан мурда, сиз, Лиза, төрт уулуңар жана силердин кыдырып жүрүп насаат айтчу кызматыңар жөнүндө сүйлөшкүсү келет. Бирок, алар дагы сиздин китебиңиз жөнүндө сөз кылууга макул болушту. Бул башталыш, мындайча айтканда, ачык эшик сыяктуу. Бул чакырууну сиз үчүн кабыл алышыбызды каалайсызбы?

- Албетте, ооба!

Мен ошол эфирге бардым. Ошол күнү кечинде шоуну абдан белгилүү кызматчы аялы менен алып барды. Мени менен учурашкандан кийин эле ал биринчи аракети катары китепти алды да:

-Шайтандын тузагы деген эмне? Бул билдирүү эмне жөнүндө?- деп сурады:

Анын үй-бүлөбүздөн эмес, китептен баштаганына таң калдым,

бирок дароо китебимдин билдирүүсү жөнүндө сүйлөшө баштадым. Студияда баары токтоп калгандай сезилди. Мен эфирдин уюштуруучусуна аябай кунт коюп карап турушум керек болчу, анткени ал маектешүү үчүн калган убакыт жөнүндө белгилерди көрсөтүп турмак. Алар менин жыйырма мүнөт гана болорумду баса белгилешти. Трансляцияны уюштуруучу эч кандай белгилерди көрсөткөн жок. Менин айткандарым алып баруучуларды ушунчалык тартып алгандыктан, алар сөзүмдү бөлбөй угуп, комментарий да беришкен жок жана такыр эч нерсе айтышкан жок. Биз алып баруучулар болуп убакытты сезбей калдык, кийинчерээк гана менин кырк мүнөт тынымсыз сүйлөгөнүмдү билдик.

Бул билдирүү алып баруучуга абдан катуу таасир этиптир. Ал биздин өлкөдөгү эң ири конференциялардын бирин өткөрдү. Анын түз эфирде жасагандарынын эң алгачкыларынын бири – ал өзүнүн конференциясында мени бул жөнүндө насаат айтууга чакырды.

Бир-эки күндөн кийин эле, басмакер мага «Шайтандын тузагы» өлкөнүн бардык китеп дүкөндөрүндө сатылып кеткендигин жана алардын дагы 20 миң нускага суроо-талабы бар экендигин айтты.

- Джон, биз буга чейин мындай нерсени көрө элек болчубуз, - деди ал, - жана бул ток-шоунун алып баруучулары да өз программаларына мынчалык чоң кызыгууну эч качан алышпагандыгын айтышты.

Жүрөгүмдө муну уюштурган Кудай экендигин билдим жана бул нерсе биз таратып жаткан кабардын Кудайдан экендигин тастыктады.

Убакыттын өтүшү менен «Шайтандын тузагы» эл аралык бестселлерге айланды. Акыркы 25 жылдын ичинде ал белгилүү китептердин ар кандай тизмелерине кирген. Бул макала жазылып жаткан учурда, басылма жана электрондук жана аудио китептердин сатылышы эки миллионго жакындап калды. Мунун бардыгы кантип башталганын эстөө күлкүлүү. Алгач мени автор катары четке каккан басмаканачы, «Шайтандын тузагы» алардын эң көп сатылган китептеринин бири деп эсептейт. Кудай сөзсүз түрдө тамашакөй!

Эгерде мен баш ийбей, жазбай койгон болсом, анда бул билдирүү көптөгөн адамдарды бекемдемек эмес. Бул китепти жазуу менен, мен өзүм эч качан насаат айта албаган көптөгөн адамдарга жеткендиктен, мен бул кабарга көбөйтүүнү алып келдим.

Чындыгында, бул ойго келбеген көбөйтүү ушул китептин жазылышынан башталган жок. Бул көбөйтүү алда канча эрте, биз көптөгөн кыйынчылыктарга карабастан алга жыла берген учурдан башталган. Биринчи пасторумду ар кандай кысымдан бошотуп, андан кийин жаштардын пастору катары кийинки жыйыныбыздын таасирин кеңейтүү үчүн көп иштедим. Бул эл аралык «Мессенджер Интернэшнл» кызматында да уланып, биз эртеден кечке иштеп, андан кийин китеп жазуу жана басып чыгаруу үчүн Кудайдын үнүн укчубуз.

Мен «Шайтандын азгырыгы» кабарын көбөйтүү процесси ишке кирди жана бул кабар табигый түрдө китеп сатуу аркылуу жана дүйнө жүзүндөгү конференцияларда, ошондой эле, жыйындардагы менин насааттарым аркылуу жайыла берет деп ойлогом. Мен жаңылып жатыптырмын. Кудай бизге мындан дагы көбүрөөк нерсени ишенип берейин деген экен.

## ОЙ ЖҮГҮРТКҮЛӨ

1. Силердин оюңар көбөйтүүгө багытталганбы? Же силердин оюңар сактап коюуга көбүрөөк багытталганбы? Силер агым менен кошо агып, тынч жашоодо жашагыңар келеби, же өзүңөргө чакырык таштоону уланткыңар келеби?

2. Эгерде силер жалкоо жана аракетсиз болсоңор, көбөйтүү көрүнбөйт. Биз талыкпай эмгектенип гана тим болбостон, бирок, ишибизде дилгирлик да болушу керек. Өзүңөрдү жумушуңарда тырышчаак деп атай аласыңарбы? Жумушуңарга дилгирлик менен мамиле кыласыңарбы? Же өзүңөр жетишкен, же башкалардан жогору деп эсептеген белгилүү бир жашоо деңгээлине жеткенден кийин токтоп калдыңарбы?

3. Качан мен жаза баштаганымда, көңүлүм чөгүп, четке кагылгам, муңайгам, бирок, мага ийгилик Кудайдын айткандарына баш ийгенде гана болду. Силерге берилген ырайымда силер кантип өсөсүңөр? Менин таржымалым силерди көңүл чөгүүлөрдөн арылтып, алдыга жылууңарга карата кантип жандандыра алат?

*Кудай аларга батасын берет,*
*ошондо алар сан жеткис болуп көбөйүшөт*

— Забур 106:38

# 7

# Улуу көбөйтүү

Көбүнчө Кудай биздин ишенимибизди көбөйтүүнүн баштапкы көбөйүшүнө жана кийинки деңгээлдерине түрткү берүү үчүн көңүл чөгүүбүздү жана наразычылыгыбызды стимул катары колдонот. Биз муну Ыбрамдын (Ыбрайым) жашоосунан көрөбүз. Кудай ага 75 жашында көрүнүп, аян аркылуу мындай деген:

> «Коркпо, Ыбрам (Ыбрайым), анткени Мен сени коргойм, сенин сыйлыгың чоң болот» (Башталыш 15:1).

Келгиле, ушул аятты карап көрөлү. Кудуреттүү Кудай бүт жерди бардык зор байлыктары менен жараткан жана бардыгы Ага таандык. Ал ар дайым болгон жана Анын бар болушу эч качан бүтпөйт. Анын улуулугуна эч бир макулук тең келе албайт. Ал жөн гана өмүргө ээ эмес; Ал өзү - Өмүр. Бардык туруктуу билим жана акылмандык, чыныгы казына жана ырахат Анын ичинде. Анда болбогон эч кандай баалуулук жок.

Анан ошол укмуштуу Инсан Ыбрамды коргой тургандыгын жана ага чоң сыйлык берерин жарыя кылат. Келгиле, коргоону дагы, улуу сыйлыкты дагы талкуулап көрөлү.

Биринчиден, коргоо жөнүндө. Элестетип көрсөңөр, Америка Кошмо Штаттарынын Президенти өлкөнүн бардык аскер кызматкерлерине силерди коргоону буйрук кылды. Бардык генералдар өзүлөрүнүн офицерлерине силердин коопсуздугуңар

эң жогорку приоритет экендигин билдиришет жана силердин коопсуздугуңар үчүн талап кылынган аракеттер көрүлүшү керек. Керек болсо, алар заманбап куралдар менен куралданган бардык аскерлердин толук топтому менен силерди курчап алышат. Бул дээрлик акылга сыйбайт, бирок мындай болгон болсо, анда силер өзүңөрдү абдан коопсуз жана ишенимдүү сезесиңер деп ишенем. Бирок, бул Кудуреттүү Кудайдын «Мен сени коргойм» деген сөзүнө салыштырмалуу аксап калат, б.а. ага тең келе албайт.

Чоң сыйлык жөнүндө эмне айтууга болот? Эгер кошунаңар: «Мен сага чоң сыйлык берем» десе, ал боорукер жана айкөлдүк кылат, бирок, балким, ал сага көп нерсе сунуштай алган жок. Эгер Кошмо Штаттардагы эң бай адам ушул эле нерсени айтса, анда силер андан бетер толкунданмаксыңар. Бирок, бул убадалардын эч бири ушул аятта жазылганга тең келе албайт. Бул планетадагылардын бардыгы Ага тиешелүү болгон жана ааламдагы бардыгына ээ болгон сыйлык берет! Ал Ыбрамга: «Мен сага даярдап койгон сыйлыгым чоң!» деп айткан. Чынын айтканда, бул убаданын көлөмүн элестетүү кыйын. Бирок, бул да баары эмес.

Кийинки ойго келбеген чындык, бул - Жараткан элчи жиберген жок - Ал Өзү келди. Кудуреттүү Кудай бул элестетилгис убадаларды бетме-бет берет. Мунун улуулугун элестете аласыңарбы? Буга кандай жооп кайтарышыбыз керек? Ар бирибиз сезе турган толкундануунү, кубанычты, бактылуулукту жана сестенүүнү сөздөр менен билдире аласыңарбы? Бирок, Ыбрайымдын жообу бул сезимдерге жакындаган да жок. Чындыгында, ал кубанып кеткен эмес (жанданып кеткен эмес) эле; ал капа болду!

> «Бирок Ыбрам мындай деп жооп берди: «Оо, Эгедер Теңирим, эгерде менин уулум жок болсо, анда мага берген батаңдын эмне кереги бар?» (Башталыш 15:2).

Анын жообунан наарзычылыкты уктуңарбы? Таң калыштуу! Бирок, Ыбрамдын ынтызарлыгынын жоктугу оң натыйжа бериши мүмкүнбү? Эгерде Ыбрам: «Бул сонун! Баары ушул жерден башталсын!» дегенде бул окуя башкача болмок беле?

Чындыгында, кийинки суроону берген туурараак болот. Эгерде Ыбрамдын жообу ушул болсо, анда Кудай ага көрүнөт беле? Менимче, андай эмес, эмне үчүн болгонун түшүндүрүп берейин.

Айтайын дегенимди тактоо үчүн, Ыбрамдын окуясын бир мүнөткө калтыра туралы. Ысрайылдыктар чөлдө жүргөндөн бир топ жыл өткөндөн кийин, алардын жеке ыңгайсыздыктарынан келип чыккан нааразычылыгы, тилекке каршы, алардын чакырылышына турган. Алардан айырмаланып, элчи Пабыл Кудайга болгон мамилесин:

> «Муну муктаж болгонумдан улам айтып жаткан жокмун, себеби болгонуна ыраазы болууга үйрөнгөм жокчулукта да, молчулукта да жашай алам. Мен бардыгына үйрөнгөм: ачкачылыкка да, токчулукка да, барга да, жокко да көнгөм.» (Филипиликтерге 4:11-12).

Пабыл менен Ыбрамдын жүзү аркылуу Кудай кыйынчылыктарды көтөрүп, өзүн гана ойлобогон адамдарды тапкан. Алардын нааразычылыгынын себеби өзүлөрүнүн муктаждыктары жана каалоолору эмес, башкалардын камын ойлоо болгон.

Төмөнкү принципти эсиңерден чыгарбагыла: эгер нааразычылыктын себеби менин жеке муктаждыгым болсо, анда бул Кудайга жакпайт. Бирок, нааразычылыктын себеби башкалардын муктаждыктары жана Кудайдын Падышачылыгын куруу зарылдыгы болсо, бул Кудайга жагат. Ыбрамдын нааразычылыгы ушундай болгон жана натыйжада эмне болгон? Кудай ага асмандагы жылдыздарды жана деңиздин жээгиндеги кумду көрсөтүп, анын сыйлыгы адамдарга ал санаганга караганда көбүрөөк таасир этет деп убада кылган. Бул Кудайды: «[Мен] Мени менен сенин ортобузда келишим түзүп, сени абдан, абдан көбөйтөм», - деп айтууга түрттү (Башталыш 17:2).

Ыбрам өз жашоосундагы укмуштуудай баталарга ээ болгону менен ыраазы болгондо эмне болмоку? Ал 75 жашында уулдуу болом деп ишенмек беле? Анын нааразычылыгы көбөйтүүгө түрткү болду.

Мен мындай наразычылыкты четке какпаш керек экендигин билдим: бул эффективдүүлүктү жогорулатуу үчүн трамплин болуп эсептелет. Лаодикиядагы жыйын так ушул нерседен кем болгон. Ыйса аларды катуу айыптады, анткени алар: «Мен ... эч нерсеге муктаж эмесмин», - деп ойлошкон (Аян 3:17). Алар адамдар Жакшы Кабарды кабыл албаганына капа болушкан жок, анткени алар өз кызыкчылыгын көздөшкөн жана өзүлөрүнүн молчулук турмуштарында өзүлөрүн жайлуу сезишкен. Натыйжада, алар көбөйтүүнү издешкен жок.

Стэн дал ушул азгырыкка каршы күрөшкөн. Мен да мезгил-мезгили менен ушул азгырыкка туш болуп, аны жеңүү үчүн күрөшүүгө туура келет. Чындыгында, бул дээрлик бардыгыбызда болот.

Кудайга канчалык көп кызмат кылган сайын, ишенген адамдын чын ыкластуу жемиштеринин бири - бул адамдардын жашоосуна Кудайдын Падышачылыгынын таасирин алып келүүгө болгон терең каалоо экендигин түшүнөм. Куткарылган көз ирмемден тартып, биз өзгөрүп, таптакыр башка адамга айланабыз. Кызмат кылууга карата болгон жалындуу каалоо менен биз кайрадан төрөлүп жатабыз. Ыйса мындай дейт:

> «Кызмат кылуу үчүн белиңер курчалуу, чырагыңар күйгүзүлүү болсун» (Лука 12:35).

Теңирибиздин бул көрсөтмөсү, бардык ишенгендер сакташы керек болгон позицияны баса белгилеп турат:

кызмат жана кызмат кылууга умтулгандык. Мен

*«сактоо»* деген сөздү колдондум, анткени ал буга чейинки биздин жаңы табиятыбыздын бөлүгү болуп саналат.

Куткарылуу – бул бекер берилген белек дегенге карама-каршы «иштер менен куткарылууга» кабылып калбайын деген коркунуч үчүн кызмат жөнүндөгү чындыкка көп учурда көңүл кош мамиле кылынып калат. Анткен менен, кызмат «иштер менен куткарылуу» менен эч кандай жалпылыгы жок; ал биздин рухубуздун тубаса каалоосу болуп

саналат. Эмне үчүн жаңы жашообуздун бул маанилүү аспектисин айланып өтүп жатабыз жана анын маанилүүлүгүн төмөндөтүп жатабыз? Машайакчылыкты кайрадан карап чыгуунун заманбап тенденциясы ишенимибизди көбүрөөк керектөөчү гана кылып, ошону менен төмөн түшкөн адамдык табиятыбызга мүнөздүү болгон жалкоолукту шыктандырып коюп жаткан жокпузбу?

Эмне үчүн Ыйса: «Кызматка курчанып тургула» - деди? Эмне үчүн Ал кийимди кызматка салыштырган? Аян китеби бизге төмөнкүдөй жооп берет:

> "Сүйүнөлү, кубаналы жана Аны даңктайлы, анткени Козунун никелешүү убагы келди, Анын колуктусу өзүн даярдады. Ага таза жана жаркыраган зыгыр буласынан кийим кийүүгө укук берилди». Анткени жука зыгыр кийим –Кудайдын ыйык элинин жакшы иштеринин символу болгон» (Аян 19:7-8).

Биринчиден, Кудай колуктуну даярдаган жок, тескерисинче колукту Өзүн өзү даярдаганын көрүп турабыз .Экинчиден, эң негизгиси анын аны кантип жасагандыгы. Ар бир колукту үйлөнүү үлпөтүндөгү кийимдерин тандоодо өтө эле коп убакыт коротот. Бул анын ошол белгилүү күн үчүн эң маанилүү нерселеринин бири. Батыш маданиятында колукту кийимдерин издөөгө жана сатып алууга өтө эле көп убакыт коротот. Кудайдын Падышачылыгында Машайактын колуктусу катары биз дагы той кийимибизди даярдоого көп убакыт сарптайбыз. Бул библиялык үзүндүгө ылайык, биздин жука, зыгыр буласынан жасалган той кийимибиз Падышачылыкты куруудагы биздин кызматыбыз болуп саналат. Ошентип, кызмат биздин руханий ДНК болуп эсептелет. Ыйса мындай дейт: «Атам мени кандай жиберсе, мен дагы силерди ошондой жиберем» (Жакан 20:21).

Ал кызмат кылуу үчүн келген (Марк 10:45ти карагыла) жана биздин милдет ошондой. Ошондой эле, ал кызмат көрсөтүү эмне үчүн маанилүү экендигин мындайча түшүндүрөт: «Ыйса аларга мындай деди: «Менин тамагым – Мени жиберген Кудайдын каалоосун аткаруу жана Анын ишин бүтүрүү» (Жакан 4:34).

Биз физикалык тамак-ашсыз көпкө чыдай албайбыз. Ошол сыяктуу эле, Падышалыкты куруу үчүн кызмат кылган ишенимдүү адам тамаксыз узак жашай албайт жана акыры ишенимден артка кайтат. Ыйса бул тууралуу Луканын 12-бөлүмүндө сөзүн улантат. Так ошондуктан да, ушул кулаган дүйнө системасынын күчтөрү көбөйтүүгө алып келген нааразычылыкты кабыл алуунун ордуна, жашоого канааттанган жана өзүнө өзү таянган көз карашты тандоо үчүн колдон келгендин бардыгын жасап жатат.

Андыктан, урматтуу окурмандар, өзүңөрдүн таасир этүү деңгээлиңерге болгон нааразычылыгыңарды көңүлүңөрдөн чыгарбагыла. Көбүнчө, Кудай муну силердеги кудайлык нерселердин көбөйтүлүшүнө ишенүүгө түрткү берүү үчүн колдонгусу келет.

## МЕНИН НАРААЗЫЧЫЛЫГЫМ

*«Шайтандын* азгырыгы» китеби АКШда гана эмес, башка өлкөлөрдө да популярдуу болгондон кийин, мен ыраазы болдум деп ойлошуңар мүмкүн. Бирок, бул андай эмес. Мен нааразычылык менен башка деңгээлде күрөшө баштадым.

Мен буга чейин чоң жыйындарда жана чоң конференцияларда кабар айтканмын, бирок, менин нааразычылыгым бир кызматта өз билдирүүмдү толук жеткире албагандыгымдан келип чыккан. Бир китеп жазууга 400 сааттай убакыт кетет. Бул билдирүүнү жазып жатканда, Ыйык Рух мага көп нерсени көрсөттү. Бул чындыктарды Кудай Өзү сүйгөндөрдү бекемдеш үчүн, эркиндикке чыгарыш үчүн жана Өзүнө жакындатыш үчүн арнайт.

Көпчүлүк жыйындарда жана конференцияларда кабар айтууга бөлүнгөн убакыт 35-45 мүнөт. Ошентип, *«Шайтандын азгырыгы»* деген темада сүйлөп жатып, мен бир бөлүмдү, эң жакшы дегенде, бир жарым бөлүмдү камтый алмакмын. Бул адамдар билдирүүлөрүнүн 90 пайызын албай жаткандыгын билдирген. Албетте, алар китепти сатып алып окуса болот, бирок адатта, аны чогулгандардын бештен бири гана аткарышат.

Менин нааразычылыгымдын натыйжасында, ушул китеп

жарыкка чыккандан төрт-беш жылдан кийин менде идея пайда болду. Эмне үчүн «Шайтандын азгырыгы» китебине негизделген окуу планын түзүүгө болбосун? Китептеги ар бир бөлүмдүн негизги чындыктарын камтыган 12 отуз мүнөттүк видео сабактарды жаздырып алсам болот. Анан да адамдар, чакан топтордо дагы, өз алдынча дагы, бул билдирүүнү окуп гана тим болбостон, карап жана угуу менен да толугу менен маалымат ала алышмак. Ошондой эле, бул билдирүүнүн натыйжалуулугун арттырмак. Биз Ыйык Рухтун адамдарга тереңирээк тийишине өбөлгө түзгөн жана бул билдирүүнү баары колдоно тургандай кылып, топтук талкууну же өз алдынча изилдөөчү суроолорду түзсөк болот.

Мен бул жөнүндө биздин команда менен талкууладым. Команданын мүчөлөрүнүн бири катышуучулар үчүн эмгек китепчесин түзүүнү, ошондой эле ушул 12 видео сабакты толуктоо үчүн лидерликтин көрсөтмөсүн сунуш кылды. Бул окуу курсун ар кандай шарттарда колдонсо болот.

Биз 2500дөн ашуун кардарларга, анын ичинде АКШдагы ири корпорацияларга ушуга окшош материалдарды жасаган мыкты компанияны таптык. Башынан эле биздин талаптарыбыз мындай болгон: «Жумушка кайдыгер мамиле жасабоо, сапатта эч кандай компромисске жол бербөө жана жаңычылдыктын жогорку деңгээли. Келгиле, стили боюнча дагы, ыкмалары боюнча дагы жылдап алдыга чыгууга аракет кылалы».

«Баса, бир жолу АКШнын бир президентинин аппаратынын кызматкерлери үчүн Ыйык Китепти изилдөөнү өткөрүү мүмкүнчүлүгүн алдым. Мен Ак үйгө Батыш Канаттан кирип, бардык жердеги артыкчылыкка күбө болдум. Ошол күнү мен ойлондум:

> «Мунун бардыгы Кошмо Штаттардын Президентин билдирет; биз болсо, «Мессенджер Интернэшнлде Ааламдын Падышасын көрсөтөбүз.» Башынан эле мыкты деп баса белгилесек дагы, бул окуядан кийин биз эч качан сапатка доо кетирбөөгө жана жумушубузга олуттуулук менен мамиле кылууга убада бердик.

Окуу курсун даярдагандан кийин, биздин эки мүчөнүн

милдеттери кайрадан бөлүштүрүлүп чыгылды; алар толук убакыттагы телефон чалууларын башташты (2000-жылдардын башында, бул дагы эле жыйын жетекчилерине жетүү үчүн мыкты ыкма болгон). Алардын милдети акыркы 10 жыл ичинде биз үгүттөгөн бардык жыйындар менен байланышып, биздин окуу курсу жөнүндө лидерлерге маалымат берүү болчу. Пасторлорду колдоп, жыйын мүчөлөрүн жергиликтүү жыйындарды бекемдөөгө үйрөтүүгө жардам берүү биздин чын жүрөктөн чыккан каалообуз болчу. Ошол мезгилдерде мындай окутуу курстары аз болчу; бул идея али жайыла элек болчу.

Лидерлер бул идеяны колдогондо биз аябай кубандык - алардын үн кошуусу укмуштуудай болду! Бир нече убакыт өткөндөн кийин, жыйындар бизге чакан топторго да, негизги жолугушууларга да катышуу көбөйгөнү жөнүндө кабарлай баштады. Башында бизде 100дөн кем кишилери бар жыйындар гана өз кызматтарында ушул окуу курсун колдонот деп ойлогонбуз. Бирок, жекшембидеги кызматтарында ушул видео сабактарды колдонгон бир нече миң жыйын кызматчылары катышкан бир нече жыйындар болгон жана алар дагы да өскөн. Лидерлер билдиргендей, дем алыш күндөрү майрам күндөрүнө туш келсе, алардын мүчөлөрү кызматка бара албай калгандыктан, кийинки сабакты көрсөтпөөнү суранышкан. Бизге жыйындардан каттар келип түштү, алар жыйындардын саны эки, ал тургай үч эселеп көбөйгөнүн айтышты.

Пасторлор өзүлөрүнүн пастор досторуна жыйындарында жана чакан топторунда эмне болуп жаткандыгы жөнүндө айтып беришти. Ал эми, буга чейин пасторлор өздөрү бизге чалып, ушул окуу курсун сатып алууну каалашкан. Бир нече жылдан бери биздин курсту миңдеген жыйындар колдонуп келишкен - Америка Кошмо Штаттарында 20000ден ашуун жана Австралияда миңден ашуун жыйындар. Биздин жыйындар аралык бөлүмүбүз өсүп, анда толук кандуу иштеген жети кызматкер бар эле. Биз ар дайым өзгөрүлгөн жашоолор, үй-бүлөлөр жана жыйындар жөнүндө күбөлөндүрүүлөрдү алып турдук.

Кийинки бир нече жылдын ичинде биздин кызмат чыгарган ар бир ири китеп үчүн окуу курстарын түздүк. 12 жылдын ичинде биздин кызматтын алкагында 10дон ашуун окутуу курстары болуп өттү, алар Кошмо Штаттардагы жана Австралиядагы жыйындар тарабынан колдонулуп келген.

Бул көбөйтүүнүн биз көрө элек, бирок кийинчерээк байкап калган бир жагы бар болчу. Менин китептеримди эч качан сатып албаган же менин бир дагы насааттарымды укпаган көптөгөн адамдар эми ушул билдирүүлөрдү алышты. Булар ошол жыйындардын жана чакан топтордун мүчөлөрү болушкан, алардын жетекчилери аларды биздин материалдардын жардамы менен окутууну чечишкен.

## «СЕН ИШЕНИМДҮҮ БОЛДУҢ»

Албетте, биз ыраазычылыкка толуп турдук! Сатылган китептердин саны буга чейин бир нече миллионго, ал эми окуу курстары бир нече жүз миңге жетип калган. Бирок, мен дагы деле наразычылык менен күрөшүп жаттым. Мен бул кабарларды Машаяктын денеси үчүн деп билгем. Алар буга чейин чоң жемиш берип жатышса дагы, анда камтылган чындыктарга муктаж болгон көптөгөн ишенгендер бар болчу.

Мен Кудайдан биз сатып жатканга караганда көбүрөөк китептерди таратуу мүмкүнчүлүгүн сурадым. Дүйнө жүзүндө китеп сатып алууга каражаты, ал тургай мүмкүнчүлүгү жок пасторлор, лидерлер жана ишенгендер бар экендигин билчүмүн. Жашаган өлкөлөрүндө машайакчылык китептерди сатууга уруксат бербеген жер астындагы жыйындарда миллиондогон ишенгендер болгон. Андан дагы ар кайсы өлкөлөрдө жашаган ишенгендердин китеп алып кирүүгө мүмкүнчүлүктөрү да жок болчу.

Биз аларга кантип жардам бере алмак элек?

Мен муктаждыктын эбегейсиз чоң экендигин билчүмүн, бирок, ушул пасторлор жана лидерлердин бардыгы менен кантип байланышууга болорун билген эмесмин. Бирок, биз бир нерсе кылышыбыз керек болчу. Биз келген муктаждыктарга жооп бере

баштадык. Биз эл аралык директорубузга, эгерде кандайдыр бир өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн же Жакшы Кабарга карата кастык мамилеси бар өлкөлөрдүн лидерлеринин тобу китеп сурай турган болсо, китептерди белек катары жөнөтөбүз же алардын өлкөсүндө басып чыгарууну уюштуруп, акчасын төлөп беребиз деп көрсөтмө бердик.

Менин нааразычылыгым өсө берди, анткени биз учурдагы муктаждыктын бир аз гана бөлүгүн канааттандырдык - жылына 10 миңден 20 миңге чейин китепти тараттык. Окуу материалдарына болгон чыныгы муктаждыкка салыштырмалуу бул океандагы бир тамчыдай гана сезилди, бирок, биз кандай гана мүмкүнчүлүктү пайдаланып болбосун, аны жыл сайын уланта бердик.

Андан кийин 2010-жылдын Эсте Каларлык күнү (31-май) да келди. Лиза Англияда болуп, ал жерде аялдар конференциясында кызмат кылган. Мен гольф оюнунан жаңы гана кайтып келгем. Мен Ыйык Китебимди алып, Даниел китебин окууга түрткү болуп, биздин жертөлөгө түштүм. Экинчи бөлүмдү окуп жатканда, күтүлбөгөн жерден биздин жертөлөгө Теңирдин Руху толуп кетти, мен жүрөгүмдөн төмөнкүлөрдү уктум: «Уулум, сен англис тилдүү өлкөлөрдө ишенимдүү болуп келдиң. Эми өзүңдү билдирүүлөрүңдү дүйнө жүзү боюнча ар бир пастордун жана лидердин колуна тапшырышыңды каалайм».

Кудайдын бирге болуусу бир нече мүнөткө созулду. Мен коркконумдан жана таң калганымдан, ал алынганга чейин турдум. Ошол күнү өзгөрүү болгонун билдим. Биз мындан ары жөн гана жолуккан мүмкүнчүлүктөрдү колдонбошубуз керек болчу; биз Кудайдын тапшырмасын алдык. Эми биз жашаган өлкөсүнө, тилине жана каржылык абалына карабастан, муктаж болгон пасторлорду жана лидерлерди атайылап издей турган болдук.

Менин көңүлүмдү бурган нерсе, Ыйык Рухтун *«ишенимдүү»* деген сөздү колдонгону болду. Ал кезде мен ишенимдүүлүктү көбөйтүү менен байланыштырган эмесмин - бул чындык мага али ачыла элек болчу. Эгерде Ыйык Китептеги ишенимдүүлүктүн аныктамасы жөнүндө сурашса, мен албетте *«көбөйтүү»* деген

сөздү эскермек эмесмин. Биздин үйдүн жер төлөсүндөгү Ыйык Рухтун сөздөрү менин жүрөгүмдүн ушул чындыкка ачылышына түрткү болду. Мен муну билгем, мен Кудайдан уккан элем, бирок дагы деле болсо биздин кызмат мындай оор тапшырманы кантип аткара алат деп ойлонуп жүргөм.

Лиза экөөбүздүн илгертен бери келе жаткан Роб Биркбек аттуу досубуз бар, ал белгилүү бир Жакшы Кабар таратуучу менен чоң эл аралык кызматта иштеген. Роб ушул кызматтын башкы директору болгон, ошондой эле Жакшы Кабар таратуучунун китептерин басып чыгарып, тараткан. Ошондуктан, Роб дүйнөнүн дээрлик бардык өлкөлөрүндө жарчылар жана пасторлор менен жакшы байланышта болгон. Ошентип, Роб ал кызматчы пенсияга чыккандыгына байланыштуу жумушсуз калган эле. Лиза экөөбүз Робду жана анын жубайы Ванессаны командабызга кошулууга чакырдык, анткени биз жакында эле эл аралык директорсуз калган болчубуз. Бул өнөктөштүк кандай таасир этерин эч кимибиз билген жокпуз.

2011-жылдын январь айы келди. Биздин конференция залында биздин кызматтын бөлүм башчылары менен жолугушуу өткөрдүм, ага Роб жана Ванесса дагы катышты. Бул жолугушууда мен:

- Өткөн жылы чет мамлекеттердеги пасторлорго жана жетекчилерге канча китеп тараттык? - деп сурадым.

Биздин бригаданын мүчөлөрүнүн бири жылдык отчетун карап, мындай деп жооп берди:

- Отуз үч миң китеп.

Ал оң жооп угам деп ойлогон, бирок жок. Мен эми нааразычылыгымды баса албай турдум.

- Болгон баары ушулбу?

Андан кийин менин оозумдан төмөнкүлөр чыкты:

- Быйыл биз өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдөгү жана Жакшы Кабарга карата кастык мамилеси бар өлкөлөрдүн пасторлору жана лидерлери үчүн 250 000 китеп таратабыз.

Бөлмөдө жымжырттык өкүм сүрүп турду. Кийин Лиза мага ошол маалда ал ашказанынан жогору көтөрүлүп чыккан тамактын

даамын сезгенин айтты (анын тамашасы укмуштай).

Биринчи болуп биздин улуу уулубуз болгон биздин аткаруучу директор сөз сүйлөдү:

- Ата, - деди Эдисон, - сиз ушунча китеп таркаткыңыз келгенине ишенимдүүсүзбү?

- Ооба, албетте, - деп олуттуу жооп бердим.

Кийинки 20 мүнөттө ал мага суроолорду бере берди. Унчукпай гана угуп тургандардын бардыгынын алдында мен анын чакырыктарына жооп берип жаттым. Ал абдан эле сый-урмат менен сүйлөп, бирок менин буйругумдун мүмкүн эместигин такай далилдеп жатты. Акыр-аягында, ал үмүтсүздүккө толгон үн менен минтип айтты:

- Мен биздин командага жөн гана реалдуу эмес максат бергим келбейт!

Мен мындан ары ага чыдагым келген жок. Столду муштумум менен тарс уруп туруп, катуу жарыяладым:

- Мен быйыл 250 миң китеп таратканы жатабыз дедим!

Бөлмөдө жымжырттык өкүм сүрүп турду. Көп өтпөй жолугушуу аяктап, бардыгы жагымсыз сезим менен ордуларына кетишти.

Эртеси эртең менен, биз жалгыз калганда, уулум:

- Мени менен ошондой сүйлөшкөнүңүз үчүн, мага бир аз ыңгайсыз болду, - деди.

Биз экөөбүз тең бул кезде тынчтанып жана жарашууну каалап калган элек.

-Балам, биздин команда салым кошкондо, мен аны жакшы көрөрүмдү билесиң, - деп жооп бердим. - Мен, адатта, акыркы чечимди кабыл алаардан мурун, ар кимдин сунуштарын жана ойлорун таразага салам. Бирок, кечээ башкача болчу. Баарыңардан «250 миң китеп таратышыбыз керек деп ойлойсуңарбы?» же «Кийинки жылы канча китеп таратышыбыз керек деп ойлойсуңар?» деп сураган жокмун. Биз аны жасайбыз дедим! Бирок, сен мени менен 20 мүнөт талаштың.

Ал муну мойнуна алып, макул болду, бирок, тынчтык жолу

менен акыркы өтүнүчүн айтты:

- Ата, ушул үчүн жакынкы 24 сааттын ичинде сыйына аласызбы? Эгер андан кийин дагы деле биз муну жасашыбыз керек деп эсептесеңиз, анда биздин команда аны ишке ашыруу үчүн болгон күч-аракетин толугу менен жумшайт.

-Албетте, - деп жооп бердим.

Чынын айтсам, мен өзгөчө бул тууралуу сыйынган деле жокмун! Мен өзүмдүн сөзүмө туруу үчүн кыскача сыйындым, бирок, буга чейин үйүбүздүн жер төлөсүндө Кудай менен болгон жолугушуудан улам, муну так ушундай жасаш керек экендигин билген элем.

«Сиз тынчсызданып жаттыңызбы?» деп сурашыңар мүмкүн. Шектенбей эле койсоңор болот:

Мен дээрлик үрөйүм учуп турду! Каржы кайдан келиши мүмкүн деп ойлонууга мүмкүнчүлүк берген жокмун. Эгерде мен ушул жолго түшүүгө мүмкүнчүлүк берсем, анда балам менен тез эле макул болуп, китептердин санын «акылга сыярлык» кылып өзгөртмөкмүн. Чейрек миллион максатка жетүү мүмкүн эместей сезилди, бирок, мен алган багытка бекем турдум. Биз же чыгармачыл стратегияны, же сонун камсыздоону аларыбызды билгем. Эки нерсенин бири эмес, экөө тең бир учурда болуп кетерин да кайдан билмек элем!

Үч жумадан кийин мен Флоридадагы мейманканалардын биринде жаңы китеп жазып жаткам. Биздин команда эртең менен мен жазып жатканда мага чалбаш керектигин билишет, анткени ушул убак мен үчүн акыл топтоо үчүн эң ыңгайлуу учур. Телефонум шыңгырап калды, анан мен чалуулар кеңседен экенин көрдүм.Мен жооп беришим керек болчу, анткени шашылыш же маанилүү нерсе болушу мүмкүн болчу. Байланыштын аркы жагынан кубанычтуу үндөрдү уктум. Үч жума мурун ошол чыңалган жолугушууга катышкан адамдар мен аларды чогулткан бөлмөдө болушуп, көңүл ачып, күлүп жатышкандай сезилди.

Эдисон минтип айтты:

- Ата, биз каржы өнөктөштөрүбүзгө расмий почта тизмесин

жиберип, 250 000 китеп таратабыз деп айткан жокпуз, бирок биздин команданын мүчөлөрүнүн бири тааныш адамы менен сүйлөшүп, анан ал адам биздин пландарыбызды билгенден кийин, ушул долбоор үчүн 300 000 доллар берем деп убада берди!

Ошол убакка чейин биздин кызмат бир адамдан эң чоң кайрымдуулук иретинде 50 000 АКШ долларды алган болчу. Эми менда шаттанууга кошулдум! Көптөгөн таң калыштуу, кубанычтуу сөздөрдөн кийин мен баарына:

- Эми силер эмне үчүн үч жума мурунку жолугушууда ушунчалык өжөрлүк менен сүйлөгөнүмдү түшүнүп жатасыңарбы? - дедим.

Менин уулум күлүп, тез жооп берди:

- Ата, сиз бир миллион китеп таратышыбыз керек десеңиз да, мен баардыгы үчүн макул болом!

Калгандары анын сөздөрүн чын жүрөктөн тастыкташты.

Ошол таңды мен эч качан унутпайм. Телефонумду коюп коюп, андан ары жаза албай калдым. Болгону мейманканамдын бөлмөсүндө басып: «Рахмат! Рахмат сага! Рахмат сага!» деп айтып жаттым. Ошол убактарда көзүмдөн жаш агып жатты. Менин жүрөгүмдө руханий жактан ачкачылыкка дуушар болгон пасторлор жана лидерлер өзүлөрүнө абдан керек болгон шакиртчилик үчүн материалдарды алып жатышкандыгын гана көрө алдым.

Мен Эдисондун чын жүрөктөн сүйлөп, мага суроолорду бергенине абдан ыраазымын. Ал өз оюн жашырбай, ошол жолугушууда отурган ар бирөөнүн эмне сезип жаткандыгын айтып бергенине кубанычтамын. Кыязы, алар Эдисондун суроолорунда өзүлөрүнүн тынчсыздануулары кандайча айтылгандыгын угушкан жана ушул ойлордун баарына туруштук берүү керек эле. Бул окуя бизди коркуу сезими менен бетме-бет келтирди. Эгерде мен ушул коркууларды уксам, анда алар бизди багытыбызды өзгөртүп, мүмкүнчүлүктөрүбүздүн чегинде гана болууга мажбурлашмак. Биздин аяныбыз өчүп, солгундап, мындай чоң жана марттык менен берилген жардамды албай калмакпыз. Балким, биз 50 000 китепти жайылтып же болбосо, белгисиздик менен эле кала бермекпиз.

Биз алдыга максат койдук; Ыйык Рух аны угуп, андан кийин өзгөчө кайрымдуулук кылуу үчүн, ал адамдын жүрөгүн козгогон. Команда катары, биз ишенимдин жаңы деңгээлине көтөрүлдүк.

Ошол жылы биз Кудайдын ырайымы менен дүйнөнүн 48 өлкөсүнө, анын ичинде Иран, Ирак, Сирия, Ливан, Өзбекстан, Казакстан, Түркмөнстан, Хорватия, Албания, Египет, Вьетнам, Мьянма, Камбоджа, Кытай, Монголия, Түркия, Африка ж.б.у.с. муктаж болгон көптөгөн өлкөлөрдүн пасторлору жана лидерлери үчүн 271 700 китеп таратканбыз. Мурунку жылдары биз он миңдеген китептерди тараткан болсок, эми бул чейрек миллионго жеттик. Биздин эффективдүүлүгүбүз сегиз эседен ашык өстү. Кудайга даңк - бул чоң көбөйтүү!

## КӨБҮРӨӨК НАРААЗЫЛЫК

Мындан көп болушу мүмкүнбү?

2011-жылдын май айында, биздин конференц-залдагы тирешүүдөн төрт ай өткөндөн кийин, Роб экөөбүз Ливандын борбору Бейрутта болдук, анда Жакынкы Чыгыштын ар кайсы бурчунан келген пасторлорго жана жетекчилерге кызмат кылдык. Кызматтардын ортосунда Роб мага бир өтүнүч менен кайрылды:

- Ирактын Эрбил шаарынан келген бир пастор сени менен бир аз маектешкиси келет. Аны менен таанышкың келеби?

- Албетте!

Роб мейманкананын фойесинде жолугушуубузду уюштурду. Ал болжол менен 35 жаштардагы, көзүндө от жана умтулуусу бар жаш пастор. Анын Падышалыкты курууга олуттуу караганын байкадым. Ал кызматка белин курчап алып келген эле жана анын чырагы жаркырап күйүп турду! Ал Эрбилден бир гана максат менен келген - окутуу жана адамдар менен жолугушуу аркылуу өзүн бекемдөө. Мен дароо эле анын алга умтулган жана жаңыланган лидер экендигин түшүндүм, ал жоголгондорго кантип жеткиликтүү болуунун маанилүүлүгүн түшүнгөндүгүн билдим.

Биздин баарлашуубуз жеңил жана жагымдуу баарлашуу катары

башталып, акыры олуттуу сүйлөшүүгө айланды. Ал мага минтип айтты:

- Пастор Бивер, мен сизди рухий ата деп эсептейм. Сиздин жазганыңыздын бардыгын окуйм (менин китептеримдин айрымдары гана анын тилине которулган эле, бирок, ал англис тилин билген). Ал тургай, «Мессенджер Интернэшнл» веб-сайтынан материалдарыңызды жүктөө үчүн банк картасын колдоном...

Ошол учурда үстүмө муздак суу куюлуп кеткендей болду. Андан кийин эмне жөнүндө сүйлөшкөнүбүз эсимде жок. Менин акылым кыйкырып жатты:

*«Мен Ирактан, кыйроого учураган жана согуш жүрүп жаткан* өлкөдөн келген пасторду карап жаттым жана ал өзүнүн банктык картасын биздин сайттан материалдарды алуу үчүн колдонушу керекпи?» Мен Теңирибиз менен жалгыз калып, ага ушул шашылыш муктаждыкты сунуштоону күтө албай турдум.

Аны менен коштошуп, түз эле бөлмөмө кирип, эшикти жаптым. Мен ушунчалык капа болгонумдан, кыйкырдым:

- Кудай, мага тапшырган билдирүүлөрүңдү, дүйнө жүзү боюнча аларга - муктаж болгон пасторлорго жана лидерлерге кантип жеткиришим керектигин көрсөтүшүң керек!

Чындыгында коңшу бөлмөдө ким бар экенине маани берген жокмун. Мен стратегияны асмандан угуп, Анын тапшырмасын кандайча аткарып, бул материалдарды дүйнө жүзүнүн лидерлерине өткөрүп берүүнү түшүнүшүм керек болчу.

Ушул катуу сыйынуудан бир нече күн өткөндөн кийин, мага бир ой келди. Бул идея мага кызматты бир нече эсе, атүгүл көп эсе, кошумча жумушсуз жана кошумча чыгымсыз натыйжалуу болууга жеткирүүгө жардам бере турган стратегияны берди.

Бул сонун идея болчу ... жана ал Кудайдын акылмандыгы менен гана берилмек. Бул ушунчалык жеңил болгон, бирок буга чейин биздин оюбузга эч келген эмес. Окууну уланта бергиле!

## ОЙ ЖҮГҮРТКҮЛӨ

1. Көңүл калуу же нааразычылык көбүнчө биздин ишенимибиздин көбөйүшүнө түрткү болот. Кудай силердин жашооңордун белгилүү бир чөйрөсүндө өсүшүңөрдү талап кылып жатабы? Эгер ошондой болсо, анда анын түрткүсүнө кандай жооп кайтарасыңар?

2. Эгерде силердин жеке муктаждыгыңар нааразычылыктын себеби болсо, анда бул Кудайга жакпайт. Бирок, нааразычылыктын себеби башкалардын муктаждыктары жана Кудайдын Падышачылыгын куруу муктаждыгы болсо, бул Кудайга жагат. Силердин нааразычылыгыңардын себеби эмнеде?

3. Менин 250 000 китеп менен болгон окуям жөнүндө ойлонуп көрсөңөр. Кудайдын убадаларын алуу жана көбөйүүнүн жаңы деңгээлине жетүү үчүн эмне үчүн ишеним өтө маанилүү? Башкалар сени менен макул болбогон учурда дагы, Кудайга баш ийүү эмне үчүн маанилүү?

# MessengerX

***Күнүмдүк шакирттик үчүн сиздин колдонмоңуз***




## Таптакыр бекер!

Мобилдик түзмөгүңүзгө жөн гана жүктөп алып, колдонууну баштаңыз! Же сайттагы веб-версиясын колдонуңуз:

**MessengerX.com**

### 110 + тилдер жана бул да чек эмес

- 110дон ашуун тилге которулган материалдарды дароо көрө аласыз.
- Ошондой эле, биз ар дайым жаңы которулган материалдарды толуктап турабыз.

# Көрүңүз. Окуңуз. Угуңуз.

Кеңири каражаттардын китепканасын изилдеңиз: курстарды, электрондук китептерди, аудиокитептерди, кыска метраждуу фильмдерди жана башка көптөгөн нерселерди көрүп, окуп жана уга аласыз.






### Сизге жага турган дагы да көбүрөөк мыкты функциялар бар!

- Бул материалдарды бөлүшүүгө жардам берүүчү жөнөкөй жана жеңил шаймандар.
- Сиздин сүйүктүү смарт сыналгыңыздан көрүү үчүн Chromecast жана AirPlay.
- Бардык түзмөктөрүңүздөгү жетишкендиктериңизди сактаңыз. Өзүңүзгө жаккан материалдарга тез жетүү үчүн, аларды китепканаңызга сактап коюңуз.
- Офлайн режиминде көрүү үчүн түзмөктөрүңүзгө материалдарды жүктөп алыңыз.
- Сиз издеп жаткан нерсенин так өзүн табуу үчүн акылдуу издөө жана чыпка.





### Өтө маанилүү багыттардагы өсүш

Үй-бүлө, жакшы мамилелер, жашоодогу максат, порнографиядан эркин болуу, ишенимди бекемдөө, Кудайдын үнүн угуу, бизнес лидери жана башка ушул сыяктуу темаларды изилдеп көрүңүз!

### Сиздин өсүшүңүзгө карай жол

MessengerXтин максаты жашоодогу кийинки кадамды жасоого жардам берүүгө багытталган. Биз ошол жолдо калууңузга жардам берүүчү шакирттик жолду жана күчтүү куралдарды иштеп чыктык.




**1** **MessengerX** тиркемесин Apple Store жана Google Playден жүктөп алыңыз

**2** Аккаунт ачып туруп, тиркемени өз тилиңизде колдонуңуз

**3** Өзүңүзгө жаккан каражаттарды карап, окуп, көрүп, угуп, жүктөп алыңыз да жана башкалар менен бөлүшүңүз

## Шакирт болгула, шакирт даярдагыла

MessengerXтин бир бөлүгү катары, сиз которулган каражаттарды дүйнө жүзүндөгү адамдарга жеткирүүгө жардам бересиз.

***Анткени ар бир адам билүүгө татыктуу!***


MessengerX

Download on the App Store

GET IT ON Google Play

MessengerX.com

*Эгер эмне кылууну билбей жатсаңар, Атаңарга сыйынгыла. Ал жардам бергенди жакшы көрөт.*

–Жакып 1:5.

# 8

# Стратегиялык идеялар

Жыл өткөн сайын мен шыктандырган стратегиялык идеянын эбегейсиз баалуулугуна көбүрөөк ишенип келем. Көбүнчө биз Кудайдын берген чарасы жана кийлигишүүсү тактикалык плансыз келет деп күтөбүз, бирок, эреже боюнча алып караганда андай эмес. Анын ордуна, Кудайдан шыктандырылган стратегиялык идеялар келет! Бул чындыкты тастыктаган библиялык мисалдар көп, бирок, алардын айрымдарын гана белгилеп кеткенге уруксат эткиле:

- Стратегиялык идея - миллиондогон адамдар ичишсин үчүн, жыгачтын бир бөлүгүн ачуу сууга ыргытуу (Чыгуу 15:22-25ти карагыла).
- Дагы бир шыктандырылган идея - миллиондогон адамдарды суу менен камсыз кылуу үчүн асканы уруу (Чыгуу 17:5-6ны карагыла).
- Стратегиялык идея - алты күн бою күнүнө бир жолу чыңдалган шаардын алынгыс дубалдарын унчукпай айланып өтүү. Андан кийинки стратегиялык идея, жетинчи күнү, шаарды сурнай тартып, жети жолу айланып чыгып, андан кийин катуу үн менен кыйкыруу. Максат - шаарга кирип, аны басып алуу (Жашыя 6ны карагыла).
- Стратегиялык идея - он миңдеген аскерлерге булактан суу ичүүгө буйрук берүү менен мыкты жоокерлерди аныктоо, андан кийин сууга көз салгандарды, көзүн майдан

талаасынан албай суу ичкендерден бөлүү (Башкаруучулар 7:4-6ны карагыла).

- Стратегиялык идея - душмандын алдынан чыкпай, алардын армиясын айланып өтүп, алардын артындагы токойго жайгашып, тыт жыгачтарынын үстүнөн бирөөнүн басып келе жаткандай болгон дабышын угаары менен жөнөө, анткени, бул нерсе согушууда жардам Теңирден экенин түшүндүрөт (Падышалар 5:22-25).
- Стратегиялык идея - катуу ачкачылыкта, жесир аялдан жана анын уулунан өзүлөрү жебестен, акыркы тамактарын пайгамбарга берүүсүн сурануу. Алар баш ийишип, башка көптөгөн үй-бүлөлөрдөй ачкачылыктан өлүшмөк эмес (1 Падышалар 17:8-15ти арагыла ).
- Стратегиялык идея - эки уулун карызы үчүн алдыра турган жесир аялдан үйүндө эмнеси бар экенин суроо. Андан кийин бош идиштерди коңшуларынан алдырып, аларды өзүндө болгон бир гана зайтун майына толтуруп, майдын бардыгын сатып, карызын төлөп берүүсүнө буйрук беруу (2 Шемуел 4:1-7).
- Стратегиялык идея - Оорусу бар аскер башчысын Иордан дарыясына жети жолу чумкуп келүү үчүн жиберүү, натыйжада анын толугу менен айыгып кетүүсү (2 Падышалар 5:1-19ду карагыла).
- Стратегиялык идея – армиянын алдына даңктоо жана табынуу тобун жиберип, укмуштуудай жеңишке жетишүүсү (2 Жылнаама 20:21-26ны карагыла).
- Стратегиялык идея - ден-соолукту чыңдап, жакшы көрүнүп, өлкөнүн мыкты жаштарынын катарына кошулуп жана өзгөчөлөнүп туруу үчүн падышанын дасторконундагы мол тамактын ордуна жашылча-жемиштерди жегендик (Даниел 1:8-16 карагыла).
- Стратегиялык идея - мыкты шарапты алуу жана үйлөнүү үлпөтүн сактап калуу үчүн суу идиштерин жана таза сууну колдонуу (Жакан 2:6 -10).

- Стратегиялык идея - кичинекей тамакты алып, ага бата берүү, бөлүү жана бөлүштүрүү, миңдеген адамдарды тамактандыруу (Матай 14:13-21ди карагыла).
- Стратегиялык идея - түкүрүп, түкүрүктөн ылай жасап, көзү азиз адамдын көзүнүн үстүнө коюп, анын көзүнүн көрүп калуусу үчүн, ылайды жууп келүүгө жиберүү (Жакан 9:6-7ни карагыла).
- Стратегиялык идея - чөгүп бараткан кемени таштап кетпөө, ал кемедегилердин бардыгын сактап калган (Элчилер. 27:21-44тү карагыла).

Ушул учурлардын ар бириндеги шыктандырылган ойлор Кудайдын кийлигишүүсүнө алып келген. Силер алардын ар биринен жалпы белгилерди көрө аласыңарбы? Бул стратегиялар адамдар буга чейин болгон нерсени колдонушу керектигин же башкача бир нерсе жасашы керектигин билдирген. Кандай гана болбосун, Кудайдын кам көрүүсү тааныш нерсеге оролгон. Башкача айтканда, кереметке алып баруучу негизги элемент сыйкырдуу түрдө пайда болгон жок.

Көп учурда Кудай адаттагы нерселерди адаттан тыш натыйжаларга жетүү үчүн, адаттан тыш жол менен кантип колдонууну көрсөткөн стратегияларды берет. Ошондуктан, дем берүүчү идея абдан маанилүү. «Акылмандыкка ээ болуу - бул эң маанилүү нерсе» деп жазылган (Накыл сөздөр 4:7). Кудайдын акылмандыгынын бир түрү - бул стратегиялык идея, анан бул тууралуу жакшы кабар, Кудай бул акылмандыкты аябагандыгында. Качан биз башка кыйынчылыктарга туш болгонубузда, элчи Жакып бизге мындай дейт:

> «Эгерде силерге акылмандык [стратегиялык идея] керек болсо, биздин берешен Кудайыбыздан сурагыла, ошондо Ал силерге берет. Ал силердин өтүнүчүңөр үчүн силерди жемелебейт» (Жакып 1:5 төрт бурчтуу кашаадагы түшүндүрмөлөр меники).

Ал аны ачык эле, силерден жашырбай эле көрсөтөт. Бул Анын убадасы. Бирок, шыктандырылган стратегиялык идеяны алуу үчүн эки шартты аткаруу керек:

«Жөн гана сурап, ишенимдүү ишеним менен бекемделип, алаарыңа күмөн санабай эле кой. Анткени, күмөн санаган адам бир мүнөткө ишенип, бир мүнөткө ишенбейт. Чечкинсиздик сизди шамал айдаган деңиз толкунуна окшотуп салат. Сиз бир мүнөт өйдө туруп, кийинки мүнөткө кулап түшөсүз. Өзүңүзгө ишенбей, тартынып турганда, өзгөрмөлүү болуп каласыз. Ушул абалда жүргөндө, чындыгында эле Теңирден бир нерсе алам деп үмүттөнө аласызбы?» (Жакып 1:6-8).

Биз ишенимдүү ишеним менен сурашыбыз керек. Биз тактикалык идеяны алабыз деп үмүттөнбөйбүз – биз ага толугу менен ишенебиз. Ошондой эле, бизде умтулуу болуш керек, биз эмнени сурасак - аны абдан каалашыбыз керек. Биздин өтүнүч кайдыгер, сезимсиз мамиледен келип чыккан жок: «Эгер мен аны алсам, сонун; эгер жок болсо, анда эч нерсе эмес». Алуу үчүн, көңүл чөгүү сезимине жана күчтүү чечкиндүүлүккө ээ болуш керек.

Стратегиялык идея - бул Кудайдын белеги, биз аны алаарыбыз менен ал бизге натыйжалуулуктун кийинки деңгээлин ачат. Ал көбөйтүү үчүн бизге күч берет.

## ШЫКТАНДЫРГАН, СТРАТЕГИЯЛЫК ИДЕЯ

Бейруттагы мейманканада ошол сыйынууга кайтып келгенде, мен өз бөлмөмдө тынч сыйынган жокмун; мен жөн гана анте алган жокмун. Мен айласыз болчумун жана эч кандай идеяларым да жок болчу, бирок, руханий ачкачылыкка муктаж болгон пасторлорго материалдарды берүү милдети мага жүктөлгөнүн билдим. Мейманканалардын бөлмөлөрүндө кыйкырган адатым жок, бирок чынын айтсам, ал күнү мени ким угат деп ойлогон жокмун. Бул биздин эффективдүүлүгүбүздү көбөйтүү үчүн стратегияга (акылмандыкка) зар болгон кыйкырык эле.

Бир азга созулган жалындуу сыйынуудан кийин, жүрөгүмө тынчтык орноду. Менин өтүнүчүм угулгандыгын билип, жеңилдеп

калгандыктан, жооп болоруна ишендим. Жүрөгүмдөн ыраазычылык төгүлүп жатты, бирок, менде стратегиялык идея же план жок болчу.

Бир нече күндөн кийин мен ойлодум: *«Биз китептерди басып чыгарууга жана жайылтууга көп убакытты, акчаны жана энергияны сарптайбыз, бирок ар бир жетекчи бирден гана материал алат. Эмне үчүн биз бир нече жыл мурун англис тилиндеги материалдар менен жасаган нерсени жаса*й албайбыз? Эмне үчүн лидерлер үчүн башка тилдерде толук даярдык курсун даярдабайбыз? Биз жалпы эффективдүүлүгүбүздү көбөйтөбүзбү*!»*

Бирок, бир чоң тоскоолдук бар эле; ушунча материалдарды кантип басып чыгарып, жайылта алмак элек? Бул материалдардын бардыгын басып чыгаруу үчүн акча төлөгөн күндө дагы, биздин көпчүлүк максаттуу өлкөлөрдүн таратуучулары мындай көлөмдөгү жана салмактагы материалдарды ташый алышмак эмес, анткени көпчүлүк таратуулар токойлордо, тоолордо, чөлдөрдө же суу жолдорунда болот. Мындай жерлерге жетүү кыйын, көп учурда жакшы төшөлгөн жолдор жок. Мындан тышкары, Жакшы Кабарга каршы чыккан өлкөлөрдө таратуучуларды бийлик оңой эле таап, бардык материалдарды тартып алат.

Дагы бир жолу абдан сыйынып, ойлонгондон кийин дагы бир идея пайда болду – DVD-дискке толук курсту кошуу (анда компьютерлерде окуу үчүн гана маалыматтар бар). Бирок, жаңы суроолор пайда болду. Биз максат кылып жаткан өлкөлөрдөгү пасторлор жана лидерлер компьютерлерди колдонушабы, эгерде колдоно алышса, анда алар DVD-дисктерди компьютерлеринен көрө алышабы? Дагы бир такыр башка мүнөздөгү суроо: бир DVD-дискте окуу курсунун бардык материалдарын батыра турган орун жетиштүүбү?

Мага жооптор керек болуп, биринчи кезекте Робдон сурадым. Ал биздин максаттуу өлкөлөрдүн техникалык мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө эң жакшы билүүчү, анткени, ал 160тан ашуун өлкөлөрдү кыдырган эле. Мен андан сурадым:

-Дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрүндө пасторлор жана лидерлер бай болбосо дагы, компьютерлерди колдонушабы?

- Ооба, мындай мүмкүнчүлүк саналуу гана өлкөлөрдө жок.

- Алар DVD-дисктерди өз компьютерлеринен көрө алышабы? Андай болсо, бир DVD-дискке канча материал батыра алабыз?

Робдун жүзү жаркып, мындай деп жооп берди:

- Ооба жана экинчи суроо боюнча, менимче, жетишерлик эле көп материалдарды батырабыз.

Мен идея менен бөлүштүм:

- Китептин арткы мукабасынын ички бөлүгүнө пластикалык DVD-диск салынган конвертти чаптасак болобу?

- Ооба! - деди ал жандануу менен.

Роб муну менен алектенип жана бир нече күндөн кийин жооптор менен кайтып келди.

- Менин сонун жаңылыгым бар. Китептерди басып чыгарууга жана жайылтууга кеткен орточо чыгымды эске алганда, DVD-дискти кошкондо биздин чыгымдар беш гана пайызга жогорулайт.

Көңүлүм көтөрүлүп, бирок, бир аз унчукпай койдум, анткени DVD-дискте канча материал бардыгын билбейм. Роб сөзүн улады:

- Белгилей кетчү нерсе, DVD-дискте окуу программасы гана эмес, аудиокитеп, дагы башка бир нече китептер, Жаңы Келишим жана китептин PDF файлы сакталат (ошондуктан, жергиликтүү пасторлор эгерде ошондой мүмкүнчүлүктөрү болсо, дагы көп китеп басып чыгара алышат).

Эгерде эч нерсе айтпай турган болсок, анда, биз жөн гана шаттанып, кубандык.

Бул бизди максаттуу өлкөлөрдүн техникалык мүмкүнчүлүктөрүнө байланыштуу болгон дагы бир стратегиялык идеяга алып келди. Мен минтип сурадым:

- Бул өлкөлөрдүн көпчүлүгүндө Интернет барбы?

- Көпчүлүк өлкөлөрдө, «ооба»,- деп жооп берди Роб.

- Ушул которулган материалдардын бардыгын камтыган веб-сайт түзсөкчү? Машайакчылардын веб-сайты катары көрүнүп калбашы үчүн, аны биз байкалып калбагандай кылып атайбыз; Ошентип, библиялык окууга каршы болгон өкмөттөр ага тоскоол болбойт.

Биз тараткан китептерибиздин биринчи бетине ушул веб-сайт жөнүндө маалыматтарды кошуп, пасторлордон жана лидерлерден өз элдеринен ушул ресурстардын бардыгын бул веб-сайттан акысыз жүктөп алууну сурансак болот, ошондо бүт жыйын чогуу окуй алышат.

Биз момпосуйлар дүкөнүндө турган эки баладай болдук - толкунданганыбызды баса албай калдык. Бул стратегияны бекемдөөгө жардам бере турган жаңы идеяларды айта бердик.

Бардык керектүү изилдөөлөрдү жана эсептөөлөрдү жүргүзгөндөн кийин, чоң тираждын жардамы менен, ушул «лидерлер үчүн комплекттердин» бир нускасын дээрлик төрт долларга гана жасап, тарката аларыбызды байкадык. Биздин «Мессенджер» тобу веб-сайтты түзүү үчүн керектүү билимдерге жана көндүмдөргө ээ болушкан.

Көп өтпөй, биздин команда асмандан келген бул идея бизге жеке лидерлерди эле эмес, бүтүндөй жамааттарды жана үй топторун окутууга, даярдоого жана бекемдөөгө мүмкүнчүлүк бергендигин түшүнүштү. Дүйнө жүзүндөгү көптөгөн чакан айылдарда бир эле жыйын бар, бул демек, биз бир нече долларга бүтүндөй жамаатка олуттуу таасир эте алабыз дегендик. Инвестициянын кандай кайтарымы бар! Бул дагы мүмкүнбү?

«Мессенджер» кызматынын башчыларынын кезектеги жолугушуусунда биз ушул көз караш менен бөлүштүк. Бардык катышуучуларга биздин шыктануу жукту; биз Кудай бизге ишенип берген бул планетадагы ар бир машайакчы жетекчиге жетебиз! Мен шыктануу менен мындай дедим:

- Канча убакыт талап кылынганы маанилүү эмес - 10 жыл, 20 жыл же андан көп, биз Кудай ишенип тапшырган материалдар менен бул планетанын бардык машайакчы лидерлерине жетебиз!

Бир айдан кийин Техастан бир ишкер биздин кеңсеге чалды. Ал Лиза экөөбүздөн 15 мүнөттүк жолугушууну суранды. Ал аялы менен Колорадо штатына учуп келишти. Биздин жолугушуубузда ал ыйлай баштады. Ал көз жашын төгүп:

- Мен силердин эмне кылып жатканыңарды билем. Силер алыскы өлкөлөрдөгү койчуларды өз материалдарыңар менен

бекемдеп жатканыңарды билем. Мен анын бир бөлүгү болгум келет.

Ушуну айтып, чекти столдун үстүнө койду да, мени көздөй жылдырды. Мен отургучтан кулап кете жаздадым: бул 750 000 долларлык чек болчу.

Бир нече айдын ичинде биз ресурстук веб-сайтты иштеп чыгып, лидер комплектинин планын дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүндө жана аймактарында ишке ашыруу үчүн көп аракет жасадык.

Материалдарды - китептерди, тиешелүү окуу программаларын жана DVD-дискке ар бир тил үчүн кошулган кошумча китептерди которуу үчүн бир жолку төлөм жасадык. Роб көптөгөн тилдерде мыкты котормочулардан турган топторду жалдап, башкарган. Жалпысынан миллион доллардан ашуун сумманы түзгөн бул эки берешендик биздин биринчи жылга кеткен чыгымдарыбызды жапты.

## КОМАНДА КУРУУ ТУУРАЛУУ ИДЕЯ

Келгиле, мен 250 000 китеп таратуу чечимин кабыл алгандан бир нече күн өткөндөн кийинки 2011-жылдын январь айына келели. Бул эки чоң кайрымдуулук жардамы али келе элек жана бул дароо болбогондугуна кубанычтамын, анткени каражаттын жетишсиздиги мени стратегия алуу үчүн күн сайын эртең менен Кудайды издөөгө түрттү. Бизге өз көз карашыбызды кандайча жеткирүү керектиги жана ушул ири ишкананы колдоо үчүн чоң команда түзүү планы керек болчу. Ушунун аркасында биз бардык пасторлорго жана жетекчилерге алардын тилине, жайгашкан жерине жана каржылык абалына карабастан, материалдарды бере алмакпыз.

Бир нече таңкы сыйынуудан кийин, Ыйык Рух жүрөгүмө шыбырады: «Уулум, сен гольфту сүйгөнүң менен таанымалсың. Ошол сапатыңды эми чогултуу үчүн колдон. Бул командага кошулууга жана ушул аянды колдоого ылайыктуу адамдарды алып келем «деди. Мен дароо эле АКШнын Колорадо-Спрингс шаарындагы эң мыкты мейманканалардын бири - Броудмур бар эмеспи, анын атактуу чемпионаттар өтүүчү эки гольф аянтчасы бар деп ойлодум. Мен бул планымды Эдисон жана Лиза менен бөлүштүм.

Алар менин планымды угуп, андан кийин:

- Муну качан жасайбыз? – дешти.

- Ушул жайдан баштайлы, - деп жооп бердим.

Баарын уюштурганга убактыбыз жетпей калабы деп чочуладык. Бул мейманканада бош бөлмөлөр жетишсиз болушу мүмкүн – адатта беш жылдыздуу, беш алмаздуу мейманканалар үчүн көп кездешүүчү көрүнүш. Андагы бөлмөлөр адатта, бир нече жыл мурун брондолуп калат, биз болсо эң кызуу мезгилди көздөгөнбүз. Кооптонуунун дагы бир себеби, биздин потенциалдуу конокторубуздун жай мезгилине карата өз пландары болушу мүмкүн.

Муну менен менин балам алектенди жана ал эки күндөн кийин жаңылык менен келди:

- Ата, бардык бөлмөлөр бир жумадан башка, жай бою убактарга брондолгон экен. Жүзгө жакын бөлмөгө заказ кылсак болот экен, анан да, апам экөөңөрдүн ошол жумага бир дагы сапарыңар жок экен.

- Кел анда, аларды брондоо керек!

- Мен эч ойлонбостон айттым.

- Биз келишим түзүшүбүз керек, - деди ал мага эскертип.

- Биздин каржылык милдеттенмелерибиз болот. Бөлмөлөрдүн бардыгын алсак болобу?

Дагы, менин оозумдан:

- Бардык номерлер толот, - деген чыгып кетти.

Мен бул жөнүндө көп ойлонгум келбеди; мен өзүмдүн ой жүгүртүүмдөн улам бул пландан баш тарткым келген жок.

Мен Кошмо Штаттарда бул иш-чараны колдой турган көптөгөн жыйындар жана ишкерлер бар экендигин билчүмүн. Мен эстегендердин баарына чалдым жана дээрлик бардыгы катышууну каалашты. Эки айдын ичинде биз ээлеп алган бөлмөлөрдүн бардыгын ээлөөгө жетиштүү сандагы жубайлардан макулдук алдык.

Бул чемпионатты пландаштырууда биздин команда бир гана гольф чемпионатын эмес, комплекстүү (көптү камтыган) иш-чараны уюштуруп, аны эсте калаарлык кылып өткөрүүгө

чечим кабыл алышты. Биз бардыгы максаттуу жана керемет боло тургандай жасалат деп, гольф ойнобогон жубайларга өзгөчө жагымдуу убакыт өткөрүү үчүн, бардык нерсени мыкты деңгээлде уюштуралы деп чечтик. Лиза аялдар менен атайын жолугушууларды уюштурмай болду. Келээр замат, ар бир түгөйгө себеттерге салынган таттууларды жана белектерди тартуулайбыз деп чечтик. Броудмур мейманканасына мүнөздүү өзгөчө тамак-аш жана өзгөчө көңүл ачуу, лидерлердин жолугушуулары жана бардык катышуучулар үчүн чоң сыйлыктар биздин конокторду күтүп жатышты, алардын бардыгы биздин командага кошулгандыктары үчүн биздин ыраазычылыгыбызды билдирүүбүз эле.

Биздин биринчи «Мессенджер Кубогу» 2011-жылдын июнь айынын аягында уюштурулган. Иш-чаранын алдында мен профессионал спортчуларга жана белгилүү музыканттарга телефон чалып, кол коюлган буюмдарды тартуу кылууну сурандым. Ошондой эле, көптөгөн ишкерлерден баалуу буюмдарды же кызматтарды сурандык. Акыркы сый тамак учурунда биз ушул кайрымдуулук каражаттарынын бардыгын аукционго койдук. Биринчи чемпионатта 340 000 доллардан бир аз ашыкча каражат топтодук, бирок, бул бир аз ыңгайсыз болду. Биз дагы деле болсо аяныбызды жеткирүүнүн мыкты жолун таба элекпиз.

Ошол күздө биздин команда мүчөлөрүнүн бири дагы бир эргиткен идея алды. Биз 2012-жылдын жай мезгилине жылдык экинчи чемпионатты пландап жатканда, ал мындай деди:

- Биз аукционго кол коюлган бейсболкторду, футболдук шлемдерди, гитараларды ж.б. коёбуз. Анан бул буюмдардын ар бири ал тургай, бир өлкө үчүн да материалдарды каржылабайт. Келгиле, аукционго буюмдарды эмес, өлкөлөрдү коёлу. Өлкөнүн наркы алда канча жогору турат.

Бул идея баарыбызга жакты, бирок, ал аны андан ары улантуу аркылуу, дагы да жеткилеңирээк кылды:

-Бул иш-чарага күчтүү атаандашуу ой жүгүртүүсү бар адамдар көп келишет. Келгиле, лидерлер тактасын түзөлү жана алар өлкөлөрдү каржылаганда, алардын берген жардамдары таблодо

көрүнүп турат жана биз демөөрчүлүк кылган өлкөлөргө эң көп салым кошкондорго топ, гитара жана башка сыйлыктарды беребиз.

Чыгармачыл идеялар келе берди. Кандайдыр бир убакта мен каршы болдум:

- Мен аукциондорду создуктурганды жаман көрөм; бир нече мүнөт жымжырттык түбөлүктүү сезилет. Келгиле, бир саатты коюп, 35 мүнөттөй кыска убакытты бөлүп, катышуучуларыбызга убакыт бүтөөрү менен аукционду аяктайбыз деп айталы. Долбоору каржыланбаган бардык өлкөлөр тизмеден чыгарылат. Бул чоң шашылыш сезимди жаратат.

Азыр болсо, мага долбоордун кыскача аныктамасын берүүгө уруксат эткиле. Ал эки бөлүктөн турат. Биринчиси, лидерлик комплектидеги бардык басылып чыккан, аудио жана видео материалдардын котормосу, ар бир тил үчүн болжол менен $ 17, 500 турат. Экинчиси, тигил же бул мамлекетте китептерди же лидер комплекттерин басып чыгарууга жана жайылтууга кеткен чыгымдар. Ар бир мамлекетте 500дөн 40 000 жыйын жана чакан топтун лидерлери бар. Көпчүлүк өлкөлөрдө 5000ден 10000ге чейин лидерлер бар, бул башкача айтканда, орто эсеп менен 20-40 миң долларга чейин турат.

Кийинки жолугушуулардын жүрүшүндө биздин команда катышуучулардын тажрыйбасын өркүндөтүү, көз карашыбызды жеткирүү жана экинчи иш-чараны кантип өткөрүү керектиги жөнүндө көбүрөөк ойлорду айтышты.

Экинчи жылы, аукциондо, жарыя кылынган акча кошуулар биринчисинен эки эсеге көбөйгөн. 50дөн ашык долбоор толугу менен каржыланган убакытта да, убакыт дагы калган. Ылдамдык күчөп, бир жылдан кийин, үчүнчү «Мессенджер Кубогунда» дагы 1,3 миллион доллар чогултуп, андан дагы көп долбоорлорду каржыладык.

Жыл сайын материалдарга болгон муктаждык көбөйүп турган. Барган сайын көптөгөн өлкөлөрдөн келген адамдар Робго материалдарды жөнөтүү өтүнүчү менен кайрылышкан. Натыйжада, долбоорлордун саны жүздөн ашып, алтынчы

«Мессенджер Кубогуна» 140тан ашуун долбоорубуз бар болчу, ал үчүн 2 миллион доллардан ашык каражат топтодук. Тогузунчу жылы биз болжол менен 200 долбоорду каржылоого 3 миллион доллардан ашык каражат чогултулганын көрдүк!

Бул китеп жарыкка чыкканга чейин, 2020-жылдын аягында «Мессенджердин Кубогу» командасы 100дөн ашуун өлкөлөрдө жана 120дан ашуун тилде пасторлор жана лидерлер үчүн 30 миллиондон ашуун материал тараткан.

Ушул убакыт аралыгында, менин каармандарымдын бири Эндрю Карнеги менен биздин баарыбыз шыктандырылып турдук. Ал тарыхтагы эң бир белгилүү меценаттардын бири болгон жана байлыгынын көпчүлүгүн тараткан. Бүгүнкү валюта менен ал миллиарддаган долларларды кайрымдуулукка жумшаган! Бул акчанын көпчүлүгү коомдук китепканаларды курууга жумшалган. 1883-1918-жылдары ал 2500дөн ашуун китепканаларды курган, алардын көпчүлүгү Америка Кошмо Штаттарынын 47 штатында жайгашкан.

Мага бир кызыктуу суроо бергенге уруксаат бергиле. Америка Кошмо Штаттары дүйнөлүк державага айланганга чейин канча убакыт өттү? 1883-жылдан 1918-жылга чейинки мезгил - Карнеги китепканаларды курган ошол мезгил! Анын билимди коомго жеткиликтүү кылгандыгы, Америка Кошмо Штаттарынын дүйнөлүк лидер катары калыптанышына өбөлгө түзгөн деп ишенем.

Бул принцип рухий билимге да тиешелүү! Кудай мындай дейт:

> «Менин элим билимсиздиктен жок болот» (Ошуя 4:6).
>
> «Менин элим билимсиздиктен туткунга кетет» (Ышая 5:13).

Узак жылдардан бери кызмат кылган жылдар аралыгында айылды же шаарды жаңылап-өзгөртүүнүн эффективдүү жолу – бул жыйындын имаратын куруу эмес экендиги айкын болду. Мындай кылуу менен биз жергиликтүү кызматчыларды жөн гана өзүбүздөн көз каранды кылып жатабыз. Жергиликтүү лидерлерге руханий билим бергенибизде, биз бир топ натыйжалуу болобуз,

бул алардын айылына же шаарына таасир этүү үчүн аларды бекемдейт. Бул билим жыйындын өсүшүнө жана анын ишин колдоосуна, керек болсо имараттарды курууга жана башка ресурстарга ээ болууга керектүү ишенимди берет.

Биздин материалдарды жайылтуу стратегиялык ишибизде эң сонун нерсе, жыйындын имараты бизге он миңдеген долларга турушу мүмкүн эле. Жүздөгөн долларлык материалдарды камтыган лидерлер үчүн топтомдор анын бир аз гана бөлүгүн түзөт!

Акыркы он жылдыкта өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдөгү жыйын жетекчилерине материалдарды таркатканым, менин кырк жылдык кызматымдагы эң кубанычтуу окуя болду. Мага элдерди окутууга болгон умтулуу жана көз караш менен бириккен команданын мүчөсү болуу жагат (Матай 28:19-20ди карагыла). Жалпысынан, биз ар бирибиз жалгыз жасай алгандан көптү жасадык. Биздин иш төмөнкү сөздөрдүн мисалы болуп кызмат кылат: «Бешөөңөр жүздү качырасыңар, жүзүңөр түмөндү качырасыңар...» (Лебилер 26:8). (Бул аятта көбөйтүүнүн дагы бир негизги ингредиенти көрсөтүлгөн - бул биримдик, бул жөнүндө кийинки бөлүмдө талкуулайбыз.)

Биздин тилектештигибиз Ыйсанын төмөнкү сөздөрүнө таянат:

> «Ыйса Өзүн чакырган кишиге мындай деди: «Түшкү же кечки тамакка досторуңду, бир туугандарыңды, тууган-уругуңду, бай кошуналарыңды чакырба. Анткени алар кайра өзүңдү чакырып, бергениңди кайтарышат. Тескерисинче, жардыларды, мунжуларды, аксактарды, сокурларды чакыр. Алар сага кайтарып бере алышпагандыгы үчүн бактылуу болосуң. Анткени сенин тиешең адил адамдар тирилгенде берилет» (Лука 14:12-14).

Албетте, биз материалдарды жиберген жетекчилер майып, аксак жана сокур эмес; биз алардын төлөп бере албай тургандыктарын ушул үзүндүдөн алдык. Эгерде мен Кошмо Штаттардагы жыйында же конференцияда кызмат кылып калсам, «Мессенджер Интернешнл» кызматына курмандык же гонорар берип жиберишет. Биз инвестиция салган өлкөлөрдүн лидерлери муну жасай алышпайт.

Биздин команданын бардык мүчөлөрү - ишкерлер, жыйындардын лидерлери жана «Мессенджер»дин кызматкерлери - биз жардам бергендерден эч нерсе кайтарып алууну күтпөгөндүгүбүз менен чоң сыймыкка ээ болгонубузду түшүнүшөт.

Бир нече жыл мурун Лиза экөөбүз Армениянын Ереван шаарына бардык, ал жакка Жакынкы Чыгыштын башчылары конференцияга чогулушкан. Бул конференция учурунда биз Иран, Афганистан, Сирия жана Жакынкы Чыгыштагы башка өлкөлөрдүн пасторлорун өзүнчө бөлмөгө чогулттук. Тасма тартууга уруксат берилген эмес; бул адамдар эч кимдин аларды көрүшүн каалашкан жок. Кудайдын катышуусу күчтүү болчу, мен ар дайым ойлонуп жүрдүм: «Биз Лиза экөөбүз аларга эмес, бул лидерлер өзүлөрү бизге насаат айтышсын». Бир убакта мен минтип айттым:

-Баарыңар Лиза экөөбүздү ушул кызматтын баатырлары деп карайсыңар, бирок, муну Джон менен Лиза Биверлер эмес, ишкерлер жана силерге ушул материалдар менен бата берүү үчүн миллиондогон долларларды берген жыйындар кылып жатат. Мына ошолор - чыныгы баатырлар.

Ушул учурда баарыбыз кармана албастан, көз жашыбызды төгүп алдык.

Жолугушуудан кийин Ирандан келген пастор минтип айтты:

- Кантип адамдар буга чейин көрбөгөн адамдарга мынча акчаны кайрымдуулук кылып бере алышат?

Менин жообум өтө эле жөнөкөй сезилди, бирок бул чындык эле:

- Алардын жүрөгүндө Кудайга болгон сүйүү болгондуктан.

Анан кайрадан көз жаш төгүлдү.

## ДАГЫ ДА КӨБҮРӨӨК КӨБӨЙҮҮ

2019-жылы ресурстарды бөлүштүрүү үчүн өзүбүз түзгөн веб-сайттын чектелүү болуп калгандыгын түшүндүк. Бул 2011-жылы биз түзгөндө натыйжалуу болгон, бирок, аны эми толук жана колдонуучуга ыңгайлуу деп эсептөөгө болбойт эле. Мисалы, аларды смартфондордо колдонуу өтө кыйын болду. Лиза, биздин топтун

мүчөлөрү жана мен көптөгөн жакыр жана жетишпеген өлкөлөрдө болдук. Адамдар чатырларда, топурактан салынган үйлөрдө же фанерадан жасалган алачыктарда жашашса дагы, алардын көпчүлүгүндө жок дегенде кандайдыр бир смартфондор болгонун байкабай койбодук. Чындыгында, 2020-жылга чейин 5 миллиарддан ашуун адам смартфонго ээ болот деп болжолдонууда.

Көптөгөн саякаттардан кийин, эгерде буга чейин боло элек болсо, анда жакын арада бул планетанын бардык адамдарына Интернеттин жардамы менен жетүүгө боло тургандыгы белгилүү болду. Башка нерселердин катарында, тарыхта «Рим жолунун» пайда болгон мезгилин дагы бир жолу көрүп жаткандай сездим.

Кыскача түшүндүрүп берейин. Кудай Сөзүндө: «Бирок убакыттын толуктугу келгенде, Кудай Өз Уулун жиберди» (Галатиялыктар 4:4) деп айтылат. «Убакыттын толуктугу» көп нерселерге тиешелүү. «Убакыттын толуктугунун» маанилүү белгилеринин бири – Жакшы Кабардын белгилүү болгон бүткүл дүйнө жүзүнө жетиши. 312-жылы. б.з.ч. Римдиктер ошол кезде белгилүү болгон бүткүл дүйнөнү камтыган кургактыктагы жолдордун жана деңиз жолдорунун тармактарын өнүктүрө башташты. Ошол мезгилде Ыйса: «Дүйнө жүзүнүн булуң-бурчуна баргыла», - деп айтканга чейин, бул жолдор жакшы өнүккөн жана ошол кездеги белгилүү дүйнөдө Кудайдын Сөзүн тез жайылтуунун жолу болуп калган.

Ыйсанын экинчи жолу келүүсүнө даярдануу үчүн, убакыттын толуктугу дагы бир жолу келип, Интернет – бул биздин күндөрдөгү «Рим жолу» болуп калды деп эсептейм. Бизде бардык элдерден шакирттерди даярдоо үчүн, Кудайдын Сөзүн дүйнө жүзүнө жайылтуу мүмкүнчүлүгү бар.

Муну түшүнгөн биздин команда кайрадан сыйынып, кыялданып, стратегиялык пландаштырууга киришти. Бир нече айлык изилдөөлөрдөн кийин биз АКШдагы мыкты тиркемелерди жана веб-сайттарды иштеп чыгуучу компаниялардын бирине тапшырган долбоорду баштадык. Биз iPhone жана Android тутумдарында, планшеттерде жана компьютерлерде колдонууга ыңгайлуу күчтүү жана өзгөчөлүгү бар шакирттик платформаны

түздүк. Бүгүнкү технология менен мүмкүн болушунча мыкты платформаны түзүүгө бел байладык. Биз жыйын жетекчилеринин бардык жерде, бирок айрыкча, жакыр өлкөлөрдө эң мыкты иш алып барышын каалadык. Белгилей кетчү нерсе, ушул убакка чейин биз 227 өлкөдөгү жана аймактардагы китептерди, курстарды жана ушул платформада бар башка материалдарды окуп жаткан миллиондогон колдонуучуларды байкай алабыз. Саналуу гана өлкөлөр калды жана биз алардын бардыгына жетебиз!

Убакыт өткөн сайын көбөйтүүнүн кошумча жолдору жөнүндө ойлоно баштадык. Платформабыздын эффективдүүлүгүн кеңейтүү жана күчөтүү үчүн, биз башка белгилүү мугалимдерди өзгөчө жана жашоону өзгөрткөн билдирүүлөрү менен конок катары кошууну чечтик. Эми дүйнө жүзү боюнча лидерлер компьютерлерин, планшеттерин жана телефондорун колдонуу менен, өз алдынча билим алуу үчүн же чакан топтордо жана жыйындарда окутууну уюштура алышат. Бул ыкма биздин платформанын эффективдүүлүгүн көбөйтүп гана тим болбостон, басылып чыккан китепке караганда узак убакытка чейин сакталып, кийинки муундарга кала берет.

Лиза экөөбүз «жазбай эле койсок эмне болмок» деп чечкенде, эмне болмок? Же биз бестселлердин автору болгонубузга эле ыраазы болуп, окуу курстарын чыгарбай эле койсок кандай болмок? Биздин команда англис тилдүү адамдарга жана жыйындарга гана кызмат кылууга ыраазы болуп калган болсочу? Эгер биздин кызматкерлер өз күчтөрүн Американын ар кайсы бурчунан келген команданы Броудмурго чогултууга жумшабай койсочу? Ар бир деңгээл өзүнчө кыйынчылыктарды алып келди, бул бизди чектен чыгып, Кудайдын ырайымына үмүттөнүүгө аргасыз кылды. Ар бир деңгээлде токтоп, башкаларга кызмат кылууда эффективдүүлүктү көздөп, алдыга кетпөө бизге оңойго турмак.

Кудайдын Рухун угуу менен, биз чоң көбөйтүүгө кадам таштаган сайын, дагы да кадам таштайбыз. Бул силерге башынан баштап бардык кадамдарды, ал тургай кийинки эки-үч кадамды көрсөтпөйт. Эгерде кристалл тоголокторду карап, отуз жашымдагы

биздин команда басып өткөн отуз жылдык жолду көрө алсам, бир топ жеңилирээк болмок. Бирок, бул мүмкүн болсо, биз Кудайдын жетекчилигин издеп, ар бир кадамыбыз үчүн ушунчалык катуу күрөшмөк эмеспиз. Мындан тышкары, ар бир кадамыбызда баш ийүү менен келген ишенимибиздин жана мүнөзүбүздүн күчүнө ээ болмок эмеспиз.

Көбөйтүү адамдын идеясы эмес - бул Кудайдын идеясы. Дагы бир жолу, бул Анын адамзатка берген биринчи осуяты: «Мен сага ишенем, кандай жөндөмдүүлүк болбосун, Менин Падышачылыгымды көбөйтүү үчүн берилет» (Башталыш 1:22 жана Матай 25:14-29). Бул чечүүчү фактыны дагы да ачык айтууга мага уруксаат бергиле көбөйтүү силерге басым көрсөтпөшү керек, анткени бул акыры, Анын белеги да. Силердин кыла турган нерсеңер болгону, Ал жүрөгүңөрдө эмнени көрсөтүп жатса, ошол үчүн сыйынгыла, уккула, ишенгиле жана баш ийгиле.

Жыйынтык - Ал силерди көбөйтүүгө жетелейт.

Буга кантип катышуу тууралуу көбүрөөк билгиңер келсе, «MessengerX.com» го киргиле.

Балким, силер: «Акыркы үч бөлүмдө айткан күбөлөндүрүүңөр менен жүрөгүм күйүп жатат. Бирок, мен жаш энемин, студентмин, кесипкөй спортчумун, жумушчумун. Падышалыкты кантип көбөйтө алам?» - деп ойлошуңар мүмкүн.

Бул тууралуу кийинки бөлүмдө сөз баштайбыз.

## ОЙ ЖҮГҮРТКҮЛӨ

1. Кудайдын биз күткөн чарасы же кийлигишүүсү көбүнчө стратегиялык идея түрүндө болот. Кудайдын шыктандырган идеялары аркылуу жагдайыңардын өзгөрөрүн силер кандайча көрдүңөр?

2. Акылмандыкка ээ болуу - бул силер кыла турган эң маанилүү нерсе. Силерге жашооңордун кайсы тармактарында акылмандык керек? Анын акылмандыгын алуу үчүн, силер Кудайга кантип келишиңер керек?

3. Стратегиялык идея – бул Кудайдын белеги, ал бизди натыйжалуулуктун кийинки баскычы үчүн потенциалдуу түрдө ачып, көбөйтүү үчүн бизге күч берет. Стратегиялык идеяңар болгондон кийин, силерден кандай кадамдар талап кылынат?

*Кудай Өзүнүн ырайымы менен айрым нерселерди натыйжалуу жасоо үчүн бизге ар кандай белектерди (харизималарды) берди. Демек, Кудай силерге пайгамбарлык кылуу мүмкүнчүлүгүн берген болсо, Кудай берген ишеним менен сүйлөгүлө. Эгер белегиңер башкаларга кызмат кылуу болсо, натыйжалуу кызмат кылгыла. Эгер силер мугалим болсоңор, эффективдүү окуткула. Эгер силердин белегиңер башкаларды бекемдөө үчүн болсо, бекемдегиле. Берүү болсо, марттык менен бергиле. Эгер Кудай силерге жетекчилик кылуу мүмкүнчүлүгүн берген болсо, анда бул жоопкерчиликке олуттуу карагыла. Эгер адамдарга жакшылык кылуу белеги болсо, аны кубаныч менен жасагыла.*

– Римдиктер 12:6-8

# 9

# Салым

Элчи Пабыл Кудайдын ар бир кызматчысына берген ар кандай жөндөмдүүлүктөрүн санап өткөн. Мен бул тизме толук деп ишенбейм, бирок, анда Кудайдын мүмкүнчүлүктөрү кеңири камтылган. Силер мени менен макул болбошуңар мүмкүн, бирок, мага түшүндүрүп берүүгө уруксат эткиле.

Элчи жазган бул тизменин эч бир жеринде мен ырдоо, сотто иштиди коргоо, шишиктерди хирургиялык жол менен алып салуу, эргүү берүүчү сүрөттөрдү тартуу, музыкалык аспаптарда ойноо жана башка Кудай берген, биз күн сайын кездештирип жүргөн көптөгөн жөндөмдөрдү кездештире албайм. Ошондуктан, мен бул тизме толук деп ишенбейм. Эгерде силер дагы эле мени менен макул эмес болсоңор, мен силердин пикириңерди сыйлайм; бул тема кеңири талкууну талап кылбайт, анткени ал бул китепте маанилүү пункт эмес.

Пабылдын сөздөрүнө кайтып келсем, Жаңы тирүү котормодо харизма «айрым нерселерди натыйжалуу жасоо» жөндөмү катары сүрөттөлгөнүн жактырам. Бул чечмелөө сөзсүз ушул китептин негизги максатын көрсөтөт. Мурунку үч бөлүм пайгамбарлык жана окутуу белектерин көбөйтүү жөнүндө болгон. Келгиле, дагы бир жөндөмгө – тартууга (берүү) көңүл буралы.

## ПАДЫШАЛЫККА САЛЫМ

Менин Майк деген досум бар. Ал 11 жашында Ыйса Машаякка ишенген, бирок, Падышалыкты куруудa натыйжасыз болгон. Буга

нааразычылыгы күчөп, акыры, 35 жашында түбөлүктүүлүк үчүн эч нерсе кыла албай чарчады. Көпчүлүк учурда ушундай жыйынтыкка келген адамдар билими жок, акылмандыгы жана ишеними жок өз жашоосунда токтоосуз түрдө бир нерсени өзгөрткүлөрү келишет. Майк акылдуулук кылды; анын мамилеси башкача болчу. Ал түбөлүккө таасир этүү үчүн биринчи кадам «өз идишиңди толтуруу» деп чечти. Ошентип, кийинки алты айда ал Ыйык Китептеги эки миң аятты жаттап алды!

Ушул алты айдан көп өтпөй, ал Аризона штатындагы Финикс шаарында өтүүчү лидерлердин конференциясына катышууну чечти. Ал ушунчалык жакыр болгондуктан, мейманкананын бөлмөсүн ала албай, он бир студент менен үч бөлмөлүү батирде жашоого аргасыз болгон.

Конференциянын жүрүшүндө атайын кайрымдуулук чогултуу тууралуу жарыяланды. Конференциянын жетекчиси угуучуларды кайрымдуулук үчүн сыйынууга үндөдү. Майк Теңирден: «Мен сенден 200 доллар кайрымдуулук кылышыңды каалайм» деген сөздү укту.

Майк каршы чыгып: «Кудай, менин колумда бар нерсе ушул», - деди.

Теңирибиз акырын гана мындай деп жооп берди: «Мен сенден мындан көбүрөөк берүүңдү суранбайм».

Майк баш ийип, колундагы бардыгын кайрымдуулукка берди. Андан кийин, Кудай Майкка ошол жылдын калган мезгилинде ондуктун үстүнө айына 100 доллардан кайрымдуулук кылууга буйрук берди.

Көп өтпөй Кудай ага стратегиялык идеяларды бере баштады жана анын жаңы бизнеси туруктуу өсө баштады. Кийинки жылы Майк Падышалыкты куруу үчүн ондук бөлүктөн тышкары айына 400 доллардан берип турушу керектигин сезди.

Бир жылдан кийин, анын суммасы ондуктан тышкары айына 1000 долларга чейин көбөйгөн. Бир жылдан кийин ал 4000 долларга, кийинки жылы ондуктун үстүнө берилүүчү кайрымдуулук акчасы 10.000 долларга көтөрүлдү.

Ошол учурда Майк Теңирден Падышалык үчүн он миллион доллар кайрымдуулук кылуу мүмкүнчүлүгүн сураган. Өтүнүч эбегейсиз зор, дээрлик ишке ашпай тургандай сезилген, бирок ал ишениминде жана өтүнүчүндө бекем турду. Бирок, жүрөгүнөн уккан нерсеси аны таң калтырды. «Уулум, мени эмнеге чектеп жатасың?» Ошентип, Майк чектөөлөрүн четке кагып, андан да көп нерсеге ишенди. Көп өтпөй, анын тартуусу тездик менен көбөйө баштады жана кийинки жылы ал ондон бир бөлүгүнүн үстүнө айына 17,000 доллардан берип турду. Бул сумма $ 25,000 чейин көбөйгөн, андан кийин $ 40,000, андан кийин айына $ 50,000 чейин. Майк ай сайын Падышалыкты куруу үчүн ондон бир бөлүгүнөн ашыкча $ 100,000 берген учур келди. Акыркы жолу мен аны менен сүйлөшкөндө, ал ондук бөлүгүнөн тышкары бир айда $ 150,000ден берип турду!

Майк абдан жакшы жашайт, бирок, аны кирешесинин 10-15 пайызындай гана бөлүгүнө жашайт. Ооба, силер муну туура окудуңар; ал жылдык пайданын болжол менен 85-90 пайызын берет. Ал өзүнүн ийгилигин Ыйык Китепти изилдөө, Кудайдын үнүн угуп сыйынуу жана Ыйсанын жетилген жолдоочуларынын шакирти болуу менен байланыштырат.

Көбөйтүү жөнүндө сөз кылганда, «берүү, тартуу» деген сөздү унутта калтыра албайсыңар, анткени ал көбүнчө көбөйтүүнүн негизги ингредиенти болуп саналат. Көпчүлүк чын ыкластуу ишенгендер каржылык кайрымдуулукту «Башкалар үчүн эмне берүүгө даярмын?» деген мааниде карашат. Бул абдан жакшы жана ыймандуу, бирок, эгерде бул кайрымдуулукка карата жалгыз гана көз караш болсо, анда ал толук эмес. Түшүндүрүп берүүгө уруксат эткиле.

Биринчиден, бул туура; Кудай адамдарга болгон сүйүүсүн жүрөгүбүзгө салган, ошондуктан биздин ичибизде чын ниетинен берүү менен кызмат кылуу каалоосу бар. Бул ар бир адамдын берүүдөгү эң чоң каалоосу болуш керек. Ошентсе да, акылдуу адам кайрымдуулукту сүйүүнүн же кызматтын жөндөмү катары гана эмес, салым катары да карайт. Салым кылганда биз аны көбөйтүү максатында бул ресурстарды керектөөдөн баш тартабыз. Айрыкча, каржы жаатында, бул көбөйтүү үчүн, салым кылуу азыркы

учурдагы сарптоолордон баш тартуу дегенди билдирет.

Бир нече жыл мурун Лиза экөөбүз эки жер тилкесин таптык. Биз алардын баасы төмөндөтүлүп турганын, убакыттын өтүшү менен кымбаттай тургандыгын түшүндүк. Эки участокту тең сатып алганга жетиштүү акчабыз бар болчу, ошол убакытта биз аны көбөйтүү максатында жеке керектөөгө жумшабайбыз деп чечтик. Баары биз элестеткенден да жакшы болуп, эки жылдын ичинде инвестициябыз эки эсеге көбөйдү. Натыйжада, бизде акча эки эсе көп болуп, эми биз дагы да жогорку деңгээлде инвестициялай алмакпыз.

Ыйса качан биз Падышалыкка салым кошкондо, *«бул жашоодо андан* бир топ эсе көп» аларыбызды айткан (Лука 18:29-30). Ал «кийинки жашоодо» эмес, «бул жашоодо» дейт. Лиза экөөбүз аябай кубандык, анткени жер тилкесине болгон инвестициябыз эки эсе көбөйдү, бирок Ыйса такыр башка деңгээл жөнүндө айтып жатты; эки эселенген деген менен көп эсе көбөйтүүнүн ортосунда чоң айырма бар. Бир нече эсе көбөйгөн инвестициянын келечеги кандай? Бул жөнүндө Майктын мисалы менен түшүнүк алсак болот.

Элчи Пабыл биздин тартууларыбызды үрөн себүү менен салыштырган. Тышкы шарттарга жараша орто эсеп менен бир буудай дан, эгерде аны тамакка кошуп салбаса эле жана ал жерге себилсе, анда ал жүз данга чейин түшүм берет. Бул көп эселенген натыйжа. Ошол себептен мындай деп жазылган: «Берешендик кылып, ого бетер байы; сараңдык кылып, бардыгын жоготуп ал», - деп айткан (Накыл сөздөр 11:24). Эгерде ишенгендерге көбөйтүү жана өстүрүү жөнүндө ойлонуунун кереги жок болсо, анда Сулайман, Ыйса жана Пабыл ушул чындыктарды баса белгилешмек эмес.

Көпчүлүгү Майктын өз кирешесинин 10-15 пайызы менен жашоону чечкенин сүйүүдөн улам курмандык катары гана баалашат; бирок, Майк муну кыйла кененирээк көрөт. Ал Ыйык Китептин 2000 аятын жаттап алуу аркылуу Кудайдын акылмандыгына толуп, өзүн Кудайдын Сөзү менен толтуруп гана калбастан, ал муну сүйүүсүнүн көрүнүшү гана эмес, бирок, аны инвестиция катары да кабыл алат.

Лиза экөөбүз ошол эки жер тилкеге кандай карасак, ал да

буга ошондой эле карап жатты. Анын мамилеси ийгиликтүү ресторанга ээлик кылган үй-бүлө менен бирдей эле. Бул үй-бүлө өз кирешелеринин бардыгын керектеп салуунун ордуна, алардын көп пайызын көбүрөөк имараттарды сатып алууга, көп кызматкерлерди жалдоого, көп тамак-аш сатып алууга жана бизнесин өркүндөтүүгө керектүү нерселердин бардыгы үчүн көп бөлүгүн бөлүп коёт. Бардыгы туура боло турган болсо, алардын келечекте беш ресторанды болот, бул болсо кирешелери да беш эсе көбөйөт дегенди билдирет. Натыйжада, алар бир эле ресторанды болгонго караганда, дагы да көбүрөөк адамдарга бата боло алышат.

Эгерде Майк өзүнүн тартуусун салым деп эсептебесе, ал тартуунун терең маанисин түшүнбөйт эле. Таланттар жөнүндөгү мисал ушуну үйрөтөт. Ыйсанын: «Беш кап күмүш алган кызматчы акча салып, дагы бешөөнү тапты», - деген сөздөрүн карагыла (Матай 25:16). Бул кызматчы ага берилген нерсени кантип көбөйткөнүн көрсөтүү үчүн «салым» деген сөз колдонулат.

## КӨБӨЙТҮҮ ЖӨНҮНДӨ ДАГЫ БИР МИСАЛ

Ыйса көбөйтүүнү сүрөттөп берүү үчүн колдонгон дагы бир мисалды окуп көрөлү.

> «Эл Ыйсанын айткандарынын бардыгын укту. Ал Иерусалимге жакындаганда, аларга Кудайдын Падышачылыгы дароо башталат деген ойду оңдоо үчүн бир окуяны айтып берди» (Лука 19:11).

Мага ушул мисалдын кириш сөзү жагат. Эл Ыйсадан Падышачылыкты орнотуп, аларды Рим бийлигинин моюнтуругунан бошотот деп күткөн. Ал чынында эмне болорун көрсөтүп, алардын ой жүгүртүүсүн оңдогон. Ал биздин Ал кеткенден кийин Падышалыкты курушубузду каалады. Бирок, кантип? Салым кошуу аркылуу. Бул мисалды угуп көргүлө:

> «Бир ак сөөк адам падышачылыкка дайындалып келүү үчүн, алыскы бир өлкөгө жөнөмөкчү болот. Ал өзүнүн он кулун чакырып алып, аларга он мина берип: «Мен кайтып келгенче, бул акчаны айландыргыла», – дейт. (Лука 19:12-13).

Матайдан Жакшы Кабардагы таржымалдай эле, ал бизге салым тууралуу буйрук берет. Бизге ишенип берилген нерсеге жалкоо болбой, талыкпай жана акылдуулук менен иштешибиз керек.

Бул эки мисал бирдей көрүнгөндөй болгону менен, башкача. Келгиле, алардын айырмачылыктарын карап көрөлү. Биринчиден, Матай үч кызматчы жөнүндө, Лука он кызматчы жөнүндө сөз кылат. Экинчиден, Матай жөнүндөгү мисалда ар бир кызматчы өз чен-өлчөмүн алышкан, ал эми тигил мисалда болсо, бардыгы бирдей өлчөмдө - күмүш мина алышкан. Үчүнчүдөн, Матайдын окуясында кызматчылар бир эле мина алышкан эмес, ар бири бир минадан 75 эсе чоңураак кап же күмүш салынган мүшөктөрдү алышкан. Ушул эки мисалды салыштырганда, Матайдын мисалында бирдей өлчөмдө берилбеген белектер жөнүндө сөз болот деп ишенем жана Луканын мисалында ар бир ишенген адамдын Кудайдан бирдей алган нерселери жөнүндө - негизги ишеним, Кудайды сүйүү, Кудайдын Сөзү, келишимдин негизиндеги биздин баталарыбыз ж.б.у.с. Бирок, негизги принциптер бирдей эле. Келгиле эми, ушул окуяны уланталы:

> «Бирок, ал падышалыкка дайындалып, кайтып келет. Берип кеткен күмүшү менен ким канча пайда тапканын билүү үчүн, ал кулдарын чакыртат. Ошондо биринчиси келип: «Кожоюн, сенин минаңды айландырууга салуу менен, баштапкы суммадан он эсе көп таптым!» – дейт. Падыша ага: «Жарайсың, жакшы кул! Аз нерсеге ишенимдүү болгондугуң үчүн, он шаарга башкаруучу болосуң», – дейт (Лука 19:15-17).

Бир нече ойду баса белгилөө керек. Биринчиден, бул кызматчы ага берилген нерсени берди. Экинчиден, ал тырышчаактык жана акылдуулук менен иштеп, натыйжада он эсе көбүрөөк алды.

Акылдуу иштөө деген Кудайдын акылмандыгын ээрчүү дегенди билдирет жана бул менин досум Майктай болуп, Кудайдын үнүн укканда гана мүмкүн болот. Үчүнчүдөн, көбөйтүү кайрадан ишенимдүүлүккө түздөн-түз байланыштуу. Бул жерде эч кандай иш же жакшы сапат жөнүндө сөз кылынбайт, анткени Кудай үчүн ишенимдүү болуу - бул көбөйтүү дегенди түшүндүрөт. Анан акыркысы, кызматчынын түбөлүк сыйлыгы анын көбөйтүлүшүнө ылайык келет - биринчи кызматчы башкарууга он шаарды алган.

Эми, кийинки кызматчы жөнүндө окуйбуз:

«Кийинки кызматчы: «Мырзам, мен сиздин акчаңызды салып, баштапкы суммадан беш эсе көп таптым», - деди.

> «Жакшы!» деди падыша. «Сен беш шаардын башкаруучусу болосуң» (Лука 19:18-19).

Бул кызматчы он эсе эмес, беш эсе көбөйткөн. Анын түбөлүк сыйлыгы анын салымын чагылдырган - он шаар эмес, беш шаар. Эмне үчүн ал башка кызматчыдай болуп он эсе көбөйткөн эмес? Балким, ал Кудайдын акылмандыгына анчейин көңүл бурбагандыр? Балким, ал мүмкүнчүлүктөрдү колдон чыгаргандыр? Же биздин биринчи бөлүмдөгү Стэн пландаштыргандай, кийинки жылдарга токтогонбу? Эгерде ал пенсияга чыккандан кийин эч нерсе кылбайм деп эсептеген болсочу?

Бир нече жыл мурун мен лидерлердин конференциясында көбөйтүү жөнүндө насаат айтып жүргөм. Калифорниядагы ийгиликтүү коммерциялык кыймылсыз мүлк боюнча куруучулардын бири, буга чейин Падышалык үчүн миллиондогон долларларды берген адам насаат айткандан кийин мага кайрылды. Ал шок болгону менен, билимдүү болуп көрүнгөн. Ал минтип айтты:

- Джон, мен ийгиликке жеткенимден улам, токтоону ойлогонмун. Мындай ойго батып кетүү оңой, бирок азыр анын туура эмес экендигин байкадым. Мен алдыга умтулуп, Кудай берген нерсени көбөйтүү үчүн көбүрөөк көңүл буруп, тырышчаак болом.

Балким, анын чын жүрөктөн өкүнгөнү анын жашоосун өзгөртүп,

ал беш эседен он эсеге чейин көбөйтүүгө өтөттүр.

Ал эми, үчүнчү кызматчы жөнүндө эмне айтуугa болот?

«Бирок, үчүнчү кызматчы акчанын баштапкы суммасын гана кайтарып берди:» Мырзам, мен сенин акчаңды жашырып, сактап койдум. Мен коркчумун, анткени сен катаал адамсың жана сеники болбогонду алып, сен сеппеген эгинди оруп аласың».

> «Жаман кызматчы!» - деп кыйкырды падыша. «Сенин сөздөрүң сени айыптап жатат. Эгерде сен менин катаал адам экенимди жана меники болбогон нерсени алып, мен сеппеген түшүмдү жыйнап алаарымды билсең, анда эмне үчүн менин акчамды банкка салган жоксуң? Мен алардан жок дегенде бир аз пайыз алмак элем» (Лука 19:20-23).

Матайдын окуясындагыдай эле, бул кызматчыда эки чоң кемчилик болгон. Биринчиден, ал корккон, экинчиден, кожоюнунун мүнөзүн билген эмес. Бул окуя Кудайга таандык нерсени сактоо ишенимдүүлүк эмес, ыймансыздык экендигин дагы бир жолу көрсөтүп турат. Падыша кыйкырганын байкадыңызбы? Жалкоолук менен жасалган мамиле бул башкаруучунун кыжырына тийип, ал аны көрсөттү! Эгер ойлоп көрө турган болсок, бул абдан сергилентет.

Кийинки окуялар Матай жөнүндөгү мисалдан алынган тыянактарыбызды гана тастыктайт:

> «Анан жанында тургандарга кайрылып, падыша: «Бул кызматчынын акчасын алып, он минасы бар адамга бергиле», - деп буйрук берди.
>
> «Бирок, мырза,» дешти алар, - «анын ансыз деле он минасы бар».
>
> «Ооба, - деп жооп берди падыша, - ал эми аларга берилген нерсени натыйжалуу колдонгондор андан да көп алышат. Бирок, эч нерсе кылбагандардан, анча-мынча болгон нерселери да алынат» (Лука 19:24-26).

Бул бир эле учурда таң калыштуу да жана коркунучтуу да чындык. Эгер биз Майктын кылганын жасабасак, анда Кудай Сөзүндө жана Аны менен болгон мамилебизде көп убакыт коротпосок, анда биз өзүбүз билбей туруп эле Кудайдын мүнөзүн биз жашаган чөйрөнүн чыпкасы (фильтр) аркылуу көрө баштайбыз. Бул коомдун, Голливуддун, социалдык жана жаңылык тармактарынын чыпкасы, катуу ата, дин, же ар кандай башка бизге жаккан же жакпаган ойлордун, же коомдук ой жүгүртүүлөрдүн чыпкасы болушу мүмкүн. Бирок, качан биз Кудайды жана Анын Сөзүн жакындан билгенибизде, бул жалган чыпкаларды тааный алабыз.

## БИЗ БЕРҮҮГӨ ЧАКЫРЫЛГАНБЫЗ

Майктын тартуу бере турган жөндөмдүүлүгү бар; ал бул нерседе жетишет. Ошентсе да, ар бирибиз берүүчү болушубуз керек.

Муну жакшыраак түшүнүү үчүн, тартууну Ыйсанын бүткүл дүйнө жүзүн кыдырып, Жакшы Кабар таратуу тапшырмасын бергенин салыштырып көрөлү (Марк 16:15-16). Бул тапшырма ар бир ишенген адамга берилген. Биз бардыгыбыз элчилер болуп, жоголгондор менен Жакшы Кабарды бөлүшүүбүз керек. Муну биз Пабылдын: «Жакшы Кабар таратуучунун ишин аткаргыла» (2 Тиметейге 4:5) деген сөздөрүнөн да көрө алабыз, бул бардык ишенгендерге тиешелүү.

Бирок, өзгөчө кызмат жана белек бар – Жакшы Кабар таратуучулук. Пабыл мындай деп жазган: «Ал бирөөлөрдү Жакшы Кабар таратууга дайындады» (Эфестиктер 4:11). Баары эмес, бирок, айрымдары ушул кызматка чакырылган. Бул белек жандарды оруп-жыюу жөндөмдүүлүгүнө ээ. Элчилердин Иштеринде бардык эле ишенгендер Жакшы Кабарчы деп аталбайт, Филипп гана (Элчилер 21:8ди карагыла). Билли Грэм, Т.Э.Осборн жана Рейнхард Боннке өзгөчөлөнгөн Жакшы Кабар таратуучулар болушкан. Өз командаларынын жардамы менен алардын ар бири ондогон миллион жанды жеңип алышкан. Алар Кудай берген жөндөмдүүлүктөрүн мен айтып кеткен Майк жана башкалар сыяктуу эле көбөйтүштү.

Бизди да алар сыяктуу эле берүүгө чакырышат, бирок, берүүнүн харизмасы бар адамдар бар. Алар Жакшы Кабар таратууда жеңишке жетишкен адамдар сыяктуу эле, каржылык жактан берүүдө да ийгиликке жетишишет. Бул китепте бизге Кудай берген жөндөмдүүлүктөрдү кантип көбөйтүү керектиги жөнүндө айтылат. Бирок, каржылык берүү - көбөйтүүнүн өтө маанилүү жагы болгондуктан, ушул бөлүмдүн калган бөлүгүндө ар бирибиз эмнеге чакырылганыбызга - каржылык берүү жаатындагы көбөйтүүгө токтолгум келет.

Кырк жылдык кызматымда мен каржылык жардам берүүгө байланыштуу нерсенин эки чегин көрдүм. Бул эки чектеги көрүнүштөр жыйындагы көптөгөн адамдарга таасирин тийгизди жана мен ушул кырдаал өзгөрөт деп терең ишенем. Биринчиден, алуу үчүн гана берген адамдар бар; алар өзүмчүл себептерден улам көбүрөөк нерсени каалашат. Эгерде биз объективдүү болуп, ар нерсени өзүнүн ысымдары менен атай турган болсок, анда муну бир сөз менен гана мүнөздөөгө болот - ач көздүк.

Тилекке каршы, бул туура эмес ой жүгүртүү башка чектин пайда болушуна жардам берди. Бул, негизинен, Майктан айырмаланып, Кудай Сөзүнүн максатын толук изилдебеген адамдарга тиешелүү. Алар адамдардын каржылык жардам берүүгө болгон ишенимин арттырган ар кандай окутууну жек көрүшөт. Мындай мамиле атүгүл чектен чыгып кетиши мүмкүн - кайрымдуулукка байланышкан бардык нерсени толугу менен четке кагуу. Негизинен, бул идеяны жактагандар өзүлөрүнүн натыйжалуулугун чектеген сыяктуу эле, аларды уккандардын натыйжалуулугун да чектешет. Натыйжада, Жакшы Кабардын жалпы иши чектелет.

Лиза экөөбүз Ыйсаны кабыл алгандан кийин, биз берүү жөнүндө көп нерселерди үйрөткөн бир жыйындын мүчөлөрү болчубуз. Бул 1980-жылдар болчу, ал кезде көпчүлүк миссиядан көбүрөөк өзүлөрүн ойлошчу. Биздин жыйындын окутуусу негизинен туура болгонуна карабастан, окутууну туура эмес түшүнүшкөнүнөн улам, көп адамдар чоң үйлөрдү, кымбат баалуу унааларды, кымбат эс алууларды жана башка өзүмчүл каалоолорду

каалагандыктан улам курмандык кылышкан. Алар библиялык формулаларга оролгон айырмачылык менен гана, ишенбегендер эмнени максат кылышса, ошол максат менен жетеленишти. Лиза экөөбүз башынан эле мунун бир жери туура эмес экендигин билгенбиз, бирок, анын эмне экендигин так айта алган жокпуз.

Чынын айтсам, ошол чөйрөдө бир топ убакыт өткөргөндөн кийин, Лиза экөөбүз тартуунун толук түшүнүгүн алуу үчүн тазалануунун жана жетилгендиктин белгилүү бир баскычынан өтүшүбүз керек болчу. Ошол жыйындын башчысы акыры азгырыкка алдырып, бардыгын жоготту. Муну көргөндө биз башка чектен чыгууга азгырылдык, бирок, тажрыйбабыздан жогору турган Кудайдын Сөзүнө ишенүүгө милдеттүү болдук.

Биздин жыйын бизди кызматка чыгаргандан эки жыл өткөндөн кийин, менин көзүмдү ачкан табияттан тыш бир окуя болду. Мен жыйналышта насаат айтууга даярданып отурганда, Ыйык Рух менден: *«Балам, сен динчилдик рух деген эмне экенин билесиңби?»* деп сурады.

Мен диний ой жүгүртүү жөнүндө окуп, үйрөтүп, насааттарды угуп, жада калса жаздым, бирок, Ал сураганда, мен дароо эле бир нерсени түшүнбөй калганымды билдим. Мен жооп бердим: «Мен билбейт окшойм. Болбосо, Сен менден бул жөнүндө сурабайт элең да. Бул эмне?»

Ыйык Рух мындай деп жооп берди: «Динчилдиктин руху - бул Менин Сөзүмдү колдонуп, өз эркин аткарган адамдын ой жүгүртүүсү. Мындай адам Менин көрсөтмөлөрүмдү аткарбайт жана Менин жүрөгүмдүн каалоолору ал үчүн биринчи орунда турбайт. Ал Менин Сөзүмдү өз кызыкчылыгы үчүн колдонот».

Бул сөздөр мен болгон ууланган чөйрөдөн кийин менин жүрөгүмдө зарыл болгон өзгөрүүлөрдү жасаганга түрткү болуп калды. Ыйык Рухтун бул билдирүүсү биз бере алаарыбызды, ал тургай өз бергендерибиздин – тартууларыбыздын түшүмүн жыйнап да алаарыбызды, бирок анын баарын туура эмес ниет менен кылаарыбызды көрсөттү. Биздин ниеттерибиз туура эмес болсо дагы, Кудайдын мыйзамдары өз жемишин берет.

Элчи Пабыл берүүнү сүрөттөө үчүн дыйканчылыктын мисалын колдонгондуктан, мен дагы ошондой кылуума уруксат бергиле. Дыйкан үрөндү бир гана максат менен себет - бүт эгинди өзүнө сактап калуу үчүн. Ал колдонгондон ашыкча нерселердин бардыгын сактоо үчүн кампаларды куруп, жүрөгүндө: «Жаным, сенде көп жылдарга жете турган байлык бар. Эс ал, ичип-же, көңүл ач», – деп айтат (Лука 12:19).

Кудай мындай адамга мынтип жооп берет: « Бирок Кудай ага: «Акылсыз...» деп жооп берет.

(20-аят). Көрүнүп тургандай, Ыйсанын сөзү боюнча анын ач көздүгүнө карабастан, себүү жана оруп-жыюу принциптери ушул дыйкан үчүн иштеди.

Дагы бир дыйкан адамдарга жардам берип, аларды баккысы келиши мүмкүн. Ал биринчи киши түшүм алгандай эле түшүм алат, бирок, ал башкача иш кылат. Ал жүрөгүндө: «Эң сонун! Менин тамак-ашым гана жетиштүү болбостон, бирок, жамаатымдын чыңдалышына жана гүлдөп өсүшүнө жардам бере алам! Мен жоомарт боло алам!» дейт.

Себүү жана оруп-жыюу мыйзамы экөөнө тең бирдей таасир этет. Биринчи дыйкандын ниети ачкөздүктөн улам, бардыгы эгин эгип, оруп-жыюуну токтотушса, күлкүлүү болмок. Бирок, Падышачылык үчүн берүү жаатында көптөрү так ошондой кылышкан.

Пабылдын сөздөрүнө кененирээк токтололу. Ал мындай деп баштайт:

> «Ошондуктан мен бир туугандардан силерге бизден мурун баруударын суранууну туура таптым. Алар өзүңөр убадалаган тартууларыңарды оор салык катары эмес, тартуу катары алдын ала даярдоонун камын көрүшөт» (2 Корунттуктар 9:5).

Калетсиз, Пабыл каржылык белек же кайрымдуулук жөнүндө сөз кылат. Андан кийин ал Кудай берүүчүлөр үчүн эмне кыларын көрсөтүү үчүн дыйканчылык принцибин колдонот:

> «Айтарым бул: «Аз эккен аз жыйнайт, мол эккен мол жыйнайт» (2 Корунттуктар 9:6).

Эгерде биздин бирден-бир ниетибиз берүү болсо, анда бул – адамдарга жардам берүү, эмне үчүн Пабыл берген тартуубуздан алган түшүмүбүз жөнүндө айтып жатат? Адамдарды Падышачылыкка алып келүү болгон алгачкы маскатыбызды күчөтсө жана көбөйтсө, анда экинчи кезекте турган көбөйтүүнү алууга ээ болуу кантип эле туура эмес болсун? Ыйса таланттар жөнүндөгү мисалды айтуу менен окуткандай эле, Пабыл да Корунттагы жыйындагы жаңы ишенип калгандарды алардын натыйжалуулугун көбөйтүүгө үйрөткөн болушу мүмкүнбү? Пабыл аларды боорукер болууга үндөгөн, бирок, ошол эле учурда андан да чоң батага ээ болуш үчүн салым кошконго чакырган деп жыйынтык чыгарсак болобу? Пабыл дал ушуну каалаганына ишенем, анткени ал мындай деп айтуу менен кийинкини улантат:

> «Кыйналып же аргасыз болуп эмес, ар кимиң жүрөгүңдөн чыкканды бер. Анткени Кудай чын көңүлү менен берген адамды сүйөт. Ар дайым бардык нерсеңер жетиштүү болуп, жакшы иштерге бай болушуңар үчүн, силерди ар кандай жакшы нерселерге байытууга Кудайдын кудурети жетет Анан силерге керек болгон нерсенин баары силерде дайыма болот жана башкалар менен бөлүшүү үчүн дагы көп артып да калат» (2 Корунттуктар 9:7-8).

Эки нерсе боло тургандыгына көңүл буруңуз. Жеке муктаждыктар канааттандырылат, бирок, Пабыл башкалар менен бөлүшө турган дагы көп нерселер каларын баса белгилеген. Биздин айкөлдүк кылуу жөндөмүбүз үрөндү сепкенибизге же сактап койгонубузга жараша көбөйөт. Бул ниет төмөнкү аяттарда дагы да көбүрөөк ырасталат:

> «Анткени, Кудай дыйканга үрөн, тамак үчүн нан берет. Ошо сыяктуу эле, Ал силердин каражатыңарды берет жана көбөйтөт, андан кийин силерге марттыктын мол түшүмүн

> берет. Ооба, ар дайым кең пейил болушуңар үчүн, силерди ар тараптан байытат» (2 Корунттуктар 9:10-11).

Пабыл берген тартууларыңар аркылуу, Кудай силердин каражатыңарды көбөйтөт деп баса белгилеген. Бул силерге ар дайым берешен болуу мүмкүнчүлүгүн берет. Бул чындык каржылык жардам берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгондорго гана эмес, ар бир ишенген адамга арналган. Бул руханий мыйзамды Кудай илгертен эле орноткон.

Лиза экөөбүз кызмат жолун баштаганда, кирешебиз жылына 18000 доллар болчу. Салыктарды эптеп төлөп жаттык. Биздин кызматтагы биринчи Ыйсанын төрөлүү күнүн белгилөө майрамыбыз эсимде. Буюмдарды сатып алууга жана үйдөн жасалган белектерди чакан себеттерге салууга чогулган акчанын бир бөлүгүн колдонууга аргасыз болдук. Бизде мындан башка эч нерсеге акча жетиштүү болгон эмес.

Эки жылдан кийин, биздин пастор атайын курмандык акча чогултту. Лиза экөөбүз ал максат кылынган иштин бир бөлүгү болгубуз келди. Кудай биз менен сүйлөштү: «1000 доллар бергиле» деди.

Эки жылдан бери кичинекей үйдүн баштапкы төлөмү үчүн колубуздан келишинче үнөмдөп жатканбыз. Биз 1800 доллар чогулттук эле. Бизде башка эч нерсе жок болчу - пенсияга чыгуу планыбыз жок, биз таяна ала турган инвестиция жана башка аманаттар да жок болчу. Эгерде биз 1000 доллар берген болсок, анда биздин эсепте 800 доллар гана калмак.

Эки жылдын ичинде топтолгон акча каражаты ушул кайрымдуулуктун жардамы менен бир топ кыскарып, үйдүн алгачкы төлөмү үчүн жетиштүү акча топтош үчүн бизге дагы бир топ жыл талап кылынчудай сезилди. Бирок, биз бул сумманы кайрымдуулуктун бир бөлүгү болгубуз келгендиктен бергенбиз. Биз дагы да кең пейил болгубуз келген. Биз Кудайдын Сөзүнөн билип тургандай, мүмкүнчүлүгүбүздү арттыруунун бирден-бир жолу – бизде болгон ошол аз гана нерсени көбөйтүү эле.

Бир канча жылдар өткөндөн кийин, биз себеттерден да көбүрөөктү берип, 1000 доллардан ашык курмандык кылууга карата мүмкүнчүлүгүбүз пайда болду. Ушул жылы эле биз миссияга биринчи жолу бергенибизге караганда 50 эсе көп кайрымдуулук кыла алдык. Биз ар кандай жолдор аркылуу адамдарга көбүрөөк бата бергибиз келет. Кудай биздин жөндөмүбүздү көбөйттү жана бизге марттык кылууга күч берди. «Passion» котормосу бул чындыкты эң сонун кылып ачып берет:

> «Үрөн себүүчүгө үрөн, жегенге нан берген Кудай сепкен үрөнүңөрдүн түшүмүн да мол кылып, адилеттигиңердин жемишин арттырат. Биринчиден, Ал бардык муктаждыгыңарды толтурат жана андан да ашык берет. Силердин жоомарттыгыңардын түшүмү өсүшү үчүн, силер сепкен үрөнүңөрдү Ал көбөйтөт. Силер ар дайым берешендик менен берүү менен, бардык жагынан молчулукка бөлөнөсүңөр» (2 Корунттуктар 9:10-11).

Анын бизге карата ысырапкорчулукка жол бергенине көңүл буруңуз. Биздин берешендигибиздин өсүүсү үчүн Ал биздин Падышачылыкты курууга жумшаган нерселерибизди өзгөчө максат менен көбөйтөт. Биз асмандагы эсептерибизди күбө жебей жана дат баспай турган, уурулар жок кылбагандай кылып толуктайбыз, ошондо биз аларды бул жашоодо да колдонобуз. Ооба, түбөлүк сыйлык бар, бирок, биз бул дүйнөдө да берешен болуш үчүн толуктай турган эсеп бар. Пабыл муну Филипидеги жыйындагы ишенгендерге мындай деп жазуу менен ачык көргөзгөн:

> «Силерден жардам – тартуу үмүт этип жаткан жокмун. Силердин пайдаңар үчүн көбөйүп жаткан жемишти (силердин эсебиңерди толтуруп турган батанын түшүмүн каалап жатам)» (Филипиликтерге 4:17).

Айрымдардын банктык, акциялык жана инвестициялык эсептери болгондой эле, ар бир ишенген адамдын да асмандагы эсеби бизге жер үстүндө Падышалыкты курууда

эффективдүүлүгүбүздү көбөйтүүгө күч берет. Бардык ишенгендер ушул руханий мыйзамды билишсе, түшүнүшсө жана ишенишсе эмне болот эле? Биз анда бул дүйнөгө Жакшы Кабар менен тезирээк жетмекпиз! Эми эмне үчүн биздин Падышалыктын душманы ишенгендерди каржылык үрөн сеппеш үчүн ар кандай жол менен кармоого аракет кылганы түшүнүктүүбү?

Лиза экөөбүз жубайлар - Фил жана Дана менен жакын доспуз, алар акылдан адашкандай берүүчүлөр. Алар кирешелеринин дээрлик 50 пайызын Падышачылыкка беришет. Жакында эле алар бир кызмат үчүн 100 миң доллар беришкен. Эки күндөн кийин, алар дагы бир кызматка дагы 100 миң доллар беришкен. Мен бул тууралуу билем, анткени ал экинчи кызмат «Мессенджер Интернэшнл» болгон.

Фил өз бизнесин бир нече жыл мурун баштаган жана бул орточо эле деңгээлде болуп, анчалык деле ийгиликтүү болгон эмес. Бирок, 22 жыл мурун Фил менен Дана Кудайга жакынкы үч жылда бир кызмат үчүн 250 миң доллар жардам берүүнү убада кылышкан. Бул таптакыр мүмкүн эместей сезилген, бирок, алар Кудайдын кийлигишүүсүнө жол берүүнү каалашкан.

Филдин бизнеси гүлдөп баштады, бирок, ал өзүнүн канчалык деңгээлде иштери жакшы жүрүп жаткандыгын байкаган жок. Үч айдан кийин, анын эсебинде кошумча 250 миң доллар топтолгонун түшүнгөн. Ал жана Дана убада кылынган нерсени дароо кайрымдуулукка берүүнү чечишти жана аны үч жылга чейин созбоону чечишти. Ал мага минтип айтты:

- Джон, ошол мезгилден баштап биздин жашообузда адамдарга укмуштуудай деңгээлде жардам берүү башталды.

Майктай болуп, алар дагы токтобоону чечишти. Алар турган ордунда калуу оңой болгон учурда алдыга басышты, анан алардын асмандагы эсептери алардын түшүнө да кирбегендей болгон өлчөмдө чоңойду. Бул силер үчүн да, мен үчүн дагы мүмкүн! Пабыл бизге өзгөчө мындай дейт:

«Бардыгын аягына чейин чыгаруу үчүн, Кудайдын кудуреттүү күчү сизде иштей тургандыгына эч качан шек санабагыла. Ал

силердин эң чоң өтүнүчүңөрдөн, укмуштуудай кыялыңардан да чексиз көп нерсеге жетет жана эң сонун кыялдарыңардан ашып түшөт. Ал мунун баарынан ашып түшөт, анткени Анын кереметтүү күчү силерди ар дайым бекемдеп турат» (Эфестиктер 3:20).

## ЧОҢ ЖЕТИШКЕНДИК

Кызмат кылган жылдар аралыгында биз харизма менен да, каржылык тартуубуз менен да сынала тургандыгыбызды билдим. Силердин жашооңордо бир дагы басмакана силердин китеп жөнүндө сүйлөшүүгө кызыкдар болбогон учур болушу мүмкүн жана бул бир нече жылга созулушу да мүмкүн. Токтотуу жөнүндө ойлоносуңар, анткени силер көптөгөн түйшүктүү жумуштарды жасадыңар, бирок силердин китебиңер эч качан чыкпай калгандай сезилет жана силер эч нерсени өзгөртө албайсыңар. Бирок, силер тил алчаак болууну уланта бересиңер. Анан күтүлбөгөн жерден чоң жетишкендик болот.

Же силер ар дайым кайрымдуулук кылып турасыңар, бирок тез түшүм алууну көрө албайсыңар жана мындан ары да улантууга акчаңар аз болуп калгандай сезилет. Бирок, Кудай силерге Майкка сүйлөгөндөй сүйлөп жатканда, ал тургай бул мүмкүн эместей сезилген күндө дагы, баш иесиңер. Силер чоң жетишкендикке жетип, анан тартуунун кийинки чөйрөсүнө киресиңер.

Чоң жетишкендик деген эмне? «Dictionary.com» бул сөздү «тоскоолдукту же чектөөнү алып салуу же аларды жеңип чыгуу аракети же окуясы» деп аныктайт. Муну элестетип көрсөңөр: дамба (сууну тоскуч) суу кармайт. Суу көтөрүлүп келе жатат, бирок, дамба дагы да ага тоскоолдук кылууда. Бир маалда дамбада жаракалар пайда болот да, кыска убакыттын ичинде суу капысынан жарып өтүп кетет. Тоскоолдук жоюлуп, суу тоскоолдуксуз агып, мурун ага албай турган жерлерге агып кетти. Бул чоң жетишкендик.

Дөөт падыша: «Кудай суу жарып агып өткөндөй, менин душмандарымды колум менен сындырды», - деп айткан (1 Жылнаама 14:11). Суунун көтөрүлүшү - бул биздин чындыкка ар дайым баш

ийүүбүздүн көрүнүшү, ал эми жарып өткөн жетишкендиктен кийинки аккан суу - бул жемиштүүлүктүн же молчулуктун көрүнүшү.

Фил жана Дана аттуу досторубуздун окуясына кайрылсак, Фил мага биринчи 100 миң долларды бергенден кийин, алар бир жума ичинде рекорддук иш алып барышкандыгын, ошол эле жумада дагы 100 миң доллар жана андан көп киреше тапканын айтты. Чоң жетишкендик ушундай көрүнөт. Аларда башынан эле ушундай болгон эмес; алар ар дайым курмандык кылышкан, бирок, бир эле маалда мынча түшүмдү көрө алышкан эмес. Бирок, көп жылдар бою тынымсыз себилгенден кийин, алар чоң жетишкендикке жетишип, түшүмү себүү сыяктуу эле тез-тез болуп жаткандай сезилет.

Бул Амос пайгамбардын: «Убакыт келет, - дейт Эгебиз, - дан жана жүзүм оруп-жыюуга караганда тез өсөт» (Амос 9:13) деген сөзүнүн аткарылышы. Илгерки котормодо бул чындык сонун чагылдырылган:

> «Мына, күндөр келет, дейт Теңир, айдоочу дагы орокчуну табат, жүзүмдү тебелеп-тепсегенди - себүүчүнү табат; Тоолор да жүзүм ширесин агызып, адырлардын бардыгы агат».

Орокчу ушунчалык мол түшүм алат, себүүчү аны жумушунан табат.

Жер айдоочу кийинки жылга жумушка киришип жатканда, жүзүм сыгуучулар өткөн мезгилдин жүзүмүн сыгышат! Бул алардын ишинин натыйжасынын таң калыштуу образы. Жер айдоочулар, орокчулар жана жүзүм сыгуучулардын жалпы каалоолору бар – алар шарап жасоону эңсешет. Алардын ишинин натыйжасы жөнүндө мындай дешти: «Шарап тынымсыз агып турат; ал токтобойт, түшүмсүз мезгил болбойт» (автордун сөзү).

Качан так ушундай болгон учурда биздин харизмага жана каржылык тартууга орун бар. Бул Майк менен, ошондой эле Фил жана Дана менен болгон. Биздин эл аралык «Мессенджер Интернэшнл» кызматынын көптөгөн жылдар бою сепкен

ресурстары менен өзгөрүлгөн жашоодогу көптөгөн күбөлүктөрдү алат. Жүзүм аны жыйнагандан да тезирээк өсөт!

Көпчүлүгү чоң жетишкендик болоор алдында баш тартышат. Алар кыйынчылыктардан жана каалаган натыйжалардын жоктугунан чарчашат. Лиза экөөбүз акылга жана логикага таянып, Кудайдын Рухунун үнүн оңой эле укпай койсок болмок. Үйдүн акысын төлөө үчүн, бизге жок эле дегенде, 5,000$ керек болчу, бул болсо жөн гана зарыл болчу. Шаарыбыздагы бардык шарты бар, жайлуу турак үйлөрдүн көпчүлүгүндө чоң кишилер гана жашашкан, анткени алар балдар менен жашоо үчүн ыңгайсыз болгон. Биз:

> «Адегенде үй сатып алабыз, андан кийин жыйындын келечектеги долбоорлорунун бирине 1000 доллар беребиз» деп айтсак болмок. Бирок, биз анда Падышачылыкка инвестиция кылып, ресурстарды көбөйтүү үчүн сонун мүмкүнчүлүктү колдон чыгармакпыз.

Бул окуядагы эң сонун нерсе, алты айдан кийин гана бизде ошол 5000 доллар керемет жолу менен пайда болду. Лиза атасы ачкан эсептен акча алган, бирок, ошол учурда биз ал жөнүндө билген эмеспиз. Дагы эки адам биздин муктаждыгыбыз жөнүндө эч нерсе билбей туруп эле, бизге 2000 доллар беришкен. Бир жылга жетпеген убакытта биз жаңы үйдө болдук. Бул «мүмкүн эместей» сезген учурубузда Анын камсыздоосун алуу биздин чыдамыбыз жана ишенимибиз үчүн да керемет нерсе болду. Эгер биз Ыйык Рух түрткү берген 1000 долларды бербей, сактап калганыбызда мындай болмок эмес деп ишенем.

Темабыздын ушул этабында төмөнкүлөр жөнүндө эскерткенибиз жөндүү болот: биз эч нерсени өзүбүзгө ишенип кылбашыбыз керек. Мен эмнени айткым келет? Биз Улуу Өнөктөшүбүздөн, Ыйык Рухтан кеңеш сурашыбыз керек. Ал бизге: «Мен силерге киреше табууну үйрөткөн, силерди ээрчишиңер керек болгон жол менен алып жүргөн Кудай-Теңириңермин», - дейт (Ышая 48:17). Сезимтал абийирге ээ болуу (Ыйык Рух бизди жарык кылган жер) жана Ал көрсөткөн нерселерге баш ийүү эң

бир маанилүү, анткени Ал бизди Кудайдын Падышачылыгына жумшаган салымдарыбыздан киреше табуубузга түрткү берет. Ал биздин жүрөгүбүзгө шыбырабаганда, 1000 долларды бермек эмеспиз.

Айрымдар Анын кеңешин укпай жатышат. Башкалары Анын кеңешин уга алышпайт, анткени алар көп жолу «жок» деп айтышкан жана абийирлери сезимтал болбой калган. Эгер бул силер болсоңор, жөн гана тобо кылып, Анын үнүн баскандыгыңар үчүн Андан кечирим сурагыла. Сезимталдыгыңар дароо кайтып келет, анткени, Ал кечиримдүү! Бирок, андан кийин, Анын насааттарын уккула, акылдын үнү силерди ынандырышына жол бербегиле.

## ОЙ ЖҮГҮРТКҮЛӨ

1. Кудай адамдарга болгон сүйүүсүн силердин жүрөгүңөргө салган, ошондуктан силер ичиңерде берүүнү жана кызмат кылууну каалайсыңар. Азыркы учурда, силер башкаларга кантип берип жана кантип кызмат кылып жатасыңар? Берүүдө жана кызмат кылууда кандай чыгармачыл жолдор менен өсө аласыңар?

2. Акылдуу адам кайрымдуулукту сүйүүнүн жана кызматтын белеги катары гана эмес, салым катары да карайт. Силер берген салымыңардан жана кызматыңардан канча киреше күтсө болот? Аларга салым катары карай баштаганыңарда, бергенге жана кызмат кылууга болгон мамилеңер кандайча өзгөрдү?

3. Силер харизмаңарда сыналганыңар сыяктуу эле, каржылык берүүдө да сыналасыңар. Ушул сыноолор учурунда, түшүмүңөр кеч болуп, эмгегиңер натыйжасыз болуп калган учурлар да болот. Багынууга азгырылган учурда, силердин жообуңар кандай болушу керек? Кантип өзүңөрдү шыктандырасыңар?

*Кудай силердин ар бириңерге Өзүнүн ар кандай руханий белектеринен белек берди. Бири-бириңерге кызмат кылуу үчүн аларды натыйжалуу колдонгула.*

– 1 Петир 4:10

# 10

# Стимул

Борбордук деп атоого боло турган бул бөлүмдө мен натыйжалуу көбөйтүүгө эмне түрткү берери жөнүндө сөз кылам. Эффективдүүлүк жөнүндө сөз кылганда, мен түбөлүктүү болуп кала турган көбөйтүүнү айтам.

Стимул деген - бул аракетке же өзгөрүүгө түрткү берген же ыңгайлуу-жагымдуу шарттарды түзгөн нерсе (менин аныктамам бир нече сөздүктөн алынган). Баарыбыз белектерди-жөндөмдүүлүктөрдү алдык, бирок, алардын күчтүү потенциалдары элчи Петирдин айткан сөздөрүндөгүдөй болуп аракетке келет: «Аларды кызмат кылуу үчүн натыйжалуу колдонгула». Кызмат деген – стимул деген, бирок чыныгы кызмат ар дайым сүйүү менен шартталат. Элчи Пабыл мындай деп жазган:

> «Себеби биз Кудайыбыздын жана Атабыздын алдында ишенимди кантип иш жүзүнө ашырганды, сүйүүңөр кантип башкаларга кызмат кылууга түрткү бергенин эстейбиз» (1 Тесалоникалыктар 1: 3).

Чыныгы кызмат сүйүү жалындап турган жүрөктөн чыгат. Бул кыйынчылыкта, татаал же жагымсыз кырдаалдарда өзгөрүлбөгөн ички ийкемдүүлүк. Кээде ал сөз менен көрүнөт, бирок, көбүнчө иш жүзүндө көрүнөт.

## «ИНДЕЙКАЛАРДЫ» БЕЛЕККЕ БЕРГЕН АЯЛ

Кызматты биз бир окуя аркылуу талкуулайбыз. Мен бөлүшөйүн деп жаткан адамдар, алар белгисиз бойдон калууну суранган биздин абдан жакын досторубуз, түгөйлөр. Ошентип, алардын каалоосун ишке ашырууда мен ойдон чыгарылган ысымдарды колдоном.

Райли менен Дэйв АКШнын эң ири шаарларынын биринин четинде жашашат. Алар коңшулаш батирлерде жашагандыктан, жолугушуу тагдырына туш болушкан.

Үйлөнүү тоюнан көп өтпөй Рейли Рождество майрамына карата тамак-аш жана белектерди берген жыйындардын, үй-жайсыз калгандарга башпаанек бергендер жана башка кайрымдуулук уюмдарынын эмне себептен Ыраазычылык күнүндө аз иш кылышаарын ойлоно баштады. Ал ыраазычылык күнүн - маанилүү майрам деп эсептеген, анткени бул үй-бүлөлүк майрам. Ыраазычылык күнү дасторкон тегерегинде белгиленет, бирок көптөгөн жалгыз бой энелер, майыптар жана үй-жайы жок адамдар майрамдык дасторкон даярдай алышпайт жана эч кимге кошула да алышпайт. Ал ашканалар керектүү жумуштарды аткаргандыгына ишенген, бирок, алар үйдө бышырылган тамак-аштай үй-бүлөгө бере турган жакындык атмосферасына ээ кыла албастыгына көзү жетти.

Райли: «Биздин ар бирибиз кандайдыр бир деңгээлде таасир эте алабыз, бирок, биргелешип дагы көп нерсени жасай алабыз», - деди. Ал Кудайдын Сөзүн жакшы билет жана эки адамдын ынтымактуу аракети бирөөнүн аракетине караганда он эсе көп натыйжа берерин билет (Мыйзам 32:30ду карагыла). Ошондой эле, ал көбүрөөк ишенгендер бириккенде натыйжалар көбөйөрүн жакшы билет. Анын жүрөгүндө дагы бир чындык жанып турат, ал: чыныгы кызматчылар команданын мүчөсү болууну каалашат жана кылынган эмгекти өзүнүкү кылып ээлеп алууну ойлошпойт деген чындык. Райлинин позициясы көбөйтүүнүн ушул маанилүү ингредиенттерин камтыйт.

Ыраазычылык күнүнүн биринчисинде Райли үндүк сатып алуу үчүн үй-бүлөсүнөн жана досторунан акча чогултту. Анын акыл-эси көбөйтүүгө багытталгандыктан, Дейв экөө чогулган ар бир долларга бирден доллардан кошуп берүүнү убада кылышкан. Ал ошол жылы 11 үндүк сатып алып, унаасынын багажына салып алып, аларды жашыруун таркаткан. Экинчи жылы бул сан 31ге чейин көбөйгөн.

Үчүнчү жылы, ал үй-бүлөсүнө жана досторуна, алар анын атын атабай, ушундай кылса болорун достору менен бөлүшө алышаарын айткан. Алар ушундай кылышкан жана анын аракети тездик менен көбөйө баштаган. Бешинчи жылга чейин, алар 500 үй-бүлөгө үндүктөрүн белек кылып, эки банка жашылча жана ар бир үндүккө ичине сала турган азыкты (начинканы) кошуп таратышкан.

Ушул убакта ал формалдуу түрдө Куткаруу Армиясы менен жашыруун түрдө таратуу келишимин түзгөн. Бул кайрымдуулук уюмунун социалдык кызматтар менен байланышы бар, бул ага чындыгында муктаж болгон адамдарды табуу үчүн арыз тапшырууну уюштурууга жардам берди. Тандалып алынган адамдарда башка колдоо каражаттары болгон эмес (азык-түлүк талондору, мамлекеттик программалар ж.б.). Райли жана анын командасы Куткаруу Армиясынын аймагында бөлүштүрүүчү пункт уюштурушкан.

Көп адамдар келип, керектүү тамак-ашты алып кетүү үчүн ар кандай нерселерди ойлоп табышкан. Алар арабалар же себеттер менен келип, коңшуларынан жол сурап, же жөн гана кээде алыстан жөө басып келип, үндүктөрүн жашылча-жемиштер менен кошо алып, өздөрү жашаган кербенге, батирге, паркка же башка ачык мейкиндикке кайтып кетишкен. Бир үйү жок адам таштанды фритюр жана газ баллонун колдонуп, өзүнө жана үйү жок досторуна үндүктү бышырууну үйрөнгөн.

Акыр-аягы, бөлүштүрүп-таркатуу ушунчалык кеңейгендиктен, андан да көп адамдар менен иштөө үчүн жаңы жер керек болду. Жакын жердеги Жаштар машайакчылылык ассоциациясынын бир чоң бош жер тилкеси бар болчу, бирок алардын Куткарылуу Армиясы менен мамилелери начарлап кеткен. Бул муктаждык

эки уюмду пикир келишпестиктерин жоюуга мажбур кылды. Алар элдешип, Райли долбоорунда, ошондой эле өз аймагындагы башка долбоорлордо азыркы күнгө чейин чогуу иштешип келишет.

Жыл сайын Райли менен Дейвдин максаты быйылкы жылы былтыркы бөлүштүрүүдөн да ашып кетүү болчу. Алар өзүлөрүнүн жашаган аймагында ыраазычылык күнүндө эч ким татыктуу кечки тамаксыз калбайт деген чечим кабыл алышты. Алуучулардын санынын көбөйүшү менен бөлүштүрүү татаалдашып, түшүнүксүз болуп калды, айрыкча баалардын көтөрүлүшү жана айрым достордун аларга жардам бербей калгандыгы же кетип калгандыгы ыңгайсыз болду. Бул түгөйлөрдүн финансылык абалы жакшырып, алар бөлүштүрүүдөгү ийгиликтерин токтотууну каалашкан жок. Ошентип, алар чогулган ар бир долларга эки доллардан кошууну чечишти (Кошумча белгилей кетүүчү нерсе, ушул алты жылдын ичинде алардын каржылык абалы жакшырганы таң калыштуу деле эмес. Дагы да натыйжалуураак болушу үчүн, Кудай алардын берген жардамын көбөйтүп жатты).

Райлинин өз сөзү менен айтканда: «Кандайдыр бир жол менен, Кудай ар дайым бизди ар кандай булактардан акча менен камсыз кылып келген жана жалпы кирешебиз туруктуу өсүп турган.» Эң таң калыштуусу, бул жубайлар башынан эле мамлекеттик программалардан же жеке компаниялардан бир цент (бир тыйын) да алышпасын чечишкен. Бардык акча каражаттары үй-бүлөсүнөн, досторунан жана досторунун досторунан гана чогултулган.

Алуучулардын саны улам көбөйүп, ошол эле учурда жаңы чалуулар да пайда болду. Адамдар ушунчалык көп болгондуктан, бир күндө үндүктөрдүн бардыгын бөлүштүрө албай калышты. Райли менен Дэйв аларды таратуу үчүн дагы бир күн кошууга аргасыз болушкан, бирок, бул чоң тоскоолдук жараткан: экинчи күнү таркатуу үчүн түнкүсүн бардык үндүктөрдү кайда сакташмак? Райли кайраттуулук менен жоопторду издеди. Түн ортосунда, үндүктөрдүн бардыгын сатып алган чоң азык-түлүк тармагы муздаткыч ташуучу унааларын колдонууну сунуш кылды. Эми алар акчаны сактоочу кампага эмес, тамак-ашка сарпташа алышат.

Башка көптөгөн тоскоолдуктарды жана кыйынчылыктарды жеңип чыгуу керек болду, аларды санап бүтпөй тургандай, өтө көп болгон. Бул түгөйлөрдүн ишеними күчтүү жана чечкиндүүлүгү майтарылгыс. Кыйынчылыктарга туш болгондо, алар ар дайым сыйынышып, Кудайга жалынып-жалбарып, стратегиялык идеяларды алышкан жана аларга жардам бере турган адамдардан ырайым табышкан.

Азыр алардын кызматына 26 жыл болду, бул жылы мен ушул саптарды жазып жатканда, алар 10500 үй-бүлөнү тамактандырышты (эгер ар бир үй-бүлө болжол менен төрт адамдан турган болсо, анда 42000 адамды тойгузушту). Алар өз районунда муктаж болгондордун бардыгын жана кошуна эки округда муктаж болгондордун бардыгын тойгузушкан (эсиңизде болсун, биз АКШнын эң ири шаарларынын бири жөнүндө сөз кылып жатабыз). Бул үчүн, алар беш жүк ташуучу унаага (15 метрлик чиркегичтер менен) үндүктөрдү, ал эми үч жүк ташуучу унааларды жашылча-жемиштер менен толтурушкан. 200дөн ашуун ыктыярчылар тартылып, алардын көпчүлүгү бир нече күн бою талыкпай эмгектеништи. Алардын көпчүлүгү башынан бери Райлинин кызматында болушкан. Таң калыштуусу, ушул ыктыярчылардын көпчүлүгү үндүк берген аялды дагы деле билишпейт!

Алардын көбөйтүшү аркылуу өзгөрүлгөн бардык кереметтерди, окуяларды жана жашоонун күбөлүктөрүн санап берүү мүмкүн эмес. Көпчүлүк адамдар, анын ичинде Райлинин күйөөсү Дэйв дагы, Ыйсага келишти жана көпчүлүгү ишенимге кайтып келишкен. Үй-бүлөлөр элдешип, көптөгөн адамдар шыктануу алышты - мамлекеттик кызматкерлер, азык-түлүк дүкөндөрүнүн кызматкерлери, Куткаруу Армиясы жана Жаштардын машайакчылык ассоциациясы, ыктыярчылар жана кандайдыр бир деңгээлде бүт шаар.

Мен силерге бир нече кыска таржымалдарды айтып берейин. Райлинин досторунун бири жергиликтүү байкерлер клубунда казыначы болуп иштейт. Жыл сайын ал клубдун мүчөлөрүнөн үндүктөрдү берген аялга акча чогултууну өтүнөт. Алардын

кайсынысы көбүрөөк кайрымдуулук кылаары боюнча атаандашат. Өткөн жылдагы Ыраазычылык күнүнөн кийин байкерлер кийинки Ыраазычылык күнүнө бере турган акчалай жардамдарын 3000 долларга чейин көбөйтөт деген билдирүү алган.

Дагы бир жолку таратуудан кийин Райлинин командасы калган каражатты жергиликтүү бир жыйынга которууну чечишти. Бул болсо, жыйындын Райли моделин колдонуп, Ыраазычылык күнүндө жана жылдын калган мезгилинде өзүнүн эл менен жолугушуу программасын баштоосуна түрткү болду.

Куткарылуу Армиясынын башка жакка көчүрүлгөн мүчөлөрү Райли стилиндеги программаларды даярдай башташты. Анын аймагына которулган башка адамдар, Райлинин кызматы жөнүндө билүүгө чыдамсыздык менен ынтызар болушкан, анткени Райлинин окуясын Куткаруу Армиясынын башка кызматчыларынан угушкан эле.

Райли пастор эмес жана бир дагы жыйында иштебейт; ал ишкер аял же ири корпорациянын лидери да эмес. Ал аял, зайып, эне жана ишенимдүүлүк менен жыйынга катышкан машайакчы. Райлинин көбөйүшүнө кубанып турган, кудуреттүү Кудайга кызмат кыларына ал бекем ишенген. Мен үчүн ушул түгөйлөрдүн досу болуу сыймык.

## ТҮБӨЛҮК КӨБӨЙТҮҮНҮН ЭҢ УЛУУ ҮЛГҮСҮ

Сүйүүгө негизделген кызмат, көбөйтүүгө түрткү болот. Кудайдын Сөзүндө болгон көбөйтүүнүн эң сонун таржымалдарын эсиңерден чыгарбагыла. Албетте, Ыйык Китепте көбөйтүүнүн эң ачык мисалы болуп – Ыйса эсептелет. Ал минтип айтат:

> «Бирок силердин араңарда мындай болбосун. Тескерисинче, араңарда ким чоң болгусу келсе, ал силерге кызматчы болсун. Араңарда ким биринчи болгусу келсе, ал баарыңарга кул болсун. Анткени Адам Уулу да Өзүнө кызмат кылдыруу үчүн эмес, тескерисинче, Өзү кызмат кылуу үчүн, Өз жанын берип, көптөрдү куткаруу үчүн келген», – деди» (Марк 10:43-45).

Ыйса чыныгы улуулукка карай жолду - кызматты кабыл алууну каалабай, кызмат кылууну каалаган жолду көрсөткөн. Анын кызматтагы эң сонун иш-аракетин төмөнкүдөй сөздөр менен сүрөттөгөнү таң калыштуу эмес: «Чындыкты, сага айтып коёюн, эгер буудайдын даны жерге түшүп, өлүп калбаса, ал жалгыз бойдон калат; эгер ал өлсө, ал көп жемиш берет» (Жакан 12:24).

Биз дагы кайрадан себүү (же салым) жана оруп-жыюу жөнүндө угуп жатабыз. Буудайдын данын салган адам көп эгин оргондой эле, кызматта Ыйсага баш ийип тил алчаак болуу, Кудайдын көптөгөн уул-кыздарын алып келген. Бул уникалдуу мисал! Ал бизге жолду ачып, эффективдүү көбөйтүүнү көрсөтүп, планканы (бийиктикти, деңгээлди ченегич) койду. Ыйса бизге мындай дейт:

> «Силер мени «Устат» жана «Теңир»дейсиңер, туура айтасыңар, анткени ал Менмин, анткени Мен, силердин Теңириңер жана Устатыңар буттарыңарды жуудум, силер да бири-бириңердин буттарыңарды жуушуңар керек. Мен силерге туураш керек болгон үлгүнү көрсөттүм. Мен силерге эмне кылсам, силер да ошону кылгыла» (Жакан 13:13-15).

Жетекчи жана автор катары акыркы сөздүн маанилүүлүгүн билем. Бул окурманга, угарманга, студентке, команда мүчөсүнө, кызматкерге, балага ж.б.у.с калтырган билдирүү же кат. Бул силердин угуучуларыңар кабыл алышын каалаган негизги ой.

Ыйсанын жердеги жашоосу учурундагы акыркы сөзү кандай болгон? Эң кызыгы, бул анын айкаш жыгачка кадалганга чейин көзгө көрсөтүү менен айткан жолдомосу болгон – Ал Өзүнүн жолдоочуларынын бутун жууган.

Мен силер менен чынчыл болоюн. Жаңы гана ишенип калган кезимде, кимдир бирөө чакан топто: «Келгиле, бири-бирибиздин бутубузду жууйлу» деп сунуш кылганда, мен абдан нараазы болчумун. Мен дароо унчукпай гана кетип калуу үчүн кандайдыр бир олуттуу себептерди ойлоп тапчумун, анткени эркектердин менин бутума тийгени мага жакчу эмес!

Жылдар өткөндөн кийин, бутту жууган көбүрөөк менин досторум карманган салтка окшош болгонун түшүнүп, жеңилдей түштүм. Мисал катары, Мусанын жыланды таякка бекем орогондугу менен параллель келтирсе болот (Сандар 21:8-9ду карагыла) жана ага карагандардын бардыгы жылан чаккандан айыгып кетишкен. Бул кереметтүү жана күчтүү болду. Бирок, көптөгөн муундар өткөндөн кийин, Ысрайыл ушул жыландан буркан жасаган (2 Падышалар 18:4тү карагыла). Башында, көп жылдар мурун, бул Теңирибиздин көрсөтмөлөрүнө баш ийүүнү символдоштургандыгын түшүнүүнүн ордуна, алар бул нерсени көпчүлүктүн көңүлүнүн борборуна коюшту.

1980-жылдары биз дагы ушундай жол менен Ыйык Китепти изилдөө топторунда жүрдүк. Биз «бут жуу» дегенди баштапкы маанисинен тышкары колдондук. Биз көбүрөөк ошол нерсени символдоштурган нерсеге эмес, ошол нерсени аткарууга көңүл бурдук. Биринчи кылымда асфальтталган жолдор болгон эмес, бир жактан экинчи жакка жетүү үчүн жаныбарларды колдонушкан же жөө басышкан жана ошондой эле «Adidas» жана «Nike» сыяктуу спорттук бут кийимдер да болгон эмес. Адамдар бут кийимдерди кийишкен же көпчүлүк учурда таптакыр бут кийим кийишкен эмес. Ошентип, алардын буттары топурак, жаныбарлардын заңы, таштандылар ж.б. га тийген. Бүгүн биздин Батыш маданиятыбызда, алардын буттары ошол чөйрөдө канчалык жаман жыттанып, кир болгонун элестете да албайбыз десек жаңылышпайбыз.

Адамдар бай адамдын үйүнө киргенде, кызматчылар же кулдар кожоюнунун жана анын үй-бүлө мүчөлөрүнүн жана конокторунун буттарын жууштары керек болчу. Жогорку коомдун мүчөлөрүнүн үйлөрүндө көптөгөн милдеттер болгон: соода орундарын кароо, тамак-аш даярдоо, бөлмөлөрдү тазалоо ж.б.у.с. Бутту жууй турган милдет эң төмөнкү деңгээлдеги кызматчыга тапшырылган. Айрым жерлерде алар андан да ары кетишкен: бул маскаралоо милдети эң төмөнкү деңгээлдеги аял кызматчыларга гана жүктөлгөн, анткени алар гана «татыксыз» деп эсептелип, мындай оор жумушка чегерилишкен.

Акыркы кечки тамакта шакирттер Ыйсанын бардык командасын

өзүнчө бөлмөгө жайгаштыра тургандай чоң үйдө болушкан. Бул шаардагы эң бай үй болсо керек. Бир нече саат мурун, бул үйдөгү эң төмөнкү кызматчы бул адамдардын ар биринин бутун жууп койгон. Бирок, таң калыштуусу, ошол эле күнү кечинде Ыйса чылапчынды жана кумурага сууну алып гана тим болбостон, Анын Устаттык позициясынын символу болгон Өзүнүн кийимин да чечип, шакирттеринин буттарын жууй баштады. Алар эмне болуп жатканын жана анын маанисин так билишти. Ал эми, мындан айырмаланып, университетте бутту жуугандык мени беймаза кылган жана мени ары түртүп жибергендей таасир эткен, анткени мен Ыйык Китепти окуп-үйрөнүүгө бараарымдан мурун сууга түшкөм, буттарым таза болчу. *«Эмне үчүн мен* жакшы билбеген бир жигит менин буттарымды жууганга аракет кылып жатат?» деп ойлодум.

Эгер Ыйсанын сөздөрүн дагы бир жолу окуп чыксаңар, анда ал сөздөр силер үчүн алда канча маанилүү болот. Ал аларга өмүр бою сакталып калууга тийиш болгон өчпөс таасир калтырган. Бул Анын акыркы сөзү болчу.

Кыскача айтканда, улуу болуу үчүн, биз өз ыктыярыбыз менен эң төмөнкү кызматчынын ордун ээлешибиз керек. Ушул себептен улам Ыйса: «Мен момунмун жана жүрөгүм момун» (Матай 11:29) деп айткандыр?

Муну түшүнүү үчүн, мага бир аз убакыт кетти. Алгачкы ишенип калган бир нече жылда, көбүбүз кызматка түп тамырынан бери эле тескерисинче мамиле кылгандай сезилчү. Биздин айтпаган ишенимибиз төмөндөгүдөй болчу: *«Сен көп адамдарга насаат айтпасаң жана а*ларга жетекчилик кылбасаң, анда сен маңыздуу эмессиң». Биз адамдарга кызмат кылуу биздин жыйында ылдыйыраак абалды ээлеп турган ишенимдештерибиздин энчиси деп эсептегенбиз жана биз күч үрөп аракет кылсак, маанилүү адамдарга айланабыз деп эсептечүбүз. Биздин ой жүгүртүүбүз кандай гана бурмаланган экен!

Менин жетилүү процессимдеги Ыйык Рухтун чыдамдуулугу үчүн абдан ыраазымын! Ал менин ой жүгүртүүмдү өзгөрттү, бирок, бул үчүн бир аз убакыт керек болду.

Жогоруда айтып өткөндөй, менин кызматымдын алгачкы төрт жылы негизинен пасторумдун муктаждыктарын канааттандыруу менен алек болуу менен өттү. Бир жолу, мен кезектеги тапшырмамды аткарып жатканда, Кудайдын Руху мага минтип шыбырады: «Уулум, эгер Мен сага алга жылуу берсем, анда сен адамдарга көбүрөөк кызмат кылышың керек болот. Эгер сен азыр адаша турган болсоң, анда сен болгону эле химиялык тазалоого берип коё турган көйнөгүңдү бузуп алган болосуң. Коомдук кызмат кылууда кетирген ката, бул Мен алмаштырып коё турган көйнөк эмес, анда Мен сүйгөн адамдардын өмүрү талап кылынат».

Анын сөздөрү мага олуттуу таасир этти. Ал мага Кудайдын Падышачылыгындагы жогорку кызматтар адамдарга кызмат кылууда чоң жоопкерчиликти талап кыларын гана айтпастан, кичинекей нерселерде да ар дайым ишенимдүү болуу канчалык маанилүү экендигин көрсөттү. Мага чыныгы байлык - адамдар ишенилип берилген учурда дагы, кызматчы-малай бойдон калышым керек болчу.

## Ребека

Жан аябастык менен кызмат кылуунун натыйжасында көбөйтүүнүн Байыркы Келишимдеги эң сонун мисалдарынын бири – бул Ребека. Эмесе, анын тарыхына кыскача көз чаптырып көрөлү.

Ыбрайым эң ишенимдүү кызматчысын мураскору Ыскакка аял издөө үчүн, өзу мурда чыгып кеткен өлкөсүнө жөнөткөн. Кызматчы алыскы сапарга он төө алып, шашып жөнөдү.

Ыбрайымдын кулу келген кезде, кыздар шаардан кудукка суу алганы барышчу. Ал: «Мен ал кызга: «Кумураңды кыйшайт, мен суу ичип алайын», - деп айтканымда: «Ич, мен сенин төөлөрүңдү да сугарып берем», - деп айтсын» деп сыйынат (Башталыш 24:14).

Ал сыйынып бүтө электе, Ребека кумурасын көтөрүп келип калды, анан ал кыздан суу сурады.

Андан кийин эмне болгону көз жоосун алат.

«Ал: «Ич, мырзам»деди. Ал дароо кумурасын колуна түшүрүп, ага суу берди. Анан ага суу ичиргенде, ал: «Мен төөлөрүңдүн

да суусуну канганча суу сузуп берем», - деди. Ошол замат ал кумурасынан суусун ичкен адамга куюп, суу алып келүү үчүн кудукка дагы чуркап барып, анын бардык төөлөрүнө суу сузуп берди» (Башталыш 24:18-20).

Ал он төөсүн тең сугарганга чейин кызматчы аны унчукпай карап турду. Ушул бир нече аяттан биз Ребеканын кызматындагы көптөгөн сонун өзгөчөлүктөрдү таба алабыз. Мен алардын ар бирин санап берейин.

- Аракет. Ал бутун сүйрөгөн жок. Ал баарын тездик менен жасап, ал тургай, кудукка чейин жана артка чуркады. Жай жана ыңгайлуу кызмат чыныгы кызмат эмес. Кызмат кылып, бирок «ушул иштердин баарынан тажадым» деп ойлонбой, аткарган адамдарды көрдүңөр беле? Ребекага жана чыныгы кызматчыга карата минтип айтууга болбойт. Чыныгы кызматчылар алардын иш-аракеттеринен көрүнүп тургандай, ар дайым даярдыкта болуп, күчкө толуп турушат.
- Зарыл болгондон ашыкча иш. Кызматчылар мыкты иштешет. Ребека андан сурагандан да алда канча ашып түштү. Көпчүлүгүбүздүн төөбүз жок жана Жакынкы Чыгышта жашабагандыктан, Ребеканын кызматы абдан таң калыштуу болгон бул факторду эске албайбыз. Катардагы төө узак жолдон келгенден кийин 120дан 150 литрге чейин суу иче алат. Ыбрайымдын кулунун он төөсү болгон! Эсептеп көрөлү: эгер ар бир төө 120 литрден гана ичсе, анда Ребека кудуктан 1200 литр суу алып келиши керек эле! Эгерде кадимки кумурага 20 литр суу баткан болсо, анда ал кудукка чейин барып, кайра 60 жолу артка барышы керек болчу!

  Бирок, бул баары эмес. Ошол мезгилдерде эки түрдөгү кудуктар болгон. Алардын бири арканды кумурага байлап, жер үстүнөн чуңкурга түшүрүүгө мүмкүнчүлүк берилген. Башка түрдөгү кудуктар менен суунун деңгээлине карай 20-30 тепкич менен ылдый түшүү керек болчу. Ребеканын кайсы деңгээлдеги кудуктан суу алганын билебизби? Албетте,

экинчиси, анткени кийинчерээк кызматчы Ребеканын үй-бүлөсүнө эмне кылгандыгы жөнүндө айтып бергенде, ал: «... булакка түшүп, сузуп алды» (45-аят) деген. Ал кудукка түшүп, 20 литр суу менен 60 жолу кайтып гана тим болбостон, көптөгөн тепкичтерди басып өткөн. Андан тышкары, ал аны өз эрки менен жасаганын унутпаңыз, бирок, андан суралбаса дагы! Кийинки сөзүбүз да ушул сапатка байланыштуу.

- Жоопкерчилик. Зарылчылык айкын болгондо, чыныгы кызматчы суранычтарды күтүп отурбайт; ал дароо эле ишке киришет. Кызмат кылган жылдарымдын аралыгында, адамдар эмне кылуу керектигин күтүп отуруп, эч нерсени көбөйтпөй тургандыгын айкын көрдүм. Ар дайым биринчи аракеттене баштаган адамдар көбөйүшөт.
- Арналуу. Ребеканын милдети оор болсо да, ал тырышчаактык менен кызмат кылган. Көптөгөн жылдар бою мен мыйзам ченемдүү бир нерсени байкадым: тапшырма канчалык кыйын болсо, даярдык ошончолук тез жоголот - адамдын табияты ушундай. Бирок, бизде Ыйса Машайактын табияты бар. Ал эч качан багынган эмес, жада калса, элестетилгис каршылыктарды жана кыйынчылыктарды баштан кечирген күндө да. Ыйсанын табияты менен жашап, Ребеканын үлгүсү менен шыктангыла!
- Аяктоо: Ребека ишти бүтүрмөйүнчө токтоп калган жок. Ал багынган адамдардан болгон эмес. Эгерде силер тапшырмаңардын 99 пайызын аткарып койгон болсоңор, бул аны аткарганыңарды билдирбейт. Шабул падыша амалыктыктарга каршы күрөштө ушундай кылган. Ал он миңдеген адамдарды өлтүрүп, бирок, бирөөнүн өмүрүн сактап калганда, Кудай анын аракетине сыйлык берген эмес (1 Шемуел 15ти караңыз). Ребека жасаган иши үчүн кандай сыйлык алаарын билбей эле, бардык жумуштарды жасаган. Бул кызматчынын чыныгы белгиси. Кызматчылар сыйлык үчүн иштебеш керек, бирок, кызматтын өзүн сыйлык катары

эсептеш керек. Алар кызматтан алган кубанычын жана канааттануусун жакшы көрүшөт. Эгер кызматта сыйлык бар болсо, анда бул алардын түрткүсү эмес, кошумча бата гана. Ребеканын сыйлыгы абдан чоң болгон. Ал он төө тең ага зер буюмдарын жана белектерин көтөрүп келе жаткандыгын жана Кудайдан корккон адамга турмушка чыгаарын билген эмес. Бирок, мунун бири дагы анын олуттуу сыйлыгы болгон эмес. Ал Кудай Ыбрайымга берген убадасына кирип, түбөлүк сыйлык алды. Ал көптөгөн элдердин энеси болуп калды жана ал аркылуу бардык элдер бата алышты. Ребека укмуштуудай көбөйтүүнү алды.

## БАШКА МИСАЛДАР

Чын жүрөктөн кызмат кылууну каалагандыктан ишке ашкан, түбөлүк көбөйтүүнүн библиялык көптөгөн мисалдары бар. Бул жерде Ыйык Китепти жекече изилдөө учурунда дагы бир нече окуяларды окуй аласыңар.

### Рут

Мааптык Рут Ребекага окшош. Анын кайненеси Наами аны үч жолу мекенине кайтып кетүүгө үндөгөн, бирок, Рут баш тартып:

> «Мени таштап, сенден кайтып кетүүгө мажбур кылба; бирок сен кайда барсаң, мен ал жакка барам, сен жашаган жерде мен дагы жашайм; сенин элиң менин элим болот, сенин Кудайың менин Кудайым болот» (Рут 1:16) деген.

Рут, Ребекага окшоп, керек болгондон да ашыкча иштеп, тырышчаак болуп, кыйынчылыкка карабай берилгендигин сактаган. Руттун жолу Ребекага караганда кыйыныраак болгон чыгар. Ал мааптык болгондуктан, аны, сыягы, рассасынын жана улутунун айынан ушул шаардын тургундары куугунтукташкандыр. Бирок, ал кайненесине ишенимдүү кызмат кылуу үчүн бардык кыйынчылыктарга чыдады.

Жыйынтыгы кандай болду? Ал көптөгөн белгилүү адамдардын, анын ичинде Дөөт падыша, Сулайман падыша жана Жүйүт падышаларынын баарынын энеси болгон. Эң маанилүүсү, ал Ыйсанын санжырасынан орун алды. Ал дагы Ыбрайымга убада кылынгандай түбөлүк көбөйтүү келишимине кирген.

## Элиша

Илияс аны үч жолу кетүүгө үндөсө дагы, Элиша Илияс менен болуп, ага кызмат кылууну чечкиндүүлүк менен кабыл алган. Башка пайгамбарлар Илиясты убактысын текке кетирди деп бир нече жолу шылдыңдашканда дагы, Элиша ошол бойдон калган. Бул адамдардын ойлору логикалуу болгон: алар толук кандуу пайгамбар болуп, кызматка жетишишип, кызматта тажрыйба топтошкон. Илияс пайгамбардан кийин Элиша менен эмне болмок? Ал Илияска кызмат кылып, өзүнүн жылдарын текке кетирип, өз кызматын жолго коюу мүмкүнчүлүгүнөн ажырадыбы? Бул башка пайгамбарлардын логикасы болгон, бирок, Элиша андай болгон эмес, аларды уккан эмес. Тескерисинче, ар бир жолу ал аларга: «Унчукпагыла!» деп айткан (2 Падышалар 2ни карагыла). Ал аларга кызматтан четтетүүгө жол берген жок жана өзүнүн тапшырмасын аткарды.

Элиша Ребека менен Рутка окшош болгон. Жыйынтыгы кандай болду? Ал Илияска караганда эки эсе көп кереметтерди жасаган жана Илияс кылбаган нерсени жасай алган - Изебел династиясынын акырына чекит койгон. Ал көбөйтүүнү баштан өткөргөн!

## Гейхази

Гейхазиде Элишанын эмгегин көбөйтүү мүмкүнчүлүгү болгон, бирок, анда кызматчынын жүрөгү болгон эмес. Ал өзүнө өзү кызмат кылган жана ач көз болгондуктан, натыйжалуу көбөйтүүнү баштан кечире алган эмес (2 Падышалар 5ти карагыла).

Жаңы Келишимде биз жесирлердин дасторконунда кызмат кылган адамдарды көрөбүз. Алар бул жоопкерчиликти олуттуу

кабыл алышты. Аларга тапшырманы ийгиликтүү аткаргандыгына ынануу үчүн колдор коюлду. Натыйжасы таасирдүү болду; Элчилер китебинен ушул таң калыштуу сөздөрдү окуйбуз:

> «Ошентип, Кудайдын сөзү өсүп, Иерусалимде шакирттердин саны көбөйдү» (Элчилер 6:7).

Бул нерседе эмне таң калыштуу? Бул сөздөрдү үн чыгарып айткыла: «аябай көбөйдү». Бул тууралуу ойлонуп көргүлө! Бул сөздөр Петирдин Элүүнчү күн майрамындагы классикалык катынан бери колдонулган эмес, натыйжада 3000 адам жогорудан төрөлгөн. Бул жерде «кошулду» деген сөз колдонулат (Элчилер. 2:41ди карагыла). Күнүмдүк кайрылууларды сүрөттөөдө биз «колдонулган» деген сөздү көрөбүз (Элчилер. 2:47ни карагыла). Бул сөздөрдү кыска убакыттан кийин эле Ыйсага беш миң адам өз өмүрлөрүн тапшырган учурда да көрө албайбыз (Элчилер 4:4тү карагыла).

«Көбөйтүү» деген сөз Элчилер китебинин алтынчы бөлүмүнө чейин, бүтүндөй жыйын Падышачылыкты куруу үчүн иштей баштаганга чейин колдонулбайт.

Бүгүнкү күндө көбөйүү Стен, Майк, Фил, Райли жана Дейв сыяктуу адамдар өз кызматын таап, өз жөндөмдүүлүктөрүн колдонгондо гана болот. Ошондо биз улуу көбөйтүү жөнүндө угабыз.

## ЭҢ МААНИЛҮҮ ЭЛЕМЕНТ

Эми натыйжалуу көбөйтүүнүн эң маанилүү элементи эмне экендигин түшүндүңөрбү? Кудай Сөзүнөн көргөндөрүбүздү эске алып, досторубуз Райли менен Дэйв жөнүндө дагы бир жолу ойлонуп көрсөңөр. Шыктандырылган стратегияларды колдонуп, натыйжалуу кызмат кылган бул түгөйлөр буга чейин он миңдеген адамдарга таасир эткен. Алар Ыйсанын айткандары боюнча улуу болушту. Ошол эле нерсе Стэн, Майк, Фил жана Данага да тиешелүү. Алардын баарында чыныгы кызматчылардын касиети бар.

Ошентсе да, ушул маанилүү сөздөргө көңүл бургула: өзүмчүлдүк менен көбөйсөңөр болот, бирок, таасириңер түбөлүккө калбайт. Көбөйгөн адамдар бар, бирок, алардын жеке пайдасын ойлоп жасаган күч-аракеттеринин бардыгы күйүп кете турган күн келет. Бул мурдагысынан да чоң кампаларды курган адам жөнүндөгү Ыйсанын мисалында баяндалган. Ал ыраазы болуу менен өзүн куттуктап, мындай деген: «Эс ал, же, ич, шаттан, анткени мен камсыз болдум; Менде керектүү нерселердин бардыгы жана башкалар бар.» Бирок, бул окуя жакшы аяктаган жок, анын бардык жетишкендиктери бир заматта көздөн кайым болду.

Бул билдирүүнүн максаты, сиз өзүңөргө байлык топтоо жана көбөйтүү үчүн ишеним алуу эмес. Анын максаты, силерди – өз өмүрүңөрдү башкаларга кызмат кылуу үчүн берүүгө үндөө. Ыйса биз муну жасаганда, ишенимсиздердин аракет кылган нерселеринин бардыгы бизге жөн эле кошуларын айткан (Матай 6:33тү карагыла). Мен муну өзүм башымдан өткөргөндүктөн билем.

Келгиле, Лиза экөөбүздүн биринчи жыйыныбыз жөнүндөгү окуяга кайтып келели. Алты жыл бою ошол уулуу чөйрөдө жүргөндүктөн, менде көбөйтүү жөнүндө бурмаланган ойлорум калды. Бир күнү эртең менен, мен жактан кеткенден көп өтпөй, мен машинемди айдап бара жатып, Ыйык Рух менен жолугушуудан кийин мен өзгөргөн жана боштондукка чыккан учурларымдын бирин баштан кечирдим. Ал: «Уулум, Мени бата үчүн издебе. Аларды сага беришиме уруксат эт» деди.

Мен дароо Матай 6:33 жөнүндө ойлондум: «Биринчи кезекте Кудайдын Падышачылыгын жана Анын адилдигин издегиле, ошондо мунун баары силерге кошулуп берилет». Рухтун сөздөрү мага ар кандай нерселерге туура көз чаптырып, менде дале болсо өзүмчүл бойдон калган өзүмчүл тенденцияларды жок кылууга жардам берди.

Мен Ага абдан ыраазымын! Өзүмчүл жана ач көз болуу деген эмнени билдирерин билем. Бактысыздыкты сезүү, стресс жана

Кудайдан алыс болуу кандай экенин билем. Качан мен Анын жолдорун жана жүрөгүндө - биринчи кезекте Падышачылыкты курууга болгон каалоону билгенимде, чоң кубанычка, тынчтыкка жана күнүмдүк жашоодо Анын катышуусуна ээ болдум!

Эми биз минтип сурай турган жерге жеттик: эгерде биз өзүбүздүн жеке ишибиздин же кызматыбыздын жетекчиси болбосок, башка бирөөнүн командасында кызмат кылсак, анда кантип көбөйтсөк болот? Бул суроого кийинки бөлүмдө жооп берип, анан кызматтын улуу пайдасын көрөлү.

## ОЙ ЖҮГҮРТКҮЛӨ

1. Ыйса кызмат – бул улуулукка алып бара турган чыныгы жол экендигин көрсөттү. Ыйса кызматта кандай үлгү көрсөткөн? Анын кызматынын натыйжалары кандай болгон? Кудайдын улуулук жолу бул дүйнөдөн эмнеси менен айырмаланат?
2. Ребеканын окуясын эстегиле. Анын кызматы кандай сонун өзгөчөлүктөргө ээ болгон?
3. Өзүмчүл жол менен көбөйтсөңөр болот, бирок, силердин таасириңер түбөлүккө калбайт.Ээ болуу үчүн кызмат кылуу менен берүү үчүн кызмат кылуунун кандай айырмачылыктары бар? Жан аябастык менен кызмат кылуу эмне үчүн маанилүү?

*Силерден суранарым, менден үлгү алгыла...*

*Бул үчүн ...*

— 1 Корунттуктар 4:16-17

11

# Менден үлгү алгыла

Көбөйтүүгө эмне тоскоол болуп жатканын жана ага эмне өбөлгө түзөрүн талкуулоого өтүүдөн мурун, дагы бир маанилүү теманы талкуулашыбыз керек. Башка адамга кызмат кылып жатканда же иштеп жатканда кантип көбөйтөбүз? Бул суроо көпчүлүк окурмандарга тиешелүү.

Муну талкуулап жатып, мен кызматтагы мисалдарды келтирем, бирок, ошол эле принциптер заманбап дүйнөнүн каалаган чөйрөсүндө: корпоративдик, ишкердик, билим берүү, медициналык, мамлекеттик, медиа, спорт, искусство ж.б. жактарда болушу мүмкүн.

Пабыл: «Үй башкаруучулардан ар бири ишенимдүү болушу талап кылынат», - деп айткан (1 Корунттуктарга 4:2). Кудайдын Сөзүнөн байкагандай, ишенимдүүлүктүн негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири көбөйтүү. Ушул эле бөлүмдө бир нече аяттан кийин, Пабыл массалык көбөйтүүнүн негизги ингредиенттеринин бирин белгилеген. Ал минтип жазып жатат:

> «Анткени Машаякта миңдеген мугалимдериң болсо да, бирок, аталар көп эмес; Мен силерди Машайак Ыйса аркылуу Жакшы Кабар менен төрөгөм» (1 Корунттуктарга 4:15).

Пабыл Корунттагы жыйындын атасы болгон. Бул аятта айтылгандай, ата кимдир бирөөнү ишенимге жетелейт. Бирок, атанын бир нече аныктамасы болушу мүмкүн. Кудай Сөзүндө,

адатта ата бирөөнүн Кудайга кайрылуусуна катышпаган адам.

Ошол эле элчи Пабыл Галатиялык жыйынга кайрылып: «Мен өз аталарымдын каада-салттарына ынталуу болуп, көптөгөн замандаштарымдан ашып өтүп, иудаизмде алдыга чыктым», - деп айткан (Галатиялыктар 1:14). Пабыл «аталар» деген сөздү колдонгондо бир адам жөнүндө айткан эмес. Бул идея мурунку аятта бекемделген: «Силерде ... аталарыңар көп эмес.» *«Көп»* деген грек сөзү «көп сандагы» дегенди билдирет, бул биздин жашообузда бир эмес, бир нече «ата» болушу мүмкүн экендигин көрсөтөт.

Пабыл көбүнчө Тиметейди өзүнүн «уулу» деп атаган. Бирок, ал Тиметейди куткарылууга алып барган эмес. Пабыл «Дербеге жана Листрага келген» деп жазылган. Ал жерде Тиметей аттуу шакирт жашачу. Тиметейдин энеси жүйүт, ал эми атасы грек болгон. Листрадагы жана Икониядагы бир туугандар Тиметей жөнүндө жакшы айтышкан» (Элчилер 16:1-2). Пабыл жолуккан кезде Тиметей буга чейин эле ишенимдүү адам болгондугу белгилүү.

Эгерде биз Байыркы Келишимди карасак, Дөөт өзүнүн катаал жана таш боор жол башчысын «менин атам» деп атаган (1 Шемуел 24:11ди карагыла), Элиша дагы өз жол башчысын «менин атам» деп атаган (2 Падышалар 2:12ни карагыла). Илияс өзүнүн аталарынан кем эместигин айткан (1 Падышалар19:4) ж.б.

Бул китепте менин аталык деген түшүнүктү тереңирээк үйрөнүүгө киришейин деген ниетим жок, бирок, баарынан мурда, атанын ролунда кимдер болушу мүмкүн экендигин көрсөтүү ниетим бар. Ата - бул жетекчиликти жана камкордукту камсыз кылган жана жеке адамдын же уюмдун жашоосуна белгилүү бир маданиятты алып келген адам. Биздин талкуулообуздун максатында, ата көптөгөн ролдорду аткара ала тургандыгын баса белгилөө керек - силер иштеген ишкананын башчысы, силердин бөлүмдүн башчысы, силердин пастор, силердин чакан топтун лидери, силердин кыймылыңардын лидери, силердин мугалимиңер, машыктыруучуңар же силер баш ийип турган жердеги доктур, ж.б.у.с. Албетте, аялзаты да оңой эле «ата» боло алаарын силер буга

чейин деле түшүнсөңөр керек. Ошондуктан, мен аталар жөнүндө сөз кылганымда, ушул ролдогу аялдарды да билдирет.

## АР КАНДАЙ ТҮРДӨГҮ АРАКЕТТЕР

Пабыл, Корунттагы жыйындын атасы катары, аларга төмөнкү аятта мындайча көрсөтмө берет: *«Суранам, мен*ден үлгү алгыла» (1 Корунттуктар 4:16).

Көпчүлүк котормолордо бул жерде: «мен Машаяктан үлгү алгандай» деген улантуу жок (ал чынында эле ушундай дейт, бирок, 11-бөлүмдө кийинчерээк). Бул жерде болсо, ал аларга жөн гана көрсөтмө берет: «Менден үлгү алгыла» деп. Мунун жүйөлүү себеби бар, эми биз аны карайбыз:

> «Ушул максат менен мен ар бир жыйында, бардык жерде окутуп жатканымдай эле, Машаяктагы менин жолдорумду эсиңерге салуу үчүн, Теңирибиздеги сүйүктүү жана ишенимдүү уулум Тиметейди силерге жибердим» (1 Корунттуктарга 4:17).

Анын «ушул максат менен» деген биринчи сөзү абдан маанилүү. Пабыл эми эле окурмандарына өзүнөн үлгү алгыла деп буйрук берди. Анан көрүнүш, ыкмалар, маданият жана ишенимдер боюнча түшүнбөстүктөр болбошу үчүн, ал ишенимдүү уулун аларга жиберди. Ишенимдүү уулдун белгиси эмнеде? Ишенимдүү уул же ишенимдүү кыз атасынын жолун көбөйтөт! Жакында бул жөнүндө кененирээк түшүндүрүп берем, бирок, алгач ойлонуп көргүлө: Пабыл Тиметей «Машайактагы элчи Петирдин жолдорун эсиңерге салат» деп Корунттагы жыйынга кат жазган эмес. Петир жыйындын чыныгы лидери болгонбу? Албетте, ооба. Ал Кудайга ишенген жана майланган беле? Дагы, ооба. Ал Ыйык Китепте эки китеп жазган! Петир Пабылдан узагыраак элчи беле? Дагы, ооба.

Ошондой эле, Пабыл Тиметей «Машайактагы элчи Жакыптын жолдорун эсиңерге салат» деп да жазган эмес. Петирге окшоп, Жакып жыйында чыныгы ата, Пабылдан да узагыраак элчи жана ишенимдүү жетекчи болгон. Анын Библияда бир китеби бар жана

Иерусалимдеги жыйындын башкы аксакалы болуп кызмат кылган.

Петирдин же Жакыптын иш-аракеттери Пабылдыкынан айырмаланып турду беле? Ооба. Бул Пабылдын жазгандары жана жолдору Петир менен Жакыптын жазгандарын жана жолдорун четке какты дегенди билдиреби? Албетте жок! Бирок, алардын жолдору рухий атасы Пабыл болгон Корунттагы жыйынга ылайыктуу болгон эмес.

Пабыл өз маданиятын Корунттук жыйында орнотуу процессинде болгон. Анын ыкмалары башка «аталардан» айырмаланып турду, бирок, алардын бардыгы Машаяктын негизги принциптерине жана окууларына туура келген. Алардын ар биринин өзүнүн ыкмалары, жолдору жана ишенимдери бар эле, алар бардык элдерди окутуу милдетин аткаруу үчүн аракеттенишкен.

Биз көптөгөн ишенгендерге белгисиз бир чындыкты көрөбүз жана аны билбей калуу көп учурда Машаяктын денесиндеги кыйратуучу бөлүнүүлөрдүн булагы болуп калат. Бул чындык жыйында ар кандай иш-аракеттердин болгондугу менен түшүндүрүлөт. Башкача айтканда, Падышалыкты кеңейтүү максатына жетүүнүн ар кандай жолдору бар.

Пабыл Корунттагы жыйынды минтип багыттайт:

> «Иш-аракеттердин жүрүшүндө [максаттарга жетүү үчүн] так айырмачылыктар бар, бирок бир эле Кудай алардын бардыгын шыктандырып, түрткү берет» (1 Корунттуктарга 12:6).

30 жылдан бери саякаттап жүргөн кабарчы катары мен дүйнө жүзүндөгү жыйындагы маданияттардын, ыкмалардын жана ишенимдердин айырмачылыгын өз көзүм менен көрдүм. Буга карабастан, мен ар бир жыйындын атмосферасында Ыйсанын катышуусун сездим.

Пабыл жыйындарга көрсөтмө бергенде аскердик терминдерди көп колдонот. Бул жөн гана образдар эмес; биз чындыгында бул жер жүзүндөгү Кудайдын армиясынын жоокерлерибиз.

Мен жыйындардын жана кызматтардын иштешинин ар кандай жолдорун көрсөтүү үчүн, андан үлгү алам. АКШ армиясы ар кандай аскерлерден турат. Бизде Армия, Аскер-Деңиз Флоту, Аба Флоту, Аскер-Дениз Корпусу, Жээк коопсуздугу жана Космос күчтөрү бар. Бул аскерлер өз максаттарын жана милдеттерин ишке ашыруу үчүн ар кандай жол-жоболорго жана ар кандай ыкмаларга ээ. Бирок, алардын баарынын бир гана максаты бар - өлкөбүздү коргоо жана ага кызмат кылуу.

Авиациялык мектептин курсанты Америка Кошмо Штаттарынын Аба күчтөрүнүн учурдагы мүчөсү катары атайын даярдыктан өтөт. Окутууда тактикалык аба операцияларына чоң маани бурулат, анткени, бул аскерлер негизинен абада иштешет. Эгерде күтүлбөгөн жерден бул курсант кайрадан аскер-деңиз флотуна дайындалса, анда ал жаңы даярдыктан өтүшү керек болот. Албетте, эки аскерге тең бирдей дал келген көптөгөн фундаменталдык усулдар бар. Бирок, флот деңизде жүрүп жаткандыктан, аба күчтөрүнүн мурунку кызматкери көптөгөн жаңы согуштук амалдарды жана стратегияларды үйрөнүшү керек болот.

Кудайдын Падышачылыгы да ушундай жол менен иштейт. Келгиле, ойдон чыгарылган мисал келтирели. Силердин жыйындын улук пасторлорунун аттары Жо жана Терри Андерсондор деп коёлу. Алар жана алардын жетекчилик тобу, Кудайдын ырайымы менен, жыйынды 1800 кишиге жеткиришти. Бул процессте алар өздөрүнүн жолдорун, башкача айтканда, жетекчилик стилине гана мүнөздүү болгон методдорун жана маданиятын бекемдешти. Силердин жыйындын натыйжалуулугу шаарыңарга укмуштай таасир этти. Ал жергиликтүү таанууга ээ, бирок, анын таасири ошол жерде токтойт.

Эми башка бир шаарда абдан белгилүү жыйын бар деп коёлу. Ал бүткүл дүйнөгө белгилүү жана анын он миңдеген кишиси бар. Бул жыйындын улук пасторлорунун аттары Кевин жана Марисса Смит. Алар тенденцияларды аныкташат жана кызматта жаңы тактикалар менен жетекчилик кылышат. Алардын иши силердин жыйындын пасторлоруна караганда көбүрөөк адамдарга таасир

этет. Силер кайсы жолдорду басасыңар? Смиттердин жолунбу, же силердин пасторлоруңар, Андерсондордун жолдорунбу?

Дүйнөгө таанымал бул лидерлердин жолдору менен жүрүүгө азгырылып, лидерлериңерди алардын ыкмаларын кабыл алууга көндүрүүгө аракет кылышыңар мүмкүн. Эгер силер ушул азгырыкка алдырып койсоңор, анда мен силерге Ыйса Машайактын ишенимдүү кызматчысы эмессиңер деп айта алам. Тескерисинче, силер жик салууну, карама-каршылыкты, жада калса бөлүнүп-жарылууну алып келесиңер. Корунттуктарга окшоп, биримдик үчүн өз лидерлериңердин ыкмаларын жана маданиятын үйрөнүүгө жана аны ээрчүүгө умтулушуңар керек. Чындык, силердин лидерлериңер Смиттер эмес, Андерсондор болгонунда.

Машаяктын денесин жалпы көз караш менен карап, дүйнө жүзүн кыдырган жылдар аралыгында, мен бул фундаменталдык чындыкты билбестиктен келип чыккан кайгылуу окуяларга көп күбө болдум. Мен ишенгендерди лидерликке же библиялык мектептерге барып жүрүшүп, бирок, алар өскөн жыйындын маданиятынан айырмаланып турушканын көрдүм. Көбүнчө бул мектептер өз аймактарында жалпы машайакчылыктын маданиятын орноткон чоң жыйындар менен байланышкан. Бул студенттер бул жыйындын мектепте дагы, дем алыш күндөрү дагы кандай иштээрин көрүшөт.

Окууну аяктагандан кийин, алар үйгө амбициясы менен кайтып келишип, өздөрүнүн жыйынынын маданиятын жана ыкмаларын өзгөртүүгө аракет кылышат. Жаңы жолдор кыйла ылайыктуу жана натыйжалуу болот деп туура эсептешкени менен, эгерде алар өтө эле көк бет болушса, анда алар өз жыйынынын жалпы биримдигине жана анын миссиясына тоскоолдук болуп калышы мүмкүн.

Эгерде мурунку студенттер сунуш кылган ыкмаларды алардын жыйыны кабыл албаса, анда эң жакшы чечим - бул студенттер башка бирөөгө барыш керекпи же жокпу, лидеринин маданиятына жана ыкмаларына жүрөктөрүнөн баш ийиш керекпи деп Кудайдан сурап, сыйынып көрүштөрү керек.

Эгер алар кетише турган болушса, анда алар барып жүргөн жыйындарына зыян келтирбей кетишкендери туура. Адатта, эң жакшы чечим, алар өз аймагынан алыска кеткенде болот. Кудай ар дайым жол башчыны жаңы жерге алып барышы мүмкүн, ал өзүнүн тааныштарын мурдакы жыйынынан алыстатуудан оолактап, жаңы жерде баарын жаңыдан баштайт.

## ИШЕНИМДҮҮ УУЛ

Эми элчи Пабылдын Тиметейди «ишенимдүү уул» деп атаганын талкуулайлы. Жогоруда айтылгандай, ишенимдүү уул атасынын жолун көбөйтүүнү көздөйт. Силерде, сыягы, силердин лидериңерде жок жөндөмдүүлүктөр бар жана мындай суроо туулат: силер белектериңерди анын жүрөгүндөгү көрүнүшкө ылайык көбөйтүп жатасыңарбы? Силердин көбөйтүүңөрдүн түпкү себептери анын ишеними жана маданияты менен дал келеби же силер анын иш-аракетине каршы жана анын көз карашына карама-каршы келген иш-аракетти уюштуруу үчүн күрөшүп жатасыңарбы?

Кантип муну иш жүзүндө колдонсо болот? Эки жол менен. Биринчи жол - бул силердин белектериңерди лидериңердин натыйжалуулугун кеңейтүү үчүн колдонууга ал силердин ордуңарда силердин өзгөчө белектериңер менен жүргөндөй аракет кылуу. Бул силердин лидериңердин көчүрмөсү болуп, чакырууңарды четке кагуу керек дегенди билдирбейт. Мен төмөнкүлөрдү айткым келип жатат.

Силер жаштардын пастору экениңерди элестетип көрсөңөр. Эгерде пасторуңардын жекшемби күнкү кызматын көчүрүп алсаңар, анда жергиликтүү жаштарга жете албайсыңар. Бирок, силер кызматыңарды жаштарга жеткиликтүү кылып, ошол эле учурда атаңардын жүрөгүндө болгон аян-ачылыш менен жасасаңар, анда акылдуулук кылган болосуңар. Мындай натыйжага аны менен баарлашуу аркылуу гана жетишүүгө болот. Силердин стратегияңарды жана ыкмаларыңарды ачык талкуулоо керек. Анын жоопторун угуп, анын көз карашы силердин иш-аракеттериңерге кандай дал келерин түшүнүшүңөр керек.

Муну эффективдүү кылуу үчүн ачык жана чынчыл баарлашуу керек. Эгер силер «ал байкабай калат жана билбейт деген үмүт менен» жасаган кырдаалда калган болсоңор, кыйратуучу жолдо баратканыңарды билгиле. Эгер силер күмөн санап жаткан болсоңор, анда силерди тынчсыздандырып жаткан нерсени ал так түшүнүшү үчүн, ага алар жөнүндө ачык айтып бергиле. Балким, андан силердин кызматка катышууну сураганыңар акылдуулукка жататтыр. Эгерде ал силердин ыкмаларыңарды кабыл албаса, анда ага эмне үчүн мындай кылып жатканыңарды түшүндүрүп бергиле.

Эгер ал дагы эле макул болбосо, дароо ал жактыра турган план түзүп көргүлө.

Бул принципти колдонуунун экинчи жолу - өзүңдү көбөйтүү. Силерде шаардагы эң чоң жаштар кызматы бар деп элестетип көрсөңөр. Бул эң сонун: Кудай силердин ыкмаларыңарга батасын берет жана Анын силердин жашооңорго берген жөндөмдүүлүктөрү адамдарды өзүнө тартып турат. Бирок, силер үйрөнгөн ошол акылмандуулук менен ошол жолдорду өткөрүп бере турган, ошондой жөндөмдүүлүктөрү бар адамдарды таба аласыңарбы? Силер жаштардын бир нече потенциалдуу пасторлорун көтөрө аласыңарбы? Эгер ошондой болсо, анда силердин «атаңар» шаарыңардын башка бөлүгүндө жаңы кызматты баштаганын жарыялаганда, силерде ал жакка барууга даяр турган үйрөтүлгөн адамдарыңар болобу? Көптөгөн жыйындар өз шаарларынын башка аймактарында жаңы кызматтарды, же башка аймакта жаңы жыйындарды ача албастыгынын бир себеби, улук пастордун кол алдындагылар өзүлөрүн көбөйтпөгөндүгү деп эсептейм.

Силер мыкты үн оператору, видео редактор, балдарды кызматынын пастору, сыйынуунун лидери, гитарист, насаатчы, тартип кызматчысы же жыйындагы башка бир туруктуу кызмат адамы болушуңар мүмкүн, бирок, ушул нерсе гана Падышачылыктагы ийгиликти аныктабайт. Чыныгы маанилүүлүк өзүн кайра көбөйтүүдө көрүнөт. Өзүңөргө: *«Меникиндей белеги бар адамдарды табыш үчүн* сыйынып жатамбы жана аларды издеп жатамбы?» деп суроо берип көрсөңөр. Андай адамдарды

тапканда, алардын жөндөмдүүлүктөрүн өрчүтүүгө үйрөтүп, ошол эле учурда аларга силердин атаңардын жүрөгүндө болгон аян-ачылышты өткөрүп бере аласыңарбы?

Башка бирөөнүн аян-ачылышына кызмат кылганда ишенимдүү болуунун эки жолу бар. Ыйсанын чечкиндүү түрдө: «Башка бирөөгө ишенимдүү болбосоңор, ким силердикин берет?» - деп айтканын эсибизден чыгарбашыбыз керек (Лука 16:12).

Келгиле, Ыйсанын Өзүнүн аныктамасын колдонуп туруп берилгендикке байланыштуу Анын Сөзүн кайталап көрөлү: «Эгер силер башка бирөөнү көбөйтпөсөңөр, силерге силердикин ким берет?» же болбосо «Эгер силер лидериңердин жолдорун, маданиятын, күчүн жана ресурстарын көбөйтпөсөңөр жана эң негизгиси, анын жүрөгүндөгү аян-ачылышын көбөйтпөсөңөр, анда силердикин силерге ким берет?» Дагы бир формуланы сунуш кылса болот: «Эгерде силер өзүңөрдүн жоопкерчилик чөйрөңөрдү кеңейтүү үчүн бүт күчүңөрдү, акылыңарды, күчүңөрдү жумшап жана жүрөгүңөрдү төшөбөсөңөр, анда силердин кызматыңарды силерге ким берет?» Бул чындыктын мындай айкаштары сергектик берет.

Мен саякаттап жүргөндө жолуккан бардык ийгиликтүү адамдар алгач башка адамга таандык нерселерге ишенимдүү болушкан. Алардан эмнеден баштадыңар эле деп көп сурагам. Мен буга чейин атасына же аталарына таандык нерселерге ишенимдүү болбогон бир дагы адамдын чыныгы ийгиликке жеткенин көрө элекмин.

## МЕНИН ЭҢ УЛУУ КҮРӨШҮМ

Мен жаш кызматчы кезимде атактуу жана маанилүү адам болууга умтулушума байланыштуу корголбогондук сезими менен күрөштүм. Мен адамдарга жана баарынан да көбүрөөк өзүмө оригиналдуу идеялары бар лидер экенимди далилдөө үчүн бардыгын жасадым. Ошондон бери, мен өзүмө ишенбөөчүлүк сезими менен күрөшкөн көптөгөн лидерлер менен өз ара мамиледе болдум. Эгер алар аны өз жүрөктөрүнүн деңгээлинде жеңе алышпаса, анда кийинчерээк алардын кулашына алып келиши мүмкүн.

Мен өлкөбүздө эң тез өсүп келе жаткан жыйындардын бири болгон чоң шаарда жаш пастор болчумун жана биздин жаштар командасы шаарыбыздагы бардык орто мектептердин жогорку класстарынын окуучуларына жетүү үчүн план түзүшкөн. Бул уникалдуу жана абдан жакшы программа болчу. Биздин жаштар кызматынын келечеги ушул иш-аракеттердин айланасында айланып, жардамчыларым менен ушул программанын стратегиясын иштеп чыгууга сегиз ай жумшаганбыз. Мен биздин көз карашыбызды бардык жаштар кызматындагылар менен бөлүштүм жана алар аны кабыл алышты.

Бирок, ушул программаны ишке киргизүүгө аз калганда, ал менин пасторумдун жүрөгүндө болгон көрүнүшкө дал келбестигин билдим. Ал менден мындай кылбоону суранды. Мен аны менен 20 мүнөттөй талаштым, бирок, ал катуу турду. Башка эч нерсе ойлоп таба албай, акыры оозумду жаптым, бирок, ачууландым. Сегиз ай убакытты текке кетирген чоң программадан баш тарттык, бирок, баарынан жаманы, биздин аян-ачылыштарыбыз анын тегерегинде курулган эле. Эми биз баарын башынан башташыбыз керек болчу. Бул тууралуу мен 24 лидерге жана бүтүндөй жаштар кызматына кантип айтсам болот? Бул үчүн алар аябай аракет кылышпады беле!

Көңүлүм чөгүп, Лизаны жубатуу үчүн жөнөп калдым. Менин пландарым ишке ашпай калганын угуп, ал: «Джон, Кудай сага бир нерсени үйрөтүп жаткан окшойт» деп акырын гана каршы чыкты. Эми мен өз пасторума да, аялыма да ачууландым!

Мен Лизаны таштап кеттим, анткени, менин оюмча, ал мени колдогон жок. Менин планым мектептин жогорку класстарынын жоголгон окуучуларынын көпчүлүгүнө жетүү үчүн ойлоп табылгандардын эң бир улуусу болчу деп эсептедим. Менин пасторум жана менин аялым толугу менен сокур болушкан; жок эле дегенде мен ошондой деп ойлогом!

Өзүмдү жалгыз сезип, көңүлүм чөгүп, соорологустай болуп турдум. Көз ирмемге мен бул жаман түш деп сезип, жакында ойгонуп кетсем, баары жакшы болот деп ойлогом. Кантип эле бул чын эле болушу мүмкүн?

Ошол учурда, Кудай менин жүрөгүмө абдан так сүйлөдү. Ал: «Уулум, Мен сени жаш пастор кезинде соттогондо, биринчиден, сен Мага канча адамды алып келгениң үчүн соттобойм, бирок, Мен сенин үстүңдөн койгон адамга канчалык ишенимдүү болгонуңа жараша соттойм.»

Бул сөздөр мени тынчтандырды, бирок, Анын кийинки сөздөрү мени мындан да күчтүүрөөк эсиме келтирди. Ал менин жүрөгүмө бекем айтты: «Сен өзүңдүн шаарыңдагы жогорку класстардын бардык окуучуларын Мага алып келе аласың, бирок, эмгегиң үчүн бериле турган бардык мактоолорду жана сыйлыктарды өз пасторуңа ишенимдүү болбогонуң үчүн жоготуп коюшуң мүмкүн.»

Бир маалда мен ыйык коркунуч менен титирей баштадым. Мен дароо өкүнүп, кечирим сурадым, андан кийин пасторума чалып, андан кечирим сурадым. Мен трубканы коюп, жаңы болуп өткөн окуялар жөнүндө ойлонгондон кийин, күтүлбөгөн жерден Теңир мага аян берди. 24 лидерим менен жолугушууга буттарымды араң сүйрөп келе жатканымды көрдүм. Бул мен үчүн оор жана кайгылуу болуп, жыйрылгандай болгон үн менен мындай деп жарыяладым:

> «Балдар, билесиңерби, биз бул программанын үстүндө көп айдан бери иштеп келдик; бул биздин жаштар кызматынын аяны болчу. Бирок, азыр эле биздин улуу пастор бул программаны жокко чыгарды. Биз иштеген нерселердин бардыгы бүттү.»

Мен алардын кандайча өкүт менен баштарын ылдый түшүрүшкөнүн көрдүм, кээ бирлеринин көздөрү менен ооздору ишенбестиктен чоң ачылды. Баары таң калышты жана ачууланышты. Мен бул көрүнүштө алардын баары биздин улуу пасторго ачууланышып, бизди анын чыгармачыл ой жүгүртүүсүнүн курмандыгы катары эсептешкенин билдим.

Кудай менден ушундай кылышымды сураңды беле? Мен жооп бердим: «Жок! Эч кандай андай болгон эмес! Жок!». Ал менин мамилемди жана жүрөгүмдүн ниетин ачып жаткандыгын билдим. Ал мага берген ушул көрүнүш менде дагы деле атамдын

жүрөгү болбогондугун көрсөттү. Ошол замат тереңирээк деңгээлде тобо кылдым.

Бир нече күндөн кийин мен лидерлерим менен жолугушууга кантип келгеним эсимде. Эми ошол ыйык коркуу жүрөгүмдө жанып турганда, мен шаңдуу басып, көздөрүм жалтырап, кубанычка бөлөндүм. Баарына чоң шыктануу менен жарыя кылдым:

- Балдар, менин сонун жаңылыгым бар! Биздин улуу пасторубуз Ысмайылдын төрөлүшүнө жол бербей, бизди куткарды. Анын айтымында, биз иштеп жаткан нерсе ал жыйынды жетектөөнүн багытына дал келбейт, ошондуктан биз бул программаны жаап жатабыз!

Бардыгы дароо кубанычтуу кабыл алышты. Айрымдары жылмайып, башкалары бири-бирине «жогорку» баа беришти, калгандары сыйынуу менен макулдугун билдиришти. Алардын ар бири менин жүрөгүмдө эмне бар экендигин түшүнүштү, анткени акыр-аягында мен өзүм пастордун жүрөгүндө эмне бар экендигин түшүндүм.

Бир жылдан кийин, биз дагы бир нече айдан бери иштеп келе жаткан дагы бир чоң программа аркылуу сыналдым. Бул жолу менин пасторум ал жөнүндө билип, биздин көрсөтмөгө макул болду. Бирок, биз үч айдан бери ушул программанын үстүндө иштеп жүргөндө, ал оюнан дагы кайтты. Бул биз үчүн дагы бир сынак болуп, ал кечирим сурады. Мен буга өткөн жолкуга караганда, таптакыр башкача мамиле жасадым. Мен бул программаны жокко чыгардым; мен аны менен урушкан жокмун, талашкан жокмун же макул эместигимди да билдирбедим. Мен ал айырмачылыктарды так эстейм; аны менен макул боло алганыма канааттанууну сездим, бирок чечим менин колумда болсо, ушул программаны аткарууну уланта бермекмин.

Дагы бир жолу мен өз лидерлериме ушул программанын жокко чыгарылышын менин идеямдай кылып сунуштадым. Кудай биздин жаштар кызматына чоң батасын берди. Мен жаштардын пастору болгон эки жылдын ичинде ал үч эсеге өстү.

Эгерде мен бул сыноолордон өтпөй калсам, анда азыркы ордумда болбойт элем деп толук ишенем. Ыйык Рух мага ушуну көрсөткөндүктөн, баары кандай болуп каларын мен айта алам. Акыр-аягында, мен ошол биринчи тандоо программасын жокко чыгармакмын. Мен муну менин лидерлериме бул нерсе тарагандан кийин, аларды ууландырган мамиле менен жасамакмын. Андан кийин, мен жыйынды таштап, жашоомдогу жөндөмдөрдүн жардамы менен, аз гана адамдарга таасир эте алмакмын. Бирок, мен азыр биз жетектеген кызматты эч качан алмак эмесмин. Биз дүйнө жүзүндөгү миллиондогон адамдарга таасир этүү үчүн насаат айтып же китеп жазмак эмеспиз. Эмнеге? Эгерде мен башка бирөөгө ишенимсиз болсом, Кудай мага берген тапшырмага ээ болмок эмесмин.

Муну билүү мен үчүн оңой болгон жок. Мен өз көз карашымды жактаган лидер болгондуктан, мен эң жакшы деп эсептеген нерсе үчүн күрөшүүгө даяр элем. Бирок, мен Кудай менин натыйжаларыма караганда, мүнөзүмө көбүрөөк көңүл бурарын билдим. Ал Лиза экөөбүзгө өзүбүздүн кызматты ишенип тапшыруудан мурун бекем пайдубал түптөгүсү келди.

Кымбаттуу досум, сен дагы лидерсиң. Кудай бардык балдарына Анын жолдору менен жүрсөк, лидер болууга мүмкүнчүлүк берген. Биз «куйрук эмес, баш» жана «төмөндө эмес, бийикте ганабыз» (Мыйзам 28:13тү карагыла). Сураныч, мага окшоп каршы чыкпагыла. Менден үйрөнгүлө, ошондо силер да Падышачылыктын ишин алга жылдырасыңар.

## БИРИМДИКТИН МААНИЛҮҮЛҮГҮ

Көбөйтүү үчүн биримдик керек. Бул тууралуу Ыйык Китептин эң сонун жерлеринин бири Башталыш китебинде кездешет. Кудайдан коркпогон адамдардын тобу өз дооруңдагы адамдар үчүн дээрлик мүмкүн болбогон нерсени - асманга чейин жеткен мунара курууну чечишти. Бирок, Кудуреттүү Кудайдын айткандарын уксаңар.

> «[Теңир] мындай деди: «Мына, бир эл, бардыгынын тили бир. Булардын баштаган иши ушул. Булар кылам дегенинен кайтышпайт» (Башталыш 11:6).

Муну ким айтканын унутпагыла: Кудай Өзү! Анын сөздөрүн уккула: «Булар кылам дегенинен кайтышпайт». Кудай эмне үчүн мындай деди? Себеби алар «бир эл» болушкан жана «бир тилге» ээ болушкан. Алар бир эле. Алар макулдашуу менен иш алып барышты.

Эгерде Кудайдын оозу куткарылбаган адамдар жөнүндө ушуну айткан болсо, анда Ал келишимдин эли жөнүндө эмне дейт? Дагы көп нерсе, анткени Анын эли биригип турган жерде, «Теңир батасын берүүнү буйруду» (Забур 132:3). *«Буйрук берди»* деген сөз «буйрук берди, багытталды, дайындалды» дегенди билдирет. Баары ачык-айкын: биримдик көбөйтүүнү кошо камтып, баталарды өзүнө тартып турат.

Бул Жаңы Келишимдеги Анын балдарына түздөн-түз тиешелүү. Таң калыштуусу, биз төмөнкүдөй сөздөрдү көрөбүз:

> «Бири-бириңер менен чын жүрөктөн макул болуп, бири-бириңерди сүйүп, бир ой, бир максат менен иш алып барып, мени чындап бактылуу кылгыла» (Филипиликтер 2:2).
>
> «Анда бир туугандар, мени кубанткыла: бир ойго, ошол эле сүйүүгө ээ болгула, ынтымактуу жана бир пикирдүү болгула, ошондо сүйүүнүн жана тынчтыктын Кудайы силер менен болот» (2 Корунттуктар 13:11).
>
> «Бирок Машайактын Жакшы Кабарына татыктуу жашагыла. Барып, силерди көрсөм да, силерден алыс жүрсөм да, силер тууралуу «Жакшы Кабар таратылышы үчүн бир ой, бир тилек менен бардык күч-аракетин жумшап жатышат» деген сөздү уккандай болоюн» (Филипиликтерге 1:27).

Биз бул жыйындардын атасынын жалынуусун угуп жатабыз. Пабыл «бүт жүрөгү менен макул болуу», «бир ойдо болуу»

жана «бир рухта» деген сөздөрдү колдонгон. Ал жыйындардын Кудайдын буйругу менен бата алышын каалаган.

Ошондо гана алар бардык тармактарда чыныгы көбөйүүнү башынан өткөрөрүн Ал билген.

Келгиле, биримдикте болгондорго арналган буйруктуу батанын эң сонун мисалын окуп көрөлү. Ыйсанын ишенимдүү жолдоочулары Анын жогорку бөлмөдө калуу буйругуна баш ийишкен (Элчилер 1:4). Тирилгенден кийин 40 күндүн ичинде Ыйса кеминде 500 эркек менен аялга көрүнгөн (1 Корунттуктарга 15:6ны карагыла), бирок, Ал асманга көтөрүлгөндөн он күндөн кийин Иерусалимде 120 гана шакирт калган. Калгандары кайда эле? Менин оюмча, алардын 75 пайыздан ашыгыраагы Ыйсанын сөздөрүн уккан жок. Алардын кайда жүргөнүн билбесек да, алар үчүн Анын каалоосу биринчи орунда турбаганын билебиз.

Үстүңкү бөлмөдөгү аялдар менен эркектер Кудайдын Сөзүнө биримдикте баш ийишкен. Маселе мында болгон: алар Ыйса дайындаган жана Ал ыйгарым укуктарды өткөрүп берген ушул жыйындын атасы Петирге кандай мамиле кылышат?

Жакшы Кабарларда Петир көбүнчө импульсивдүү (шашма, бир нерседен таасирденип, тез кайсы бир кадамдарга барган) болуп жана Кудайдын эркин эске алган эмес. Ыйса Машайак, тирүү Кудайдын Уулу деп тайманбастык менен жарыялаганда, Ыйса аны баталуу деп атаган. Бирок, бир нече мүнөттөн кийин, Ыйса Петирге кайрылып: «Кет жанымдан, шайтан! Сен Мага тузак коюп жатасың. Анткени сенин ойлоруң – Кудайдын эмес, адамдын ойлору», – деди» (Матай 16:23).

Дагы бир жолу, Петир башка шакирттер карап турганда, суунун үстүндө жүрдү. Ал дагы да алдыда болду. Бирок, бир нече секундага жетпей, ал чөгүп баштады. Ыйса өкүнүч менен мындай деди: «Ишеними аз! Эмнеге шектендиң?» (Матай 14:31).

Дагы бир окуяда, Петир, Жакан жана Жакып менен бирге Ыйсаны жаңылануу тоосуна чейин ээрчип барган. Ал жерде Анын жүзү күн сыяктуу жаркыраганына, ал тургай, кийими да өзгөргөнүнө күбө болушкан. Муса менен Илияс келип, Аны

менен сүйлөшө башташты. Кандай сыймык! Бирок, Ыйса жана Анын үч шакирти тоодон түшкөнгө чейин, Петир үч алачык куруш керек, анын экөө Илияс менен Мусага таандык болсун деп айткан (Матай 17ни карагыла). Кайра эле ал Кудайдын пландары менен максаттарын түшүнгөн жок.

Эми ушулардын бардыгын эске алып, Петир жаңы түптөлгөн жыйындын лидери катары кабыл алган биринчи чечимдеринин бирин карап көрөлү. Бирок, адегенде, дагы бир маанилүү чындыкты эсибизден чыгарбашыбыз керек: ушул убакка чейин Петир Машаякты ал тургай, тааныбайм деп баш тарткандан бери болгону бир нече гана күн өттү. Бул чындык көптөгөн ишенгендер үчүн, айрыкча, ким анын көрсөтмөлөрүнө же чечимдерине макул болбосо ошолор үчүн Петирдин жолун жолдобой коюуга шылтоо болушу мүмкүн эле.

Ошентип, ушул таржымалды баштайлы. Ыйса асманга көтөрүлүп кеткенден бир нече күн өткөндөн кийин, Петир Забур китебинен Жүйүттүн Ыйсаны сатып кетишине түздөн-түз тиешеси бар пайгамбарчылык сөздү тапкан. Петир аны жогорку бөлмөдөгү кичинекей жамаатына окуп берди: «Бул тууралуу Забур китебинде мындай деп жазылган: «...анын кызматын башка бирөө алсын», (Элчилер. 1:20-21). Петир дагы бир жолу башкалар көрө элек нерселерди көрдү, бирок аны туура колдоно алабы?

Силердин окуганыңар божомол деп кабыл алынышы мүмкүн, бирок, мен өз оюмду далилдөө үчүн силерге Кудайдын Сөзүнөн жетиштүү тастыктама берем деп үмүттөнөм. Кезектеги чечимди кабыл алууда Петир дагы бир жолу Кудайдын эркин эске албады деп ойлойм, анткени ал башынан бери алардын жанында жүргөн кишилерди чогултуп, «өкчөмө таш ыргытып», алардын кайсынысын Кудай Жүйүттүн ордуна тандай тургандыгын көрүүнү сунуш кылган.

Жаңы Келишимдин эч бир жеринде элчини Кудай лотерея системасы аркылуу тандай тургандыгын көрө албайсыңар! Ыйса аларга Өзүнүн үлгүсү менен Кудайдын жолун көрсөттү: Ал биринчи 12 элчини тандоодон мурун түнү бою сыйынып, Кудайды

укту (Лука 6:12-13тү карагыла). Петир Ыйсанын кылганына окшошураак жол менен кийинки элчини аныктап алса жакшы болмок.

Болгону бир нече жылдан кийин гана Антиохия жыйынындагы пайгамбарлар менен окутуучулар Ыйсанын жолун жолдошконун унутпагыла. Барнаба менен Шабыл элчилер кызматы үчүн бөлүнүп берилгенге чейин, алар орозо тутушту жана сыйынышты (Элчилер. 13:1-4 карагыла). Бул Петирдин шашылыш чечиминин туура эмес болгонун дагы бир жолу тастыктады.

Үстүнкү бөлмөдөгү 120 адам эки талапкерди тапты: Матиас жана Юстус. Матиас бул лотереяны утуп алып, элчилердин катарына кирген (Элчилер 1:23-26ны карагыла), бирок, Жаңы Келишимде Матиас деген ысымды бир да жолу көрө албайбыз. Эмнеге? Анткени, кийинчерээк Кудайдын Сөзү Жүйүттүн ордуна Матиас эмес, Пабыл Кудайдын тандаган адамы экендигин көрсөтөт. Ошондуктан да, Пабыл мындай деп жазган:

> «Ал [Ыйса] андан кийин Жакыпка жана башка элчилерге көрүндү. Акырында ай-күнүнө жетпей төрөлгөн балага окшогон мага да көрүндү. Мен элчилердин эң кичинесимин.»
> (1 Корунттуктар 15:7-9).

Пабыл өзүн ара төрөлгөн деп атаган; башкача айтканда, ал он экинин бири болуу үчүн, кыязы, абдан жаш эле. Бул суроону изилдеп жатып, мен Пабылдын туулган датасы жөнүндө ар кандай пикирлерди таптым; ар кандай булактардын эсептөөлөрү 14 жыл аралыгында ары-бери болуп турат. Бир нерседе ишенимдүү болсок болот: анын туулган жылын эч ким билбейт. Ошентип, Жаңы Келишимдин жашы жөнүндө түшүнүк алуу үчүн убакыт тилкесин карап чыгалы.

Көпчүлүк тарыхый маалыматтарга ылайык, Степан азаптуу өлүм менен Ыйсанын тирилгенинен төрт жылдан кийин өлгөн, демек, Ыйса өзүнүн биринчи шакирттерин жети жыл мурун тандап алган. Степанды таш бараңга алышканда, Ыйык Китепте Шабул (Пабыл)

жаш эле деп айтылат (Элчилер 7:58ди карагыла). Грекче-английсче сөздүктө «жаштар» деген сөз «жаңы гана бойго жеткен» деп аныкталат. Ошондуктан, жети жылды кемитсек, Пабыл алгачкы шакирттердин катарына кириш үчүн өтө эле жаш болгон деп божомолдоого болот.

Мен Пабылдын Кудай тандаган адам болгонуна толук ишенем. Ал Матиаска караганда элчинин жемишине жана бийлигине бир топ көбүрөөк ээ болгон. Мен муну менен, менин оюмча Петир, лидер катары Кудайдын планына туура келбеген, капысынан эле чечим чыгаргандыгын көрсөткүм келет. Эгер ал бүгүнкү жыйындарда ушундай кылса, анда жыйын үч топко бөлүнүп кетиши мүмкүн: элчилердин лотерея системасы менен тандалышына каршы болгондор; элчилерге муктаж болбой калгандар; жана лотерея системасын жактагандар (калган болмок). Бирок, ушул окуядан кийин дароо эле, Ыйык Китепте жазылган сөздөрдү уксаңар:

> «Элүүнчү күн майрамы келгенде, алардын бардыгы бир пикирде болушкан» (Элчилер 2:1).

Грек тилинен которгондо *«бир* пикирде*»* деген сөз «хомотумадон» деген сөз, ал «бирдиктүү, бир добуштан, бардыгы биригип» дегенди билдирет. Бул аныктама иш жүзүндө эмес, ойлордо да бөлүнүүгө орун бербейт. Алар ой-максаты, дили жана руху боюнча бир болушкан. Жыйынтыгы кандай болду? Кудайдын Сөзү ошол күнү үч миң киши Теңирибизге кошулгандыгын билдирет. Эгерде бул санды 120га бөлсөңөр, анда 25 эсе көбөйтүүнү аласыңар. Ойлонуп көрсөңөр - бир эле кызматта жыйын 25 эсе өстү. Алардын биримдиги үчүн Кудай Өз батасын берди! Бул руханий мыйзам.

Үстүңкү бөлмөдө баарын Петир кылгандай кылбаган ишенүүчүлөр да болгон деп ишенем. Мындай чечим чыгарардан мурун, Ыйсанын жолун жолдоп, биринчи кезекте Кудайды издеген туура экендиги шексиз.

Муну жасоонун мыкты жолу болсо да, жогорку бөлмөдөгү адамдар эң жогорку приоритетти - лидеринин стратегиясын кабыл алуу менен биримдикте болууну көрүштү. Баары ал өзүнүн идеясы болгондой кылышты. Ыкмалардагы анчалык мааниге ээ болбогон жана маанисиз келишпестиктерден улам бизде бөлүнүүчүлүк көп болот! (Бир маанилүү чындыкты кошумчалай кетейин: эгерде сиздин лидериңиз Кудайдын Сөзү боюнча күнөө деп эсептелген чечимди кабыл алса, анда биз баш ийбешибиз керек болгон бир гана учур ушул. Ошентсе да, көпчүлүк бөлүнүүлөр күнөөдөн улам эмес, ыкмалардан улам келип чыгат.)

## СУУ АСТЫНДАГЫ АГЫМДАР

Бөлүнүү сөздөр жана иш-аракеттер менен гана чектелип калбасын унутпашыбыз керек. Алар бир топ тереңирээкте - ойлордо, жүрөктөрдө жана рухтарда жатат. Эске салуу иретинде дагы бир жолу мурунку биримдик жөнүндөгү үч аятты окуп чыккыла. Биз биримдиктүүдөй көрүнүшүбүз мүмкүн, бирок, ниетибиз жана оюбуз боюнча бөлүнүп-жарылган абалда болуп калышыбыз да мүмкүн.

Менин апам Флорида штатындагы Веро Бич шаарында жашайт. Бул шаардан болжол менен жыйырма чакырым алыстыкта Себастьян булуңу деген жер бар. Ал жергиликтүүлөргө суу астындагы күчтүү агымдары менен белгилүү. Суу астындагы агым - бул көзгө көрүнбөгөн кубулуш. Океандын бетин караганада, суунун бардыгы бир жакка агып, жээкти көздөй гармониялуу жылып бараткандай сезилет. Бирок, астынан суу тездик менен тескери багытта жылып жатат. Бул тескери агым өз курмандыктарын кармап, аларды ачык деңизге тартат, кээде алардын өмүрүн да алып кетет.

Биздин жыйындарда, ишканаларда, мектептерде, өкмөттөрдө, спорттук командаларда жана клубдарда көбөйтүүгө тоскоол болуп жаткан бөлүнүүчүлүктүн «суу астындагы агымы» барбы? Албетте, ооба. Эмне үчүн мындай болуп жатат? Себеп Кудайдын Падышачылыгын Падышачылыктын көз-карашы менен эмес, демократиялык ой жүгүртүү менен курууга аракет кылып

жатканыбызда болушу мүмкүнбү? Биз чыныгы Падышачылыктын жарандарыбыз жана Падышабыздын биздин жетекчилерге берген бийлигин четке кага албайбыз. Анын батасы качан биз аларга чын жүрөктөн баш ийгенибизде көрүнөт.

Биз өзүбүздөн: *«Биз үчүн эмне маанилүү, туура болушубуз керекпи же бир*имдиктүү болушубуз керекпи?» деп сурашыбыз керек. Бир эле учурда 100 пайыз туура жана 100 пайыз жаңылыш болушуңар мүмкүн. Эгерде Петир сунуш кылган лотереялык система менен тандоо тутумун жокко чыгарып, орозо жана сыйынуу менен алмаштырууну талап кылган топ пайда болсо (Ыйык Китепте айтылган үлгү боюнча), бул топ 100 пайызга туура болмок. Бирок, алардын бөлүнүп-жарылышынан улам, Кудайдын батасынын төгүлүшү токтоп калмак.

Эсиңерде болсо, Элчилер китебиндеги табияттан тыш биринчи көбөйтүү аталар практикалык көрсөтмө бергенден кийин болгон. Бул көрсөтмө берилгенде, биз муну окуйбуз: «Жыйындагы адамдардын бардыгы бул идеяны жактырышкан» (Элчилер 6:5). Натыйжада эмне болду? «Шакирттердин саны абдан көбөйдү» (Элчилер 6:7). Жыйындагы адамдардын бардыгы бул стратегияны өзүнүн стратегиясы катары кабыл алышты. Мен кайра эле адамдар каршы болушкандыр деп ишенем, бирок, алар бир чындыкты тапты: «Туура болууга караганда, баталуу болгон жакшы». Ошентип, алар бул ыкманы өз идеялары сыяктуу кабыл алышты.

Эми биз эң кыйын суроону беришибиз керек: Ыйсанын алдында Акыйкат Сотко келген учурда канчабыз Анын ачып бергендерине аң-таң, эстен тангандай болуп тураар экенбиз? Ал бизге көз жашын төгүп, биздин бөлүнүүлөрүбүз Ал буйрук кылган баталарга кандайча жолтоо болгонун көрсөтөөр бекен? Ушундан улам түбөлүктүн таасирин кабыл албаган адамдарды көрүп жана көбөйтүүнүн колдон чыгарылган мүмкүнчүлүктөрүн түшүнүп, Аны менен кошо ыйлаар бекенбиз? Туура болууга эмес, биримдикке умтулууга кайтып келүүгө канчабыз даярбыз? Бирок, абдан эле кеч болуп калат.

## ОЙ ЖҮГҮРТКҮЛӨ

1. Ата - бул лидерликти жана камкордукту камсыз кылган жана жеке адамдын же уюмдун жашоосуна белгилүү бир маданиятты алып келген адам, ал көптөгөн ролдорду аткара алат - директор, пастор, чакан топтун жетекчиси, бөлүм башчы, мугалим, машыктыруучу ж. б. Силердин жашооңордо кандай «аталар» бар? Алар силер үчүн кандай «аталар»?

2. Ишенимдүү уул же ишенимдүү кыз өз атасынын жолун көбөйтөт. Лидерлериңердин жолун тууроо эмне үчүн маанилүү? Кантип бул силерге көз карашыңардагы, ыкмаңардагы жана маданиятыңардагы айырмачылыктарды болтурбоого жардам берет?

3. Башкага таандык нерсени көбөйтүү силерден өзүңөрдүн көбөйүшүңөрдү талап кылат. Акылмандык жана өзүңөрдүн үйрөнгөн жолдоруңар менен бөлүшө турган жөндөмдөрү бар адамдарды таба аласыңарбы? Бүгүнкү силер кылып жаткан ишиңерди башкаларга да жасоого жардам берип жатасыңарбы? Андай болбосо, муну кантип баштасаңар болот?

*«Мырзам, мен сенин катаал адам экениңди билчүмүн; сен сеппеген жерден эгин оросуң, сен өстүрбөгөн жерден түшүм аласың. Акчаңды жоготуп алам деп коркуп, жерге көмүп салдым " деди.*

– Матай 25:24-25

12

# Көбөйтүүгө болгон тоскоолдуктар I

Эми биз Ыйсанын үлгү насаат аңгемесиндеги жалкоо башкаруучунун мотивдери жана ойлору жөнүндө сүйлөшөбүз. Эмне үчүн калган эки башкаруучу көбөйтүшүп, ал гана сактап калды? Эмне үчүн биринчи жана экинчи башкаруучулар "жакшы жана ишенимдүү" деп аталып, ал эми аны "жаман жана жалкоо" деп аташкан?

Баштоодон мурун, келгиле, төмөнкү чындыкты талкуулап алалы: адам Ыйсанын алдында турганда, ал калп айта албайт. Бул нерсени арзыбаган мисал менен түшүндүрүп берейин. Силер качандыр бир убакта сурак учурунда тыңчыга жашыруун фактылардын бетин ачуу үчүн, "чындык сывороткасы" менен укол сайылып жаткан тасманы көрдүңөр беле? Бул тыңчы же кош агент жашырууга убада берген нерселерди ачыкка чыгарып, чындык белгилүү болот.

Өз жашоомдон дагы бир мисал келтирейин. Үй-бүлө курган алгачкы жылдары мен бышып жетиле элек болчумун жана өзүмдү ишенимсиз сезип жүрдүм. Менин аракеттеримди Лиза ачып көрсөткөнгө чейин алгылыктуу деп эсептеген учурлар болгон. Сүйлөшүүлөрдө мен өз иш-аракеттеримди жана мотивдеримди ишенимдүүлүк менен коргочумун. Көп учурда мен ар бир айткан сөзүмдү тайманбастык менен коргогом! Кийинчерээк, мен Кудайга

сыйынганда жана анын айткандары туура болгонун түшүндүм. Мен кайра Лизага барып, катамды мойнума алчумун.

Мен бул чындыкты алдамчылык, абийирсиздик, амалкөйлүк жана эки жүздүүлүк Кудайдын падышачылыгында болушу мүмкүн эместигин көрсөтүү үчүн айттым. Ыйса мындай дейт:

> «Жашыруун нерселердин бардыгы ачылып, жашыруун нерселердин бардыгы баарына белгилүү боло турган мезгил келе жатат. Караңгыда эмне десеңер да, жарыкта угулат, ал эми жабык эшик артында шыбырасаңар да, чатырлардан жарыяланып жаткандай болуп, бардыгы угулат!» (Лука 12:2-3).

Ыйса бул жерде жалган ойлонууга же калп айтууга мүмкүн болбой турган сот болуп жаткан жер жөнүндө айтып жатат, анткени бүт атмосфера чындыкка сугарылган болот жана эч ким жалган же алдаган сөз айта албайт. Биздин башкаруучулар жөнүндөгү мисалыбыз соттун символу экендиги бул жөнүндө кабар берет: жалкоо башкаруучунун жообу чын экенине толук ишенсек болот. Ал өзүн ачыкка чыгарды жана өз сөздөрү аны күнөөлөдү.

Анын түбөлүктүүлүккө көбөйтпөгөнүнүн эки негизги себеби бар:

- Ал кожоюнунун мүнөзүн билген эмес.
- Ал корккон.

Бул себептер туура тартипте келтирилген. Экинчиси көп учурда биринчисине негизделет, бирок ар дайым эле эмес, анткени Кудайдын мүнөзүн билбөө коркуу сезимин оңой эле жаратат. Эки жаңылыштык жөнүндө тең сөз кыла келгенде, бул ачык-айкын болот.

## «МЕН ЭМНЕГЕ ИШЕНЕМ»

Келгиле, биринчи туура эмес түшүнүктү талкуулайлы. Эмесе, бир таржымалдан баштайлы. Мен конференцияга катышуу үчүн азыр эле Гавайиге учуп келдим. Дагы деле жолго кийген кийимдеримди кийип, мейманканадагы бөлмөмдүн даярдалышын күтүп жатып,

бассейндин жанындагы кол чатырдын астында эс алууну чечтим. Ал жерде дагы бир конференцияга катышып жаткан бир ишкер аял да күтүп турган. Биз сүйлөшө баштадык, ал менин машайакчы жазуучу жана кызматчы экенимди билгенден кийин, Кудай менен болгон мамилеси жөнүндө айта баштады.

Анын Кудайды билбегенин түшүнүү үчүн бир-эки мүнөт эле жетиштүү болду. Ал өзү ишенген нерсени ишенимдүү түрдө ырастады, бирок, бул Кудайдын Сөзү ачып берген нерселерге дээрлик туура келбеди. Ал ишенимин түшүндүрүп жатканда, мен Ыйык Рухтан акылмандык сурадым, ал мага эмне деп айтууну көрсөттү.

Ал ой жүгүртүүсүн аяктаганда, мен минтип сурадым:

- Бассейндин аркы өйүзүндө отурган кишини көрдүңөрбү?

- Ооба, - деп жооп берди ал.

- Ал жөнүндө айтып берейинчи, - дедим. - Ал вегетариандыкты катуу карманган адам; ал жаныбардан чыккан эч кандай тамакты, ал тургай, балды да колдонбойт. Ал АКШнын Сууда сүзүү боюнча Олимпиада командасында болууну кыялданат. Ал күн сайын үч сааттан машыгат. Анын хоббиси бадминтон, теннис, парашюттан секирүү жана сүрөт тартуу. Ал джакузинин жанындагы аялга үйлөнгөн, ал аял андан он жаш кичүү.

Бул аял аябай кызыгып калды, бирок, менин теманы ушунчалык кескин өзгөртүп жибергенимден бир аз оңтойсузданды. Ал жөн гана Кудай жөнүндө терең ойлору менен бөлүштү, мен жооп катары бассейндин аркы өйүзүндө отурган адам жөнүндө айтып бердим. Ал кызыгып сурады:

- Ал сиз катышкан эле конференцияга катышып жатабы?

- Жок.

- Анда сиз аны кайдан билесиз? - деп сурады ал, ого бетер кызыгып.

- Мен аны менен тааныш эмесмин.

Башы маң болуп, сарсанаа болгон ал аял, менин ал жөнүндө көп нерсени кайдан билгенимди сурады. Бул чынбы же жокпу,

билбейм, бирок анын келбетине караганда, ал мени ЦРУнун же ФБРдин кызматкери, детектив, ал тургай аялдарды азгырган эркек деп ойлогон чыгаар. Анын кызыгуусу чегине жеткен болчу.

Мен токтоп туруп, андан кийин ага:

- Мен ал ошондой экенине ишенем*, -дедим*.

Ал таң калганынан унчукпай калды.

- Сиз эми гана Кудайга ишенген нерселериңиз жөнүндө ушунчалык ишенимдүү сүйлөдүңүз, - деп уланттым. – Бирок, Ал жөнүндө айткандарыңыздын дээрлик бардыгы туура эмес. Мен бул тууралуу билем, анткени мен Аны билем.

Мен бурулуп, анын көзүнө тике карап:

- Мен таанытбаган ушул адам жөнүндө сүйлөгөнүмдүн Кудай жөнүндө сиз айткандан эч кандай айырмасы жок. Бассейндин аркы өйүзүндө отурган бул кишиге ишене турган нерселеримди айттым, бул абдан ынанымдуу угулду. Бирок, сыягы, менин айткандарымдын көпчүлүгү туура эмес, себеби мен аны таанууга эч качан убакыт бөлгөн жокмун.

Ал угуп турду, бирок бир аз селт эткендей болду.

- Кудай бизге Өзүн ачып берген Библиянын барактарында жазылган Өзүнүн Сөзүн берди, - дедим мен жай үн менен. - Ошондой эле Ыйсаны бизге ачып берүү үчүн, Өзүнүн Рухун жиберди, ал болсо Өз кезегинде бизге Кудуреттүү Кудайды ачып берет, анткени Ал денеде келген Кудай.

Мен дагы бир аз токтоп, акырын сурадым:

- Сиз акылыңызда чындыгында жок, ойлоп тапкан бир Кудайды жараткан болушуңуз мүмкүн деп ойлойсузбу?

Тилекке каршы, ал Кудайды таанытбайм деп мойнуна алууга даяр болгон эмес, же Аны менен чыныгы жолугушуудан корккон. Биз дагы бир нече мүнөт сүйлөшүп, анан көп өтпөй коштоштук.

Балким, силер бул окуяны окуп жатып жылмайып жаткандырсыңар: *«Мен Кудайды билем. Мен жыйынга барып, Ыйык Китепти окуйм»* деп. Бирок, ар бирибиз ушул ой менен тынчтанып калардан мурда фарисейлердин абалын эсибизден

чыгарбашыбыз керек. Алар бир дагы кызматты калтырышкан жок, алар дайыма сыйынып, орозо тутушкан жана Ыйык Китептин биринчи беш китебин жатка билишкен (менде, албетте, мындай ийгилик жок!). Ошентсе да, алар денедеги Кудайды - маңдайында турган Ыйсаны тааный алышкан жок.

## КУДАЙДЫ ТААНЫП-БИЛҮҮ

Кудайды билүү артыкчылыгына ким ээ болот? Бардыгы буга чакырылган, бирок, так-айкын критерийлер бар. Качан биз өз жашообуздун түпкүрүнөн тартып, өмүрүбүздү толугу менен Ага багындырып берүүнү чечсек, анда чыныгы баарлашууга эшик ачык. Бул чечим жасалма эмес, тийиштүү иш-аракеттер менен коштолушу керек. Ыйса мындай дейт: "Эгерде Мен үчүн жаныңды берсең, анда аны сактап каласың" (Матай 16:25). Ал "аны сактап каласың» деген менен эмнени билдирет? Бул жөнөкөй эле: чыныгы жашоо Кудайды таанып-билүүдө гана болот.

Биз жыйынга барып, машайакчы досторубуздун курчоосунда болуп, китеп окуп, табынуу музыкасын угуп, "тобо кылуу сыйынуусун» кайталап, ал тургай, кээ бир амалдарды жасоо менен Кудайды тааныпбайбыз. Ыйык Китепте көп учурда Ыйсаны Күйөө деп аташат, биз болсо анын колуктусубуз. Күйөө менен колукту бириккенде, экөө бир болушат. Пабыл мындай деп жазган: "Бул Машаяк менен Жыйындын бир экендигин көрсөткөн мисал" (Эфестиктерге 5:32). Аны билүү деген эмнени билдирерин көрсөтүү үчүн, Кудай адамзатка эң көп кездешкен көрүнүш катары сүрөттөлгөн насаат айткан. Күн сайын биз никенин ыйык биримдигинде Аны менен болгон мамилебиздин айкын мисалын көрө алабыз.

Ак көйнөкчөн аял өтмөктөн үйлөнүү үлпөтүнө чыгып баратканда, ал абдан күчтүү билдирүү жасайт. Ал бул дүйнөдө болжол менен 3,930,000,000 эркек менен коштошот! Ал курмандык чалынуучу жайда аны күтүп турган адамга бүт жүрөгүн, жанын, денесин жана өмүрүн берет. Кызыгы, анын чечими чыныгы "тобо кылууну" билдирет. Ал дүйнөдөгү башка эркек кишиге

турмушка чыгуунун бардык мүмкүнчүлүктөрүнөн баш тартат. Ал жана анын тандалган адамы келишим түзүшөт: ал толугу менен ага таандык, ал болсо ага таандык. Бул экөө бара-бара жакын мамиледе болуп, бири-бирин башкалар менен таанышуудан алда канча көбүрөөк таанып-билиши мүмкүн болгон сапарга аттанышат.

Эми бир-бирине карама-каршы келиши мүмкүн болгон бир нерсени айткым келет, бирок, мени уккула! Жеке менин оюмча, биз Кудайды таанып-билүүгө тоскоол болгон эң чоң тоскоолдуктардын бири - бул "тобо кылуу сыйынуусу». Адатта, биз муну: керектөөчүгө кандайдыр бир товарды жарнамалагандай эле, Кудай менен болгон мамилебизди сатабыз. Насааттан же баарлашуудан кийин: «Кудайды билгиңиз келеби? Жаратканыңыз менен байланышкыңыз келеби? Анан жөн эле: «Ыйса, менин жашоомо кел. Күнөөлөрүм үчүн тобо кылам. Мен Сени Куткаруучум катары кабыл алам. Мени кечирип, мени Кудайдын баласы кылып жаратканың үчүн ырахмат» деп айтабыз.

Биз ошол замат баарына жаңы кабыл алгандардын ишенимге келгендиги жөнүндө жакшы кабарды жарыялайбыз, аларды эми Кудайда түбөлүккө коопсуз экенине кубанып, чогулуштарыбызга катышууга чакырабыз. Бирок, биз аларга тобо кылуу жөнүндө эч нерсе айткан жокпуз, алар өзүмчүл жашоодон биротоло баш тартып, өмүрүн Ага арнашы керек. Анткен менен, Ыйсанын толук сөздөрүн уккула:

> «Эгер чындыгында эле Менин артымдан ээрчигиңер келсе, анда силер дароо жана толугу менен өз жашооңорду четке кагып, андан баш тартышыңар керек. Ошондой эле Менин жолдорума багынып берүүнү улантуу менен, Менин айкаш жыгачымды алып, аны өзүңөрдүкү катары кабыл алууга даяр болушуңар керек. Анткени, эгер силер өзүңөрдү курмандыкка чалууну тандап, Менин даңкым үчүн өмүрүңөрдү жоготсоңор, анда силер улануу түрү менен чыныгы жашооңорду узартасыңар. Бирок өмүрүңөрдү сактап калууну тандасаңар, анда кармап калганга аракеттенген нерсеңерди жоготосуңар» (Матай 16:24-25).

Ыйса ушул аяттарда айткандай, биз Аны менен чыныгы мамиледе болуу аркылуу гана Кудайды таанып-билебиз. Кудайды билүү бир жолку окуя эмес; бул сен үчүн эң жакшы деп эсептеген нерсеге эмес, Анын жолдоруна баш ийүүгө болгон чечкиндүү чечим. Бул биздин күн сайын жана ар бир секундада кабыл алган чечимибиз. Эгер Анын Сөзүндө кандайдыр бир көйгөй ачык айтылса, биз талашпайбыз жана баш ийүүдөн качууга аракет кылбайбыз. Ыйсаны ээрчүү жүрөгүңдүн түпкүрүндө, Ага ылайык келбеген бардык нерседен баш тартып, ар дайым Ага кызмат кылууну чечкениңди билдирет.

Элчи Жакып мындай деп жазган: «Бирок Кудайдын Сөзүн жөн эле укпа. Силер анда айтылгандарды аткарышыңар керек. Болбосо, силер өзүңөрдү гана алдап жатасыңар» (Жакып 1:22). Кудайдын Сөзүн угуп, бирок ой жүгүртүүсүндө, сөзүндө жана иш-аракетинде баш тарткан адам өзүн өзү алдаган адам болот. «Passion» котормосу аны "өзүн-өзү алдоо" деп атаган, бул менин оюмча, Ыйсанын мисалындагы үчүнчү башкаруучуну, фарисейлерди, Гавайидеги бассейндин жанындагы аялды жана мен жолуккан көптөгөн адамдар менен болгон мамилемди чын жүрөктөн билдирет. Алар өзүлөрүн жалпысынан алганда Кудай менен мамилеси бар деп эсептешет, анткени алар жыйынга барып, Ыйык Китептен цитата келтиришет, бирок алар дайыма Анын Сөзүнө карама-каршы жашашат. Тилекке каршы, алар адашып жатышат. Бул өзүн-өзү алдоо.

Мага тез арада бир маанилүү ойду айта кетүүгө уруксат бергиле. Лиза биздин никебизде көп ката кетиргенин айтат (мен ага караганда көп ката кетиргем, бирок, мен азыр колукту жөнүндө айтайын!). Бирок, ал эч качан өз каалоолорун биздин нике келишимибиздин эсебинен аткарууга умтулган эмес. Анын жүрүм-туруму кемчиликсиз болгон, бирок, жүрөгү эч качан берилгендиктен алыстаган эмес.

Ошо сыяктуу эле, Кудай менен болгон мамилебизде, биз мезгил-мезгили менен баш ийбесек, Ал кечирет. Муну күйөөсү менен аялы алардын кимдир бирөөсү кандайдыр бир ката

кетирсе, келишимин бузбайт дегенге салыштырса болот. Биздин Жаратканыбыз менен болгон мамилебиз - чын жүрөктөн берилгендик, туура кылынган иш-аракетсиз куру сөз эмес.

Ыйса таң калыштуу сөздөрдү айткан: «Ким Анын эркин аткарууну кааласа, ал билип алат ...» (Жакан 7:17). Бардыгы биздин жан дүйнөбүздөн башталат, жүрөгүбүздүн түпкүрүндө биз жөн эле угуп отурбастан, Сөзгө ылайык иш кылууну каалайбыз. Ал эмне десе, ошонун баарын аткарабыз, анан билебиз. Биз Кудайды жана Анын Сөзүн түшүнөбүз жана билебиз. «Passion» котормосунда Жакан 7:17де: «Биринчиден, Кудайдын эркин аткарууга аракет кыласыңар, ошондо Менин окууларым Кудайдын жүрөгүнөн чыккан-чыкпагандыгын аныктай аласыңар», - деп сонун ачылып берилген.

Таланттар жөнүндөгү үлгү насаат аңгемеде үч башкаруучу тең кожоюну кетээрдин алдында бирдей көрсөтмөлөрдү угушкан. Экөө анын көрсөтмөсүн аткарган, бири болсо эч нерсе кылган эмес. Үчүнчү башкаруучу өз кожоюнун билбегендиги, жөн гана кокустук эмес. Так ошол үчүнчү башкаруучу Анын көрсөтмөлөрүн маанилүү деп эсептебеген адам болгон. Ал өзүн-өзү алдаган.

## ЫЙЫК КОРКУНУЧ

Ушул убакка чейинки талкуубузду библиялык бир сөз айкашы менен жыйынтыктасак болот: "Теңирден коркуу". Бул дүйнөдө, айрыкча азыркы учурда, көптөгөн коркунучтардан улам биз бул сөз айкашын колдонгубуз келбейт. Бирок, коркуунун эки түрү бар жана алар бири-бирине таптакыр карама-каршы келет. Биринчиси - "коркуу руху", экинчиси - "Теңирден коркуу". Кудайдын Сөзү экөөнүн ортосундагы айырмачылыкты көрсөтөт. Муса Кудайдын элине, алар Кудайдын көзүнөн кеткенден кийин эле дароо мындай деген:

> «Коркпогула; Кудай күнөө кылбашыңар үчүн, Анын коркунучу силердин алдыңарда болушу үчүн, силерди сыноо үчүн келди". Элдер алыста турушту, бирок Муса Кудай турган караңгылыкка кирди» (Чыгуу 20:20-21).

Бир караганда, Муса өзүнө өзү каршы чыгып жаткандай сезилет. Анын сөздөрүн түшүнүктүү кылуу үчүн: "Коркпогула, анткени Кудай силердин жашооңордо Өзүнүн коркунучу бар же жок экендигин билүү үчүн келди", - деп айтып көрөйүн. Анын сөздөрүндө эч кандай карама-каршылык жок. Ал «Кудайдан коркуу» түшүнүгүн «Теңирдин коркунучу» түшүнүгүнөн бөлүп карайт, анткени, алар ар башка түшүнүк. Кудайдан корккон адамдын жашыра турган бир нерсеси бар. Адам ата Теңирге каршы күнөө кылгандан кийин, Анын көзүнөн жашынып калганын эстегиле (Башталыш 3:8). Бирок, Теңирдин коркунучу бар адамдын жашыра турган эч нерсеси жок. Чындыгында, ал Андан алыс болуу мүмкүн деген ойдон коркот.

Сөзүмдүн башында эле муну айта кетүүгө уруксат эткиле: Теңирдин коркунучу Кудайдан коркуу дегендик эмес. Кантип биз корккон адам менен тыгыз байланышта боло алабыз? Жогоруда айткандай, чыныгы ыйык коркуу - бул Кудайдан алыстап кетүүдөн коркуу. Анын катышуусу, камкордугу жана сүйүүсүнөн башка жерде болгуң келбейт. Кандай гана жагдай болбосун, канчалык караңгы болуп көрүнбөсүн, силер эч нерседен тайсалдабайсыңар. Силер Ага жакын болгондон өткөн жакшы жер жок экенин билесиңер. Силердин Ага болгон мамилеңер, силердин Ага тил алчаактыгыңардан айдан ачык көрүнүп турат.

Кудайдын коркунчуна ээ болуу дегенибиз - Аны баарынан, бардык нерседен, бардык адамдан артык сыйлоо, урматтоо дегенди билдирет. Бул Аны жогору баалап, Анын жүрөгүнүн каалоолорун биздин каалоолорубуздан кымбат жана баалуу деп эсептегендик. Биз Ал сүйгөн нерсени сүйөбүз жана Ал жек көргөн нерсени жек көрөбүз. Ал үчүн маанилүү нерсе, биз үчүн да маанилүү болуп калат; Ал үчүн анчалык маанилүү эмес нерсе, биз үчүн да анчалык маанилүү эмес.

Мындай мамиле бизди чакырылгандардын арасынан Ага жакыныраак кылып коёт. Биз Ысрайылдыктардын Кудайга болгон сүйүүсү шарттуу болгонун көрөбүз. Жагдай жакшы болуп турганда, алар Кудайга сыйынып, баш ийип, Аны сүйүшкөн. Жагдайлар жагымсыз болуп калганда, алар наалышкан. Алар Кудайга сөзсүз

түрдө ишенишкен эмес; анын ордуна, алар өзүн-өзү сактап калууга умтулушкан. Алар өз өмүрлөрүн сактап калууну каалашып, Ыйсанын Жакшы Кабардагы сөздөрүнө карама-каршы иш-аракет кылышкан: Аны менен чыныгы мамиледе болуудагы укмуштуу сыймыктан баш тартышкан. Муса Кудайдан корккон, бирок, алар корккон эмес.

Алардын ниет-мүдөөсү ошого жараша көрүнүп турду: эл алыста туруп, Муса Кудайдын алдына жакындады. Алар өзүлөрү үчүн эмне жакшы болоорун билбей жашашкан. Алардан айырмаланып, Муса аны ачык-айкын көргөн. Муса Кудайды - Анын Сөзүн, жолдорун жана акылмандыгын билген. Ысрайылдыктар Кудайды алардын сыйынууларына Анын жооп бериши аркылуу гана билишкен.

Ал тургай, кандайдыр бир мааниси жок болсо дагы, ачыктан-ачык бир пайдасы тийбесе да жана биздин жыргалчылыгыбызга зыян келтириши мүмкүн болсо да, Ага дароо баш ийгенибизде, биз Кудайдан коркуп жашайбыз. Биз Анын мүнөзүн билебиз, ошондуктан, биз Ага толук ишенебиз. Кандайдыр бир нерсе зыян келтиргендей сезилсе дагы, Кудайга баш ийсек, эч качан жеңилүүгө кабылбайбыз.

Акыркысы, Кудайдын коркунучунда жүрүү, Ага акырына чейин баш ийүүбүздөн көрүнөт. Кудай ага эң маанилүү нерсени - 25 жылдан бери күтүп келген нерсени - кайтарып берүүнү буйруганда, Ыбрайым так ошондой кылган. Ал бүт баарынан жогору турган жана бардык адамдардан артык сүйгөн адамын - уулу Ыскакты бериши керек болчу. Эртең менен эрте туруп, анан үч күн жол жүрүп, Кудайдын суранычын орундатты. Кудай Өзүнүн көрсөтмөсүн эч кандай түшүндүргөн жок. Ыбрайым эмне үчүн жашап келген болсо, бул курмандык анын бардыгын кыйратчудай болду. Ал ага зыян келтирчүдөй болду. Бирок, ал Кудайдын мүнөзүнө толугу менен ишенген (жалкоо башкаруучунун кылган ишине толугу менен карама-каршы).

Ыбрайым Ыскакты өлтүрүү үчүн бычакты көтөргөндө, Теңирдин периштеси аны токтотуп: «Ага эч кандай жамандык кылба, анткени Мен сенин чындыгында эле Кудайдан коркоoруңду билдим.

Жалгыз гана балаң болгон уулуңду да Мен үчүн аяган жоксуң» (Башталыш 22:12). Мындай сүйүү, ишеним жана баарын тапшыруу Кудайдан чындап корккондордун жүрөгүндө гана жашайт.

Ыйык Жазууда: «Теңирден коркуу - билимдин башталышы» (Накыл сөздөр 1:7.) деп жазылып турат. Кандай тааным жөнүндө сөз болуп жатат? Жоопту бир нече аяттан табабыз, бирок, ошол жоопко алып келген аяттарга дагы токтоло кетели. Биз бул билимге, Анын Сөзүн баарынан жогору койгондо гана, түпкүлүгүндө, Ыбрайым кандай кылган болсо, ошондой кылуу менен гана жетебиз.

> «Балам, сен Менин сөздөрүмдү кабыл алып, осуяттарымды өзүңдө сактасаң, кулагыңды акылмандыкка буруп, түшүнүккө башыңды ийип, акыл-эсти сурап, түшүнүктү чакырсаң, аны күмүштү издегендей издесең, кенчти издеп жаткандай кылып издесең, ошондо гана Теңирден коркуу деген эмне экендигин түшүнүп, Кудайды таанып-билүүгө ээ болосуң» (Накыл сөздөр 2:1-5).

Жооп абдан так; Теңирден коркуу - Кудайды таанып-билүүнүн башталышы. Бүгүн биз муну башкача формулировка кылмакпыз. "Теңирдин коркунчуна ээ болуу эмне экенин түшүнсөңөр, ошондо гана Кудайды жакындан билесиңер" деп айтат элек. Эми жалкоо менеджердин негизги катасын түшүнө алабыз. Анын ыйык коркуусу болгон эмес, бул анын аракетсиздигинен жана акыркы жообунан улам көрүнүп турат. Ысрайыл эли Кудайды тиран деп эсептеген жана бул башкаруучу да мырзасы жөнүндө ошондой ойдо болгон. Ал өз кожоюнунун мүнөзүнө карата сокур болгон.

Ыйык коркуу - бул Кудайды таанып-билүүнүн баштапкы чекити. Забурчу минтип жарыялоо менен муну далилдейт: «Теңир Өзүнөн корккондорго дос» (Забур 24:14). Достор - бул биз жакындан билген адамдар. Ыйса: «Силер качан гана Менин буйруктарымдын бардыгына баш ийгениңерде, Менин жакын досторум экениңерди көрсөтөсүңөр» (Жакан 15:14) деген.

Көпчүлүгүбүз Ыйсаны "сүйөбүз» деп, белгилүү кино

жылдыздарды, спортчуларды же башка коомдук ишмерлерди сүйөбүз деп айткандай эле айта беребиз. 2020-жылдын башында, белгилүү баскетбол оюнчусу Коби Брайант жана анын кызы Джанна вертолёттун кыйрашынан улам трагедиялуу каза болгондо, бүт өлкө аза күтүп, көпчүлүгү ыйлаган. Адамдар ал баскетбол ойногон Лос-Анджелестеги «Степлз борборуна» көптөгөн шарларды, карталарды жана гүлдөрдү алып келишкен. Мен да бул трагедияга кайгырып, ал жөнүндө көп ойлондум.

Бирок, биздин аза күткөндөрдүн көпчүлүгү Кобини аялы, үй-бүлөсү жана жакын достору билгендей билишкен эмес. Эгерде ал бизди көчөдөн көрсө, анда биздин ким экенибиз жөнүндө эч кандай түшүнүгү да болмок эмес. Мен эч качан аны менен бирге убакыт өткөргөн эмесмин, бирок, анын өлүмү мени да аны билгендей эле капа кылды. Коби тирүү болгондо бизди тааныбай калгандай эле, көптөгөн эркектер жана аялдар Ыйсаны жыйынга барып, Ал жөнүндө социалдык тармактарда сүйлөшүп, Ал жөнүндө музыка угушкандыктан жана кээ бир нерселерди Анын ысымынан жасашкандыктан жана ал тургай, Аны өзүлөрүнүн Теңири деп аташкандыктан эле, Аны тааныйбыз деп ырасташат. Бирок, Ыйсанын жообу мындай болот: «Мен сени эч качан тааныган эмесмин». Мына ошондуктан:

> «Мени: «Теңир! Теңир!» дегендин баары эле Асман Падышачылыгына кирбейт, асмандагы Атамдын эркин аткаргандар гана кирет. Ошол күнү көп адамдар Мага: «Теңир! Теңир! Биз Сенин атыңдан пайгамбарчылык кылчу эмес белек? Сенин ысымың менен жиндерди куучу эмес белек? Сенин ысымың менен кереметтерди көрсөтчү эмес белек?" дешет. Ошондо Мен аларга: «Мен силерди эч качан таанычу эмесмин. Менин жанымдан кеткиле, мыйзамсыз иш кылуучулар!» деп айтамын» (Матай 7:21-23) деп жазылып турат.

Биз муну Теңирден эч качан уккубуз келбейт. Эгер силер Кудайдын Сөзүнүн ушул үзүндүсүн жакшылап изилдеп көрсөңөр, анда ал адамдар Ыйса менен болгон мамилесине бекем

ишенгендигин, ал тургай, ал аркылуу шыктангандыктарын көрө аласыңар. Коби мага: «Сиз кимсиз? Сиз кайдан? Сиздин атыңыз ким?» деп айтмак. Ошол сыяктуу эле, Ыйса Аны тааныйм дегендердин көпчүлүгүнө: «Силерди билбейм, силер кайдан экениңерди билбейм», - деп айтат (Лука 13:25).

## АНЫ МЕНЕН УБАКЫТ ӨТКӨРГҮЛӨ

Теңирден коркуу - Кудайды жакындан таанып-билүүнүн башталышы, бирок, эмне үчүн жолдун башында токтойбуз? Мамилеңерге тереңирээк кире бергиле, анткени Ал сизлерди Ага жакындоого чакырат. Ыйык Жазууда: "Кудайга жакындагыла, ошондо Ал силерге жакындайт" (Жакып 4:8) деп жазылган. Таң калыштуусу, Аны менен болгон мамилебиздин деңгээлин биз аныктайбыз.

Өзүн машайакчымын деп атагандардын көпчүлүгү мен Гавайидеги бассейндин жанында жолуккан аялдан көп деле айырмаланбаганы мени таң калтырат. Алар "Кудай жөнүндө билимди" социалдык тармактардан, табынуу музыкасынан, блогдордон, достору менен баарлашуудан жана Ал жөнүндө жумасына бир жолу сүйлөгөн пастордон алышкан. Бирок, алар өздөрү Аны менен убакыт өткөрүшпөйт.

Акыркы статистика көрсөткөндөй, 15 жаштан 25 жашка чейинки адамдар аптасына 53,7 саат экрандын алдында - смартфондордо, планшеттерде, компьютерлерде жана телевизордо өткөрүшөт. Кызык, алар Кудайдын Сөзүндө канча убакыт өткөрүшөт? Бул маселе жаштар үчүн гана актуалдуу эмес!

Мен Ыйык Китепти кырк жылдан ашуун убакыттан бери окуп келем, ал дагы деле болсо менин сүйүктүү ишимдин бири. Окуудан мурун, мен ар дайым Ыйык Рухтан мага Ыйсаны жаңыча жол менен ачып беришин суранам. Көптөгөн жылдар бою эрте ойгонуп, өзүмдүн жер төлөмдө же мейманканадагы бөлмөмдө жүрүп, же үйүмдүн сыртында сейилдеп жүрүп, же башка жерлерде жүргөндө окуп, сыйынып жана угуп убакыт өткөрүп жүрдүм. Мен өзүлөрүнүн жөндөмдөрүнө гана таянып, бүткүл дүйнө жүзүн

кыдырып Жакшы Кабар таратып, бирок, ошол жөндөмдөрдү Берүүчүнү билбеген адамдардын катарына киргим келбейт.

Кудай силер менен жакын мамиледе болууну каалайт. Анын кемчиликсиз сүйүүсү коркуу сезимин жок кылат. Биз көп учурда кожоюнунун жакшылыгына көзү сокур болуп калган башкаруучу сыяктуу иш алып барабыз. Ошондуктан, мен силерди Кудай Өзүнүн ыйык коркуу сезими менен толтурушу үчүн сыйынууга шыктандырам. Аны менен сапаттуу убакыт өткөрүп, анын чыныгы табиятын - Сүйүүнү тапкыла.

Биз Аны таанып-билгенге чейин узаак убакыттар мурда эле Кудай бизди тапкан, сүйгөн жана биз үчүн өлгөн. Бул эң сонун кызматташууну Ал демилгелеген. Ал сиз тарапта. Ал сизди жакындан билгиси келет. Бирок, Анын бизге болгон сүйүүсү ушунчалык терең болгондуктан, Ал бизди Өзү менен мамиле түзүүгө мажбурлабайт.

Ошентип, тандоону азыр жүргүзгүлө! Жашоону тандагыла! Аны жакындан билүү жөнүндө чечим кабыл алгыла.

## ОЙ ЖҮГҮРТКҮЛӨ

1. Кудайдын мүнөзүн билбөө ар дайым коркууну жаратат. Кудайдын табияты жөнүндө туура эмес түшүнүккө ээ болуу силердин жөндөмдөрүңөрдү башкарууга жана силердин чакырууңарга кандайча таасир этти?

2. Кудай менен болгон чыныгы мамиле, качан силер өзүңөрдү толугу менен Ага берип, Анын Сөзүнө баш ийип жашаганыңарда гана түзүлөт. Силердин жашооңордо Кудай менен болгон мамилеңерге тоскоол болгон кандайдыр бир ой жүгүртүүлөр же жүрүм-турумдар барбы?

3. Кудайдан коркуу менен Теңирдин коркунучуна ээ болуунун ортосундагы айырмачылык чоң. Айырмасы эмнеде? Кудайды жакындан таанып-билүү үчүн эмне үчүн Теңирдин коркунучу ушунчалык маанилүү?

*«Кожоюн! Сенин экпеген жерден оруп, сеппеген жерден жыйнаган ырайымсыз адам экениңди билгем. Коркконумдан, берген талантыңды жерге көөмп койгом. Мына, бергениңди ал!» – дейт».*

– Матай 25:24-25

# 13

# Көбөйтүүгө болгон тоскоолдуктар II

Биз эми жалкоо башкаруучунун экинчи далилин окуп-изилдөөгө даярбыз. «Мен коркуп кеттим». Коркунуч аны шалдандырып койду. Мага үчүнчү кызматчынын «*The Message*» котормосу боюнча которулганы жагат: «Мен Сенин стандарттарың жогору экендигин билем… Сен эң жакшыны талап кыласың да, ката кетирүүгө жеңилдик бербейсиң».

Бул менин эсиме бир таржымалды салат. Мен эки машыктыруучунун жетекчилиги астындагы турнирге катышканмын. Эки командада тен мен чабуул коюучу болчумун. Анткени, бул спортто үч упайлуу зонадан корзинкага топ ыргытуу менин башка нерселерге караганда жакшыраак жасаган нерсем болчу.

Менин биринчи машыктыруучум биз күч-аракетибизди максималдуу түрдө пайдаланышыбызды каалар эле жана ал үчүн бизди шыктандырууну жана оңдоп турууну колдончу. Мен топту баскетбол аянтчасынын ар кай жеринен болсо да абдан ишенимдүү ыргытчумун. Анын мага болгон ишеними мени ишенимдүүлүк менен сугарып турчу.

Менин кийинки машыктыруучум башкача болчу. Анын сөзү боюнча ал: «стандарты бийик адам болчу жана ката кетирүүгө жеңилдик берчү эмес». Мен топту кайып ыргытып калган

кездеримде, ал тыныгуу учурунда мени олуттуу түрдө эскертип турчу, анан эреже катары көп өтпөй мен алмаштыруучу оюнчунун отургучунда отуруп калчумун. Анын жетекчилиги астында мен топту ийгиликтүү ыргыта алчу эмесмин. Мен ал болбогондо, жалгыз машыгып жаткан болсом, топту талаанын ар кай бурчунан болсо да ийгиликтүү ыргытчумун. Мен ошол эле оюнчу, ошол эле талант болчумун, бирок ал жетектеп карап турганда өз талантымды колдоно алчу эмесмин.

Бул бөлүмдү ачкан библиялык үзүндүдөгү кызматчынын жообунан силер ал да өз кожоюну тууралуу так эле менин сындай берген экинчи машыктыруучум сыяктуу мен ойлогондой ойлогонун көрүп турасыңар. Бирок, бул жерде чоң бир айырма бар: чындыгында ал кызматчынын кожоюну менин экинчи машыктыруучума окшош эмес эле.

Кайра эле биз, өткөн бөлүмдүн аягында Кудайды таанып-билүүгө өзгөчө көңүл буруу керектигин айтканбыз. Ал бул жалкоо кызматчынын элестеткенине таптакыр эле окшошпойт. Кудай биз тарапта. Ал бизге ишенет. Эгерде биз Ага ушундайча карабасак, анда оңой эле коркунучка багынып калабыз да, анан биздин жөндөмдүүлүктөрүбүз жерге көмүлүп калат.

Азыр биз тукумсуздуктун таптакыр башка себебине өтөбүз. Өткөн бөлүмдө биз Кудайды билген эле адамдар дагы эле коркунуч менен күрөшүп жүрүшкөндүгүн жана ал тургай, багынып калгандыктары тууралуу эске салганбыз. Кудайдын Сөзү бул көрүнүштөрдүн себептерин айтып берет жана биз ушул бөлүмдүн аягына чейин аларды кенен –кесир талкуулайбыз. Бирок, келгиле алгач коркунуч жөнүндөгү кээ бир түшүнүктүү ойлорго токтолуп көрөлү.

> «Адам өлүмдөн коркпошу керек, бирок ал эч качан жашай баштабаганынан коркушу керек».
>
> – Марк Аврелий

> «Жаңы нерсени баштоодон эч качан коркпогула. Нухтун кемесин үйрөнчүктөр (любители), ал эми Титаникти

профессионалдар курушканын эстегиле.»

– Белгисиз автор

«Биз жол берген эң чоң ката- бул дайыма ката кетирбейин деген коркунучта жашоо»

– Джон К. Максвелл

«Адам жасаган эң чоң ачылыштардын бири, эң чоң кутүүсүз белектердин бири - ал өзү үчүн мурда мүмкүн эмес деп ойлогон нерсени жасай алаарына ынануу.»

– Генри Форд

Келгиле, талкуубузду төмөнкү талашсыз чындык менен баштайлы: туура эмес коркунучтун карама-каршысы - бул Кудайга болгон сүйүү. Кудайды жана адамдарды чексиз сүйүү менен сүйгөн кезде, коркуу сезими жок болот. Элчи Жакан: «Жеткилең сүйүү коркунучтун сезимин кетирет», - деп жазган (1 Жакан 4:18).

Ушул чындык жөнүндө айтып жатып, Сан-Диего шаарында болуп, көп нерсеге көзүмдү ачкан Ыйык Рух менен болгон жолугушуумду эч качан унутпайм. Кызматты жаңы эле бүтүрүп, мейманканамдагы бөлмөмдө жалгыз калдым. Мен уулдарыбыз үчүн коркунуч менен күрөштүм. Мен кызматчылардын балдары трагедиялуу өлүмгө учурашкандыгын - айрымдары электр тогуна урунуп, көпчүлүгү жол кырсыгынан, кээ бири баңги затты ашыкча өлчөмдө кабыл алгандыктан же сууга чөгүп каза болгондору тууралуу уккам. Мен азыр гана дагы бир трагедия жөнүндө угуп, мени каптаган тынчсыздануунү кетирүүгө аракет кылдым. Бир маалда жүрөгүмдөн мындай үн уктум: «Уулум, коркуу - бул көрсөткүч. Ал сенин жашооңдогу Мага баш ийбеген чөйрөңдү гана ачып берет; бул чөйрө дагы деле сеники.»

Анын сөздөрү мени таң калтырды. Мен кармап тура албаган нерсени алганымды түшүндүм. Ушул түшүнүктөн бир нече секунддан кийин мен бөлмөмдө кыйкырдым:

- Ата, бул уулдар меники эмес. Мен жөн гана Сенин балдарыңдын башкаруучусумун. Ошондуктан, алардын

жашоосунда каалаган каалоолоруңуз кандай болсо дагы, аткарылышын каалайм. Аларды кабыл алууга даяр болгондо, аларды дүйнөнүн аркы четине жана асманга алып кетсең болот, бирок, мен Сенден кайраттуулук менен суранарым, бул дүйнөгө аларды эмне үчүн жараткан болсоң, ошол нерселердин бардыгын аткарышсын.

Андан кийин мен дагы катуураак кыйкырдым:

- Шайтан, Ыйсанын атынан, мен аларга жакындаганга тыюу салам! Мен аларды Кудайдыкы деп жарыялайм жана Кудайга таандык нерсени өлтүрүүгө, уурдап жок кылууга тыюу салам!

Менин жүрөгүм тынчтыкка толду, андан кийин төрт уулубуз жөнүндө эч качан тынчсызданган жокмун. Тынчсыздануу сезими тынчымды алганга аракет кылганда, мен: «Мен Сан-Диегодо уулдарыбызды Кудайга тапшырып бердим жана өз чечимимден кайтпайм», - дедим. Ар дайым коркуу дароо басылып, тынчтык кайра кайтып келчү.

Коркунуч – бул тири-укмуш көзөмөлчү. Ал тымызын гана силерди башкарууну көздөйт жана силердин үстүңөрдөн бийликти алаары менен анын кысымына туш болосуңар. Эгерде силер коркунучка туура таасирленбесеңер, ал силердин чакырыгыңарга тоскоол болот. Бирок, коркунучту жеңсе болот деген жакшы жаңылык бар, бирок аны менен кантип күрөшүүнү билүү зарыл.

## ӨЗҮҢӨРДҮН СИЛЕРГЕ БЕРИЛГЕН ЖӨНДӨМҮҢӨРГӨ САК БОЛГУЛА

Пабыл Тиметейге, өзүнүн «рухий уулуна» эки кат жазган. Эки катта тең ал Тиметейдин белегине (харизмага) көңүл бурбай, аракетсиз болгонун айткан. Келгиле, башынан эле төмөнкү сөздөрдү айта кетели: Тиметей Кудайга ишенген адам болгон. Пабыл каттарында анын сыналган мүнөзү жана чыныгы ишеними менен мактанган. Тиметей, албетте, Кудайдын мүнөзүн билбегендиктен, коркуу сезимине алдырган адамдардын бири эмес. Пабылдын биринчи катында: «...жөндөмдүүлүгүңө көңүл коштук кылба», - деп айтылат (1 Тиметей 4:14).

*«Кош көңүлдүк» сөзү гректин «atleo» деген сөзүнөн которулган, «көңүл бурбай коюу же жеңил ойлуулук менен мамиле кылуу» дегенди билдирет. Дагы бир булак бул сөзгө төмөнкүдөй аныктама берет: «бир нерсе жөнүндө ойлонбоо, натыйжада, талап кылынгандай түрдө жооп бербөө - бир нерсеге көңүл бурбоо».*

*Тиметей же ар бирибиз эле эмнеден улам Кудай берген жөндөмдүүлүккө маани бере албайбыз, көңүл бурбайбыз*, атүгүл андан ары кетип, ал тургай ал жөнүндө ойлоно да албайбыз? Мүмкүн б*олгон себептердин бири мына бул*:

*Ал таасир этпейт же*
*биздин күткөнүбүзгө ылайык натыйжаларды бербейт.*

«Мен аракет кылдым, бирок натыйжа берген жок» деген ой келет. Мен 20 жаштан 30 жашка чыкканга чейин көп учурда ушундай ойго азгырылгам. Мен буга чейин жазгандай, бир күнү Лиза жана анын досу менин насаатым учурунда уктап калышты. Мен: *«Эң ж*акын адамдарым да мен насаат айтып жатканымда уктап калышса, мени ким уккусу келет?» деп ойлодум.

Ошол убактарда, дагы бир жагдай менин башыма жеңилүү жөнүндө ойлорду берип жатты. Биз досум экөөбүз жекшембилик мектепте сабактарды өткөрдүк. Анын отургучсуз залда өткөн сабактарына 200дөн ашуун адам катышты. Ошол эле учурда менин сабактарыма 20дай адам катышты. Бир жолу мен класста бир гана адам отурганда сабак бергем!

Жөндөмдүүлүктөрүмө шек келтирүүгө азгырылган учурларым өтө эле көп болгон, аларды тизмектеп санап бере албайм. Эгерде мен ушул негизсиз күтүүлөр жана ачыктан-ачык ийгиликсиздиктер жөнүндөгү ойлорго алдырып койсом, анда кызматтан кетип, башка жолду тандай турганымды түшүнүп турам. Акыр-аягында, мен жашоомдогу чакырыкты таштап кеткеним үчүн бактысыз болуп калмакмын.

*Кудай берген жөндөмдөрүбүзгө маани бере албай калуубуздун дагы бир себеби бар*:

Биздин дарегибизге айтылган сын-пикирлер.

Менин биринчи кол жазмама көңүл бурбай, сынга алынып, андан кийин биринчи редактор, андан кийин басмаканадан да баш тартышканда, мен мындан ары жазбайм деген катуу азгырыкты сезгенмин. Китепти өзүм басып чыгарган кезимде да, досторумдун бири менин автордук жазуу стилим жөнүндө жаман сөздөрдү айткан. Аларды уккандан кийин мен кечинде, биздин бөлмөнүн полунда 20 же 30 мүнөт кыймылсыз жаттым. Шыпты карап, тап-такыр көңүлүм калгандай сезилип жатты. Бул китепке өмүрүмдүн бир жылын жана көп акчамды текке кетирдимби деп ойлонуп калдым. Мен: *«Биринчи редактор, басмаканалар, эми менин дост*орум - баары аны сынга алышты. Джон, ойгон! Эмне үчүн бул китеп эч жакка жарабаган китеп жана мүчүлүштүк деп мойнуңа алып эле койбойсуң?» деп ойлодум.

Эгерде мен ушул ойлорго жана башка сын-пикирлерге алдырып койгон болсом, анда экинчи китебимди да жазмак эмесмин, ал дагы ийгиликсиз болуп сезилген. Эсимде, аны менин мурунку Библиялык мектебимдеги мугалимдердин бирине жөнөткөм. Ал аны катуу сындап, мен андан бетер шалдырап отуруп калгам! Ошол мезгилде, эки жарым жыл өтүп кетти жана бул эки китеп тең ийгиликтүү болгон жок.

Эгерде кандайдыр бир учурларга мен өз дарегиме сындарды уккан болсом жана өз көңүл калуум жөнүндө ойлорго орун берген болсом, анда мен жеңил гана багынып калмакмын. Анан мен «Шайтандын тузагы» деп аталган үчүнчү китебимди да жазмак эмесмин.

*Биздин Кудай берген жөндөмүбүзгө маани бере албаганыбыздын жана ага көңүл бура албаганыбыздын дагы бир себеби бар*:

### *Ийгиликсиздиктен коркуу.*

Бул коркуунун тамашасы мында: биз бир нерсени баштаардан мурун эле ийгиликсиздикти күтөбүз, ошондуктан эч нерсе кылууга аракет кылбай өзүбүздү коргойбуз! Биз ойлойбуз *«Эч майнап чыкпагандан кийин аракет кылуунун эмне кереги бар?»* Көптөгөн

кыялдар менен көрүнүштөр ийгиликсиздиктен коркуп, талкаланып калды. Кудай берген жөндөмдөр жалкоо башкаруучунун таланты сыяктуу колдонулбай жатканы кандай гана өкүнүчтүү.

Менин досум Майлс Монро өзүнүн «Потенциалды максималдуу түрдө көбөйтүү» китебинде ийгиликсиздиктен коркуунун натыйжалары жөнүндө мындай деп жазган:

> «Көрүстөн - жер жүзүндөгү эң бай жер, анткени ал жерде эч качан ишке ашпаган үмүт жана кыялдар, эч качан жазылбаган китептер, эч качан ырдалбаган ырлар, эч качан жарыкка чыкпаган ойлоп табуулар, эч качан ачылбаган дарылар көмүлүп жатат, ушунун бардыгы кимдир бирөө биринчи кадамды жасоодон корккондуктан болду.»

Майлс менен макул болуп, мен силерден аябай суранып кетер элем: Кудай берген жөндөмдөрүңөр бул жашоодо эч качан көрүнбөй кетишине эч качан жол бербегиле.

Азыр айта турган сөздөрүм силерди таң калтырышы мүмкүн, анткени баарыбыз эле Тиметейди жогору баалайбыз. Бирок, Пабылдын каттарынан биз Тиметейдин да жалкоо башкаруучу баскан багытта баратканын билсек болот! Кудай берген белеги уктап жаткандай абалда болгондуктан, ага маани берген эмес. Бактыга жараша, анын ушул абалда калуусуна жол бербей, кам көрө билген ишенимдеги атасы болгон.

Пабыл өзүнүн «уулуна» жазган экинчи катында, убакытты текке кетирбей, түз эле ушул маселеге кайрылган: «Ошондуктан сага эскерте кетейин… Кудайдан берилген жөндөмдүүлүгүңдү жалындат» (2 Тиметейге 1:6). «Жалындатуу» деген сөз грекче «*аназопурéо*» деген сөздөн которулган, мааниси «отту кайрадан күйгүзүү» дегенди билдирет. Бирок, грекче англисче сөздүктө сөздүн толук мааниси берилген: «бир нерсеге жаңы башталыш берүү; жаңылантуу. «Тиметейдеги Кудайдын белеги кыймылсыз болгон жана аны кайрадан кыймылга келтирүүгө туура келген. Бирок, мындай уйкуга эмне себеп болду? Пабыл муну төмөнкү аятта түшүндүрөт:

«Анткени Кудай бизге коркунучту эмес, күчтү, сүйүүнү жана өзүн өзү башкара билүүнү берүүчү Рухту берген» (2 Тиметей 1:7).

«Коркунуч» деп которулган грек сөзү «deilia», бирок, сөздүн эң туура котормосу «тартынуу, *кысынуу*». Пабыл: «Тиметей, сенин Кудай берген жөндөмүң коркунучтун рухунун алдында уйкусурап жатат» дегенди, же андан да ачык айтканда: «Тиметей, сенин Кудай берген белегиң тартынчаактыктан улам кыймылсыз жатат» дегиси келген.

Биз бул сөздү оңой эле түшүнөбүз. Тартынчаактык деген «коркунучтун айынан аракеттенүүдөн кармануу» дегенди түшүндүрөт. Бирок, баарынан да маанилүүсү – тартынчаактыктын негизинде рух жатат. Бул рухий күч жана биз ал коркунучка рухий деңгээлде каршы тура албасак, анда биз аны толугу менен жок кыла албайбыз.

## МЕНИН ТАРТЫНЧААКТЫККА КАРШЫ КҮРӨШҮМ

Мен бул жөнүндө көп нерсени билем, анткени мен көп жылдар бою ушул рух менен күрөшүп келгем. Уялчаактыкка менин алсыздыгым себеп болду деп ойлогом. Бирок, бир күнү, 1990-жылдардын башындагы көп күндүк жолугушууларда, мен өзүмдүн баа берүүмдүн таптакыр туура эмес экендигин билдим. Мага чакан шаарда жайгашкан бир жыйында төрт күн гана жыйналыш өткөрүү керек болчу. Бирок, бул жолугушуулар үч жумага созулган Кудайдын кыймылына айланды. Күн сайын кечинде жыйындын имаратында бош орун жок болчу; көптөр куткарылып, айыгып жана бошонушкан. Менин Кудай берген жөндөмдүүлүгүм - насаат айтуу белеги – күчтүү аракеттенип жатты. Бул кереметтүү мезгил болчу. Бул кечки кызматтарга баруу үчүн адамдар 150 чакырымдан ашуун аралыкты басып өтүштү. Мен күндүзү жыйындын бош залына киргенимде, ошол жерде Кудайдын катышуусу толуп тургандай сезилгени так эстей алам.

Бирок, акыркы жуманын бир кечинде баары өзгөрдү. Мурунку күнү кечинде сыйынуу тобунун лидерлеринин бир нечеси мени

сындашты. Бул тууралуу мага жыйындын башчыларынын бири кызмат башталаардын алдында айтып берди. Алардын сөздөрү өзүлөрүнө ишенгендей, бирок, зыянсыз эле.

Бирок, мен өз оюмда аларга кол шилтеп коё албай койдум. Менин көңүлүм алдыдагы кызматтан, менин кечээки насаатыма карата болгон сынга бурулду. Бул жыйындын пастору алардын комментарийлерин четке какты; биз көп кечтерде кылып жүргөндөй эле сыйынып, анан залга жөнөдүк.

Ошол күнү кечинде бардыгы кургактай сезилди. Мурунку эки жумада кандай кызмат кылсам, ошондой кызмат кылууга аракет кылдым, бирок, башым маң болуп, ойлорумду топтой албай, кафедрада калгым келбеди. Арткы эшиктен качып кетким келди! Мен өзүмдү өспүрүм кезимдегидей, орто мектепте окуп жүргөндө, классташтарымдын алдында жакшы сүйлөй албай калганымдагыдай аянычтуу сездим. Менде майлоо жана Кудайдын катышуусу болгон жок. Бул өтө коркунучтуу эле. Кызматты эрте бүтүрүп, токтогон жериме кайтып келдим.

Кудайга ачууландым. Эмне үчүн Ал мага жардам берген жок? Эмне үчүн бул кызмат башкача болчу? Эмнеге өзүмдү Ал мени таштап кеткендей сездим? Мен: *«Бул билдирүү жана бул кызмат аянычтуу болду. Эртең кечинде эч ким келбейт. Ошондой эле, м*ен да эртең ал жакка кайтып баргым келбейт»дедим.

Эртеси баары өзгөрүп кетет деген үмүт менен төшөккө жаттым.

Эртеси эртең менен мен өзүмдү оор сезип, өзүмдү жаман сезип жана депрессия менен ойгонуп кеттим. Сыйынууга аракет кылдым, бирок эч кандай майнап чыккан жок. Болуп жаткан окуяларга тынчсыздануу күчөй баштады. Күндүзү мен үч саат бою тиленип, ийгиликсиз болуп каламбы деген ой менен күрөштүм. Ушул оор сезимден арылганга чейин сыйынып, алдыдагы кызматка психикалык жактан даярдандым. Ошол күнү кечинде жыйын залында сыйынуу кечээ кечиндегидей кургак болуп, менде элге бере турган эч нерсем жоктой сезилди. Дагы, мен арткы эшиктен качып кетким келди. Мени кафедрага чыгууну сурангандан кийин, бир нече мүнөткө чейин түшүнүксүз эле сүйлөдүм. Мен өз оюмду

чогулта алган жокмун. Бир маалда менин оюма бир үн угулду: «Жаңы эле эмне дедиң? Эмне деп жатасың? Кызыксың!»

Мен мындан ары ага чыдагым келген жок. Күтүлбөгөн жерден 600 кишинин алдында туруп, оозумдан төмөнкүлөр чыгып кетти:

- Мен эмне болгонун билбейм, бирок акыркы эки кечте таң калыштуу нерсе болуп жатат. Мени менен чогуу туруп сыйына аласыңарбы?

Биз сыйынып жатканда, Кудай мени менен сүйлөштү - мен Анын үнүн 24 сааттан ашык убакытта биринчи жолу уктум. Ал Пабылдын 2 Тиметейге 1:7 деги сөздөрүн эсиме салып, мындай деди: «Уулум, сенин артыңда турган даңктоо тобунан коркуп турасың. Тартынчаактык рухун талкалап, Мен сага берген нерсени насааттай бер» деди.

Мен Анын айтканын кылып, дароо эле Кудайдын Сөзүнөн тайманбас катты алдым. Бул кызмат ошондогу 21 күндүк кызматтын эң бир күчтүүсү болду. Чогулгандардын 75 пайызы алардын да тартынчаактык менен күрөшкөнүн моюнга алып, алдыга кадам таштаашты. Өткөөл жерлер бошонуу сыйынуусу менен сыйынгысы келген адамдарга толуп кеткен эле.

Ошол жыйындын пастору бир нече жумадан кийин мага кайрылып, ошондогу кызмат канчалык ийгиликтүү болгонун айтып берди. Мени сындаган даңктоо кызматынын жетекчилери өтө чоң күнөө - ойноштук, бузуктук жана аракечтик менен жашап жатышкан экен. Мунун бардыгы кийинки эки жумада белгилүү болуп, бирөөсүнөн башкасы жыйынды таштап кетишкен. Пастордун айтымында, анын даңктоочу жамааты ошондон кийин буга чейин болуп көрбөгөндөй ынтымактуу жана натыйжалуу болуп калышкан. Бул нерсенин болушу адамдардын жашоосун жана ошол жыйындын кызматын өзгөрттү.

Менин жашоомдогу бул тажрыйба депрессия менен күрөшүүнүн аягына чекит койду, ал жылдар бою созулуп, кээде Кудай берген белекти колдонбостон, өзүмчө кызматтарды аткарууга аракет кылгам. Мен үчүн эң маанилүү ачылыш - Ыйсаны чөлдө шайтан азгырганда Ал шайтанга Кудайдын Сөзү менен

түздөн-түз каршы тургандай эле, тартынчаактыктын рухуна да каршы туруу керектигин түшүнүү болду. Ыйса Кудайдан бул чабуулдарды алып салууну сураган эмес; Ал Өзү шайтанга кетүүгө катуу жана түздөн-түз буйрук берген.

## ИЛИЯСТЫ АЛМАШТЫРУУ

1 Падышалар 17-19-аяттарды окуп чыгууга кеңеш берем. Бул бөлүмдөрдөн силер меникине окшогон тартынчаактык окуяны - Илияс пайгамбардын Израилдин ханышасы Изебел менен жолугушуусу жөнүндөгү окуяны таба аласыңар.

Бул улуу пайгамбар тайманбастык менен Кармел тоосунда бүт Ысрайылга каршы чыккан. Ал 850 жалган пайгамбарга, Ахап падышага жана анын кызматчыларына каршы чыккан. Кудай Илиястын сыйынуусуна күчтүү жооп берип, бардык адамдардын алдына от жиберген. Илияс пайгамбар адамдарга жалган пайгамбарлардын баарын өлтүрүүнү буйруган. Илиястын жөндөмү күчтүү жол менен иштеди! Андан кийин ал сыйынып, үч жарым жылга созулган кургакчылык аяктады. Акыры, ал падышанын арабасынын алдына ашып чуркаган! Мунун бардыгы бир күндө болду. Бул эмне деген кызматтын күнү!

Бирок, күн батканга чейин Изебел болгон окуялардын бардыгын угуп, чыныгы согуш башталды:

> «Изебел Илияска: «Сен тигилерди өлтүргөндөй, мен да сени эртең ушул убакта өлтүрбөсөм, анда кудайлар мени жазаласын, ал тургай өлтүрүп салсын», - деп кабар жиберген (1 Падышачылык 19:2).

Изебелдин коркунучуна өтөөрдөн мурун, рухтар серфингчилерге окшош деп айтууга уруксат эткиле. Серфингчилерге сүзүү үчүн толкундар керек болгондой эле, рухтарга да иш-аракет кылуу үчүн сөздөр керек. Ал жерде мындай деп жазылган: «Сага каршы жасалган бир да курал сени жеңе албайт, сени менен сотто талашып-тартышкан ар бир тилди сен айыптайсың. Бул – Теңирдин

кулдарына Мен берген мурас жана адилдик», – дейт Теңир» (Ышая 54:17). Бизге каршы чыккан ар бир үндү өчүрүшүбүз керек экенине көңүл бургула. Бул биздин эмес, Кудайдын иши. Ыйса ээн талаада жүргөндө, Кудайдан шайтандын оозун жап деп сураган эмес. Бизге кол салуу болгондо биз да так ошондой кылышыбыз керек.

Албетте, Изебелдин сөздөрү тартынчаактыктын күчтүү рухун көтөрүп жүргөндүгү көрүнүп турат. Илияс аларды укканда эмне кылганына көңүл бургула: «Муну көрүп, ордунан туруп, жанын сактап калуу үчүн кетти» (1 Падышалар 19:3).

Бардык адамдарга, жалган пайгамбарларга жана падышага каршы чыккан бул киши качып кетти. Ал бүткүл өлкөнү кыдырып, чөлгө бир күндүк саякатка чыгып, бактын түбүнө отуруп, өлүүнү тилеп сыйынды.

Чын эле ошол адамдын өзүбү? Эмне болуп жатат? Ал ачык эле өзүн жоготуп койду, чөгүп кетти, үмүтсүз абалда болуп, өзүнүн аян-ачылышын да жоготуп койду. Бул тартынчаактыктын рухунун белгилери. Тилекке каршы, көпчүлүк адамдар анын артында турган рухка каршы туруунун ордуна, тартынчаактыктын белгилери менен күрөшүшөт.

Билбестиктен улам, мен да ошол кечте Теңир бул жаман рухтун жолдорун ачыкка чыгарганга чейин бир нече жыл бою тартынчаактыктын симптомдору-белгилери менен күрөшүп жүрдүм. Мен жөндөмүмдү колдоно албагандыктан, мунун себебин түшүнгөн жокмун.

Илияс багынып берди, ошондуктан Кудай айласы кеткен пайгамбарды жолуна салды. Ага периште көрүнүп, ага Синай тоосуна карай кеткен кырк күндүк узак жолго тамак берди. Ал жакка жетери менен, Кудайдын андан биринчи сураган суроосу бул болду: «Илияс, бул жерде эмне кылып жүрөсүң?» (1 Падышалар 19:9).

Эмне? Бир аз күтө турсаңар! Илияска жолду басып өтүшү үчүн, Кудай периштеге тамак берүүнү буйруган. Бирок, ал жерге жетери менен, Кудай андан эмне үчүн ал ошол жерде болгонун сурады. Кантип эле Кудай шизофрения менен оорусун?

Албетте жок! Биз төмөнкүнү түшүнүшүбүз керек. Тартынчаактык менен күрөшкөндө, Кудай бизге кызмат кылуу үчүн, бизди бейтараптуу аймакка жиберет, анткени Ал бизди сүйөт. Ошол кызматтар учурунда эмне болгонун мен билбейм, бирок Илияс дагы эч нерсе билбегендигине ишенбейм. Ал жамандыкка тайманбастык менен каршы турууну билген, бирок, бул ханышадан корккон.

Кудай эмнени айткысы келгенин сурашыбыз керек. Кудай Илияс эмне үчүн бул ханышага каршы чыкпагандыгын сурады, анткени так ошол аял бардык жамандыктын себепчиси болгон. Аны токтотуш керек болчу, бирок, Илияс андан качып кетти.

Суроого Кудайдын суроосунун контекстинде жооп берүүнүн ордуна, Илияс теманы өзгөртүп, ал жалгыз калган Кудайдын чыныгы кызматчысы экендигин айтып нараазы боло баштады. Ал көздөн жаш агызган классикалык окуяны тартуулады:

> «Ал: «Мен Себайот Кудай-Теңир үчүн кызганчаактык көрсөттүм, анткени Ысрайыл уулдары Сенин келишимиңден баш тартып, Сенин курмандык чалынуучу жайларыңды бузуп, Сенин пайгамбарларыңды кылычтап өлтүрүштү. Мен жалгыз калдым, бирок менин жанымды да алыш үчүн, издеп жүрүшөт», – деди» (1 Падышалар 19:10).

Кудай бул жоопту толугу менен четке кагып, этибарга албай, ошол эле суроону дагы бир жолу кайталады: «Бул жерде эмне кылып жүрөсүң, Илияс?» (1 Падышалар 19:13). Ильяс дагы бир жолу көз жашын төгүп айтып берди (14-аятты карагыла). Ал баш тартты жана көзгө көрүнгөн жамандыктын артында турган чыныгы жамандык менен күрөшүүнү каалаган жок.

Кудай анын кайгылуу окуясын дагы бир жолу тоготпой, четке какты да, ага абдан таң калтырган көрсөтмө берди:

> «Чөл аркылуу Дамаскка кайтып бар. Анан келгенде, Хазаелди Сириянын падышасы кылып, Жехуну Ысрайылдын падышасы кылып, Абел-Мехоладан чыккан Сафат уулу Элишаны өзүңдүн ордуңа пайгамбар кылып майла» (1 Падышалар 19:15-16).

Акыркы сөздөрдү байкадыңарбы: «Өзүңдүн ордуңа пайгамбар кылып»? Кудай Илиястын ордун ал тартынчаактык кылып, ага багынып бергендиги үчүн алмаштырып койду. Эгерде силер окуганды уланта берсеңер, анда 2 Падышачылыктан Илияс кийинки төрт жылын аны алмаштыра турган адамды окутууга жумшаганын көрө аласыңар. Андан да таң калыштуу факт бар: ал Хазаелди да Жехуну да майлаган эмес. Муну да, тигини да аны алмаштырган Элиша аткарган.

Элиша эч качан өзүн коркутууга жол берген эмес. Ал кайраттуу жана эч кандай жамандыктан кайтпаган адам болгон. Кудай ал жөнүндө мындай дейт: «Ким Жехунун кылычынан куткарылса, аны Элиша өлтүрөт» (1 Падышалар 19:17). Жеху менен Элиша Ахап менен Изебелдин каардуу династиясын кулатышты. Бул башында Илиястын тапшырмасы болгонуна ишенем, бирок, тартынчаак болгондуктан, анын чакырылуу максаты өзгөрүлгөн.

Жалкоо кулдан айырмаланып, Илияс Кудайдын мүнөзүн билгенин моюнга алабыз. Бирок, анын күрөшү коркуу жана тартынчаактык биздин жөндөмдүүлүктөрүбүзгө жана чакырылуубузга кантип таасир этерин айкын көрсөтүп турат.

Эң негизгиси, коркунучтун жана тартынчаактыктын алдында баш тартпоого чечкиндүү болуу керек. Бул күчкө бет келишкенде Кудай бизди колдойт. Аны жеңүүгө болот, бирок, биз ага Кудайдын сөзү жана Анын убадалары менен каршы турушубуз керек.

Дагы бир жолу айтам, Кудай силер тарапта. Ал силерге ишенет. Ал силерге берген жөндөмдөрүңөр менен ийгиликке жетишиңерди каалайт. Артка кайтпагыла. Силердин миссияңарга жана чакырылууңарга эч ким же эч нерсе тоскоол болбошу керек.

## ОЙ ЖҮГҮРТКҮЛӨ

1. Коркунуч көпчүлүктүн кыялдарын уурдады. Ал тымызын гана силерди башкарууга умтулат, эгер силер коркунучка туура эмес таасирленсеңер, анда ал силердин чакырылууңарга тоскоол болот. Коркунуч силердин чакырылууңарга кандай жолдор менен тоскоолдук кылууга аракеттенди?

2. Тиметей өзүнүн жөндөмдүүлүктөрүнө кайдыгер карабашы керек экендиги тууралуу эскертүү алган. Жөндөмүңөргө көңүл бурбай коюу эмне үчүн кооптуу? Ушул бөлүмдө келтирилген мисалдардын ичинен силерге кайдыгерликтин кайсы себеби көбүрөөк жакты? Эмнеге?

3. Тартынчаактык - бул рух. Силер бул рухка кандайча туш болдуңар? Бул рухту кантип жеңип чыгуу керек?

*«Өзүңөрдүн ким экениңерди жана силерге берилген жумушту кылдаттык менен изилдеп, андан соң ага баш отуңар менен киришкиле... Ар бириңер өмүрүңөр менен мүмкүн болушунча чыгармачыл иштиаткарууга жоопкерчиликти алышыңар керек.»*

– Галатиялыктар 6:4-5.

# 14

# Жөндөмдөрүңөрдү кеңейтип, өнүктүргүлө

Эми Кудай берген жөндөмдөрүбүздү кантип ачып жана өркүндөтүү керектиги жөнүндө сүйлөшөбүз. Табигый таланттарды жана жөндөмдөрдү өркүндөтүү маселесин талкуулоо ниетим жок экендигин жогоруда айтып өттүм. Жетишерлик аракеттин жардамы менен, дээрлик ар бир адам эле бардык нерсеге жөндөмдүү боло алат.

Ырчылыкка келгенде менин үй-бүлөм бул бекемдөө менен талашып-тартышуулары мүмкүн, анан алардыкы туура болушу мүмкүн. Ошондуктан, мен силерге реалдуу мисал келтирейин. Эгерде музыкалык аспапта 10 миң саат ойносом, анда мен коркунучтуу музыканттан орточо деңгээлдеги музыкантка жетмекмин. Убакыт жана күчтүн сарпталышы менен менин оюнум жагымдуу болмок. Бирок, ушунча оор иш-аракеттерден кийин дагы, ал менин Кудайдын Падышалыгын курууга чакырылганыма жардам берген харизмага айланмак эмес.

## КУДАЙДЫН КАТЫШЫ

Ушул бөлүмдүн биринчи бөлүгүндө Пабылдын: «Ким экениңди жана сага берилген ишти жакшылап изилде», - деген сөздөрү жөнүндө сүйлөшөбүз. Силердин чакырыкты жана аны коштогон жөндөмдөрдү табуу үчүн эч кандай формула жок. Албетте, ал жакта

силер жакшы билген нерселерди табууга жардам бере турган бир нече материалдар бар. Бирок, түбөлүк таасир жөнүндө сөз болуп жатканда силердин чакырылгандагы максатыңарды жана харизмаңарды ачып берүү үчүн, Жаратканыбыздын жардамы керек.

Убакыттын өтүшү менен жөндөмдөрдүн ачылышына Кудайдын түздөн-түз катышуусун түшүнүү оңой болуп калат, мисалы, Ал мага жазуу керектиги тууралуу буйрук бергендегидей. Эгерде мен ошол сөздү 1991-жылы жай мезгилиндеги таңкы сыйынуу маалында кабыл алсам, анда эч качан жазууга аракет кылмак эмесмин. Бир дагы китеп же курс мени жазууга көндүрө албайт эле жана мен буга кокустан келип калмак эмесмин. Дагы бир мисал, Дөөт падыша койлорун аюудан жана арстандан коргобосо, ал эч качан өзүнүн жоокер экендигин билбейт эле. Бул окуялардан кийин, кимдир бирөөнүн Ысрайылды пелиштиликтерден бошотушу зарыл болчу. Дөөт үчүн, аны коркуткан жырткычтар, башка ысрайылдыктардын бардыгы жашынып жатышканда, Голиаф менен салгылашууга карай бараткан кадам болчу. Кудай Дөөткө анын жанында турган өзүнүн муктаждыктары аркылуу өз жөндөмдөрүн ачып берген.

Гидонду карап көрө турган болсок, ал мага көбүрөөк окшош экен. Кудай аны жоокер деп чакырып алгандыгын, бир нече жолу жүн аркылуу ынандырышы керек болчу.

Келгиле, башынан баштайлы. Силердин харизмаңарды ачууда Кудайдан катышуусун ишеним менен суроо абдан маанилүү. Кудай Сөзүндө Өзүн тырышчаактык жана ишеним менен издегендерге Кудай сыйлык берет деп айтылат. Кудай Аны көңүл койбой, толтура суроолорго жана күмөн саноолорго толуп издегендерге, сыйлык берет деп жазылган эмес (Эврейлерге 11:6 боюнча автордун сөзү). Ошол эле мааниде, Ыйса бизге мындай дейт:

> «Сурагыла, ошондо силерге берилет. Издегиле, ошондо табасыңар. Тыкылдаткыла, ошондо силерге эшик ачылат. Анткени сураган адам алат, издеген адам табат жана тыкылдаткан адамга эшик ачылат» (Матай 7:7-8).

Биз харизма жөнүндө билүү үчүн бизде чексиз каалоо болуш керек. Бул китеп силерде белектериңерди табууга жана колдонууга болгон кызуу каалоону пайда кылат деп үмүттөнөм. Бул каалоо кайдыгерлик менен суроого, издөөгө жана тыкылдатууга жол бербейт; Ыйса жогорудагы Библиянын үзүндүсүндө бизди эскерткендей эле, силер да туруктуу болосуңар. Кеп Кудай силерден бир нерсени жашырып жатат дегенде эмес. Ал силерде силер сурап жаткан нерсеге күчтүү каалооңордун болушун каалайт.

Жогорку класстарда окуп жүргөндө мен күчтүү жарыктуу телескоп кааладым, анткени мен астрономияны жакшы көрчүмүн жана түнкү асманды изилдегим келген. Мен жакшы телескоп ала албайт элем, бирок астрономия боюнча китептерди жана журналдарды окуй бердим. Китепканадан ар бир жолу төрт-беш китеп же журнал алып, бош убактымда баштан-аяк окуп, кээде бир нече жолу кайталап окуп чыкчум, анан кайра аларды алып келип тапшырып, дагы көп нерселерди алдым. Окуу мага телескопко болгон күчтүү каалоого ээ болууну өстүрдү.

Акыры, менин умтулуум телескоп үчүн акчаны кантип чогултуу керектиги жөнүндө адаттан тыш идеяга алып келди. Мен теннис боюнча инструктор болуп иштеп, жайкы каникулда гана сабак берчүмүн. Биздин клубда эч ким жасай элек нерсени жасадым. Клубдун кеңешинин уруксаты менен күз мезгилинде сабактан кийин жеке сабактарды берүүнү чечтим. Эгер бардыгы ойдогудай болсо, мен телескоп сатып алууга жетиштүү акча топтомокмун. Мен аны жасадым! Мен бул телескопту эч качан жөнөкөй нерсе катары кабыл алган эмесмин. Эгер кимдир бирөө менин каалоом ушунчалык күчтүү боло электе эле мага аны берип койгон болсо, анда бул алгачкы толкундануум басылгандан кийин мени тажатып салышы мүмкүн эле.

Кептин баары Кудай силерди уга албай кыйналгандыгында эмес. Ал силерден эч нерсени аяган жок. Ал өз элин бекемдөө үчүн силерге берген жөндөмдөргө силер ал нерселер өзүнөн өзү эле боло бере турган нерсе катары карап койбошуңарды каалайт. Кыялыңарга жетүү жолунда турган каршылыктардан

силердин умтулууңар күчтүүрөөк болушу керек. Ошондуктан, каалооңор өсүшүнө мүмкүнчүлүк бергиле жана анын күчү аркылуу силер харизма жана жөндөмдөрүңөр жөнүндө билүүгө дайыма умтуласыңар.

Андан кийинки нерсе, Кудай бизге шаблондук ыкмалары менен жооп бербестигин түшүнүшүбүз керек. Ал ар бир баласына ар башкача жооп берет. Кээде биз Ыйса менен болгон такай «жеке мамилебиз» жөнүндө сүйлөшүп жатканыбызды билбей таң калам, бирок качан бизге Кудайды угушубуз керек болгондо – өзгөчө учурларда биздин харизма же жөндөмдөрүбүз жөнүндө билүү керек болгондо биз формулага ылайык иш кылгыбыз келет. Кудай аны жеке деңгээлде калтыргысы келет. Ал муну сиз менен Анын ортосунда гана болушун каалайт. Ал ар бир кымбат баласынын сыйынуусуна бирдей жооп бербейт. Ошондуктан да, Ыйса бизге сурап, издеп, тыкылдата бер деп буйрук кылат. Анын эркин каалаган «издөө» бар жана ал биз үчүн абдан пайдалуу.

Биз өз умтулуубузда өзүбүзгө жана башкаларга суроолорду беришибиз керек. Бул дагы издөө процессинин бир бөлүгү. Биз адамдардын акылмандыгын издебейбиз, бирок, биз сүйлөшкөн адамдардын үнү аркылуу Кудайдын үнүн угууга умтулабыз.

Ким менен сүйлөшүү керектигин билүү маанилүү. Бизге дем-күч берген, бирок чындыкты айтуудан коркпогон адамдарды табышыбыз керек. Мындай адамдар көп деп айткым келет, бирок алар сейрек кездешет. Мен чогуу бара турган адамдарды билем жана алар мага уккум келген нерселерди ар дайым айтып беришет. Бардыгы боюнча пессимисттик, сынчыл жана терс көз караштагы адамдар дагы бар - алардын аян-ачылышы жок. Экөөнөн тең алыс болгула. Ишенимдеги ата же эне, же сизден узак ишеним жолунда жүргөн, ката кетирген жана алардан сабак алган акылдуу адамды тапкыла.

Силер ишенген адамдар жашоону кайдыгерлик менен же цинизм менен карабашы керек, анткени жек көрүү жана шектенүү таарынычта жүргөн адамдарда болот. Кечиримдүү адамды, бир өңчөй диний жашоого кептелип калбастан, Кудайдын Рухунун

мезгилдерине жана жаңы кыймылдарына баш ийип, алдыга умтулган адамды издегиле. Эң башкысы, бул адам жашоону түбөлүктүүлүктүн көз карашы менен карашы керек. Ушундай адамды тапканыңарда, аны менен болгон мамилеңерди жогору баалап, аны сактап калуу үчүн колдон келгендин бардыгын жасагыла.

Көп адамдар бул дүйнөнүн критерийлерине ылайык акылдуу болушат, бирок жашоону түбөлүктүү көз караш менен карашпайт. Бул адамдардын кеңешине белгилүү деңгээлде гана ишенсеңер болот. Аларды укканда этият болгула жана алардын кеңештерин ар дайым Кудайдын Сөзү жана сыйынуу аркылуу чыпкалап алгыла.

Ата-энеңер, жубайыңар жана пасторлоруңар силерге жакшылык каалашат жана жалпысынан акылдуу кеңеш беришет, бирок андай эмес жагдайлар да болуп калат. Жаш кезимде атама кызматта жүрүүнү кыялданып жүргөнүмдү айттым. Анын муунундагы адамдар «туруктуу жашоону» (бул ишенимдеги жашоо жөнүндө сөз кылганда, алсыздык б.с.) карманган адамдар болчу. Атам: «Балам, бул жолдо туруктуулук жок» деди. Ал мени инженер болууга чакырды, анткени мен математика жана табигый сабактардан жакшы бааларга ээ болдум жана ал дагы 40 жыл инженер болгон. Бул туруктуу карьераны тандоо болду. Мен университетке алты жыл кыйналууга жазылып калганымды байкабай калдым! Бул темаларга шыктуу болгонума карабастан, мен бактысыз элем, анткени бул менин жашоомдогу Кудайдын чакырыгы эмес болчу.

Менин инженер катары биринчи жумушум IBMде болгон. Бир күнү жетекчим мени кабинетине чакырып:

- Бивер, инженерликте эмне кылып жүрөсүң? Сен ачык мүнөз адамсың; сен адамдар менен көп баарлашкан чөйрөдө болушуң керек.

Көптөгөн кызматтарда белгилүү кызматчылар да мен четке алып барышып:

- Балам, мен сени Кудай Жакшы Кабарды жарыялоого чакырганын көрүп турам, - деп айтышчу.

Менин жеке сыйынуу убагымда Кудай дайыма жүрөгүмдү кызматка багыттады, бирок мен кызмат менен такыр мамиледе болгум келбеди. Мен жолуккан кызматчылардын бардыгы кызыктай сезилчү. Бирок, буга карабастан, менин жүрөгүм Жаратканыма сезимтал болчу. Куткарыла электе, мен бир жума католиктердин семинариясына баргам, ошондо мен кызматка чакырылгандай сезимде болгом. Бирок, мени коркуткан нерсе, эгер католик дин кызматкери болуп калсам, анда эч качан үйлөнбөй калам.

Бирок, мен улам-улам тастыктоололрду алып жаттым, бул болсо, мага атамдын кеңешин четке кагууга жардам берди. Мен аны аябай сыйлачумун, бул албетте Кудайга жагат, бирок, мен инженер болуп окуп, кийин өз адистигим боюнча иштеп жүргөндө, бир нерсенин туура эмес экендигин билдим. Мен ар дайым Кудайдан жетекчилик сурап, издеп жүргөндүктөн, Ал менин туура эмес жолго түшүп кетишиме жол берген жок (атүгүл, мен үчүн жакшылыкты гана каалаган атамдын кеңеши менен да) жана Өзүнүн эркин ачык айтты.

Чакырылганыма көзүм жеткенде, бир жарым жылдан ашык убакытка созулган издөөнүн натыйжасы болгон жалындаган умтулуу пайда болду. Ошол учурда, менин инженердик даражамды алууга чейин бир жарым семестр калган. Окуумду аяктап, дароо кызматтын жолуна түшүүнү чечтим. Бул чечим туура болду, анткени, мен Библиялык мектепте окутпаган стратегияларды билдим. Кудай биздин жашообузда бардыгын колдонуп, бизди окутат!

Жөндөмүңөрдү табуунун дагы бир маанилүү фактору дени сак, жергиликтүү жыйынга отургузулган болушуңар керек. Кудайдын Сөзүндө: «Теңирдин үйүнө отургузулгандар Кудайыбыздын короосунда гүлдөшөт» (Забур 91:14) деп айтылат. Эгер пахта үрөнүн сепсеңер, жерден ашкабак өсүп чыкпайт. Жер - дени сак жергиликтүү жыйын, ошондо Кудайга берилгениңерде, Кудай берген белектериңер көрүнөт. Силер бизнес дүйнөсүнө, билим берүүгө, менеджментке, спортко же башка жерлерге

чакырылсаңар дагы, эч кандай мааниге ээ эмес - ийгиликке жетесиңер. Бул Кудайдын планы.

## СИЛЕР ӨЗҮҢӨРГӨ ЖАНА АКЫЛДУУ ДОСТОРУҢАРГА БЕРЕ ТУРГАН СУРООЛОР

Келгиле, өзүбүзгө дагы, акылдуу досторубузга дагы суроолорду берүүгө өтөлү. Керектүү адамдарга берилген туура суроолор силерге эмнеге чакырылгандыгыңарды түшүнүүгө жардам берет. Бул жерде бир нече мисал келтирилген.

Силерде табигый жол менен эмне жакшы болот?

Бул жакшы башталыш. Балким, силердин белегиңер сандар дүйнөсү, сүйлөмдөрдүн көркөм курулушу, имараттарды куруу, видео окуяларды түзүү, кийимдерди моделдөө же иш-чараларды уюштуруу болушу мүмкүн. Силерде табигый спорттук жөндөм, жыт сезүү жөндөмү же майда-чүйдө нерселерге көңүл бурган көздөр болушу мүмкүн. Кандай гана болбосун, күчтүү жактарыңарды аныктагыла.

Эгер силерде музыкага болгон жөндөм болсо жана адамдарды Кудайдын алдына алып баргыңар келсе, анда бул силерди табынууга же башка бир музыкалык кызматка катышууга чакырган жакшы көрсөткүч болушу мүмкүн. Ошо сыяктуу эле, эгер силер адамдын денесине кызыгып, медицинага күйүп-бышып жатсаңар, анда силер ден-соолукту чыңдоо тармагында иштешиңер керекпи деп Кудайдан сурагыла. Тизме чексиз.

Бирок, бул божомолдор акыркы сөз болбошу керек. Мен абдан жакшы теннисчи болчумун. Мен Улуттук Университеттин Спорт Ассоциациясынын I дивизионунда болгон командада теннис ойноп баштагам, ошондой эле АКШнын Теннис Ассоциациясы жана Юниор Дэвис Кубогунун турнирлерине катышкам. Буга чейин жазгандай, мен үч жылдан бери профессионалдык теннис мугалими болуп иштейм. Мунун бардыгынан сырткары, мен Батыш Вирджиния орто мектебинин жогорку класстарынын арасында теннис турниринде жеңишке жеттим. Бирок, мен сыйынганда, профессионалдык теннис менин чакырыгым эмес экендигин билдим.

Анткен менен, менин эң сонун гольф оюнчусу жана PGA турунун катышуучусу Аарон Баддлей деген досум бар. Бирок, 2004-жылы, ал экинчи жылы PGA турунда жүргөндө, кыйынчылыктарга туш болгон (ал оюнчулардын тизмесинде No124 болгондуктан, 2005-жылы араң жетишкен). Ушул оор жылдын аягына жакын ал бир турнирде ойноп, биздин үйдө калды, тилекке каршы, оюндан чыгып калды. Экөөбүз чогуу Лас-Вегаска учуп бардык, ал жерде мен конференцияда кызмат кылышым керек болчу. Бул кызмат учурунда Кудай анын жүрөгүнө төрт жолу айткан: «Мен сени кызматка чакырган жокмун; Мен сени гольф ойногонго чакырдым» деди.

Арун бардык күчүн гольф ойноого жумшагысы келген жок, анткени ал мен жасап жаткан нерсени жасагысы келди. Ал убактысынын жарымын пайдаланып, конференцияларга жана жыйындарга саякаттап барып, насаат айтып, калган жарым убактысын гольф ойноого сарптоону каалаган. Ошол күнү кечинде, ал жүрөгүндө өзүн толугу менен өзүнүн чакырылуусуна жана жөндөмүнө арноону чечти. Бир-эки жылдын ичинде ал гольф боюнча дүйнөлүк рейтингде 16-орунду ээлеп, төрт жолу PGA турунда жеңишке жетишип жана төрт жолу Австралияда PGA турун жеңип алган. Ал 15 жылдан ашуун убакыттан бери көптөгөн турнирлерге катышып келе жатат жана дагы деле болсо ойноону улантып келет. Анын таасири күчөп, эч качан эч бир жыйынга барып көрбөгөн көптөгөн адамдарга кызмат кылуу жана насаат айтууда көптөгөн мүмкүнчүлүктөргө ээ болгон.

Менин Ал аттуу пастор досум бар. Көп жылдар мурун өзүнүн чиркөөсүндө Кудайдын Сөзүн окутууну жактырган бир адам болгон жана ал аны жакшы билген. Ал жыйында окутуучу пастор болуп иштегиси келген. Ошондой эле, анын унааларды оңдой турган өзгөчө жөндөмү болгон. Ага шаардын башка бөлүгүндө жайгашкан чоң жыйында окутуучу пасторлук кызматты убада кылышкан. Ал пастор Алды түшкү тамакка чакырып, анан бул тууралуу айтат. Акылдуу кызматчы катары Ал ага:

- Мен сен үчүн сыйындым жана сен Кудай Сөзүнүн толук

окутуучусу болууга чакырылган эмессиң деп эсептейм. Сенде унаалар менен иштөө үчүн өзгөчө жөндөмүң бар.

Бул адам өз пасторунун кеңешин укпай, алардын шаарынын башка бөлүгүндөгү жыйынга кетип калган.

Бир жылдан кийин анын абалы аянычтуу болуп калган. Ал дагы эле ошол жыйында расмий түрдө мугалим болуп дайындалган эмес, никеси кыйроого жакын турган жана материалдык жактан да кыйналып турган. Жекшембидеги жолугушуулардын биринде, Теңир аны менен сүйлөштү: «Мен сени эч качан пастор болууга чакырган эмесмин. Мен сени жергиликтүү жыйыныңда Кудайдын сөзүн окутуучу механик болууга чакыргам».

Бул адам пастор Ал менен жолугуп, анын кеңешин укпаганына өкүнүп, өзүнүн жергиликтүү жыйынына кайтып келген. Ал кайрадан өз бизнесине кайтып келди - унаа оңдоого.

Бир жолу Кудай ага кыймылдаткычтагы көйгөйлөрдү аныктоо үчүн машинени компьютерге туташтыруу керек деген түш берди. Анын компьютерлерди билген досу болгон жана алар биргелешип компьютерлештирилген диагностикалык шайман курушкан. Көрсө, бул шайман унаадагы көйгөйлөрдү кадимки сыноо ыкмаларына караганда төрт эсе ылдамыраак аныктай алат экен. Убакыттын өтүшү менен бул адам бүткүл Түндүк Каролина штаты боюнча автоунаа оңдоочу жайларды ачкан, алар анын уникалдуу ойлоп табуусу менен жабдылган. Кийинчерээк ал пастор Алга барып, жылмайып минтип айткан:

- Мени унааларды оңдоого чакырылгам!

Сизге эмне дем берет?

Күндөрдүн биринде менин жардамчым бир жумадагы жумуш тапшырмаларымдын «дилгирленүү деңгээлин» жазып берүүнү суранды. Ал төмөнкү рейтинг шкаласын түздү: көп энергияны талап кылган тапшырмалар -2 балл алды; менин энергиямды көп талап кылбаган тапшырмалар -1 балл алды; мага бир аз күч берген тапшырмалар +1 алды; жана, акыры, мени күчкө толтурган тапшырмалар +2 баасын алды.

-1 жана -2 бааларын алган бөлүм башчылары менен жолугушуу, учуу, документтер менен иштөө, саякат үчүн баштыктарды таңгактоо жана башка бир нече тапшырмалар бар болчу. Бир нече тапшырмалар +1 алган, бирок мен +2 берген эки гана тапшырма бар болчу - үгүт жана китеп жазуу. Бул жыйынтыктар мени таң калтырды.

Ушул ачылыштын үстүнөн ой жүгүртүп, көп учурда жазганда убакытты такыр жоготуп коёрумду түшүндүм. Кээде таң эрте жаза баштайм да, кантип күндүз болуп калаганын байкабай калам. Мен, адатта, психикалык жактан ушунча убакытка жазуудан тажадым, бирок, ошону менен бирге шыктанууну да сезем.

Ушундай эле нерсе мен насаат айткан кезде дагы болот. Убакыт чектелбеген учурда, мен көбүнчө эки сааттан ашык насаат айтчумун. Отуз мүнөт гана өткөндөй сезилчү, бирок угармандарым эмне деп ойлонгондорун билбейм!

Биздин чыгармачыл, таланттуу уулубуз Алектин инновациялык долбоорлордо бир нече саат бою убакытты таптакыр унутуп коюп иштегенин көрүп жүрөм. Ал биздин чыгармачыл бөлүмдө эң мыкты натыйжаларга жетишти. Лизанын аялдардын кызматынан кийин бир нече саат бою аялдар менен баарлашып, убакытты таптакыр унутуп койгонун көрөм. Баарлашуу аркылуу аларда жаңы адамды жаратуудан ал өзү шыктанат.

Альберт Эйнштейн көп сааттар жумушта болгон. Ал аябай чарчаганда темир табакты алып, отургучка отуруп, колун тизесине коюп, лотокту колу менен кармайт. Уктап калаары менен, табак колунан тайып, жерге кулайт. Каңгыраган катуу дабыш аны ойготуп жиберет да, кайра жумушуна кайрылат.

Бул силердин чакырылууңарды аныктоонун бир кыйла оңой жолу: силердин чыныгы жөндөмүңөр силерге, узак иштөөдөн акыл-эсиңерде же физикалык жактан чарчап турсаңар дагы, дем-күч берет. Чыныгы талантын, жөндөмүн таап алган адамдар үчүн бир нече саат бою машыгуу, жарышуу же иштөө бир нече мүнөттөй гана сезилет. Андыктан өзүңөрдөн: «Мага эмне дем берип жана убакытты сезүүнү унуткарууга жардам берет?» деп сурап көргүлө.

Сиздин жообуңуз сиздин талантыңыздын жакшы көрсөткүчү.

Сизди эмне кызыктырат?

Силерди эмне кызыктырат? Силердин тирүү калышыңарга эмне түрткү болду? Ырдаганда жүрөгүңөр толуп кетеби? Башка эч ким ырдабаган кезде, силер ырдайсыңарбы? Ырдаганды мен тез эле чарчап калчу оор эмгек катары сезем. Бул менин жөндөмүм эмес. Бир бөлмөдө бир нече адам менен отуруп, музыка жана ыр жаза алмак эмесмин. Мен буга кызыкпайм, бирок аны жакшы көргөн адамдар бар экенин билем.

Силерге кандай журналдар кызыктуу? YouTube'дагы кандай видеолор силерди шыктандырат? Pinterestтеги сүрөттөрдү карап чыгуудан силерди эмне токтотот? Мектепте кайсы сабактарды жакшы көрчү элеңер? Китеп дүкөнүндө жүргөндө силерди кандай китептер тартып турат?

Дагы бир маанилүү суроо: ал үчүн акы төлөнбөй жаткандыгын билсеңер да, эмне кылсаңар болот? Көпчүлүк профессионал спортчулар айлык төлөнбөй калса дагы ойной беришмек. Атам ар ишемби күнү эртең менен мени отургучка отургузуп, буу кыймылдаткычтары же башка машиналар кандай иштээри жөнүндө сүйлөшчү. Эсимде, бир ишемби күнү эртең менен ал мага бир сааттан ашык убакыт буу казанын тарттырып, анын иштешин түшүндүрүп берди. Мен тим эле ыйлап жибергидей болуп тажагам, ошондо эле мен инженер болууга чакырылбагандыгымды түшүнүшүм керек болчу! Мен атамды ушунчалык жакшы көргөндүктөн, ага бул сабактар мен үчүн чыдагыс деп айтууга эч качан батынган жокмун. Каржылык ж актан туруктуулук болуусу үчүн гана, инженер болууну танда г анымда чоң ката кетиргем. Силер ушуга окшогон катаны кетирбегиле.

Канча адамдар өз жумушунда өзүлөр үн аябай жаман сезишет, анткени алар бул жумушта бир гана себеп менен - айлык алуу үчүн гана иштешет!

Жогоруда айткандай, бир нече жыл мурун, менин пасторумдун аялы мага мени жумушка жалдап ала албай тургандыктары жөнүндө айтканда, мен: «Албетте, болот!» деп жооп бергем. Мени

кызматтагы ал милдет абдан кызыктыргандыктан, аз айлыкка иштөөгө да даяр элем. Мени ошол кызматка кабыл алышканда, менин пасторума жана анын конокторуна жумасына 70 сааттан кызмат кылганымда убакыт учуп гана өтөр эле. Мен пасторлорго кызмат кылууга уруксат бергендиктери үчүн, алар мага төлөшпөй эле, тескерисинче мен акы төлөшүм керек болчу деп Лизага көп айтаар элем.

Бул саптарды жазгандан мен тартынып жатам, анткени силер мактанып жатат деп ойлошуңар мүмкүн. Менин максатым силерге өз мисалым аркылуу жардам берүү десем, ишенсеңер керек деп үмүттөнөм. Лиза экөөбүз кызматты жаңы баштаган кезде, мен китептерге болгон гонорарымды Messenger Internationalга өткөрүп берүүнү чечтик. Буга чейин 20дан ашуун китеп жазгам, алардын ар бирин жазууга жана редакциялоого 400-450 сааттай убакыт кетти. Бул дээрлик 9000 саатты китеп жазууга жумшадым дегенди билдирет. Бул ишемби жана жекшемби күндөрүн кошкондо, үч жылдан бери күн сайын жазылып жатат. Чындыгында, ушул үч жыл ичинде эч кандай акча алган эмесмин. Мен муну жасадым, анткени менин жөндөмүм чакырыгымды кеңейтет.

Эгер мен өз ишкердүүлүгүм менен жылына 200 миң доллар маяна алган инженердик кесибимдин арасынан бирөөнү тандашым керек болсо, анда мен эч нерсени ойлонбостон дал ушул нерсени жасамакмын деп айта алам. Ошондуктан, элчи Пабыл мындай деп жазган:

> «Жакшы Кабарды таратуу үчүн акы төлөнсө да, төлөнбөсө дагы, бул нерсе мага ишенип тапшырылган. Ошентип, менин сыйлыгым эмнеде? Адамдардын жүрөгүнө мажбурлоосуз, акысыз жана каржылык жактан колдоо алуу укугумду талап кылбай туруп, туруктуу бул Жакшы Кабарды киргизүү» (1 Корунттуктар 9:17-18).

Силерди кандай адамдар кызыктырат?

Силерди кайсы адамдар кызыктыраарын түшүнүү менен, силердин чакырылууларыңар жана жөндөмдөрүңөр жөнүндө көп нерсени билүүгө болот. Белгилүү бир адамдар силердин

ичиңердеги жөндөмдөрдү ойготуп, ачып бере алышат. Пикирлеш адамдарды–силерге окшош жөндөмү жана чакырыгы бар адамдарды тапкыла. Алар силердин ким экениңерди жана Кудай сизге кандай белектерди бергенин түшүнүүдө чечүүчү ролду ойношот. Силердин пикирлештериңер силерди түшүнгөн жана кабыл алган адамдар.

Мага кызматчылар менен баарлашкан, укмуштуу окуяларды жана кызматтагы кыйынчылыктарды, анан албетте, Кудайдын Сөзүн талкуулаган жагат. Ошондой эле, ишкерлер жана ишмер адамдар менен баарлашканды да жактырам. Бул - менин күчтүү жактарым.

Кызматтагы жетекчилик өзүнүн жеке ишин жүргүзүү менен көп жагынан байланышат. Лиза экөөбүз аргасыздан ишкер болдук. Биз жаш кезибизде биз каалагандай аракеттенген белгилүү кызматтар болгон эмес; биз ээрчип үйрөнө турган бир дагы кызмат болгон эмес. Биз жолду өзүбүз басып өтүп, өзүбүз салышыбыз керек болчу. Ушул себептен улам, ишмерлер дүйнөсүндөгү ишкерлер ар дайым мени ойготуп, шыктандырып, мен эмне кылууга чакырылган болсом, ошол нерселеримди жакшыртууга жардам берди.

Эгерде силер интерьер дизайнын жакшы көрсөңөр, анда силер башка дизайнерлердин арасында өзүңөрдү эркин сезесиңер. Эгер силер дарыгер болсоңор, башка дарыгерлер менен сүйлөшүү силерди шыктандырат. Эгер силер музыкант болсоңор, анда башка музыканттар силердин жөндөмүңөрдү өстүрүүгө жардам берет. Мен мындан ары да уланта берсем болмок; өзүңөрдү бир пикирлеш адамдардын арасында жүргөнүңөрдө, ал жөндөмдөрүңөрдү ачууга, атүгүл колдонууну үйрөнүүгө жардам берет.

Дагы бир жолу айта кетүүчү нерсе, эгерде силер Теңирди издөөгө жана Ал силерди эмнеге чакыргандыгын билүүгө убакыт бөлбөсөңөр, анда бул суроолорго жооптордун эч бири өзүнөн өзү чечиле бербейт. Мен калыптанып жаткан жылдары көпчүлүк кызматчылардын айткандарын уккан болсом, мен кандайдыр бир шаарды тандап, пастор болуу менен жыйынды баштамакмын. Айрымдары гана Лиза экөөбүздүн теңдешсиз чакырылуубузду

жана жөндөмдөрүбүздү көрө алышкан. Экинчи жагынан, биз жүрөгүбүздө сезген багытта жүрүүгө жардам берген бир нече акылдуу кызматчылар да болгон.

## ӨЗ ЖӨНДӨМҮҢӨРДҮ ӨНҮКТҮРГҮЛӨ

Эми ушул бөлүмдүн башындагы аяттын экинчи бөлүгүнө өтөлү: *«Ар бириңер өз өмүрүңөр менен мүмкүн болушунча көбүрөөк чыгармачыл ишти аткарууга жоопкерчилик алышыңар керек»* (Галатиялыктар 6:5). Кудай ар бирибизге өз жашообузду жана Анын Падышачылыгын курууга мүмкүнчүлүк берди. Бирок, кандайдыр бир учурда, биз потенциалга ээ болуу гана жетишсиз деген чындыкты кабыл алышыбыз керек - аны ишке ашыруу керек.

Колубуздан али көп нерсе келерин билип туруп, өмүрүбүздүн аягына жетип калсак кандай гана өкүнүчтүү болмок. Кудай бизге ишенип берген белектерди өрчүтпөгөндүктөн, канчалаган нерселер болбой калгандыгын же андан да жаманы, канча адам Падышачылыктын таасирин эч качан башынан кечирбей калгандыгын билсек, Соттун тактысында канчалык өкүнүчтүү болмок.

Эч нерсени өзүңөргө алып калбай өлүүгө дароо азыр эле чечим кабыл алгыла. Өзүңөрдөгү нерсенин бардыгын берип, өзүңөрдү бош калтыргыла. Бул дүйнө сизде болгон нерсеге - Кудай силерге берген жөндөмдөрүңөргө муктаж

Накыл сөздөр 18:16 да Кудай берген белектерибиз жөнүндө бир кызыктуу ой бар:

> «Адамдын жөндөмү ага эркин кенендик берип, маанилүү адамдардын алдына алып барат» (NKJV).

Силердин белегиңер «силерге орун берет» жана силерди «маанилүү адамдарга» жеткирет. Бул аяттагы «мейкиндик» эки мааниге ээ. Биринчиден, белегиңер силерге болгон жөндөмүңөрдү силер турган жер менен, силер болушуңар мүмкүн болгон жердин ортосуна көпүрө түзүп берүү аркылуу ишке ашырууга кенен

мүмкүнчүлүк берет. Экинчиден, силердин белегиңер силерге чакырылууңардын жаңы деңгээлине өтүү эркиндигин берет. Ар бир алга жылган сайын, жогорку чеберчилик деңгээли талап кылынары эсиңерде болсун. Сулайман дагы бир жолу мындай деп жазган:

> «Эгерде силер жумушуңарда өзгөчө жөндөмдөргө ээ болсоңор, анда силер көтөрүлүп, алдыга жыласыңар. Силер кармалып калбайсыңар», - деп айткан (Накыл сөздөр 22:29).

Дөөт жөнүндө ойлонуп көрсөңөр. 1 Шемуел 16дан Шабул падышаны каардуу рух кыйнагандыгы жөнүндө окуяны көрө алабыз, анткени Теңирдин Руху андан кеткен. Жардамдан үмүтүн үзгөн Шабул кызматчыларына чебер музыкантты таап, үйүнө алып келүүнү буйруду.

Жаш кызматчылардын бири: «Бетлехемдик Жышайдын уулунун чеберчилик менен ойноп жаткандыгын көрдүм», - деп жооп берди (1 Шемуел 16:18.) Дөөт таланттуу гана эмес, чебер музыкант да болгон. Аны эмне чебер кылган? Ал өзүнүн жөндөмүн өркүндөткөн, ошондуктан анын чакырылуусунда алдыга жылуу болгон.

Көпчүлүгүнүн жөндөмдөрү жакшы өнүкпөгөндүктөн, алар өз чакырылууларында ийгиликке жетишпей жатышкандыр? Ал эми, биздин белектерибиздин өнүгүү деңгээли биздин алдыга канчалык жыла алышыбызды аныктайттыр?

Келгиле, өткөн бөлүмдө Пабыл Тиметейге айткан акыл-насаатка кайрылып көрөлү. Ошентсе да, биз бул жолу анын өзүнүн руханий уулуна сунуш кылган чечими тууралуу окуйбуз:

> «Сендеги…жөндөмдүүлүгүңө көңүл коштук кылба [ушул ыкма боюнча ички жөндөмдүүлүктөрүңө]… Ошол милдеттериңде машык, ошолордо өнүк жана ошолор тууралуу ойлон; сенин ийгиликтериң бардынынын көзүнө көрүнүп турушу үчүн, өзүңдү толугу менен [өзүңдүн кызматың катары] ошолорго арна» (1 Тиметей 4:14-15).

Ушул акылдуу сөздөрдөн көп нерсеге үйрөнө алабыз. Айрым учурларда, өз тармактарында мыкты жетишкендиктерге жетишкен аялдар менен эркектерди көрүп: «Алар өзгөчө жөндөм менен төрөлүштү» деп, алардын ийгиликтерин төмөндөтүп коюу кыйынга турбайт. Алар, силер сыяктуу эле, чындыгында өзгөчө жөндөм менен төрөлүшкөн жана ушул жөндөмдү өстүрүүнү чечишкөн. Башка сөз менен айтканда, биз алардын жөндөмдөрүн кантип жеткилеңдикке жеткиришкендигин көрө албагандыгыбыз, алар ага көп аракет кылышкан жок дегенди билдирбейт.

Мурунку бөлүмдө айтылгандай, Пабыл Тиметейге Кудай берген белегин кайдыгер калтырбоо жөнүндө эскертүү менен баштайт. Биз анча-мынча маани бербестен, белегибизге-жөндөмүбүзгө көңүл бурбайбыз. Ал Тиметейге өзүнүн белегин өркүндөтүүгө толугу менен умтулганда, анын ийгилиги айкын боло тургандыгын айтат. Пабылдын айтымында, буга көнүгүү, өнүгүү жана ой жүгүртүү аркылуу жетишсе болот. Келгиле, ушул иш-аракеттердин ар бири жөнүндө кыскача сөз кылалы.

«Merriam-Webster» сөздүгүнө ылайык, көнүгүү бул: «кандайдыр бир иш-аракеттерди жасоо же чеберчиликке жетүү үчүн бир нече жолу иштөө» дегенди билдирет. Биздин канчалык деңгээлде машыкканыбыз биздин коомдук ишмердүүлүгүбүздү аныктайт, анткени биздин көрсөткүчтөрүбүз ар дайым биз аткарган деңгээлде болот. Элдин көзгө көрүнгөн иш-аракеттерине суктануу оңой, бирок ушул деңгээлдеги туруктуу машыгууга алып келген бир нече жуманы, айды, көп жылдык машыгууну жана талыкпаган эмгекти байкабай калышыбыз мүмкүн.

Адамдын жүрүм-туруму жана ишмердүүлүгү боюнча эксперттердин айтымында, кесипкөй болуу же белгилүү бир чеберчиликти өздөштүрүү үчүн болжол менен 10000 сааттык машыгуу талап кылынат. Бирок, Флорида штатынын Университетинин профессору К.Андерс Эрикссон «практика жеткилеңдикти берет» деген салттуу ишенимге каршы. Профессор дагы бир кадам алдыга жылып, белгилүү бир иш-аракеттерди жасоодо, ал сааттарды өркүндөтүү максатында өткөрбөсөңүз, 10 000 саат

машыгуу жетишсиз экендигин түшүндүрдү. Ал мындай практиканы «максаттуу практика» деп атады. Ал минтип жазып жатат:

> «Бул жерде кандай максатка умтулган практика бар, кыскасы: өзүңүздүн ыңгайлуу аймактан тышкары кадам таштаңыз, бирок аны конкреттүү максаттар менен, ошол максаттарга жетүү планы жана ийгиликтериңизге көз салуу менен жасаңыз.»

Эгерде биз өзүбүздү ыңгайлуулуктун жана чеберчиликтин деңгээлинен тышкары кадам таштоого түртпөсөк, анда биз эч качан өспөйбүз. Эгер биз «көңүлүбүздү бурбасак», биз «жетиштүү» деп ойлогон деңгээлге жеткенде, биз оңой эле токтоп калабыз деген коркунуч бар. Ушундан кийин баары убакытка байланыштуу болот, биз өз ишибизди этиятсыздык менен аткара баштаганыбызда, бул биздин ишибизге терс таасирин тийгизет жана келечекте көбөйтүүгө тоскоол болот.

Качан силер өзүңөрдүн күчтүү жактарыңарды өрчүткөнүңөрдө, чектөө эмес, көбүрөөк эркиндикке ээ болосуңар. Бул силердин көбөйтүү мүмкүнчүлүгүңөрдү жогорулатат. Бул биз алсыз жактарыбыз менен иштебейбиз же жаңы көндүмдөрдү үйрөнбөйбүз дегенди билдирбейт; демек, биз эң чоң киреше ала турган тармактарга салым кошууга багытталганбыз.

Мен жаңы көндүмдөрдү үйрөнүүнү сунуштайм, бирок, силер аны силер чакырылган тармактарды этибарга албагандын эсебинен кылбашыңар керек.

Жыйынтык мындай: өсүш автоматтык түрдө болбойт; бул фокусту талап кылат, максаттуулукту талап кылат. Эгерде биз белектерибизди «чеберчиликте» кылуу үчүн тынымсыз машыгып турбасак, анда эч качан өз мүмкүнчүлүктөрүбүзгө жете албайбыз. Ушул себептен биз жеке өсүүгө умтулушубуз керек. Көпчүлүк адамдар жашоодо улуу нерселерди жасоону каалашат, бирок улуулукка жетүү үчүн баардыгы эле керектүү иштерди жасоого даяр эмес. Биздин көндүмдөрдү машыктыруу же иш жүзүндө колдонуу менен, биз улуу сыйлыктарды алып келе турган бааны төлөйбүз.

## Өнүгүү

Көнүгүү практикалык мүнөзгө ээ, ал эми өнүгүү көбүрөөк билим жагына тиешелүү. «Өнүктүрүү» деген «Өркүндөтүү» илимдин же машыгуунун жардамы менен такшалуу; өсүүгө жана такшалууга ык алуу, ыңгайлашуу, жеткилеңдикке жетүү. «Өнүгүү насаатчылыкка түздөн-түз байланыштуу. Насаатчылык жеке өсүү жана өзүн-өзү өркүндөтүү үчүн өтө маанилүү, анткени, ал силерге өз алдыңарча жете албагана конструктивдүү сын-пикирлерди жана жетекчиликти берет. Өз жөндөмдүүлүгүндө ийгиликке жеткен ар бир адам өз жолунда насаатты жана жетектөөлөрдү алган. Насаатчылардын эң негизги өзгөчөлүгү - бул силердин потенциалыңарды көрүп жана аны колдонушуңарды чын жүрөгүнөн каалайт, ал тургай силерге катуу талап кылса дагы ал өтө маанилүү.

Силер насаатчылыкты кеңешчи жана башка адамдын мамилелеш насаатынан, ата менен баланын, эне менен баланын, мугалим менен студенттердин мамилеси аркылуу, нускама, практика жана ар кандай кол өнөрчүлүк боюнча тренингдер аркылуу же кыйыр түрдө бизге кеңири жеткиликтүү болгон китептер жана материалдар аркылуу ала аласыңар.

Жөндөмүңөр жөнүндө билим алуунун дагы бир жолу - ушул сыяктуу белектери бар адамдар менен жолугушуу. Жогоруда айтылгандай, бул көбүнчө «окшош адамдарды табуу» деп аталат. Окшош таланттары жана умтулуулары бар адамдар менен болгондо, силер кызматташууга жана чогуу жаңы нерселерди жаратууга мүмкүнчүлүк аласыңар.

1930-1940-жылдары «Инклинг» деп аталган чыгармачыл жазуучулардын тобу Оксфорд университетинин аймагына жанаша жайгашкан пабдагы жеке бөлмөдө чогулушкан. Бул адабий ышкыбоздордун арасында С.С.Льюис жана Дж.Р.Р.Толкин болгон. Бул жолугушуулардын максаты - топтун мүчөлөрүнүн бүтпөй калган иштерин окуп жана сындоо болгон. Бул жолугушуулар Толкиндин «Шакектердин Эгеси» менен Льюистин «Нарниянын Жылнаамаларына» шыктандырган. Бир пикирдеш адамдардын эң сонун командасы!

## Ой жүгүртүү

Ой жүгүртүү - ойлонуу дегенди билдирет; ойлонуп көрүү. Өсүш бир азга токтоп туруп, алган сабактарыбыз жөнүндө ой жүгүртүүгө убакыт бөлгөндө гана мүмкүн болот. Качан биз өсүшүбүзгө объективдүү көз салып, биздин ийгиликтерибизге жана ишибизге баа берүүгө убакыт бөлсөк, көңүл бурууну жана өркүндөтүүнү талап кылган тармактарды көрөбүз.

Менин досум Джон Максвелл угуучуларына жана окурмандарына, мыкты мугалим бул жөн эле тажрыйба эмес, бул бааланган тажрыйба деп көп жолу эскертет. Жетишкендиктериңер жөнүндө ой жүгүртүп жатып, насаатчылардан жана айланаңардагы адамдардан жооп алып, белектериңерди өркүндөтүүнүн жана колдонуунун инновациялык жолдору жөнүндө ойлонгула. Өзүңөргө жана Кудайга туура суроолорду бергиле: «Эмнени өзгөртүү керек?», «Кайсы тармактарда менин өсүшүм баарынан көбүрөөк?» жана «Кийинки баскычка өтүү үчүн эмне кылышым керек?»

Ойлонууга кеткен убакыт текке кетпейт.

# ЭЧ НЕРСЕНИ КАРМАБАГЫЛА

Акырында, Пабылдын Тиметейге айткан сөздөрүн дагы бир жолу окуп чыгалы:

> «Бул милдеттерде иш жүзүндө көнүк, аларда өнүгүп, алар жөнүндө ой жүгүрт; Ийгилигиң баарына көрүнүп турушу үчүн, өзүңдү толугу менен аларга [кызматыңа] арна» (1 Тиметейге 4:15).

Биз талкуулагандардын бир гана шарты бар: биз өзүбүздү Кудай бизди эмнеге чакырган болсо жана бизге кандай жөндөм берсе, ошого толугу менен арнашыбыз керек. Силердин чакырылууңар толук берилүүнү талап кылат. Кудай тапшырган нерсеге жан-дилибиз менен берилсек, ийгилигибиз баарына айкын болуп, потенциалыбызды арттырабыз.

Биздин ар бирибиз белектерибизди башкарууга жана

жашообузда мүмкүн болушунча чыгармачыл иштерди жасоого милдеттүүбүз. Биз билгендей, жөндөмдөрүбүздүн өнүгүү деңгээли бизди чакырган аймакта канчалык алдыга жылганыбызга, натыйжалуулугубузду көбөйткөнүбүзгө жараша болорун аныктайт.

Биздин бир гана жашообуз бар жана биз ага өзүбүздү толугу менен жумшашыбыз керек. Эч нерсени кармабай, өзүбүздү толугу менен Кудайга тапшыруу менен өзүбүздү бошотолу. Бул деген өмүр. Мына ошондо гана биз жашоого келип, жашоону толук бойдон сезебиз.

## ОЙ ЖҮГҮРТКҮЛӨ

1. Силердин чакырылууну табуу үчүн эч кандай формула жок. Өзүңөрдүн шык-жөндөмүңөрдү билүүгө жардам бере турган көптөгөн материалдар бар болсо дагы, силердин чакырууңарды табуу үчүн Кудайдын катышуусу талап кылынат. Силер чакырылуу жана белектериңер жөнүндө Кудайдан акылмандык алууну күттүңөр беле? Силерге Ал эмнени көрсөттү?

2. Чакырылуубузду билүү үчүн, өзүбүзгө жана башкаларга суроолорду беришибиз керек. Бул дагы издөө процессинин бир бөлүгү. Силер ишене ала турган адамдарыңарды таап, алардан силердин жашооңордо жана ичиңерде эмнелерди көргөнүн сурагыла?

3. Потенциалга ээ болуу гана жетишсиз - аны ишке ашыруу керек. Белектериңерди иштеп чыгуу эмне үчүн маанилүү? Белектериңерди максаттуу түрдө өнүктүрүп-өстүргөнүңөрдө эмне болот?

*«Сени жана мени Машаякта тастыктаган*
*жана бизди майлаган - бул Кудай».*

– 2 Корунттуктар 1:21

15

# Майланган

Ыраазычылык күнүнүн акыркы күндөрүнүн биринде үй-бүлөбүз конок бөлмөсүндөгү дасторкондо отурушту. Лиза чыныгы майрамды-тойду даярдады. Кечки тамактан кийин ушул кереметтүү атмосферанын нурларына чөмүлүп, бири-бирибиз менен баарлашуудан ырахат алдык. Мен ата катары үй-бүлөмө, ошондой эле бизге кошулган бир нече команда мүчөлөрүнө бир нерсе айтышым керек деп ойлодум.

Акылымда сыйындым, анан жүрөгүмө ушул сөздөр келди:

- Мен 60 жашка келип калдым жана ар тараптан силер менен акылмандыкты бөлүшүү үчүн аталык жоопкерчиликти сезем. Эгерде менден Лиза экөөбүздүн Кудай менен жүрүүбүздөгү акыркы 40 жылдагы ишибизде жасаган эң маанилүү нерсе эмне болду деп сурасаңар, анда мен силерге: *«Ырааттуу болгула»* деп жооп берет элем.

Ушул жылдар аралыгында бизде багынып берүүгө көптөгөн мүмкүнчүлүктөр болду. Мындан тышкары, жеке кызыкчылыктар үчүн, өзүн өзү көтөрүү же өзүбүздүн башыбыздан кечирген кыйынчылыктарды жеңилдетүү үчүн, чындыкка кол шилтөөгө көп жолу мүмкүнчүлүктөр болгон. Бирок, биз канчалык оор жагдайлар болгондугуна карабастан, чындыкты казык кылып, аны кармануу чечимин кабыл алдык.

Аюбдун кыйналгандагы акылдуу сөздөрүнүн бири: «Мен кыйналсам да, Ыйыктын сөзүн четке какпагандыгым үчүн сооронo

алам» (Аюб 6:10) дегени болду. Качан мен ката кетиргенимде (мен көп ката кетиргем), тез эле өкүнүп, Кудайдан жана адамдардан кечирим сурадым. Мен эми чындыкка туруктуу баш ийүүдөн мол баталарды алып жатам жана алар укмуштай сонун. Кудай ушунчалык жакшы!

## МАЙЛОО

Чындыкка ырааттуу баш ийүүдөн келип чыккан эң сонун баталардын бири «майлоо» деп аталат. Майлануунун эмне экендигин түшүнүү үчүн, улуу инаугурация жөнүндө - Кудай Атабыз Ыйсаны асман менен жердин Падышасы кылып салтанаттуу түрдө алып келген күн жөнүндө окуйбуз:

> «Сен акыйкаттыкты баалап, мыйзамсыздыкты жек көрдүң. Ушул себептен улам, Кудай, Сенин Кудайың Сени майлады жана Сага досторуңдун баарынан артыгыраак жакшылыктын майын төктү» (Эврейлерге 1:9).

«Ушул себептен» деген сөздөргө көңүл бургула, анткени алар бир негизги чындыкты түшүнүү үчүн өтө маанилүү. Ыйсанын эки нерседен тайсалбастыгы чоң пайда алып келди жана Анын мисалы биз үчүн үлгү болушу керек. Ыйса адилдикти сүйгөн. Грекче бул *«дикаиосуне»*деген сөз, «жогорку бийликтин талаптарына ылайык келүү» дегенди билдирет. Бирок, ошол эле учурда, ал мыйзамсыздыкты жек көрөт. Ыйсанын жолдоочуларынын ичинде мыйзамсыздыкты жактырбаган көптөр бар, бирок, Ыйсанын жүрөгү андай эмес: Ал мыйзамсыздыкты жек көрөт. Бул грек сөзү «аномия» дегенден алынып, мааниси «Кудайдын бийлигине баш ийбөө» дегенди билдирет. Ал аны Кудайдын бийлигинен, мезгилинен алыстаткан нерсени жек көрчү. Ыйсанын тил алчаактыгы кыйынчылыктарга карабастан, туруктуу болгондуктан, Андагы майлоо Анын досторуна караганда алда канча күчтүү болгон.

Эмне үчүн көбөйтүү жөнүндөгү китепти майлоо жөнүндө айтып аяктап жатам. Жооп жөнөкөй, бирок маанилүү. Майлоо - Кудай

берген түбөлүккө көбөйтүү жөндөмүбүздү өркүндөтөт. Майлоону белектериңизди көбөйтүүчү күч катары көрүңүз. Эки мисалды тез арада келтирип кетүүгө уруксат этkиле.

Мен укмуштуудай үндөр менен мактоого татыктуу адамдарды уктум, бирок укмуштуудай үнү аз, бирок менин жүрөгүмдү тереңирээк козгоп, өзгөрүүлөрдү жасаган адамдарды уктум. Айырмасы майлоодо болгон. Ошондой эле адамдардын терең кабарларды насааттаганын уктум, бирок жүрөгүмдүн деңгээлинде жүрүм-турумума өзгөртүү киргизип, мага тереңирээк таасир эткен башка, анча белгилүү эмес билдирүүлөр болду. Айырмасы майлоодо болгон.

Кудайга кызмат кылгандардын баарына, мейли мамлекеттик, мейли бизнес, мейли искусство, мейли билим берүү ж.б. тармактарда иштегендердин баарына Дөөт падыша мындай деди:

> «Бирок менин мүйүзүм (укмуштуудай күчтүүлүктүн жана улуулуктун белгиси) Сен жапайы буканын мүйүзүндөй көтөрүлдүң; Мен жаңы май менен майландым» (Забур 91:11).

Анын сөздөрү абдан көп. Ушул аятка карата бир нече алдыңкы ой-пикирлерди карап чыккандан кийин, жапайы буканын сөлөкөтү Кудайдан ашыкча күч алууну билдирет деген жалпы макулдук бар экендигин байкадым. Майлануу кубаныч тартуулайт. Кудай аны бактылуулуктун же кубанычтын майы деп атаган жана Кудайдын Сөзүнө ылайык, кубаныч биздин күчүбүз (Некемия 8:10ду карагыла) болуп эсептелет. Чындыгында, забурчу майлануу бизди күчтүү кылат деп жарыялаган. Ал түбөлүк жемиш бере алышыбыз үчүн, жашообуздагы белектерди кеңейтет жана бекемдейт.

Мен бул таланттар жана кендер жөнүндөгү мисалдарда айтылган ийгиликтин факторлорунун бири деп эсептейм. Көбөйтүүчү эки кызматчынын иши майлоо менен бекемделген. Мен бул чындыкты «айтылбаган» деп атап жатам, анткени мен өзүм ага жогорудагы аяттардан келдим. Көбөйтүү үчүн алардын

тил алчаактык менен иш алып барышы жана кожоюнунун көрсөтмөлөрүнө баш ийбей коюуну жек көрүшү, ошону менен алардын жөндөмдөрүн бекемдеген майлоону тартуулары маанилүү эле.

Дөөт жаңы май жөнүндө айтып жатат. Майлоо бир жолку көрүнүш эмес; бул Кудайга баш ийген адамдарда башталат жана ар дайым иштей берет. Бул кандайдыр бир учурда сатып алынып, «менде буга чейин эле бар» деп ойлонуп кабыл алына турган нерсе эмес. Шимшон майлаган, бирок ал аны жаңы бойдон сактаган эмес. Ал компромисске барды жана тил албады; ал мыйзамсыздыкты жек көргөн эмес. Бир нече жолу ал кутулуп кетти, бирок акыры, күнөөсү аны басып калды. Кудай Сөзүндө:

> «Анын күчү андан кетти. Ал [Делила]: «Аял: «Шимшон, пелиштиликтер сага каршы келе жатышат!» – деди. Ал уйкусунан ойгонуп: «Мурдагыдай эле кутулуп кетем», – деп ойлоду. Ал Теңир таштап койгонун билген жок» (Башкаруучулар 16:19-20).

Шимшон майлоо андан алынганын билген эмес. Ошондуктан, Дөөт Батшеба менен болгон окуядан кийин жалынууда сыйынды:

> «О Кудайым, менде таза жүрөк жарат, рухумду жаңыла. Мени жаныңдан кууба жана Өзүңдүн Ыйык Рухуңду менден алба. Сенин куткаруу кубанычыңды менден алба жана мени Сени укканга даяр кыл» (Забур 50:12-14).

Дөөттүн жүрөгүнүн ыйы, анын жалындуу суранычы анын майлангандыгы жашоосунан алынбастыгын суранууу болгон жана бул анын Кудайга баш ийген туруктуу же ырааттуу жашоосунан көз каранды экендигин билген.

Эми майлоо жана ал кимге берилери жөнүндө сөз кыла берели. Ушул бөлүмдү ачкан аяттагы Пабылдын сөздөрүн дагы бир жолу окуп чыгалы:

«Сени жана мени Машаяк аркылуу тастыктаган жана бизди майлаган - Кудай» (2 Корунттуктар 1:21).

Бул аяттагы «майлоо» сөзү грекче «хрио» деген сөздөн которулуп, бул «адамга табияттан тышкары бекитүү, бата берүү жана жөндөмдөргө ээ кылуу – майлоо, тургузуу, «дайындоо» шарты менен адамдын алдына бир милдетти коюу дегенди билдирет.

Бул аныктамада көңүл бурушубуз керек болгон ачкыч сөздөр бар. *«Бекитүү»* деген сөз «бийлик тарабынан кандайдыр бир иш-аракеттерге уруксат же уруксат алуу» дегенди билдирет. Кыскача айтканда, майлоо - иш-аракет үчүн Кудайдын жактыруусу. Ыйса: «Менин үстүмдө Теңирдин Руху бар; Анткени Ал мени майлаган...» (Лука 4:18). Андан ары окуп жатып, биз майлоо Кудайдын бир нерсе кылуу үчүн Ыйсага берген ыраазычылыгы экенин көрөбүз. Элчи Пабыл дагы ушул эле мааниде: «Кудай Ыйык Рух жана Назареттик Ыйсанын күчү менен майлап, Ал кылган иштери менен жүрдү ...» (Элчилер 10:38). Дагы эле сөз иш-аракет жөнүндө болуп жатат.

«Х*ри́о*» сөзүнүн аныктамасынын дагы бир негизги компоненти - «коюу» жана «дайындоо» деген сөздөр. Кудайга кызмат кылууда ар дайым сыноо мезгили болот. Биз дайындалардан мурун же майланганга чейин тил алчаактык менен сыналып жатабыз.

9-бөлүмдөгү Майктын окуясында, анын эң чоң сыноосу Кудай акыркы 200 долларын кайрымдуулук кылуусун суранганда болгон. Лиза менен болгон окуяда биздин сыноообуз мындай болду: биз биринчи эки китепке бир дагы басмакана кызыгып койбосо дагы, аларга дээрлик коомчулук тарабынан эч кандай көңүл бурулбаса дагы, биз Кудайдын жазуу буйругуна ишенимдүү бойдон калабызбы?

Ыйса бир нече жолу мындай деп айткан: «Чакырылгандар көп, бирок тандалгандар аз» (Матай 20:16, 22:14).

Мен «көптөрдүн» баары Ага таандык деп эсептейм. Ар бирибизде Кудайдын чакырыгы бар. Бирок, «тандалгандар» дайындалган адамдар жана Ыйсанын айтымында, тилекке каршы, алардын саны аз. Эмнеге? Силер сындан өтүү процессинен өтүшүңөр керек. Ушул сөздөрдү кунт коюп окуп чыккыла:

«Машайак жолунда сыноодон өткөн Апелеске салам айтып койгула» (Римдиктерге 16:10).

Чакырылуусу боюнча баруну каалаган баарыбыз сыяктуу эле, Апелес да сыналды. Албетте, ал өзүнүн сыноосунан өттү, ошондуктан шайланды же бекитилди. Кудайдын Сөзүнүн принциптерине таянуу менен, бул жерде ал жөнүндө жазылбаса дагы, Апелестин майланганын жана анын белеги Кудайдын күчтүү таасирине ээ болгонун билебиз.

Ошентип, көптөгөн адамдар өзүлөрү чакырылган чөйрөгө эрте дайындалышат, бирок, алар өздөрүнүн жактыруусун эмес, Теңирибиздин ыраазылыгын издеши керек.

> «Мактоого өзүн өзү мактаган адам эмес, Теңир мактаган адам татыктуу» (2 Корунттуктар 10:18).

Келгиле, Ыраазычылык Күнүнө байланыштуу кечки тамакка баралы. Менин үй-бүлөм жана менин командамдын мүчөлөрү ырааттуу баш ийүү - акыйкаттыкты сүйүү жана мыйзамсыздыкты жек көрүү - биздин чакыруубузду жүзөгө ашыруу үчүн өтө маанилүү экендигин билишин каалайдым, анткени мындай ырааттуулук Анын майлоосун алууга мүмкүнчүлүк берет.

Жашообузга кылчайып көз чаптырып көрсөк, Лиза экөөбүз кээ бир өтө оор мезгилдерде Кудайга баш ийген экенбиз. Көбүнчө тил алуу биздин өсүшүбүзгө, байлыгыбызга, популярдуулугубузга жана башка жеке артыкчылыктарыбызга натыйжа бербей, ал тургай, кыйратуучудай сезилчү, биз андан ары да кетип бараткандай сезилген. Бирок, биз үчүн кыска мөөнөттүү кемчилик болуп көрүнгөн нерсе, биздин чакырылуубузга маанилүү эшикти ачкан ачкыч болуп калды.

## СИЛЕРДИН БУЙРУГУҢАР

Силер да башкалар сыяктуу эле, атүгүл силер ишенимдин каармандары деп эсептеп жаткандар сыяктуу эле чакырылган-дарсыңар. Силердин чакырылууңар жыйындын чөйрөсүндө

болбосо керек, анткени бул аймакка бир нече гана адам - өтө аз сандагы адамдар чакырылган. Силер өзүңөр жиберилген чөйрөдө айырмаланып, ийгиликке жетүү артыкчылыгына ээ болдуңар.

- Даниел Вавилондогу мамлекеттик кызматтарда айырмаланып турган (Даниел 6:3тү карагыла).
- Жусуп улуу Мисирде айырмаланып турган (Башталыш 41:39ду карагыла).
- Пойбе өзүн Кенхиреядагы Жакшы Кабарды таратуу кызматчысы катары айырмаланып турган (Римдиктерге 16:1ди карагыла).
- Силер да ошого чакырылгансыңар.

Силерде уникалдуу жөндөмдөр бар. Кудай силерге берилген тапшырманы аткаруу үчүн керектүү жөндөмдүүлүктөрдү берди.

Кудайдын Сөзүндө Бетселел жана анын жумушчулар тобу жөнүндө мындай делет: «Бетселел менен Алыйап жана Теңир акылмандык берген акылман адамдардын баары Теңир буйругандай иштей башташты. Теңир аларга ыйык жайда иштеш үчүн керек болгон акылмандыкты жана түшүнүктү берди» (Чыгуу 36:1). Бул кожоюндар Муса, Арун жана анын уулдары сыяктуу, Кудайдын Сөзүн үгүттөп, адамдарга кызмат кыла алышкан эмес. Бирок, алар ыйык жерди куруу үчүн өз колдору менен иштөөгө жөндөмдүү болушкан.

Силер да Ал берген жөндөмдүүлүктөр менен Кудайдын ыйык жайын курууга жөндөмдүүсүңөр. Бирок, бул ыйык жай алтын, күмүш, коло, баалуу таштардан, эчкинин жүнүнөн, кездемеден токулган кездемелерден жана Байыркы Келишимдин ыйык жайын же Иерусалимдин ыйбадатканасын куруу үчүн колдонулган башка материалдардан жасалган эмес. Бүгүнкү күндө Кудайдын ыйык жайы тирүү таштардан - адамдардан курулуп жатат жана бул тирүү таштар Кудай үчүн турак жай катары курулуп жатат (1 Петир 2:5 жана Эфестиктерге 2:20-22ни карагыла). Силер адамдарды Кудайдын даңкы үчүн курууга (жаңылоого, калыптандырууга) жөндөмдүүсүңөр.

Силер көбөйтүүгө күч алдыңар. Биз Кудай берген жөндөмдөрдүн башкаруучуларыбыз жана Ал ушул алган жөндөмдөрүбүздүн түшүмүн көбүрөөк кайрып беришибизди каалайт. Көбөйүү үчүн, асмандын стратегиясын издешибиз керек. Лидерлер бизге принциптерди үйрөтө алышат, бирок, бул өзгөчө асман стратегиялары ар бир адамга өзүнчө берилет; аларды китептерден же класстардан үйрөнүүгө болбойт.

Биз лидерлер силерди Аны издөөгө жана анын үнүн угууга гана үндөй алабыз. Тиешеси жоктой сезилсе дагы, Ага баш ийгиле. Көбөйтүүгө алып келген нерсе, адатта, маанисиздей болуп көрүнөт. Башка дандардын эң кичинекейи болгон сары кычы даны чоңоюп, эң чоң бактардын бири болуп калганын унутпагыла.

Силер салым кошуу аркылуу көбөйтөсүңөр. Бул көбөйтүү ар кандай формада болот, бирок бергенибизде, бата түшүмүн алабыз. Эгерде үрөн себилбесе (салынбаса), ал жалгыз бойдон калат; бирок, инвестицияланганда, ал көбөйтүлгөн түшүм берет. Каалаган убакта, түшүмүңөрдү сактап кала аласыңар же кайра инвестициялай аласыңар. Инвестицияларды (салымдарды) токтотпогула; бул силердин кийинки деңгээлдеги иштешиңердин ачкычы.

Кызмат бул силердин мотивацияңар, шыктандырууңар болуп саналат. Эгер силердин мотив кызматтан башка нерселер болсо, анда силер өзүңөр каалабаган жерде болуп каласыңар. Башка адамдардын көзүнө жакшы көрүнүшүңөр мүмкүн, бирок, амбицияңарды жоготосуңар. Силердин чырагыңар өчө берет, ал тургай, толугу менен өчүп калат. Бирок, силердин жубатууңар - Ал «түтөп жаткан чырактын билигин өчүрүп салбайт»; Ал силердин отуңарды кайра күйгүзүү үчүн көңүлүңөрдү бура берет (Ышаа 42:3тү карагыла). Кандай гана иш кылбагыла, кызмат кылууга умтулгула, эки жүздүүлүгү жок сүйгүлө жана кандай гана кыйынчылыктарга дуушар болсоңор да чыдагыла.

Майлоо алганды каалагыла. Майлоо - силердин күчөткүчүңөр. Бул силердин ишиңерге түбөлүктүү баасын берет. Бул силердин күчүңөрдү көбөйтүп, силер чакырылган аймакта өзгөчөлөнүп

туруугa мүмкүнчүлүк берет. Бул силерди дүйнө элдеринен, атүгүл жыйында Кудай берген жөндөмдөрүн өзүмчүл же дүнүйөлүк максаттарга жумшаган адамдардан бөлүп турат.

Силерде ишеним болушу керек. Кудай берген потенциалды көбөйтүүнүн бирден-бир жолу ушул. Ишеним болбосо, «Кудайга жагуу мүмкүн эмес» (Эврейлер 11:6). Ишенимиңерди арттыруу үчүн, Анын Сөзүн угушуңар керек. Ыйык Китепте мындай деп жазылган: «Демек, ишеним уккан сөз аркылуу пайда болот, ал эми уга турган сөз – Кудайдын сөзү» (Римдиктер 10:17). Угуу, угуу жана угуу - бул Кудайдын Сөзүнүн жүрөгүбүздө бекем орношуна мүмкүнчүлүк берет. Ошондуктан, бул китепти кайра-кайра окуп чыкканыңар акылдуулукка жатат. Бирок, аны жөн эле окуп койбогула! Окуп жатканда бир четке коюп, ушул чындыктардын силерге кандай тиешеси бар экендигине ой жүгүртүп, андан кийин аларга ылайык иш кылгыла. Айланаңарда кандай гана нерселерди көргөнүңөргө карабастан, силер көбөйтүүгө чакырылганыңарга ишенгиче бул китептеги системалуу түрдө берилген Кудай Сөзүн окуу, анын үстүнөн ой жүгүртүү жана сыйынуу аркылуу рухуңарга кабыл алгыла. Көбөйтүүгө болгон ички ишенимиңер сырткы жагдайларыңар силерге айтып турган нерседен көбүрөөк болушу керек.

Акыр-аягында, Кудай силер тарапта экенин унутпагыла! Ал минтип айтып жатат:

> «Анткени Өзүмдүн силер жөнүндө ойлогон оюмду Өзүм гана билем, – дейт Теңир, – ал ой – силерге келечек, үмүт бериш үчүн, жаман ой эмес, жакшы ой» (Жеремия 29:11).

Кудай Сөзүндө дагы бир жолу чечкиндүүлүк менен айтылып жатат:

> «Бул жөнүндө эмне демекчибиз? Эгерде Кудай биз тарапта болсо, бизге ким каршы чыга алат? Өз Уулун аябастан, Аны баарыбыз үчүн берген Кудай кантип бизге Уулу менен кошо бардыгын бербесин?» (Римдиктер 8:31-32).

Бул дүйнөнүн кудайынын - башкы айыптоочу жана күмөн саноочунун көңүл ооруткан сөздөрүн эмес, бул сөздөрдү уккула. Силердин Жаратканыңар - силердин Атаңар жана Ал силерди чакырган иште силердин ийгилигиңерди каалайт.

Алтымыштан ашып калган ишенимдүү ата катары мен дагы силер тараптамын! Мен силерди менин теңтуштарымдан жана менден алысыраактарга жетүүгө үндөйм. Биз бир Падышага кызмат кылабыз, биз бир Падышалыктын жарандарыбыз жана бир үй-бүлөнүн мүчөлөрүбүз. Бизде бир ишеним жана бир тапшырма бар - ал түбөлүк жашай турган Кудайдын үйүн куруу.

Келгиле, чогуу иштешели. Келгиле, бир болуп, ынтымакта бололу. Келгиле, Анын даңкы Анын жашаган жерин улам-улам толтуруп турушу үчүн, бардыгын жасай берели. Бул дүйнөнүн көйгөйлөрүн чечүүнүн бирден-бир чечими.

Мен силерди сүйөм, бирок эң негизгиси, Кудай Ата, Ыйса Машайак жана Ыйык Рух силерди терең сүйөт. Анан да Алардын силерге болгон сүйүүсү түбөлүктүү.

> Кылымдар мурун жана азыр, түбөлүктөн түбөлүккө даңк, улуулук, кубат жана бийлик силерди жыгылуудан сактай ала турган, Өзүнүн даңкынын алдында кемчиликсиз кылып, кубанычыңарды сактап тура ала турган, биздин Теңирибиз Ыйса Машайак аркылуу Кутакаруучубуз болгон жалгыз, акылман Кудайыбыздыкы! Оомийин.
>
> – Жүйүт 24-25.

## ОЙ ЖҮГҮРТКҮЛӨ

1. Майлоо – бул Кудай берген көбөйтүүчү жөндөмүбүздү өркүндөтүүчү нерсе. Майлоону кантип кабыл алууга болот? Майлоо жөндөмдөрүңөрдүн иштешине кандай таасир этет?

2. Майлоо кантип жашооңордо жаңы бойдон кала алат? Майланууну кадимки эле нерседей кабыл алганда эмне болот?

3. Жашооңордун кайсы чөйрөсүндө өзгөрүүлөрдү жасоого чакырылгансыңар? Майлануу таасир этүү чөйрөсүндө айырмаланууга кандайча жардам берет?

*«Эгерде сен өз оозуң менен Ыйсаны Теңирим деп ачык таанысаң, Кудайдын Аны өлгөндөрдүн арасынан тирилткенине чын жүрөгүң менен ишенсең, анда куткарыласың, Себеби, адам чын жүрөгү менен ишенүү аркылуу акталат, оозу менен ачык таануу аркылуу куткарылат».*

– Римдиктер 10:9, 10

## Колдонмо

# Куткаруу, баарына жеткиликтүү

Кудай силердин бактылуу өмүр сүрүшүңөрдү каалайт. Ал силерди чын жүрөктөн сүйөт жана жашооңордун планы бар. Бирок, өз тагдырына жетүү жолун тандоонун бир гана жолу бар - Кудайдын Уулу Ыйса Машайак аркылуу куткарылууну кабыл алуу.

Ыйсанын өлүмү жана тирилүүсү аркылуу Кудай, сүйүктүү уулу же кызы үчүн, Падышачылыгына жол ачты. Машаяктын айкаш жыгачтагы курмандыгы аркылуу түбөлүк мол жашоо силерге жеткиликтүү болот. Куткарылуу - бул Кудайдын силерге берген белеги жана аны иштеп тапканга дагы, сыйлык катары алганга дагы мүмкүн эмес.

Бул баалуу белекти алуу үчүн, өзүңөрдүн өмүрүңөрдүн Жаратуучусунан көз карандысыз жашагандыгыңар үчүн күнөөңөрдү моюнга алышыңар керек (анткени бул качандыр бир убакта силер жасаган бардык күнөөлөрдүн тамыры). Өкүнүү - куткарылуунун маанилүү бөлүгү. Петир муну Элчилер китебинде беш миң адам куткарылган күнү ачык айткан: «Күнөөлөрүңөрдүн кечирилиши үчүн, тобо кылгыла, Кудайга кайрылгыла.» (Элчилер 3:19). Ыйык Жазууда ар бирибиз күнөөнүн кулу болуп төрөлгөнүбүз айтылат. Бул кулчулук Адам атанын күнөөсүнөн келип чыккан, ал өз эрки менен баш ийбөөнү баштаган. Тобо кылуу - бул өзүңөргө жана

жалганчылыктын атасы шайтанга баш ийүүнү токтотуу дегенди билдирет жана мындан ары силер үчүн өмүрүн берген жаңы Кожоюнуңар - Ыйса Машаякка баш иесиңер.

Силер өзүңөрдү Машаякка баш ийдирип, Аны өз Кожоюнуңар кылып, Ага өзүңөргө жана колуңардагы бардык нерселерге өзүңөрдүн жашооңордо бийлик беришиңер керек (Ага рухуңарды, жаныңарды жана денеңерди багынткыла). Анын силердин жашооңордогу күчү абсолюттук болуп калат. Муну жасаганда, Кудай силерди караңгылыктан бошотуп, Өзүнүн Падышачылыгынын жарыгына жана даңкына жеткирет. Өлүмдөн өмүргө өтүп, Анын баласы болосуңар!

Эгерде силер Ыйса аркылуу куткарылууну каалаexisting? 

*«Асмандагы Кудай, мен күнөөкөр экенимди жана Сенин адилдигиңдин ченемдерине ылайык жашай албайм деп мойнума алам. Күнөөлөрүм үчүн мен түбөлүк жазага татыктуумун. Мени ушул абалда калтырбаганыңа ырахмат, анткени Сен кыз Мариямдан төрөлгөн жалгыз Уулуң Ыйса Машаякты мен үчүн өлүп, менин жазамды айкаш жыгачка тартуу үчүн жибердиң деп ишенем. Үчүнчү күнү Ал тирилип, эми Сенин оң жагыңда деп ишенем. Ал менин Теңирим жана Куткаруучум. Ушул күнү Мен Сенден көз карандысыз болгонума өкүнөм жана өз өмүрүмдү Теңирибиз Ыйсага толугу менен берем.*

*Ыйса, мен Сени Теңирим жана Куткаруучум деп кабыл алам. Менин жашоомо Рухуң менен келип, мени Кудайдын баласы кылып өзгөрт. Мен ушул кезге чейин болгон караңгылыктан баш тартам жана ушул күндөн баштап мен эми өзүм үчүн жашабайм, бирок, Сенин ырайымың менен мен Сен үчүн жашайм, анткени мен түбөлүк жашай алышым үчүн, Сен Өзүңдү бердиң.*

*Ырахмат Теңир, Сага. Эми менин жашоом Сенин колуңда, Сенин Сөзүңдө айтылгандай, мен уятка калтырыбайм. Ыйсанын аты менен, оомийин»*

Үй бүлөгө кош келдиңер! Мен силерге жаңы болуп өткөн окуяны башка ишенгендерге айтып берүүгө чакырам. Ыйык Жазууга ишенген жергиликтүү жыйынга баруу жана силерди ишеним менен бекемдөөгө даяр ишенимдештер менен пикир алышуу маанилүү. Биздин кызмат менен байланышсаңар болот (MessengerInternational.org сайтына кириңиз), силер жашаган жактагы жыйынды табууга жардам беребиз.

Эң укмуштуу сапарды баштадыңар. Кудай силерге күн сайын аян, ырайым жана достук менен өсүп-өнүгүүнү насип кылсын!

# Ыраазычылык сөздөрү

Силердин колуңарга кармаган китебиңер - бул командалык иштин натыйжасы жана анын жаралышына салым кошкон бир нече команда мүчөлөрүнө терең ыраазычылыгымды билдирем.

**Брюс Нигрен:** Сенин редакциялоодогу тажрыйбаң үчүн ырахмат. Сен кайрадан менин кол жазмамды алып, менин үнүмдү жоготпой туруп, аны бир топ жакшыртып койдуң жана жыйынтыгында бул китепти кыйла так жана натыйжалуу кылган татаал суроолоруң үчүн рахмат.

**Кори Амберсон, Лаура Уилбур жана Лоран Джонсон:** Бул билдирүүнүн грамматикасынын, пунктуациясынын жана стилинин тактыгы жана ырааттуулугу боюнча иштегениңер үчүн чоң ырахмат. Мен силердин жөндөмдүүлүгүңөргө суктанам.

**Крис Пэйс:** Бул кол жазманы бөлүмдөн-бөлүмгө окуп жаткандагы, чексиз жандандыруу үчүн ырахмат. 14-бөлүмдү курууга жардам бергениң үчүн ырахмат. Сенин салымың баа жеткис.

**Эдисон Бивер:** Сенин редактордук чеберчилигиң жана ушул китепти бир топ жакшыртып, түшүнүктүү кылган татаал суроолоруң үчүн ырахмат. Баарынан да, ишенимдүү жана шыктандыруучу уул болгонуң үчүн ырахмат.

**Алан Нигрен:** Бул китептин жана анын мукабасынын сонун жасалгасы үчүн ырахмат. Сенин жөндөмдөрүңө суктанам!

**«Мессенджер Интернэшнл» командасы:** Ар бириңер Кудайдын Падышачылыгын куруу үчүн көшөгө артында чоң иштерди жасап жатасыңар. Жан аябас кызматыңар үчүн Ыйсанын силерге кандайча чоң сыйлык берерин баарыбыз өз көзүбүз менен көргөн күнү мен силер менен кошо кубанам.

**Кудайдын Ыйык Руху:** Менин эң бир улуу ыраазычылыгым Сага! Сенин жетекчилигиң жана акылмандыгыңсыз бул билдирүү мүмкүн болмок эмес. Сенин менин Теңиримди жана менин эң чоң сүйүүм Ыйса Машаякты ачууну улантып жатканыңа терең ыраазымын. Мен Сени чын жүрөгүмдөн сүйөм жана Сага кызмат кылуу жана Сени менен кызматташуу мен үчүн сыймык.

# ЫЙЫК РУХ: КИРИШҮҮ

*Силер Ал жөнүндө билесиңер – бирок,*
*Аны билесиңерби?*




Шакирттер үч жыл бою Ыйса менен болушкан, Аны менен жүрүшкөн жана Ал айткандын баарын угушкан. Анан ошого карабастан, Ыйса Өзүнүн жакын досторуна, Ыйык Рух келиши үчүн, Ал аларды таштап кетээрин жана мындан аларга жакшы гана болоорун айткан (Жакан 16:7, 13-14). Эгерде андай болгону күн сайын Ыйса менен убакыт өткөргөн шакирттери үчүн жакшы боло турган болсо, анда бүгүнкү күндө биз өз жашообузда Ыйык Рухтун активдүү болушуна канчалык муктажбыз?


Көптөгөн адамдар Ал ким жана Ал Өзүн кантип көрсөтөрлүгүн билбегендик менен, көбүнчө Ыйык Рухту туура эмес түшүнүп калышкандыгы абдан кейиштүү.

Ыйык Рух көбүнчө «кызыктай» бир нерсе катары көрсөтүлөт. Бирок, Библия Ыйык Рух – бул эмнедир бир нерсе эмес экендигин ачык айтат. Ал Кимдир-бирөө, Ал Инсан, Ал эч качан бизди таштабайм деп убада берген. Бул интерактивдүү китепте Джон Бивер сизди Жыйындагы эң көп көңүлгө алынбаган жана туура эмес түшүнүлгөн Инсанды: Ыйык Рухту сизге жеке өзүңүз ачылыш жасашыңызга чакырат.

**MessengerX.com** сайтында жеткиликтүү

# ЖАКШЫЛЫКПЫ ЖЕ КУДАЙБЫ?

*Эмне үчүн Кудай болбогон жерде жакшылык жетишерлик болбойт*




Эгерде бул жакшы болсо, демек – Кудайдан экен да, туурабы?

Азыркы учурда жакшылык жана Кудай деген сөздөр синоним сыяктуу эле болуп калды. Биз эгерде коомчулук бир нерсени жакшы деп эсептесе, анда Кудай да ал нерсеге токтоосуз түрдө ырайым кылуу керек деп ойлойбуз. Жоомарттык, момундук жана адилеттик – бул жакшылык. Өзүмчүлдүк, бой көтөрүү жана мерездик – бул жамандык. Айырмачылыгы ачык-айкын эле көрүнүп тургандай.


Бирок эмне, ушуну менен эле бүттүбү? Эгерде жакшылык ушунчалык эле айырмаланып көрүнүп турса, анда эмне үчүн Библияда кайсы жерде жакшылык жана кайсы жерде жамандык экендигин айырмалап билүүнү үйрөнүү керек деп жазылган?

Бул “Жакшылыкпы же Кудайбы?” – деген жаңы, көмөкчү кат. Бул китеп силердин жүрүм-турумуңарды өзгөртүүдөн да көптү кыла алат. Ал силерге жашооңордогу ар бир аспектти өзгөрткөндөй деңгээлде Кудай менен байланышууга күч берет.

**MessengerX.com** X сайтында жеткиликтүү

# ТҮБӨЛҮКТҮҮЛҮККӨ ЖЕТЕКТЕЛГЕНДЕР

*Бүгүнкү күндө жана бүтүндөй*
*түбөлүктүүлүктө мааниге ээ жашоо*




Күндөрдүн биринде сиз Кудайдын алдында туруп, Ага өз жашооңуз үчүн отчет бересиз. Азыр өзүңүзгө бере турган эң маанилүү суроо – сиз даяр боло аласызбы?

Көпчүлүк машайакчылар алардын айкаш жыгачка берген жооптору, алар түбөлүгүн кайда өткөрөрүн аныктарын билишет. Бирок, түбөлүк жашоону кандайча өткөрөрүңүз, жашоодо жасаган ишиңиз менен аныктала тургандыгы сизге белгилүүбү?


Кудай сиздин чакырылууңузду билишиңизди каалайт; Ал сизди билбестикте кармоого аракеттенбейт. Анын үстүнө, Ал сиздин жердеги жашооңуздун себептерин түшүнүп, маани-маңызын табууңузду эңсейт.

Акыркы демден кийин жөн эле бара турган жер аныкталбайт, түбөлүктүү жашоо болот. Абдан кеч болуп калгычакты күтпөңүз. Кудай берген тагдырыңызды билип жана жер бетинде, түбөлүктө жашоо чоң мааниге ээ болушу үчүн жашаңыз.

**MessengerX.com** сайтында жеткиликтүү

# КРИПТОНИТТИ ЖОК КЫЛУУ

*Сиздин күчүңүздү уурдап жаткан нерсени кантип зыянсыздандырса болот*




Кандай гана тоскоолдуктарды болбосун жеңип, бардык душмандарын талкалаган Супермен сыяктуу, Машаяктын жолдоочулары өз жолундагы бардык кыйынчылыктарды жеңүү үчүн табияттан тыш жөндөмгө ээ. Бирок, бизде Супермендики сыяктуу бир көйгөй бар – ал биздин күчүбүздү уурдап жаткан криптонит. Албетте, Супермен менен криптонит – бул фантазиянын жемиши. Бирок, руханий криптонит чындыгында эле бар. Бул китептен сиз, эмне үчүн көптөрүбүз биринчи кылымдагы машайакчылар эч кандай шектенүүсүз ээ болгон Кудайдын күчүнөн куру калдык деген суроого жооп таба аласыз. Джон Бивердин «Криптонитти жок кылуу» аттуу китебинде руханий криптонит деген эмне экендигин, ал биздин коомго эмнеси менен коркунуч туудурарын жана анын туткунунан кантип бошонуу керектиги айтылат.

Бул китеп жүрөктөрү алсыз адамдар үчүн эмес, эмнеси болсо да, таттууну жакшы көргөндөр үчүн кубаныч эмес. Бул Машаяктын жолдоочуларынын ар бири үчүн көптөгөн кыйынчылыктарды башынан өткөрсө да, бирок сыйлык жана өзгөрүү жолун убада кылган олуттуу чындык.

**MessengerX.com** сайтында жеткиликтүү

# КУДАЙ, СЕН КАЙДАСЫҢ?!

*Өз чөлүңөрдү күч жана максатка айландыргыла*




Балким, сиз мурун Кудайдын үнүн уккандырсыз, бирок, эми сизге Ал унчукпагандай сезилип жаткандыр. Балким, сиз ишеним менен жүргөнсүз, бирок, азыр Анын катышуусун таба албай жатасыз. Кудайдын убадасын алуу менен аны аткаруунун ортосундагы жерге - чөлгө кош келиңиз.


Бирок, жакшы жаңылык - чөл бул, максатсыз жана бош жер эмес. Аны туура басып өтсөңүз, Кудай аны сиздин чакырылуу максатыңызга даярдануу жана жабдуу үчүн колдонот. Башкалардын ою кандай болбосун, биз бул сезонду Кудайды күтүү менен эле өткөрбөйбүз. Аны өткөрүп берүүдө сиз өзүңүздүн ролуңузду ойношуңуз керек жана сиздин ролуңуз маанилүү. Эгер убактыңызды текке кетирип, тегеренип жүрө берүүнү каалабасаңыз, анда чөл эмне экендигин билүү маанилүү.

Бул ачылыштарга толгон китепте, бестселлерлерди жазуучу Джон Бивер сизди Ыйык Китептин негизги билимдери жана маңыздуу окуялар менен камсыз кылып, жашоонун оор жана кургак мезгилдеринен өтүп баратканда, Кудай сиз үчүн камдап койгон нерселерге толугу менен кирүүгө кадам таштоого жардам берет.

**MessengerX.com** сайтында жеткиликтүү

# MessengerX


*Шакиртчиликке карай жол ар бир адам үчүн жана бардык жерде*




- **110 дон ашыгыраак тилде бекер**
- Онлайн жана тиркеме катары жеткиликтүү
- Материалдар силердин рухий өсүүңөр үчүн арналган
- Өз таржымалыңарды жана шакиртичилик жолуңарды аңдагыла



Окуп үйрөнүү үчүн Messenger программасынын толук китепканасын - электрондук китептерди, видео жана аудио окууларды, аудиокитептерди, Ыйык Жазууларды алыңыз... Бардык түзмөктөрүңүздө көрүп, окуп жана угуңуз.




**MessengerX.com**

Download on the App Store

GET IT ON Google Play

App Store жана Google Play аркылуу дүйнө жүзү боюнча жеткиликтүү

"КЕЛГИЛЕ, ЭЧ НЕРСЕНИ КАРМАБАЙЛЫ ЖАНА ӨЗҮБҮЗДҮ ТОЛУГУ МЕНЕН КУДАЙГА АРНАП ЖАНА ЭЧ НЕРСЕСИЗ ӨМҮРДӨН ӨТӨЛҮ ... ОШОНДО ГАНА ЧЫНДАП ЖАШАЙБЫЗ ЖАНА ТУРМУШТУ ТОЛУГУ МЕНЕН ТААНЫП-БИЛЕБИЗ.»


- ДЖОН БИВЕР

Өзүңүздү качандыр бир кезде Кудайдын Падышалыгын байкоочу катары сездиңиз беле? Балким, сиз бир нерсе кылуу керектигин билишиңиз мүмкүн, бирок анын так эмне экендигин толугу менен түшүнө албайсыз. Көпчүлүгүбүз өз жашообуз менен чоң таасир тийгизгибиз келет, бирок, мүмкүн сизде жоопсуз суроолоруңуз болушу мүмкүн, мисалы:

- Мен өз өмүрүм үчүн Кудайдын эркин колдон чыгарып жиберип жатпаганымды кантип биле алам?
- Менин өзгөчө жөндөмдүүлүктөрүм Кудайдын Падышачылыгын курууда кандай ролду ойнойт?
- Кудай мага берген потенциалды колдонуп жатканыма кантип ишенсем болот?
- Эгерде мен «кызматта» болбосом, менин чакырылгандыгым азыраак маанилүү болуп калабы?
- Кантип биз Кудайдын ырайымында тынчтанып жана Анын Падышачылыгы үчүн иш алып барууда тең салмактуулукту сактай алабыз?
- Белгисиздикке жана тобокелдикке карабастан, кантип коркунучту жок кылып, алдыга жылуу керек?

Өзүңөрдүн чакырылгандыгыңар жөнүндө башкача ой жүгүртүп, түшүнүүңөр үчүн жана ал эмнеликтен Кудай үчүн ушунчалык маанилүү экендигин түшүнүүңөргө силерге жардам берүү үчүн автор Джон Бивер бул кыраакы китепте Ыйык Китепти кенен-кесири изилдөөгө негизделген жана ишенимдүү окуяларды колдонгон. Бул китептин беттеринен Кудайдан берилген жөндөмдөрдү кантип көбөйтүүнү жана потенциалыңарды пайдаланууну үйрөнөсүңөр!

Эгерде силер аракетсиздикти улуу максат менен алмаштырууга даяр болсоңор, анда бул силердин сапарыңардын башталышы.



**ДЖОН БИВЕР** - бул Кудайдын Сөзүнө болгон ымырасыз (чындыктан кыйшайбаган) мамилеси менен белгилүү болгон эл аралык насаатчы жана бестселлерлердин автору. Джон жана анын жубайы Лиза «Мессенджер Интернэшнл» эл аралык уюмунун негиздөөчүлөрү, ал уюмдун максаты - биздин дүйнөнү өзгөртө турган Машайактын жолун жолдоочуларын тарбиялоо. Джон Колорадо шаарында үйүндө болгондо төрт уулу менен стол үстүндөгү карталык оюндарды ойнойт же Лизаны аны менен гольф ойногонго көндүрөт.

Видеолорду бекер жүктөп алуу үчүн **MessengerX.com** го кириңиз.

MessengerX

MESSENGER INTERNATIONAL
MessengerInternational.org

Бул китеп - автордон берилген белек. Сатууга болбойт.

Көптү билгиңер келби?
Ада ушул жерден скайнирувать этип алгыла.